**Б. СЫДЫКОВ АТЫНДАГЫ ЭЛ АРАЛЫК КЫРГЫЗ-ӨЗБЕК УНИВЕРСИТЕТИ**
**ТАРЫХ ЖАНА ФИЛОСОФИЯ КАФЕДРАСЫ**

**Кол жазма укугунда**

**УДК 930.85:64512(575.2)(04)**

**САТЫБАЛДИЕВА ЧЫНЫХАН ТОПЧУБАЕВНА**

# КЫРГЫЗДАРДЫН САЛТТУУ КИЛЕМ ТОКУУЧУЛУК ӨНӨРҮ

**(**XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башы)

07.00.07 – этнография, этнология жана антропология

Тарых илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип
алуу үчүн жазылган
ДИССЕРТАЦИЯ

**Илимий консультант:**
КР УИАсынын академиги,
тарых илимдеринин доктору,
профессор А. Асанканов

**Ош – 2024**

## МАЗМУНУ

**КИРИШҮҮ..............................................................................................................4**

**I БАП. КЫРГЫЗДАРДЫН САЛТТУУ КИЛЕМ ТОКУУ ӨНӨРҮНҮН ТАРЫХНААМАСЫ...................................................................................................... 13**

1.1. Совет дооруна чейинки изилдөөлөр ........................................................... 13

1.2. Совет доорундагы изилдөөлөр ..................................................................... 22

1.3. Постсоветтик мезгилдеги изилдөөлөр.......................................................... 39

**II БАП. САЛТТУУ КИЛЕМ ТОКУУ КОЛ ӨНӨРЧҮЛҮГҮН ИЗИЛДӨӨНҮН ТЕОРИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ, МЕТОДОЛОГИЯСЫ ЖАНА ЫКМАЛАРЫ ЖАНА БУЛАКТАРЫ...............................................47**

2.1. Маселени изилдөөнүн теориялык негиздери.................................................47

2.2. Изилдөөнүн методологиясы жана ыкмалары.................................................63

2.3. Килем токуу кол өнөрчүлүгүн изилдөө булактары ....................................... 75

**III БАП. САЛТТУУ КИЛЕМ ТОКУУ ЖҮРҮМҮНӨ КЕРЕКТЕЛҮҮЧҮ ЧИЙКИ ЗАТТАР, ЭМГЕК КУРАЛДАР ЖАНА ТОКУУ ЫКМАЛАРЫ... 90**

3.1. Килем токуу үчүн жүндү даярдоо жүрүмү..................................................... 90

3.2. Килемге керектелүүчү жиптин түрлөрү жана ала даярдоонун салтуу ыкмалары.................................................................................................................. 103

3.3. Боёктор жана жип боёо жүрүмү .................................................................. 113

3.4. Токууда пайдаланылуучу эмгек куралдары ................................................ 133

3. 5. Токуу жүрүмү жана токуунун салттуу ыкмалары ...................................... 141

**IV БАП. КИЛЕМ ЖАНА КИЛЕМ БУЮМДАРЫ ЖАНА АЛАРГА ТҮШҮРҮЛГӨН КӨЧӨТТӨР........................................................................... 156**

4.1. Килем жана килем буюмдарынын салттуу түрлөрү..................................... 156

4.2. Килем көчөттөрүндөгү курчап турган чөйрөнүн чагылдырылышы .......... 174

4.3. Килемдер менен килем буюмдарынын көркөмдөлгөн үлгүлөрү жана алардын түрлөрү ........................................................................................ 184
4.4. Килем жана килем буюмдарындагы жергиликтүү көчөттөрдүн семантикасы ........................................................................................................... 199

**V БАП. КИЛЕМ ТОКУУ ЖҮРҮМҮНӨ БАЙЛАНЫШКАН САЛТТАР ЖАНА ЖӨРӨЛГӨЛӨР ........................................................................... 212**
5.1. Килемди токуу жүрүмүндөгү салт-санаалар, ырым-жырымдар ............... 212
5.2. Кыргыздардын салттуу килем жана килем буюмдарынын пайдалануу чөйрөсү ........................................................................................................ 225

**КОРУТУНДУ ................................................................................................ 234**

**ГЛОССАРИЙ ................................................................................................ 249**

**КЫСКАРТЫЛГАН СӨЗДӨР............................................................................251**
**КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР...................................................................2532**
**ТИРКЕМЕЛЕР…………………………………………………………………...315**

# КИРИШҮҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Кыргыз элинин маданий мурастарынын бири болуп салттуу килем токуу кол өнөрчүлүгү саналат. Кыргыздардын чарбасы, маданияты, социалдык байланыштары, алардын материалдык жана руханий дүйнөсү жөнүндө маалымат бере ала турган баалуу тарыхый-этнографиялык булак катары терең мааниге ээ. Ошого карабастан кыргыздардын салттуу килем токуу кол өнөрчүлүгү, жүндү иштетүүдөгү, салттуу килем токуудагы кылымдап топтолгон элдик билими, тажрыйбасы, кыргыздардын социалдык-маданий байланыштары, алардын килем көчөттөрүндө чагылдырылган дүйнө таанымы, эстетикалык баалуулуктары, кыргыз үй-бүлөсүнүн салттуу турмуш-тиричилигиндеги килем буюмдарынын мааниси, токулган салттуу килемдердин функционалдык өзгөчөлүктөрү, килем токуу учурундагы ага байланышкан кыргыздардын салттары алигиче кыргыз этнология илиминде атайын изилдөө объектиси жана предмети боло элек. Кыргыз килеминин ажарын ачып турган көчөттөрүнүн семиотикалык багыттары да дээрлик изилденбеген.

Ааламдашуунун капшабы биринчи кезекте салттуу маданиятка, анын ичинде кол өнөрчүлүккө тийди. Анын таасири өзгөчө XX к. экинчи жарымында сезиле баштаган - табигый ресурстардын негизинде өнүгүп келген кол өнөрчүлүктүн базасы тарып, анын элдик салттары унутула баштаган абал жаралды. Ошол эле учурда ар бир этнос өзүнчөлүгүн сактап калууга аракет кылган тенденция да пайда болду. Учурда өлкөбүздө салттуу маданиятты сактоо жана жандандыруу маселелери мамлекеттик деңгээлде көтөрүлүп жатат. Улуттук нарк - элдин руханий маданиятынын курамдык бөлүгү, ал өзгөчө идеялардын жана туруктуу элдик эрежелердин негизинде калыптанаары белгиленди[1]. Кыргыздардын жекече чыгармачылыкты элдик салттар менен

---

[1] Кыргыз Республикасынын Президенти С.Н.Жапаровдун Жарлыгы: "2022-2027- жылдарга улуттук наркты сактоо жана өнүктүрүү жөнүндө улуттук программаны бекитүү тууралуу" (2022-жылдын 30-августу ПЖ № 303)

терең айкалыштырган үй өндүрүш жүрүмү өз ара жардам, бири-бирин колдоо, меймандостук ж.б. сыяктуу байыртан келаткан асыл сапаттар менен коштолгон жана аларды бекемдеген. Килем даярдоо жүрүмү да мындан четте калган эмес. Анын артында жогоруда айтылгандардан сырткары өз ишине берилгендик, эмгекчилдик, коздукка умтулуу сыяктуу нарктуу сапаттар турат. Килем токуунун жүрүшү айтылган көөнөрбөс элдик салттарды, чеберчиликти кийинки муундарга өткөрүп берүүнүн да мектеби болуп саналат. Бул жүрүм элдик педагогиканын мыкты ыкмалары менен ишке ашырылган.

Ошондуктан, кыргыздардын салттуу материалдык жана руханий маданиятынын тарыхын салттуу килем токуу кол өнөрчүлүгү аркылуу изилдөө менен анын элдик салттарынын сакталып жана кайра жандануусуна, азыркы жана кийинки муундардын элибиздин нарктуу дөөлөттөрүн аңдап билүүсүнө жана аларды туу тутуусуна, улуттук баалуулуктар менен сыймыктануусуна, алардан нарктуу адеп-ахлак башаттарын табуусуна жетишүүгө болот.

**Диссертациялык иштин темасынын ири илимий программалар жана изилдөө иштери менен байланышы:** диссертациялык иш Б.Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек эл аралык университетинин “Тарых жана философия” кафедрасында аткарылды жана жеке демилгелүү иш болуп эсептелет.

**Диссертациялык иштин негизги максаты:** Кыргыз элинин салттуу килем токуу кол өнөрчүлүгүн комплекстүү изилдөө.

**Максатка ылайык төмөнкүдөй милдеттер коюлду:**

- XIX кылымдын аягы жана – XX кылымдын башындагы салттуу кыргыз килем токуу кол өнөрчүлүгүн өз алдынча материалдык маданияттын бир бөлүгү катары калыптанышын көрсөтүү;
- кыргыздардын салттуу килеминин негизги каражаттарын: жүндү (койдун, эчкинин, төөнүн) жана андан жасалган жиптердин түрлөрүн килем токууга даярдоо, алардын боёо ыкмаларын ачып берүү жана килем жана килем буюмдарын токууда колдонулуучу эмгек куралдарынын даярдалышын аныктоо;

- оюм-чийимдердин, символдордун жана белгилердин семантикасын ачуу, килем композициясында алардын пайда болуу жана бекемделишинин себептерин ачып берүү;

- салттуу килем токуу өнөрүн сактоо, өнүктүрүү жана аны социалдык-маданий чөйрөдө ишке ашыруу үчүн килем токуунун сакталып калуу маселесин ачып берүү;

- кыргыздардын килем токуу жүрүмүн (процесси) жана токуунун салттуу ыкмаларын талдоо;

- кыргыздардын салттуу килемдерине түшүрүлгөн көчөттөрдөгү (орнаменттериндеги) курчап турган чөйрөнүн чагылдырылышын аныктоо менен бирге табынуучулук маанисин ачып берүү;

- килем токуу жүрүмүнө байланышкан кыргыздардын каада-салттарын, үрп-адаттарын жана ырым-жырымдарын ачып көрсөтүү;

- салттуу килем жана килем буюмдарынын түрлөрүнүн пайдалануу чөйрөсүн көрсөтүү менен азыркы мезгилдеги кыргыз килем токуу өнөрүнүн өнүгүү өзгөчөлүктөрүн аныктоо;

- Борбордук Азия жана Фергана өрөөнүндөгү элдердин килем токуу өнөрүнүн кыргыздардын салттуу килем токуу өнөрү менен маданий байланыштарын көрсөтүү;

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы.** Кыргызстандагы этнология илиминде алгачкы жолу кыргыздардын салттуу килем токуу кол өнөрчүлүгү изилдөөнүн объектиси катары каралат:

- кыргыздардын салттуу килем токуу кол өнөрчүлүгү экспедициялык талаа материалдардын, музейдеги килем жана килем буюмдары жана аларга байланыштуу болгон экспонаттардын, көркөм эпикалык чыгармалардын жана тарыхый-этнографиялык адабияттардагы маалыматтардын негизинде комплекстүү изилдөөгө алынды;

- кыргыздардагы салттуу килем жана килем буюмдарынын пайда болуу тарыхы изилденип, анын жергиликтүү кол өнөрчүлүк экендиги далилденди. Кыргыздар өзүнө таандык өзгөчөлөнгөн, башка этностордон

айрымаланган салттуу килемди токушкандыгы жана турмуш тиричилигинде пайдалангандыгы аныкталды.

- салттуу коомдо килемдин негизи болгон койдун, эчкинин, төөнүн жүндөрүнүн даярдалышы, жиптердин ийрилиши жана боёлушу, алардын килемге ылайыктоо өзгөчөлүктөрү алгачкы жолу иликтенди;
- алгачкы жолу салттуу килем жана килем буюмдарынын токуу куралдарын даярдоонун жана чеберчилигинин жүрүмү каралды. Ушул күнгө чейин изилденбей келген салттуу килем токуу кол өнөрчүлүгүндө колдонулган эмгек куралдары - ийиктин, токмоктун, сабоолордун түрлөрү жана жасоо ыкмалары көрсөтүлдү;
- салттуу килем жана килем буюмдарын токуу үчүн керектелүүчү жиптердин түрлөрү жана килем дүкөндү токууга даярдоо жүрүмү реконструкцияланып киргизилди;
- алгачкы жолу килем үчүн даярдалган жиптерди боёо үчүн табигый өсүмдүктөрдөн боёкторду даярдоо жана жүндү боёо ыкмалары көрсөтүлдү;
- кыргыздардын тиричилигинде кездешкен килемдин дагы бир формасы болгон араби килеми кыздарга турмушка узатып жатканда кошумча сеп катары берилип, анын кеңири таралуу себеби аныкталды;
- кыргыздарда килем токуу өнөрү чарбалык жана маданий турмуштун, салттуу коомдун тутумунун ажырагыс бир бөлүгү катары экендиги аныкталды;
- килемди токуу жүрүмүндөгү көрүнүштөр, андагы бай оюм-чийимдер аркылуу кошуна жашаган башка түрк элдери менен болгон этногенетикалык жана тарыхый-маданий байланыштар бар экендиги такталды;
- кыргыздардын килем токуу өнөрүн изилдөө жүрүмүндө алардын байыркы архаикалык орнаменталдык белгилери аныкталып, салттуу килемдин орнаменттеринин семантикалык жана семиотикалык маңыздары алгачкы жолу изилденүүгө алынды;
- кыргыздардагы килем токуу жүрүмүндөгү пайда болгон, калыптанган жана ушул күнгө чейин жеткен айрым каада-салттар жана ырым-жырымдар изилденди;

- кыргыз үй-бүлөсүнүн үй турмушунда салттуу килем токуучулуктун ролу, көп кылымдык этномаданий байланыштар жана коңшу элдердин килем токуу өнөрүндөгү көркөм салттарынын өз ара таасири боюнча изилдөө жүргүзүлгөн;

- кыргыздардын башка элдерден айрымаланган жарым-көчмөн жашоодогу килем жана килем буюмдарынын түрлөрүнүн тажрыйбалык мааниси, колдонулган чөйрөсү көрсөтүлдү;

- кыз балдарды килем токуучулук аркылуу эмгекке тарбиялоонун жана үйрөтүүнүн, эрезеге жеткирүүнүн элдик өзгөчөлүктөрү аныкталды жана изилденди.

**Изилдөөнүн теориялык жана практикалык мааниси.**

- килем токуу салты, андагы колдонулган негизги чийки заттар жана орнаменттер (оймо-чиймелер) кыргыздардын чарбасынын негизги түрү - мал чарбачылык, ал эми дыйканчылык – чарбанын кошумча түрү болгондугун далилдейт. Килем токуу жүрүмүнүн жана токуу ыкмаларынын өзгөчөлүктөрүнүн негизинде кыргыздардын килем токуусу жергиликтүү мүнөзгө ээ экендиги, ал өз алдынча өнүккөн көрүнүш экендиги, жеке өзгөчөлүктөрү менен башка элдердин килемдеринен айрымаланары тууралуу жыйынтык чыгарууга болот. Мал чарба продукциясынын өндүрүлүшү (жүн), күндөлүк жашоо-турмуш, кошуна элдер менен ар кандай байланыштары кыргыздардын өзүнө гана таандык килем токуу салтын пайда кылган;

- иштин практикалык мааниси биринчи кезекте тарых, маданият тарыхы боюнча фундаменталдуу эмгектерди жазууда колдонула турган далилдүү материалдарды берери менен аныкталат. Маданиятты изилдөөчүлөрдүн, археологдордун, этнографтардын жана тарыхчылардын изилдөө ишине маанилүү көмөк көрсөтө алат;

- жогорку окуу жайлары, жана илимий мекемелер үчүн колдонмолорду иштеп чыгуу, маданияттын тарыхы эле эмес этнология, Кыргыз этнографиясы, Кыргызстан тарыхы, Кыргыз элинин материалдык жана руханий маданиятынын тарыхы предметтери үчүн окуу-методикалык колдонмо

куралдарды, хрестоматияларды жазуу үчүн пайдалуу. Кыргыз килем музейин уюштуруу, арт-студияларды уюштурууга, туристтер үчүн салттуу кол өнөрчүлүк очокторун, картасы жана сүрөттөрү менен туристтик-маршрут буклеттерди жасоодо, интерактивдүү көргөзмөлөрдү уюштурууга (окуучулар, туристтер, кызыгуучулар үчүн), жергиликтүү жана мамлекеттик органдарга, эл аралык уюмдарга бизнес-инкубаторлорду түзүүгө негиз боло ала турган колдонмолорду түзүүгө пайдалуу болот;

- диссертацияда колдонулган талаа материалдарын системалаштырып, анын натыйжаларын килем токуу чеберлеринин практикалык иш-аракеттеринде колдонуп, кыргыз салттуу килеминин өндүрүлүшүн жандандырууда пайдаланылышы мүмкүн.

**Коргоого төмөнкү жоболор коюлат:**

- XIX кылымдын аягы жана – XX кылымдын башындагы салттуу кыргыз килем токуу кол өнөрчүлүгүн өз алдынча материалдык жана руханий маданияттын бир бөлүгү катары калыптанышын изилдөө жана килем токуу өнөрүнүн өнүгүшү боюнча тарыхнаамалык иликтөөлөр жүргүзүлгөнү килем токуу кол өнөрүнүн маанилүү багыт экендигин билдирет;
- токулган килемдин негизин койдун, эчкинин жүнү жана төөнүн булалары түзгөн жана алардан чеберчилик менен жип, түк, түр, эриш, аркак, жоропторду даярдашкан;
- килем үчүн даяр болгон жиптерди ар түркүн табигый боёк берүүчү өсүмдүктөрдүн жардамы менен керектүү түстөргө боёп алышкан. Кыргыздар боёктордун ичинен көбүнчө кызыл жана жашыл түстөргө басым жасашкан. Анткени кызыл түс жылуулукту, ал эми жашыл түс жашоону жана тирүүчүлүктү туюндурган. Аларды даярдоо, боёо жана колдонуу ыкмалары кыргыздардын көчмөн жашоосуна ыңгайлашылган;
- килем токууда колдонулган эмгек куралдардын жасалуу материалдары, алардын колдонуу техникасы кыргыздын кол өнөрчүлүгүнүн бай экендигин көрсөтөт. Килем токуу үчүн эмгек куралдарын негизинен үй

шартында эле үй ээлери өздөрү даярдашкан, айрым гана учурларда жергиликтүү усталарга буйрутма берип жасатышкан;

- салттуу килемдерди даярдоо ыкмалары муундан муунга өткөрүлүп, килем жасоо жараяны аркылуу кыздардын жана келиндердин коомго социалдашуусуна өбөлгө түзгөн. Килем токуу өнөрү уз-чеберлердин биринен экинчисине, ал эми килемдин өзү муундан-муунга өтүп, өзгөчө үй-бүлөлүк, уруулук жана элдик баалуулуктардын бири катары эсептелинет;

- килем жана килем буюмдарын даярдоодо токуу жүрүмүнүн татаалдыгы, каражаттардын кымбаттыгы жана танкыстыгы, акыл жана күч эмгегинин айкалышуусун талап кылганы - килем жасоо түйшүктүү, ошол эле учурда баалуу да иш экенин далилдейт;

- килемдерди жасалгалоо салттарынын жана көчөттөрдү шөкөттөөдөгү көптөгөн купуя белгилердин пайда болушу байыркы табынууларга жана ишенимдерге негизделген жалпы булактан келип чыккан. Алардын кооздугу, жалпы көрүнүшү жана жасалгасындагы өзгөчөлүктөрү кыргыздардын чарбалык жана маданий жашоо мүнөзү менен тыгыз байланышта болгон. Килемдерди жасалгалоодо кыргыздардын ишенимдери жана табынуулары айрым бир белгилер түрүндө чагылдырылган.

- килем токуу жүрүмү кыргыздардын өзүнө тиешелүү салт-санаалар, ырым-жырымдар жана жөрөлгөлөр менен коштолуп турган. Килем токуу - бул килем буюмун даярдоо жүрүмү гана эмес, эмгек аркылуу жаш кыздарды коомго даярдоо, социалдаштыруу жүрүмү да болуп эсептелген;

- кыргыз элинин жашоо тиричилги, үй эмеректери алардын диний ишенимдерине, каада-салттарына жана үрп-адаттарына байланыштуу жүргүзүлүп, килем токуу техникасын колодонуу менен жасалган буюмдар сакралдык мааниге ээ. Ошол эле учурда тажрыйбалык маанисин ушул күнгө дейре жогото элек.

**Диссертанттын жеке салымы:**

Бул илимий иште автор алгачкы жолу Кыргыз Республикасынын аймактарында болуп, жүндү, жипти, боёо жана токуу жүрүмүн өз көзү менен

көрүп, салттуу килем токуучулук өнөрүн башталышынан тарта килем даяр болгонго чейин кеңири талдай алды. Ош жана Баткен облустарындагы талаа экспедицияларынын мезгилинде топтогон этнографиялык талаа материалдарынын негизинде материалдык маданияттын бир бөлүгү болгон килем токуу салтынын тиешелүү көрүнүштөрүнө изилдөө жүргүзүлдү.

Мындан сырткары Өзбек Республикасынын Хива, Тажик Республикасынын Хожент, Казак Республикасынын Астана, Россия Федерациясынын Москва жана Санкт-Петербург шаарларындагы 2011-2023-жылдарда топтолгон этнографиялык талаа изилдөөлөрүнүн материалдары кошумча катары каралды.

Ош жана Баткен облустарындагы талаа экспедицияларынын мезгилинде топтогон этнографиялык талаа материалдарынын негизинде килем токуу салтынын тиешелүү көрүнүштөрүнө талдоо жүргүзүлдү.

Изилдөөчү тарабынан бир катар төмөнкү жаңы этнографиялык материалдар илим чөйрөсүнө алгачкы жолу киргизилди:

- кыргыздардын жеке өзүнө тиешелүү болгон килемдери, ага керектелүүчү чийки заттар, эмгек куралдарын даярдоо өзгөчөлүктөрү, салттуу килемдерди жана килем буюмдарына керектелүүчү жиптерди боёодо аймактагы курчап турган флораны пайдалана билгендиги;
- кыргыздардын килем токуу жүрүмүнүн салттуу коомго аялдардын социалдашуусуна, айрыкча кыз балдардын ар тараптан тарбияланышына, бойго жетүүсүнө, өзүнчө турмуш куруууга даяр болушуна белгилүү даражадагы таасири;
- Борбордук Азия элдеринин кол өнөрчүлүгү, килем буюмдарынын ар кандай түрлөрү жана формалары менен кыргыздын салттуу килем токуусунун этногенетикалык жана этномаданий байланыштары;
- килемдерди жана аларга байланышкан каада-салттардын семиотикасы, элдик көркөм чыгармачылыктын сырткы курчап турган дүйнө менен байланыштарын көрсөткөн материалдар;

- Кыргызстандагы жана Борбордук Азия килем көчөттөрүндөгү окшоштуктар жана айырмачылыктар, килем буюмдарынын декоративдик тутумунун калыптанышынын негизги мезгилдик алкактары.

**Иштин апробацияланышы:** Диссертациялык иштин негизги жоболору илимий тезис, макала катары ата мекендик жана чет өлкөлүк басылмаларда жарыяланган. Алардын жалпы саны 25 тен ашуун, анын ичинде РИНЦ системасында кирген 9, Web of Science системасына кирген 2 илимий макала бар. Илимий иштеги негизги ойлор, корутундулар, сунуштар диссертациялык изилдөөлөрдүн айрым бөлүмдөрү илимий жыйындарда, илимий конференцияларда апробацияланды. Диссертациялык иш Кыргыз-Өзбек университетинин тарых жана филология факультетинде кафедралардын бириктирилген отурумунда талкууланды.

**Изилдөөнүн мезгилдик алкагы** XIX кылымдын экинчи жарымы - XX кылымдын башын камтыйт.

**Географиялык алкагы:** Кыргызстандын түштүк жана түштүк-батыш аймактары – Ош жана Баткен облустары тандалып алынды. Талаа изилдөөлөрү кыргыздардын салттуу килем токуу кол өнөрчүлүгү сакталып калган айылдарында жүргүзүлдү. Этнографиялык стационардык изилдөөнүн орду катары төмөнкү айылдар тандалып алынды: Баткен облусунун Лейлек районундагы Мурас (мурдагы Маргун) жана Баткен районундагы Бужум айылдары, Ош облусунун Чоң-Алай районундагы Кара-Тейит жана Ноокат районундагы Каранай айылдары.

Кыргызстандын дал ушул аймактарында килем токуу кол өнөрчүлүгү пайда болуп, башка жактарга кенири жайылган жана ушул күнгө чейин салттуу килем жана килем буюмдарын токуу ыкмалары сакталып келатат.

**Диссертациялык иштин көлөмү жана структурасы:** Диссертациялык иш киришүүдөн, беш баптан, он жети бөлүмчөдөн, корутундудан, пайдаланылган адабияттардын тизмесинен жана тиркемеден турат. Иштин жалпы көлөмү 315, тиркеме 200 бет.

# I БАП. КЫРГЫЗДАРДЫН САЛТТУУ КИЛЕМ ТОКУУ ӨНӨРҮНҮН ТАРЫХНААМАСЫ

## § 1.1. Совет дооруна чейинки изилдөөлөр

Борбордук Азия элдеринин материалдык маданияты, анын ичинде үй шартындагы көл өнөрчүлүгү көптөгөн саякатчыларды, окумуштууларды кызыктырып, иликтөө жүргүзүүгө түрткү болгон. Материалдык маданият аркылуу элдердин этностук маданиятынын өнүгүшүн байкоого болот. Совет дооруна чейинки мезгилде Борбордук Азия элдеринин материалдык маданиятын изилдеген ар кандай мазмундагы илимий эмгектер жарык көргөн. Кыргыздардын маданиятынын тарыхындагы өзгөчө орунда турган килемдердин жана килем токуу өнөрүнүн пайда болуу мезгили жөнүндө маалыматтар азыркы учурда дээрлик жокко эсе. Бирок Борбордук Азиядагы салттуу килем токуу кол өнөрчүлүгү боюнча Совет дооруна чейинки мезгилде археологиялык жана тарыхый иликтөөлөр болгон. Тактап айтканда, Хорезм шаарынын айланасындагы археологиялык казуулардын негизинде токулган түктүү килемдин калдыктары табылган. Бул Борбордук Азиянын аймагында байыртадан бери эле мал чарбачылыгын жүргүзгөн элдер килем токуучулук менен да алектенип келгенине далил [406, 129-130-б.].

Борбордук Азияда коло жана алгачкы темир доорлорунда токуучулук өнөрү пайда болуп, өнүгө баштаган. Синьцзяндын Акэтал аймагынан археологиялык казуулардын натыйжасында жип ийрий турган таштан жасалган ийиктин табылышы бул жерде токуучулуктун пайда болгондугу жөнүндө кабар берет [228, 42-б.].

Революцияга чейин орус саякатчылары казактардын ар бир боз үйүндө килем жана токулган буюмдар кездешери жөнүндө жазып кетишкен [194, 54 - 60, 164-170-б.]. Айрыкча кооз токулган килемдер казактардын колунда бар же мансаптуу үй-бүлөлөрдө кездешери байкалган [85].

Белгилүү окумуштуу А.Ромм өзүнүн “Изобразительное искусство Киргизии”, - деген эмгегинде кыргыздардын кыдырша уруусунун аялдары өтө

чеберчилик менен килем токуучулук өнөрүн аркалаганын жазып калтырган. Ал А.Е.Фёлькерзамдын эмгектерин негиз кылып алып килем токуу өнөрү өтө байыркы кол өнөрчүлүк экендигин тастыктоого аракет кылган, бирок ошол эле мезгилде кыргыз килемдеринде Чыгыш Түркстандын килемдеринин таасири бар экендигин далилдегенге аракет жасаган. Анткени, мезгилинде соода-сатыктын натыйжасында келип калган килемдер менен жергиликтүү кыргыз килемдеринин токуу технологиясы, боёктор, кооздоо жана декорациясында окшоштук байкалган [358].

Кыргыз элинин этностук маданияты менен тыгыз байланышта болгон килем токуу өнөрү көптөгөн муундардын эмгегинин эбегейсиз тажрыйбасын камтыйт, ошондуктан бүгүнкү күнгө чейин элдердин каада-салттарынын казынасы болуп, өз маанисин жоготпой келет, заманбап искусство ушул жерден чыгып, кыргыздардын колдонмо чыгармачылыгын көркөм чагылдыруунун мыкты каражаты катары каралат. Бул байланыш салттуу көркөм искусствонун бардык түрлөрүндө, атап айтканда килемдерде да өз көрүнүшүн таба алат.

Борбордук Азиядагы килем токуу жүрүмү жөнүндө окумуштуулардын бир топ белгилүү эмгектери бар. Килемдер жөнүндөгү алгачкы олуттуу эмгек катары орустун аскер кызматкери генерал А.А. Боголюбовдун кол өнөрчүлүк көргөзмөсүн уюштурууга байланыштуу чыгарылган альбому каралат. А.А. Боголюбов Орто Азия килемдеринин кеңири коллекциясын чогултуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон жана алардын негизинде килемдерди терең изилдөө жүргүзгөн. Бул килемдерди илимий классификациялоонун биринчи аракети болуп, автор кыргыздардын килемдеринин өндүрүшүнө да көңүл бургандыгы байкалат [80].

А.А. Боголюбовдун килем токуу искусствосу боюнча түзгөн альбому алгачкы өзгөчө эмгектерден болуп саналат. Окумуштуу өзүнүн бул эмгегинде токулган килемдердин кеңири коллекциясына токтолгон жана илимий эмгегинин эки таблицасында кыргыздарга тиешелүү килемдердин сүрөттөрүн чагылдырып берген. Айрыкча Фергана өрөөнүндөгү Анжиан кыргыздарынын, анын ичинен ичкилик урууларынын (кыпчак жана кыдырша, төөлөс) килем

токуучулук өнөрү менен алектенгенин баса белгилеген. Ал кыргыз элинин килем токуу өнөрү орто кылымдарда эле калыптанган байыркы кол өнөрчүлүк экендигин далилдеген. Андан тышкары А.А. Боголюбов түркмөндөрдүн килем токуу тарыхына токтолуп, алардын көркөм чечмеленишин изилдейт. Окумуштуунун айтымында түркмөндөр жана өзбектердин, казактардын, кыргыздардын айрым топтору килем токуу кол өнөрчүлүгүн Орто Азиянын жергиликтүү калкы катары каралган парфиялыктардан, сарматтардан, аландардан үйрөнүшкөн [80, 66-б.].

Белгилүү орус жана совет доорунун чыгыш таануучусу, археолог, аймак таануучу, учурунда Тажик ССРинин ИА нын директору катары эмнектенген окумуштуу А.А. Семенов кыргыздардын килем токуу өнөрүнө өзгөчө баа берген. Ал килем токуу менен кыргыздардын баары алектенет деген бүтүм чыгарган. А.А. Семеновдун Орто Азиянын килемдерине изилдөө жүргүзгөндөгү дагы бир өзгөчөлүгү бул килемдерге колдонулуучу боёкторго жана боёо процесси жөнүндө маалымат бергендиги болуп саналат. Андан тышкары окумуштуу кыргыздардын токулган килемдерин өзбек жана тажик кардарлар сатып аларын айткан, демек килем токуу кыргыздардын нукура кол өнөрчүлүгү экендигин далили катары карасак болот [386, 153-154-б.].

Андан ары улай эле окумуштуу А.А. Семенов өзүнүн илимий эмгегинде түркмөн килемдеринин оймо-чиймелеринин Ассирия жана Халдеянын оймо-чиймелерине окшоштугун баса белгилеп, Марко Полонун түркмөн килемдеринин жогору баалап кеткендигин түркмөн килемдеринин бетиндеги сүрөтү жөнүндө маалыматтарды келтирет. Италиялык Ренессанс сүрөтчүлөрү, Венеция, Фламанд жана немец сүрөтчүлөрүнүн сүрөттөрү, ошондой эле Осмон килемдеринин Човдур килем көчөттөрү (гёлдери) менен байланышы жөнүндө баяндаган [386, 137-176-б.].

Ушул маселе боюнча чыгыш таануучу И.П. Минаевдин эмгегинде дүйнө жүзүнө белгилүү саякатчы Марко Поло да түркмөн элине мүнөздөмө бергендиги жөнүндө баяндалат. Ал түркмөн элинин соода жана кол өнөрчүлүк менен алектенгенин жазып калтырган. Алар өз кезегинде токуучулук өнөрүн жакшы

өздөштүрүшкөнүн жана мыкты килем токуунун чеберлери экендигин айткан. Килем жана кызыл түстүү кебез токуу түркмөн элинин негизги кол өнөрчүлүктөрү экенин байкап, алар токуган килемдерине өзүнүн жогорку баасын берген [276, 28-б].

Белгилүү орус тарыхчысы жана искусство таануучусу, коллекционер барон А.Е. Фёлькерзам (Магнус Конрад Армин Евгеньевич) Совет дооруна чейинки Орто Азия элдеринин килемдерине фундаменталдык изилдөөлөрдү жүргүзгөн жана алардын ичинен кыргыз урууларынын килем буюмдарына да көңүл бурган. Ал килем токуу  биздин заманга чейинки мезгилдерде пайда болгон аялдарга гана таандык  кустардык мүнөздөгү бирден-бир  кол өнөрчүлүк экендигин белгилеген. Окумуштуу өзүнүн эмгегинде XIX кылымдын аягы жана XX кылымдын башындагы Чыгыш аймактарындагы токулган килем өндүрүшү жана жайылтылышы жөнүндө сөз кылып, килемдердин материалы, жасалуу технологиясы, боёлушу, кооздолушу жана орнаменттери жөнүндө сөз кылат.

А.Е. Фёлькерзам өзүнүн эмгегине киришип жатып С.М. Дудинге жана Н.Ф. Бурдуковго терең ыраазычылыгын билдирүү менен, алардын эмгеги Борбордук Азиянын токуу өнөрүн аймактан тышкары кеңири жайылтууга жана материалды тереңирээк изилдөөгө мүмкүндүк берген алгачкы жеке коллекциялар экенин белгилейт. Бул коллекциялардын бири жергиликтүү кол өнөрчүлүктү үйрөнүү үчүн Борбордук Азияны, Персияны жана Ооганстанды кыдырып чыккан чыгыш элдерин изилдөөчү Н.Ф. Бурдуковго таандык. Алынган текстиль буюмдары, атап айтканда, Барон Штиглиц мектебинин музейиндеги тарыхый көргөзмөдө, экспозицияны коштогон «Н.Бурдуковдун коллекциясынан Түркстан килемдери» аттуу каталогу коюлган [91]. Алардын чогулткан коллекциялары аркылуу түктүү токулган килемдерге байланышкан багыттар менен таанышууга мүмүкүнчүлүк түзүлгөн. А.Е. Фёлькерзамдын изилдөөсүнө ылайык токулган килем технологиясы аркылуу жасалган үй-буюмдарынын тажрыйбалык маанисин, түшүрүлгөн орнаменттердин системасыз таризде талданышы аны бир аз түйшөлткөнүн байкоого болот. Убакыттын өтүшү менен этностордун тарыхында канчалаган кол өнөрчүлүктөрдүн формасы өзгөрүүгө

дуушар болгон, ал эми килем токуу жараяны баштапкы бойдон сакталып, ушул күнгө чейин актуалдуулугун жоготкон эмес [429, 59-б.]. Ал эми орус коомчулугу үчүн атайын Орто Азиянын килем өндүрүшүн изилдөө милдети тургандыгын жана келечекте кустардык формадагы килемдердин баасы артаарын белгилей кеткен [429, 20-б.]. А.Е. Фёлькерзам Орто Азияда негизинен көчмөн болгон этностор: түркмөндөр, кыргыздар жана отурукташкан өзбектер килем токуу менен алектенишкенин белгилеп кеткен. Ал эми алар менен кошо эле афган килеми, чыгыш персиялык жана белуджи килемдери да изилденүүгө алынарын жазган [429, 20-б]. Демек, Орто Азиянын элдери үчүн, алардын ичинен кыргыздардын килем токуу салты өздөрүнүн нукура кол өнөрчүлүгү катары карасак болот. А.Е. Фёлькерзамдын эмгегине таяна турган болсок, Чыгыш Түркстандын аймагындагы сапаттуу килемдерди дал ушул кыргыздар токуганын маалымдаган. Хотан шаарынан чыккан килемдерди негизинен кыргыздарга таандык деп белгилейт [429, 26-б]. Ушул эле маалыматты С.М. Дудин дагы тастыктайт, ал убактысы тар болгондугуна байланыштуу чыгыш Түркстанда килемдер жөнүндө маалыматты жергиликтүү дарыгер Пальцевден маалымат алат. Анын айтымына караганда бул аймакта кыргыздар жана отурукташкан өзбек этносу килем токуу менен алектенишкен [157, 144-б.]. Дагы бир кызыктуу маалымат, Хотан килемдери менен Фергана жана Анжиян аймагында токулган килемдердин технологиясы, декорациясы абдан окшоштугун белгилейт. Тарыхый маалыматтарга караганда бул аймактарда да кыргыздардын азыркы ичкилик урууларына кирген кыпчак уруулары килем токуу менен алектенишкен. Сүрөтчү С.М. Дудин бул килемдер өзбектердин килемдери болушу мүмкүн деген ойду айткан. Бирок барон А.Е. Фёлькерзам азыркы Өзбекстандын аймагында да кыргыздын ичкилик уруулары гана килем токуу менен алектенгенин белгилеген [429, 34-37-б.]. Ал эми кыргыздардын башка уруулары таптакыр килем токуган эместигин, алар болгону түксүз килемдерди жасоо менен гана чектелгенин аныктаган [429, 34-б, 37-б.]. Кыргыздардын килем токуу жүрүмүндө негизинен токуу техникасын, түшүрүлгөн орнаменттеринин элементтерин изилдей алган. Бирок, кыргыздын жашоо-тиричилигиндеги килем

токуу техникасы менен жасалган майда килем буюмдары кенен каралган эмес [429, 17-22-б.; 289, 86-б.].

Килем соодагерлери тарабынан "бухара килеми", «хотан килеми», «теке килеми» деп атаганы менен бул географиялык чөлкөмдөрдө килем токуу жүрүмү анчейин ишке ашкан эмес. А.Е. Фёлькерзамдын эмгегинде бухаралыктардын килем токуудан алыс экендигин баса белгилеп, тажик жана сарт элдери түздөн-түз килем токуу менен алектенбегенин жазган. Перстердин европалыктар үчүн токуган баалуу килемдерин эмес, көчмөндөрдүн оригиналдуу, ары кооз жана табигый, бирок, бир аз төмөнүрөөк сапаттагы килемдерин изилдөө алда канча кызыктуу болорун окумуштуу өз эмгегинде баса белгилеген [429, 61-б.]. А.Е. Фёлькерзам Марко Полонун килемдер жөнүндө маалымат калтырып, бирок бир да килемге түшүндүрмө бербегенин айткан. Марко Поло Хубилай хандын чатырларындагы (кибитка) килемдер жөнүндө да жазган, хан эс алууга чыкканда да килемдер менен көчмө чатырларын кооздоо үчүн эле эмес, ден соолугуна байланыштуу кошо ала жүргөндүгүн маалымдаган [429, 66-б]. Андан тышкары, Анжиян жана Фергана аймактарындагы кыргыздардын килемдерин түздөн-түз изилдеп жана ичкилик урууларынын килем токуу өнөрчүлүгү негизинен ичкилик урууларына гана таандык деп белгилеген. Андан тышкары А.Е. Фёлькерзам килем менен алектенген Орто Азия элдеринин тарыхына жана жайгашуусуна, килемдердин түрлөрүнө, материалдарына жана жасоо техникасына кеңири токтолуп кеткени менен өзгөчөлөнгөн. Айрыкча барон А.Е. Фёлькерзам Орто Азиядагы түркмөн элинин килемдерин классификациялаган жана алардын этностук топторунун килем өндүрүшү менен алектенгенин изилдеген. Килемдерди изилдөөдөн мурда А.Е. Фёлькерзам этностордун турак жайларын изилдөө маселесине токтолуу керектигин жазган [429,100-б.]. Килемдерди классификациялап жатып, окумуштуу Фергана чөлкөмүндөгү Анжыян жана Ош уезддеринин уруулары килем токуунун чеберлери экенин тастыктайт. А.Е. Фёлькерзам Чыгыш Түркстандагы кашгар килеми ошол жерде жашаган жергиликтүү кыргыздар токуган деген тыянакка келген [429, 36-б.].

Барон А.Е. Фёлькерзамдын "Старинные ковры Средней Азии" деген чыгармасында келтирилген, маанилүү маалыматтар бул аймактын эксперти, Анжыян шаарынын тургуну А. Утямышевдин маалыматтарынын негизинде жазылган [429, 19-б.]. Орто Азия элдеринин ичинен тажиктер, сарттар көбүнчө саймаланган сүрөттөр түшүрүлгөн сузанналарды[2] өндүрүшкөн, ал таптакыр килем технологиясынан айырмаланып турары белгилүү. Ал эми кыргыздар, түркмөндөр жана аларга маданияты боюнча жакын деп эсептелген өзбектер, тактап айтканда, жарым-көчмөн маданиятты алып жүргөн элдер килем токуганды билишкен деп белгилеген [429,61-62-63 б.]. Окумуштуу килемге керектелүүчү боёктор жөнүндө да кенен маалымат берип, жаратылыштан алынган табигый боёкторду классификациялаган [429,81-83-б.].

А.Е. Фёлькерзам кыргыздардын ар бир уруусунун эн тамгалары бар экендигин жана алардын токулган килем буюмдарында кездешерин да айткан. Окумуштуунун айтымында уруулук тамгалар XIX кылымдын аягында XX кылымдын башында ферганалык кыргыздар тарабынан токулган килемдерде орнамент катары берилген [429, 20-б.].

Окумуштуу Д.Н. Логофет да Орто Азиядагы салттуу килемдерге изилдөө жүргүзгөн. Айрыкча түркмөндөрдүн жашоосун, этностук тарыхын жана алардын чарбасын, кол өнөрчүлүгүн изилдеген. Материалдык маданият чарбанын түрүн аныктап бергендигин далилдеген [243,147-149-б.; 265,227, 56-б].

Кыргызстанда орто коло дооруна таандык эстеликтерди археологиялык изилдөө жөнөкөй килем токууга арналган курал-жарактардын бар экендигин ишенимдүү далилдеди. Ошол эле учурда, жергиликтүү токуучулар кездемелерди боёктор менен кооздоону өздөштүрүшкөндүгү байыркы мезгилде боёонун жогорку деңгээли жөнүндө кабарлайт [243, 7-б.].

Ал эми окумуштуу С.Б. Броневский казактардын көркөм кол өнөрчүлүгүнө баа берип, казактар жүн берчү малдын баарына ээ болгондуктан, жүндү ар кандай ыкмалар менен иштетүү жолдорун билишкен. Жүндүн мыкты

---

[2] Сузана-бул отурукташкан элдердин дубалдарына коолдук иретинде пахта кебезинен жасалып, саймалаган көлөмдүү буюм (панолор).

сортторунан кездемелерди токушса, бир аз кылчык боло турган жүндөн килем токушкан, ошондой эле кийиз, торбо жана башка буюмдарды жасай алышкан. Килемди эң жөнөкөй ыкмалар менен боёп, токушуп, көз жоосун алгандай кооз кылып жасашкан. Демек, казак эли килем токуунун эң жөнөкөй кустардык формасы менен алектенген [85, 37-38-б.].

Н.И. Гродеков кыргыздардын салттуу жашоо тиричилигине анализ берип, Кыргызстандын түштүк аймактарындагы кыргыздарда баласын эрезеге жеткирип, үйлөп-жайлап, анан тиричилигин улантып кетишине атасы милдеттүү түрдө көмөктөшкөнүн белгилейт. Бул максатта ата, баласын калың төлөп үйлөнтүп, ага үй салып, малдан уй, кой, жылкы энчилеп бергенин өзүнүн эмгегинде баяндап кеткен. Ал атасы ар бир уулуна үйлөнөрдө калың жана энчи бөлүштүрүүгө милдеттүү болгондугун жазган. Ошол эле учурда уул балдарына энеси “...атаганым бар эле,”- деп, өз колу менен токуган килемин салт катары ар бир баласына тартуу кылган. Ал эми колунда жоктор мындай белектерди балдарына берүү мүмкүнчүлүгү болбогондугун белгилеп кеткен [126, 43-45-б.].

Орус окумуштуусу жана саякатчы И.И. Гейер түркстандыктардын кол өнөрчүлүгүн баяндап жатып, алар жаратылыштан, б.а. өсүмдүктөрдөн боёкторду ала тургандыгын белгилеген. Андан тышкары кыргыздардын мал чарбасы менен алектенгенин, негизинен койду асырап багышкандыгын, койдун жүнүн табигый боёктор менен боёп алышып, андан соң гана жүндөн кийиздерди жасагандыгын баяндап кетет [118, 45-144-б.].

Орус окумуштуусу В.К. Розвадовский өзүнүн эмгегинде атайын кустардык өндүрүш менен кол өнөрчүлүктүн жана искусствонун айырмачылыгын териштирген. Кустарь (буюмду үй шартында колдо жасаган кол өнөрчү, уста) буюмду жасап жатканда кардардан көз каранды болгон эмес, анын жасаган ишинде көркөм дүйнөсү негизги ролду ойногон. Окумуштуу кустарь (жеке кол өнөрчү) үчүн өзүнүн жасаган буюмунунун кардары белгисиз, ал атайын стандартка ылайык товар жасаган эмес, анын жасаган буюму ой-чабытына, маанайына жараша иштелип чыккан деп белгилейт [357, 30-б.]. Ал азыркы Өзбек Республикасынын Анжиян облусундагы Айым кыштагында жашаган

кыргыздардын килем токуу салтын изилдөөгө алган. Ал жердеги кыргыз аялдарынын килем токуу жүрүмүнө жигердүү катышкандыгын белгилеген. Бул айылдын айланасындагы Чаңгыр-Таш, Ак-Мечит, Дардак деген аймактарда аялдар килем токууда чебер аялдарды жалдап токутушкандыгын белгилейт. В.К. Розвадовскийдин пикири боюнча, килем токуучулук өнөрүн аркалагандар негизинен кыргыз аялдары болушкан жана алар килем токуу өнөрүн абдан мыкты өздөштүргөн [357, 18-б.].

Ошондой эле, колунда жетишерлик мүлкү бар киши сөзсүз үйүндө буйрутмага килем токуткан. Килем токуу жүрүмү татаал болгондуктан, көп каражат жана кыймыл-аракет жетишерлик болуусу керектигин, атайын килем үчүн темир кайчылар жана негизги курал катары тыттын, өрүктүн жыгачынан жасалган токмоктор керектелээрин белгилейт. Ошону менен бирге В.К. Розвадовский, Өзбекстандын аймагында килем токуу өнөрүн көбүнчө ошол аймакта жашаган кыргыздын ичкилик урууларынын өкүлдөрү гана аркалашканын тастыктайт [357, 19-17- б.].

Ошентип, салттуу килем токуу боюнча совет дооруна чейинки көрсөтүлгөн авторлордун илимий эмгектеринен маанилүү материалдарды көрүүгө болот. Алар, негизинен окумуштуулар, саякатчылар, аскер адамдары болушкан жана атайын кыргыздардын килем токуу салтын терең жана ар тараптан изилдешкен эмес. Алардын эмгектери бизге баалуу маалымат-кабар катары негиз болду. Алардын эмгектеринде килем токуу жүрүмүнө жөнүндө жалпы жонунан маалымат берилген. Орто Азиядагы материалдык маданиятты чагылдыруу мезгилинде изилденген материалдардын ичинде кыргыздардын да килем токуу кол өнөрчүлүгү жөнүндө маалыматтар камтылган. Мында негизинен этнографиялык, экспедициялык материалдардын негизинде иликтөөлөр жүргүзүлүп, кыргыздардын салттуу килем токуучулук кол өнөрчүлүгүнө учкай сарасеп салынып, толугу менен изилдөөгө алынбагандыгын белгилөөгө болот.

## 1.2. Совет доорундагы изилдөөлөр

Совет доорундагы изилдөөлөрдө килем жасоонун технологиялык жактары жана жасалга комплексинин семиотикалык мааниси каралган, ошондой эле, бул боюнча артыкчылыктуу маселелер жана көптөгөн материалдар бар. Материалдык жана руханий маданияттын ажырагыс бөлүгү болуп объективдүү дүйнөнүн колдонмо жана ошол эле учурда эстетикалык өнүгүүсү менен байланышкан элдик-декоративдик колдонмо искусствосу алдыңкы орунду ээлеп турганын байкоого болот. Кыргыздардын колдонмо искусствосунун негизин килем токуу, кийиз жана кийиз буюмдарын оймолоп жасоо, чий буюмдарын токуу, сайма саюу, ар кандай кооздоп токуу, тери буюмдарын жасоо, жыгач, металл иштетүү жана кооз-асем буюмдарын (зергерчилик) өндүрүү түзүп турган [6, 395-б.].

Белгилүү орус сүрөтчүсү, фотограф, археолог, этнограф, саякатчы С.М. Дудиндин Орто Азия элдеринин материалдык маданиятын, анын ичинде килем токуу искусствосун илимий изилдөөдө чоң салымы бар. Өз кезегинде белгилүү окумуштуу В.В. Радловдун жетекчилиги менен илимий экспедицияларга чыгып этнографиялык жана археологиялык коллекцияларды жыйнаган. Андан кийин В.В. Радловдун сунушу менен өзү Орто Азияга илимий экспедицияга жетекчи болуп чыккан. Окумуштуу изилдөөчү катары Орто Азиянын борбордук бөлүктөрүндө, Мерв оазисинде, Бухара хандыгында, Алай өрөөнүндө, Чыгыш Туркестандын аймагында жети ай бою илимий изилдөөлөрдү жүргүзгөн. Мунун натыйжасында жети миң экспонатты жыйноо менен бирге эки миңдей фото - сүрөттөрдү тартып, изилдөө жүргүзгөн. С.М. Дудин Орто Азиядагы элдердин килем токуучулук өнөрүн, анын материалын, техникалык каражаттарын, токуу технологиясын тыкыр изилдеп, системага түшүргөн. Килемдин негизги материалы – жүн (койлордун айрым бир түрлөрүнөн алынган жүн чийки заты). Анын сапаты, негизинен айрым бир факторлорго көз каранды экендиги, б.а. жүндүн түсү, сапаты малдын азыктанган азыгына жана жашаган климаттык, жаратылыштык шартына ылайыкташып каларын айткан [157].

Окумуштуу килем токуу өндүрүшү айрыкча мыкты жолго коюлган Орто Азиянын Мерв, Бухара, Самарканд сыяктуу шаарларын аныктап, көп учурда ушул шаарларда токулган килемдер товар катары сатылып тургандыгын маалымдайт [228,124-б.]. Орто Азиянын килемдеринин кардарлары бир катар Европа шаарларынын тургундары болорун, алар негизинен буйрутма берип, килемдин сапатына абдан маани берээрин аныктаган.

Ал эми кыргыздардын килемдери жөнүндө азыраак болсо да баалуу маалыматтарды берип, кыргыздын жөнөкөй кийиздеринен баштап, килем жана килем техникасы менен даярдалган буюмдарынын кооздугун жана өзгөчөлүктөрүн баалап кеткен. С.М. Дудин кыргыздардын тиричилигинде жалпы жонунан жерге төшөлүүчү буюмдардын түрлөрүнө баа берип, алардын баалуулугун аныктай алган. Анын изилдөөлөрүнүн натыйжасында Орто Азия элдеринде кеңири жайылып, көп жасалганы бул - кийиздер (ала кийиз, ж.б) болгон. Экинчи орунда көп колдонулуучу өрмөк – таарлары, ал эми үчүнчү орунда гана салттуу токулган килемдер турганын айткан [157, 75-б.].

Окумуштуу негизги басымды килемдердеги орнаменттерге жасап, атайын таблицанын жардамы менен классификациялап, Орто Азия элдеринин, анын ичинде кыргыздардын орнаменттери өтө маанилүү экендигин аныктаган. Мындан сырткары, окумуштуу килемге түшүрүлгөн орнаменттеринин семантикасына көңүл бурган. Окумуштуу өзүнө чейинки килем изилдөөчүлөрүнө баа берип, барон А.Е. Фёлькерзамдын, генерал А.А. Боголюбовдун, А.А. Семеновдун эмгектерин анализдеп, бир катар маанилүү түшүндүрмөлөрдү калтыра алган [157,75-б.].

Орто Азиядагы килем жасоо менен алектенген кол өнөрчүлөр килемди товарга айланткан жагдайларга да токтолгон. Негизинен көчмөн шартта көп сандаган килемди жаратуу мүмкүнчүлүгү болбогондуктан, кыргыздар килем жана килем буюмдарын негизинен жашоо-тиричилигиндеги өздөрүнүн муктаждыктарын канааттандыруу үчүн гана жасап келген болсо, эми атайын товар катары сатыкка чыгарууга токуй башташканын да өзүнүн эмгегинде белгилей кеткен.

Андан тышкары С.М. Дудин жалпы килем токууда жана даярдоодо колдонулган каражаттар жөнүндө баяндаган [157,78-85-б.]. Килемдерди токуу техникасын жана токуу жүрүмүн да толугу менен сүрөттөгөн. Айрыкча түркмөн килемдерин жана килем буюмдарын кенен изилдеп, алардын орнаменттери, боёкторуна, боёо техникасына токтолуп, аларды классификациялап, талдоо жүргүзгөн. Ал өзүнүнүн изилдөөлөрүнө таянып түркмөн килем токуу өнөрүнүн генезисин тактоого аракет жасап, алар кайдан келип чыккан, кайсы элдердин таасири бар деген ж.б. суроолорго жооп издеген. Жыйынтыгында түркмөн килеми токуу өнөрүн нукура жергиликтүү кол өнөрчүлүк катары баалаган. Анткени Персия жана башка аймактардагы килем токуу өнөрү таасир бериши мүмкүн эмес эле. Перс килемдери менен түркмөн килемдеринин токуу техникасы жана технологиясы, орнаменталдык жасалгасы, өңдөрүнүн (колористикасы) эч бир жеринен дал келбегени байкалып турат деп жазган. Түркмөндөр негизинен кой жүнүнөн гана килем токушкан, алар пахтаны жана жибек (шёлк) материалын колдонушпаганын белгилейт. Бирок, ошол эле учурда Хотанда (Кытай) жашаган кыргыздар жибек материалын килем токууда көп колдонушарын маалымдап кеткен [157, 91, 112, 144, 146, 147, 149-б.].

С.М. Дудин Орто Азиянын материалдык маданиятын илимий багытта канчалык изилдеп, иштеп чыкканы менен түркмөндөрдөн башка элдердин килемдерин фрагментардык түрдө гана толук эмес изилдегенин өзү да мойнуна алган. Ошондуктан аймактагы салттуу токулган килемдерди тарыхый булак катары изилдене турган көп жагдайлары бар деп көрсөткөн [157, 88-б.].

С.М. Дудин Орто Азия килемдери жөнүндө бардык маалыматтарды тутумдаштырып, кыргыздардын да килем буюмдарын токуп даярдоо менен интенсивдүү түрдө алектенгенин белгилеп, токулган килемдин таралышы жана алардын мааниси жөнүндө жыйынтык чыгарып, көчмөндөрдүн күнүмдүк турмушунда килем токуу кол өнөрчүлүгү ушул күнгө дейре белгилүү орунду ээлеп турарын аналитикалык көз караш менен маалымдаган. Килем токуу жараяны ары мүшкүлдүү жана ары татаал жараян болгондуктан, аны

отурукташкан шарттарда гана токуу оптималдуу болгондугун белгилейт [157, 512-б.].

Окумуштуу С.М. Дудин өзүнүн эмгегинде Орто Азия килемдеринин келип чыгышын иликтеп, аларды үч чоң топко бөлгөн: түркмөн, өзбек жана кыргыздардын килемдери. Чындыгында кыргыз элинде килемди аздектегени менен, ошол эле учурда кыргыз урууларынын баары эле килем токуучулук менен алектенген эмес деп белгилеген. Анын айтымында, кыргыз килемдеринин ичинен эң орчундуусу кыдырша жана маңгыт урууларына тиешелүү болгон [157, 169-б.].

Ал эми техникалык жагынан кыргыздардын салттуу токулган килемдери башка элдердин килемине окшош, а түгүл, сапаты боюнча бир аз артта калышы да мүмкүн деп белгилейт. Ал эми негизги айырмасы орнаментинде жана түс өзгөчөлүгүндө болушу мүмкүн деп божомолдойт, кыргыздардын килемдеринин оймо-чиймелеринде кытай көчөттөрүнүн таасири бар деп жазган [157,169-б.; 492].

Кыргыздардын килем токуу кол өнөрчүлүгүн совет доорунда биринчилерден болуп окумуштуу С.М. Абрамзон изилдеген. Ал Памир-Алайда, Ферганада жана Кашкарда жашаган кыргыздар килем буюмдарын токуу менен алектенишкендигин, өзгөчө ичкилик урууларынын тобуна кирген кыргыздар килем токууну жогорку чеберчилик менен жасай алышкандыгын тастыктайт. Килемдин токулган түктүү формасы кыргыздардын каңды, тейит, абат, кыдырша, маңгыт урууларынын ичинде кеңири жасалып келет деп белгилеген [3, 60-б.]. Окумуштуу кыргыздардын турмуш-тиричилигин изилдөө мезгилинде кыргыздардын токулган килемине өзгөчө көңүл бурган, мында килем токуу кол өнөрчүлүгү кыргыздардын турмуш тиричилигинин ажырагыс бөлүгү катары каралган. Мындан сырткары, килем токуу технологиясынын жардамы менен бир топ килем буюмдарынын түрлөрүн жасашкандыгын да (чавадан, баштык, торбо, керегеге илип койгонго текчелер, аяк кап, жабык баш, боз үйдү коoздоо үчүн боо-чуу, эшик тыш, куржундар, ээр көпчүктөрү) белгилеген [6, 396-б.].

С.М. Абрамзондун маалыматы боюнча алгач килем согууга ылайыкталган дүкөндү тегиз жерге орнотуп, андан соң ага эриштерин жүгүртүп байлап алат. Килем кол менен токулуп, түгүнүн узундугу кайчы менен кыркып тегиздегенден кийин 7-8 мм., ал эми түктөрүнүн байламтасынын узундугу 1.5 мм. болот. Килемдин 1 чарчы метрине 80-90-миң түйүн жип токулуп, эришине көбүнчө төөнүн жана эчкинин жүндөрүн колдонушкан. Түктөрүнө көп учурда койдун жүнүн колдонушкан. Килемдер такай тегерек, сегиз бурчтуу, чоң чырым, ромбик жана тепкич сыяктуу орнаменттер менен кооздолгонун тастыктайт [6, 396-б.].

Е.И. Махова өзүнүн талаа материалдарынын негизинде кыргыздардагы токуучулуктун төрт түрүн көрсөтүп кеткен: биринчи - терме (боо, тегирич) токуу, бул көбүнчө боз үйдүн жыгачтарын байлап, бышыктап кармап турат жана Кыргызстандын бардык аймактарында жасалат. Экинчи - “кажары” же “букары”, бул өтө бышык жана түксүз токулган таар же шалча. Бул буюмдар Кыргызстандын түштүк тараптарында токулат. Үчүнчү - “беш кеште” сыяктуу өтө кооз токулган таар-килем, түштүк комплексинде кеңири таанымал. Төртүнчү - түктүү килем, өтө татаал, ары мүшкүлдүү, көп убакытты жана каражатты талап кылган өзгөчө техника менен токулган килем. Автор муну Кыргызстандын түштүгүндө, түштүк-батыш тарабында кеңири таркалган кол өнөрчүлүктүн жергиликтүү түрү деп белгилейт [269, 44-58-б.].

Россиялык окумуштуу Б.Х. Кармышева жергеталдык кыргыздардын жашоо тиричилигинде килем токуучулук өнөрүнүн орду жөнүндө жазып, ага кой, эчки жана төөнүн жүнүн колдонушкандыгын белгилейт. Ал кыргыздардын койдун жүнүн жылына эки жолу кыркып алышкандыгын баяндайт. Ал эми төөнүн жүнүн (чуудасын) тоноп алышарын, б.а. төөнүн жүнүн кыркпай, чуудасын кол менен жулуп алышарын көргөн. Килем токуу, бул негизинен аялдардын иши экендигин белгилеп, жерге-талдык кыргыздар түктүү токулган килем буюмдарды: чавадан, кош жабык жана жерге төшөлүүчү килемдерин жасашкандыгы тууралуу жазат. Б.К. Кармышева, мындан сырткары килемдин орнаменттери жөнүндө да кенен маалымат берген [192, 104-105-б.].

Ал эми Алтайдагы Пазырык маданиятын изилдөө тарыхына карай турган болсок, 1865-жылы белгилүү окумуштуу В.В. Радлов Пазырык көрүстөндөрүнө изилдөө жүргүзүп, бул аймакта алгачкы илимий казууларды ишке ашырган. Андан кийин бир нече жылдан соң, тактап айтканда 1929-жылы археологдор С.И. Руденко жана М.П. Грязнов Россиянын Монголия менен чыгыш чек арасындагы дөбөлөрдү изилдеген [131]. 1949-жылы профессор С.И. Руденконун жетекчилиги астында советтик археологдор жүргүзгөн археологиялык казуулардын жүрүшүндө Улаган бөксө тоосундагы (Тоолуу Алтай) бешинчи Пазырык дөбөсүнөн хунн падышаларынын биринин сөөгүнө жабылган толугу менен сакталган, токулган килем табылган.

Пазырык табылгасынын негизинде С.И. Руденко килем биздин заманга чейин I миң жылдыктын ортосунда жасалган деген пикирди айтат. Кийинчерээк ал килем Пазырык килеми деп аталып, С.И. Руденко жана башка советтик окумуштуулар бул килемди Ахемениддер доорундагы (б.з.ч. 558-330) Иран килеминин үлгүсү деп жарыялашкан. Бирок аталган дөбөнүн өзү орус-монголиялык чек аранын түндүгүнөн 80 км алыстыкта болгон, башкача айтканда, байыркы түрктөр жашаган жерде, ошол эле Ахемениддердин доорунда, соода жолу менен келип калды деген тыянактын масштабы күмөн жаратат [365, 110-116-б.].

Пазырык килеми археологдор тапкан килемдердин ичинен эң байыркысы деп эсептелет. Окумуштуу С.И. Руденконун билдирүүсүнөн кийин башка археологдор жана искусство сынчылары да бул килемди ирандык же скифтик деп божомолдошкон. Ошол эле учурда, скифтер, көчмөн малчылар чатырларда жашашып, кымыз ичип, жылкыларды курмандыкка чалышкан, бирок чочконун этин жебегендиги эскерилген. Ошондой эле, байыркы түрктөргө мүнөздүү болгон териден жасалган кийимдер, курак техникасы менен жасалган буюмдар, жылкыны аздектөө ж.б.у.с. башка белгилер [365, 110-116-б.] бар. Пазырык маданиятынын Орто Азиянын аймагындагы белгилери да Пазырык маданияты түрктөргө таандык деген пикирди билдирип турат. Пазырык килеминин өзү жакшы абалда сакталып калган, анткени сөөк көмүлгөн жер муз катмарында

жайгашкан. Ошондой эле ирандыктарга эмес, байыркы түрктөргө мүнөздүү болгон буюмдар ат жабдыктарынан, ээрден, кийимдерден табылган. Дөбөдөн көптөгөн кызыктуу идиштер чыккан. Мындан тышкары, кытай булактары боюнча б.з.ч. III кылымда хунндар Пазырык аймагында жашаган жана азыркы түркологдордун, алтайлык окумуштуулардын жана кытайлык окумуштуулардын бардыгы бул аймакты б.з.ч. I миң жана б.з. I миң жылдыгынан бери эле байыркы түрктөр байырлаган жер деп эсептешет. Буга карабастан С.И. Руденко бул дөбө түрктөргө, же монголдорго эмес, арийлерге таандык деп жарыялаган [365, 110-116-б.].

Азыркы күндө Пазырык килеми Санкт-Петербург шаарындагы Эрмитаждын археологиялык бөлүмүнүн бешинчи Пазырык дөбөсүндөгү табылгалардын катарында мыкты абалда сакталып калган экспонаты катарында турат [361, 64-88-б.], [599]. Ошол мезгилде археологиялык жана реставрациялоо технологияларынын өнүгүшү органикалык табылгалар менен дал келген, бул аларды сыртка алып чыгып, өтө аз зыян келтирүү менен калыбына келтирүүгө мүмкүндүк берген. Казуу болгон жерде топурактан механикалык жол менен тазаланып, андан кийин башка табылгалар менен бирге Эрмитажга жеткирилген. Заттарды калыбына келтирүү лабораториясында Н.Н. Семенович килемди консервациялоо боюнча иш жүргүзгөн, бул биринчи кезекте заттык катмарларды жок кылуу процессин токтотуу жана анын текстурасын сактоо болгон. Килемди химиялык жактан тазалаганда анча-мынча жоготуулары анын баштапкы көрүнүшүн бузган эмес жана анын боёкторунун сакталып, калган бөлүктөрүндөгү сүрөттөр жакшы таанылган. Пазырык килеми төрт бурчтукка жакын формага ээ болуп, килемдин көлөмү 1.83 × 2.00 м өлчөмүн түзгөн [362, 28-29-б.; 387, 144-148-б.; 362 ].

Килемди микроскоп менен кароодо кызыл, жашыл, сары түстөгү жиптердин түрлөрү табылган, бул килемдин баштапкы көркөмдүүлүгүн айгинелейт. Пазырык килеминин 1 чарчы дециметринде 3600 гө чейин түйүн байланган, бул окумуштуулар тарабынан килем токуудагы өтө жогорку көрсөткүч катары каралат [365,106-116-б.]. Килемдин бардык бөлүктөрү:

негизи, түктөрү жана түйүн байламы жүндөн жасалган, б. а., бул килем толугу менен жүндөн токулган. Аркак, эриш жана түк жиптери дээрлик жалаң койдун үлпүлдөк жүндөрүнөн турган, алардын орточо жукалыгы 25 мкм (микромикрон). Байланыш жиптеринин саны 1 чарчы дециметр үчүн 120 га жакын болот [ 365,106-116-б.]; [361, 49-48-б.].

Пазырык килемине окумуштуулар төмөндөгүдөй мүнөздөмө беришкен: борбордук бөлүгүндөгү жайгашкан талаасы ар түрүү көлөмдө беш чек аралык бөлүккө бөлүнгөн. Тышкы чек арада канаттуу грифтердин (куш) фигуралары токулган. Кийинки кенен чек арада, фронтко аттанып турган, стилдештирилип түшүрүлгөн атчандардын ар бир капталында жетиден жүрүшү чагылдырылган. Килемдин андан кийинки көгүш тарткан төрт чек арасында жайылып жаткан кулжа бугулардын сүрөттөрү түшүрүлүп токулган. Бул жердеги бугулардын кыймыл багыты атчандардыкына карама-каршы болуп токулган. Борбордук талааны курчап турган чек ара жана килемдин эң четинде алп куштардын (бүркүт болушу мүмкүн) кайталанган сүрөттөрү чагылдырылган. Килемдин борбору кызгылт түскө ээ болгон үч бурчтук түрүндө кесилишкен жана кошумча жалбырактар менен толтурулган жыйырма төрт чарчыдан турат. Изилдөөлөр көрсөткөндөй Пазырык коргонунан табылган килем токуунун түрк техникасы, ал эми экинчи Башадар коргонунан табылган килем перс техникасы менен аткарылган. Орто Азияда биздин заманга чейинки I миң жылдыктын ортосунда белгилүү болгон бул ыкма менен жасалган килемдер мурда Алдынкы Азияда жасалган деп божомолдоого болот. Пазырык килеминин тарыхый баасын аттарга ээрдин ордуна токулган оймо-чийме килемдер арттырып турат, башкача айтканда, бул учурда килемде килемдин сүрөттөлүшүн көрөбүз. Ушул эң кичинекей элементтердин так аткарылышынын ошол мезгилдеги килем токуу чеберчилиги өнүккөндүгүнөн кабар берет [365,106-116-б.].

Алтайдагы Пазырык табылгаларынын жана алардан табылган археологиялык объектилердин хронологиялык убактысын белгилөө маселеси дагы деле болсо окумуштуулардын арасында талкуу жаратууда. Пазырык килемин жасоо убактысы жөнүндө С.И. Руденко мындай деп жазган: Бул килем

кимдин эмгеги экенине карабастан, мисалы, Мидия, Перс же Парфия элдеринин, Борбордук Азия же Жакынкы Чыгышка тиешелүү, ал эми токулган мезгили боюнча б.з.ч. V кылымга таандык болушу толук ыктымал. С.И. Руденко өзүнүн атактуу табылгасынын көркөм жасалгасын талдап көрүп, килемди Алдынкы Азиялык (перс, мидия же парфия) килем чеберлери жасаган деген жыйынтыкка келген [364, 28-б.].

Ал өзүнүн изилдөөлөрүнө таянып Тоолуу Алтайдын калкы жылкы багуучу, казактарга окшош турак жайы бар, антропологиялык жактан скиф доорунда азыркы казактар менен кыргыздарга жакын болгондугун жазган [363,43-б.]

Килемдин элементтерин талдап жатып, С.И. Руденко бир катар деталдарга токтолгон: жылкынынын образы – анын жасалгасы, байланган куйруктары, ээрдин ордуна килем – Батыш Азияга мүнөздүү жана Алтайга жат көрүнүш. Алтайлыктар аттын такасын кесип, куйругун өрүшүп, килемдин ордуна ээрлерди колдонушкан [362].

Ал “пазырык килеми” байыркы түрк урууларына тиешелүү болушу да мүмкүн деп айткан. Окумуштуунун мындай пикир калтырышынын дагы бир себеби, “пазырык килеми” горизонталдык станокто токулгандыгы болуп, бул теорияны М.П. Грязнов, С.П. Толстов тастыктаган. Каралып жаткан килемдин Орто Азиялык генезиси жөнүндөгү идеяны И.Н. Хлопин, Р. Кызласов, Л. Керимов колдошкон [131, 11-12-б.; 406,; 441,31-36-б.; 236.; 197]. Демек, бул килем түрк элдерине, анын ичинде кыргыздарга таандык болушу да мүмкүн. Анткени, биринчиден, кыргыздардын орто кылымдардан бери карай токуп келген килемдери горизонталдык станокто токулат, экинчиден, “пазырык килеми” кыргыздардын тарыхый аймагынан табылып жатат, үчүнчүдөн, килемдеги композиция азыркы кыргыздардын зооморфтук жана геометриялык орнаменттерине стили боюнча жакын, төртүнчүдөн бул килем толугу менен жүндөн жасалган. Алтайдагы негизги чарбасы малчылык болгон азыркы кыргыз элине этнокомпонент болгон түрк уруулардын (теле) жасаган килеми болушу да толугу менен мүмкүн. Сыма Цяндын “Исторические записки” деген эмгегинде

б.з.ч. I миң жылдыктарда Алтай аймагындагы түрк уруулары - дили (ди) жана теле уруулары жөнүндө жазылат, ал эми теле уруулары азыркы төөлөс урууларынын ата бабалары болушу мүмкүн деген пикирлерди тарыхчылар божомолдогон [3; 6; 32; 33; 34; 41]. Азыркы төөлөс уруулары – кыргыздардын ичкилик урууларынын бири. Бул уруунун өкүлдөрү ушул күнгө чейин килем токуу менен алектенип келишет. Демек, "пазырык килеми" түрк урууларына таандык болуп калышы, анын ичинен кыргыздардыкы болушу толук ыктымал. Бирок, Пазырык көрүстөнүнөн табылган килем биздин түздөн түз изилдөө объектибиз болбогондуктан кескин түрдө тигил же бул тыянакты чыгаруудан алыспыз. Жалпы адамзаттын тарыхындагы резонанс жараткан Пазырык дөбөсүнөн табылган түктүү килемдин генезиси тууралуу ар түрдүү пикирлердин болушу аны аныктоо боюнча талкууларды токтотууга али эрте экенин гана көрсөтүп турат. Окумуштуулар Пазырык дөбөсүнөн табылган килемдин пайда болушу, кимдер тарабынан токулгандыгы жана кимге таандык экендиги боюнча эки топко бөлүнүшүп, кээ бирлери персиялык десе, калгандары байыркы түрктөргө таандык килем экенин дадилдеп келишет. Бул табылган килемдин зооморфтук стилге ооп турганы перстерге таандык эмес экенин айгинелеп турат, анткени персиялык уруулардын килемдеринде негизинен өсүмдүктүрдүн сүрөттөрү (фитоморфтук) басымдуу келери белгилүү. Геометриялык жана зооморфтук стиль фитоморфтук стилден алда канча мурун пайда болгон. Демек, ахемениддердин орнаменттери өсүмдүктөргө байланышкан болсо, негизинен геометриялык жана жаныбарлардын сөлөкөтү түшүрүлгөн Пазырык килеми түрк элдерине тиешелүү деген илимий тыянак чыгарган окумуштуулардын гипотезаларын колдоого болот.

Белгилүү окумуштуу А.Н. Бернштам "Киргизский народный повествовательный узор" аттуу макаласында кыргыздардын килемдеринде орнаменттердин өзгөчөлүгү, алардын стили жөнүндө сөз кылган [69, 631-653-бб.]. Бул эмгек белгилүү сүрөтчү М.В. Рындиндин материалдарынын негизинде жазылган.

Орто Азия элдеринин искусствосун изилдеген окумуштуу Г.А. Пугаченкова түркмөн килемдеринин мал чарбасы менен аябай тыгыз байланышы бар экенин, жана көчүп конуп жүргөн малдын ээсине килем өтө зарылчылыгы бар экенин, анын жасалышы дал ушул көчмөн мал чарбасы менен алектенгендерге таандык экенин далилдегенге аракет жасаган. Г.А. Пугаченкова жана Л.И. Ремпелдин биргелешкен "Очерки истории искусства Центральной Азии" аттуу илимий эмгеги Орто Азия элдеринин декоративдик-прикладдык искусстводогу орнаменттерин изилдөөдө маанилүү жардамчы булак болуп саналат. Г.А. Пугаченкова Орто Азиянын анын ичинде Кыргызстандын аймагында килем токуунун келип чыгышы жана тарыхы жөнүндө маселе татаал жана ар тараптуу деп белгилеген [345, 21-22, 177-178 - б.].

Орус окумуштуусу А.А. Миллер “Орус музейине” түшкөн кыргыз килемдерине мүнөздөмө берүүгө далалаттанган, анда кыргыздардын килем токуучулук өнөрүнө персиялык килем токуу өнөрүнүн таасири тийгендей деген тыянакты берген [275, 24-б.].

В.Г. Мошкова Орто Азия элдеринин килем токуу кол өнөрчүлүгүн изилдеген окумуштуу – килем изилдөөчү катары белгилүү. Ал 1929-1946-жылдардын арасында Орто Азия республикаларына уюшулган бир нече этнографиялык илимий экспедицияга катышкан, анын ичинен төрт экспедицияны өзү уюштуруп жетектеген. Окумуштуу килем токуган чеберлер менен түздөн-түз байланышып, алардын ар биринен маалыматтарды алган. Экспедициялардын натыйжасында окумуштуу Орто Азиядагы, аны ичинен Фергана өрөөнүндөгү кыргыздардын килем токуучулук өнөрүнүн өнүгүшү жөнүндө изилдөө жүргүзгөн. Окумуштуу тарабынан жалпысынан 900 килемдин үлгүлөрү каралып, сүрөттөлгөн жана фотосүрөткө түшүрүлгөн. Айрыкча Фергана өрөөнүндөгү этностордун килем токуу менен алектенгенине маани берип, алардын ичинен каңглы (каңды) урууларынын өзгөчө килем токууга шыктуу экенин белгилеген.

В.Г. Мошкованын көп сүрөттөрү менен басылып чыккан көлөмдүү эмгегинде 1929-1945-жылдардагы Орто Азиядагы республикаларда килем

токуучулукту үйрөнүү боюнча Өзбекстанда жана Түркмөнстанда жүргүзүлгөн бир нече экспедициялардын жыйынтыктарын көргөзгөн [288, 5-б.]. 1929-жылы Орто Азия элдеринин килемдерин изилдөө үчүн уюштурулган экспедиция Фергана өрөөнүндөгү килем токуучулук менен алектенген райондорду изилдеп, анын ичинде Анжиян, Ош шаары жана Жапалак айлына токтолгон. Бул жерлерде калктын арасында килем токуган ондогон чебер аялдар менен маектешип, килемге байланышкан бир топ материалдарды чогултушкан. Бул аймактардан табылган токулган килемдердин коллекциясы Ташкенттеги музейлерге экспонат катары алынган [288, 86-б.]. Андан тышкары орус окумуштуусу В.Г. Мошкова Фергана чөлкөмүндөгү килем буюмдарын изилдеп, чебер килем токуучулардын жана XIX к. аягы - XX к. башындагы Фергана аймагындагы элдердин жашоо-тиричилиги, чарбасы жөнүндөгү илимий адабияттардагы маалыматтарга таянып, акыркы 100-150 жылдагы килем токуучулугунун өнүгүшүнө сереп салган [288, 87-б.]. Мындан сырткары, эмгекте Ташкент жана Ашхабаддагы музейлердин коллекцияларында сакталган килем буюмдарынын сүрөттөлүшү камтылган түркмөндөрдүн, өзбектердин, Фергана өрөөнүндөгү кыргыздардын жана Каршы талаасындагы арабдардын килем токуучулук өнөрү жөнүндө кеңири маалымат берген [288, 56-86-87-б.].

В.Г. Мошкова окумуштуу С.М. Дудин тарабынан сунушталган классификацияны эске алып, андан тышкары, өзү Октябрь революциясынан кийинки изилдөөлөрдүн натыйжасында Орто Азиянын элдеринин килемдерин кайрадан тактап жерине жана этностук белгисине карай өзбек килемдери, араб килемдери, түркмөн килемдери, казак килемдери, каракалпак килемдери деп бир нече топторго ажыраткан. Кыргыздардын килемдерин бөлүштүргөндө Фергана өрөөнүнүдөгү, Памирдеги, Чыгыш Түркстандагы уйгурлар токуган килемдерин бириктирген [288, 26-б.]. Кыргыз килемдеринин кээ бирлеринин кулпуруп кооз болгондугунун бирден бир себеби - ага жумшалган жүндүн сапатынын жогору болгондугунда, - деп эсептейт. Бирок, кыргыздар мындай сапаттуу жүндү кайдан алгандыгын өзү жетектеген экспедицияга белгисиз экенин жазган [288, 88-б.]. Андан тышкары килем буюмдарын түрлөрүнө карай бир нече топторго

бөлүштүрүшкөн: жерге төшөлүүчү, илинип коюлуучу килем буюмдары, турмуш тиричилик буюмдары, унаа каражаттары (жылкыга жана төөгө токула турган). Окумуштуунун изилдөөлөрүнө таянып, кыргыздар килем токуу кол өнөрчүлүгү менен байыркы мезгилден бери алектенип, килем токуу кол өнөрүн алар өздөрү түптөгөн деген тыянак чыгарууга болот [288, 23-б.].

Совет мезгилиндеги көрүнүктүү окумуштуу Царёва Е.И. Орто Азиянын жана Казакстандын аймагындагы килем токуу өнөрүн көп убакыт ичинде изилдеген. Ал түркмөндөрдүн, казактардын, кыргыздардын, каракалпактардын, балучтардын килем токуу өнөрүн чагылдырган илюстрацияланган фото - альбом чыгарган[480]. Айрыкча Түркмөн элинин килем токуу кол өнөрү жана килем буюмдарын тарыхый-этнографиялык булак катары карап, түркмөн килемдерин сыпаттап жазган [446]. Өзбек республикасынын түштүк аймагында жашаган араб урууларынын салттуу килем токуу өнөрү менен алектенип келгендигин белгилейт. Килем токуу өнөрү Орто Азиядагы арабдардын маданиятынын «жүзүн» көрсөтө алаарын жана килем өндүрүшүнүн жергиликтүү вариантынын өзгөчөлүктөрүн эң кылдат сүрөттөп берүү менен бирге, анын жергиликтүү жана этникалык өзгөчөлүктөрүн аныктоого аракет жасаган [447, 271-б.]. Кашкадарыя арабдарынын килем өндүрүшүнүн табиятын изилдеп, бул аймакты мекендеген арабдар алгачкы токуучу катары белгилүү болгонун айтып кеткен. Арабдар базар килем (базар гилям) жасоо негизги киреше булагы болгон: бышык, жарык жана арзан, бул түрдөгү килемдер популярдуу болгон. Сатуу үчүн килем чыгарган үй-бүлөлөрдө үй-бүлөнүн бардык мүчөлөрү белгилүү процесстерге катышкан. Белгилей кетсек арабдардын килем токуу жүрүмүнө эркектер жана балдар даярдык иштерине жана жиптерди даярдоого гана эмес, токуу процессине да катышканын айткан[447, 278-б.].

Окумуштуу С.В. Иванов кыргыз орнаменттерин формаларына жана түзүлүшүнө ар тараптуу карап, аларды төрт бөлүккө бөлүп чыккан. Килемге түшүрүлгөн орнаменттерди экинчи бөлүккө ыйгарган. Алар – ар түрдүү көлөмдөгү тегерекчелер, сегиз бурчтуктар, жоонунан келген чырымдар, ромбдор, тепкич сыяктуу жайгашкан геометриялык орнаменттер. Килемге

түшүрүлгөн орнаменттердин да кыргыздын колдонмо искусствосундагы семиотикасына маани берген жана жалпы оймо чиймелерин классификациялоого аракет кылган. Бул экинчи бөлүктүн орнаменттери кыргыздардан сырткары түркмөн, жарым көчмөн өзбек жана казак, каракалпак, Кавказ элдеринде кездешерин белгилеген. Бул факт жөн жеринен айтылган эмес, демек, С.В. Ивановдун ою боюнча, бул аты аталган элдердин этногенетикалык жана этномаданий байланыштары бар. Төртүнчү бөлүктүн орнаменттери көчмөн элдерге таандык болгону менен, Орто Азия аймагындагы шаар борборлорунда отурукташкан элдерге да таркаган деп белгилеген [177, 59-73-б.].

Ал эми профессор Э.С. Сулайманов кыргыздардын салттуу металл иштетүү өнөрүн мыкты изилдеп, мында ат жабдыктарындагы орнаменттерге көңүл бурган [398].

Белгилүү чыгыш таануучу жана япон керамикасы жана чыгыш килемдери боюнча адиси Ф.В. Гогель жалпы Советтер Союзундагы элдердин килемдери жөнүндө кенен маалымат берген. Андан тышкары чыгыш өлкөлөрүнүнүн (Иран, Азербайжан, Түркия ж.б.) жана Европадагы (Англия, Франция, Испания) элдердин килемдерине токтолгон. Окумуштуу кыргыздардын килем токуучулук өнөрүнө токтолуп, мында килем токуучулук өнөрү өздөрүнө эле таандык болгон ата-бабларынан мурас калган колдонмо искусствонун бир түрү экендигин көрсөткөн. Албетте, башка элдердин дагы өздөрүнө тиешелүү болгон килем токуучулук өнөрү жок эмес, бирок алардагы токуучулук өнөрү кыргыздардыкынан айрымаланып турарын белгилейт [123, 25-б.].

Белгилүү этнограф К.И. Антипина Кыргызстандын түштүгүндөгү кыргыздардын материалдык маданияты жөнүндөгү фундаменталдык эмгегинде салттуу килем токуу кол өнөрү да камтылып, айрыкча токуу жүрүмүнө даярдык көрүүнү, килем токуунун салттуу ыкмаларын иликтөөгө алып, килем токуудагы көрүнүштөрдү толугу менен көрсөткөн.

Кыргызстандын Ош жана Баткен аймактарындагы салттуу килем токуу өнөрү жөнүндө изилдөөлөрүн жүргүзүп, мында көбүнчө дээрлик ичкилик уруулары килем токуу менен алектенгени жөнүндө баяндайт. Эгерде

Кыргызстандын башка аймактарында токулган болсо, ал жактарда аты аталган аймактардын кыздары келин болуп барып, жаштыгында үйрөнгөн килем токуу өнөрүн барган жеринде жандандырышы мүмкүн деген тыянакка келген [ 27, 65-б.].

К.И. Антипина өзүнүн изилдөөлөрүндө Кыргызстандын түштүгүндөгү кыргыздардын, анын ичинде ичкилик урууларынын килем токуу менен алектенип эле калбастан, аны элдик салттуу, нарктуу, баалуу кол өнөрчүлүктүн туу чокусуна жеткиргендигин белгилеген. Автор кыргыз килемин элдик искусствонун буюму катары этностун тарыхын, жашоосун, башка элдер менен болгон карым-катнашын далилдей ала турган тарыхый булак караган [ 27, 65-б.].

К.И. Антипина кыргыздардын салттуу килемдеринин Кыргызстандын чегинен тышкаркы аймактарга таралуу ареалы боюнча да маалымат берген. Буга мисал келтире турган болсок КЭР, Өзбекстан, Тажикстан, Афганистанга чейинки аймактарга кыргыздардын ичкилик урууларынын жайгашышы себеп болгонун айткан. К.И. Антипина кыргыздардын килем токуу кол өнөрчүлүгүн изилдөөдө илимий жана практикалык мааниси жогору экенин да белгилеген [27, 95-б.].

Белгилүү окумуштуу, этнограф К. Мамбеталиева Кызыл-Кыя жана Сүлүктү шаарларындагы кыз-келиндер килем токууну жакшы биликенин, килем токуу кол өнөрчүлүгүнө кыз балдар 7-8 жашынан тартып эле үйрөтүлө баштаары жөнүндө жазган. Андан тышкары окумуштуу жергиликтүү килемдердин токулушу жана алардын көчөттөрү тууралуу да маалымат берген [ 254, 100-б.].

Ал эми кыргыз элинин дагы бир белгилүү окумуштуусу жана искусство таануучусу Ж.Т. Уметалиева жалпы жонунан Кыргызстандын түштүгүндөгү килем токуу багыттары жөнүндө искусство таануу багытында изилдөө жүргүзгөн. Ал кыргыз аялдарынынын терме таар, кажары же букары, беш кеште буюмдарына токтолуп кеткен. Андан тышкары жогоруда көрсөтүлгөн токуу ыкмалары менен даярдалып, тиричилигинде колдонгон жабык-баш, аяк кап, тегиричтерге токтолгон. Автор кыргыздардын килем токуудагы дүкөнү

горизонталдык экендигин белгилейт. Килемдерди *барак килем* жана *тас килем* деп эки топко бөлүп кетет. Барак килемдер тас килемге караганда алда канча сапатсыз болгон. Тас килемдин түктөрү кыска болуп, бирок сапаты жакшы экендигин аныктаган. Көлөмү боюнча өтө чоң килемдер да токулган, бирок ал негизинен кыштоолордо согулган, анткени көп убакытты талап кылган. Ошол мезгилде майда түктүү үй буюмдары – жапсар-баштыктар, токулган баштыктар, торболор кыска убакытта эле токулуп бүткөндүгүн жазган. Кыргыздардын орнаменттери байыркы болуп, зооморфтук орнаменттер менен геометриялык орнаменттердин айкалышынан турарын айтат. Андан тышкары килемдин беттерине кыргыздардын айлана-чөйрөнү декорациялык мүнөздө чагылдыра алышкандыгын баяндайт. Автор килемдердин курамын, оймо-чиймесин жана боёкторунун колористикалык гана өзгөчөлүктөрүн талдап, улуттук килемдердин кеңири тараган түрлөрүн аныктоо менен чектелген. Андан тышкары Ж.Т. Уметалиева килем токуу куралдарына да токтолуп, аларга мүнөздөмө берген. XIX к. баштап рыноктук мамилелердин курчушу менен түктүү килемдердин көркөмдүүлүгү артып, көлөмү да бир топ чонойгондугун белгилеген [422, 30-31-63-б.]. Ж.Т. Уметалиева бир катар кыргыз чеберлеринин колунан токулган килемдерге илимий классификация жүргүзгөн. Кыргыз аялдарынын килем жана килем буюмдарын токуу өнөрүнө, килем токуунун багыттары, килем токуу техникасы менен чавадан, тегирич, жапсар-баштыктардын даярдалышы жөнүндө маалымат берген. Килемдерди типтештирип алардын көлөмүнө, композициялык ыргактарына, түстүк аайкалыштарына токтолгон. Совет доорундагы заманбап килем токуу көрүнүштөрүндөгү өзгөчөлүктөрүнө көңүл буруп, килем токуу жолго коюлуп артелдердин пайда болгону жөнүндө жазган. Бул мезгил кыргыз килемдериндеги инновациялык белгилердин пайда болгондугун жана атайын көркөм сүрөттөрдүн килемдердеги чагылдырылышын көрсөткөн. Окумуштуу салттуу ыкма менен токулган килемде кыргыз көркөм-сүрөт искусствосунун өкүлдөрүнүн улуттук сюжеттик композициялары менен токула баштаганын баса белгилеген. [422, 63-б.]. Ж.Т. Уметалиеванын илимий

изилдөөсү искусство таануучулук багытында болуп, маселенин тарыхый-этнографиялык өңүттөрү каралган эмес.

Колдонмо искусствосунун көптөгөн түрлөрүнүн (килем токуу, сайма, керамика, торевтика, зер буюмдары ж.б.) орнаменттеринде генетикалык байланышты байкоого болот, алардын семантикасы жана символикасы дээрлик окшош. Буга байланыштуу тажик орнаменттерин изилдөөчү З.А. Широкова өзүнүн эмгегинде жазып кеткен [361].

Советтик мезгилде Борбордук Азия элдеринин материалдык маданиятына ар тараптуу изилдөөлөр жүргүзүлүп, анын ичинде килем токуу кол өнөрчүлүгү боюнча эмгектер жарык көрдү. Дал ушул мезгилден тарта археологиялык изилдөөлөр активдүү жүргүзүлүп, анын натыйжасындагы алынган булактар аркылуу салттуу килем токуу кол өнөрчүлүгү боюнча баалуу маалыматтар табылган. Илимий айлампадагы белгилүү болгон Пазырык килемин изилдөөнүн жыйынтыктарын талкуулоодо окумуштуулар эки топко бөлүнүшүп, кээ бирлери персиялыктардын килеми десе, калгандары бул килем байыркы түрктөргө таандык экенин дадилдеп келишет. Бул табылган килемдин көркөм-кооздуктары геометриялык стилге ооп турганы перстерге таандык эмес экенин айгинелеп турат, анткени персиялык уруулардын килемдеринде негизинен өсүмдүктөрдүн сүрөттөрү басымдуу келет.

Корутундулап айтканда Совет доорундагы тарыхнаамада кыргыздардын салттуу материалдык маданияты белгилүү деңгээлде иликтөөлөргө алынган. Анын ичинде окумуштуулар кыргыз килеминин элдик искусствонун предмети катары этностун тарыхын, жашоосун, башка элдер менен болгон карым-катнашын далилдей ала турган тарыхый булак катары караган. Айрыкча килем жана килем буюмдарынын башатына жана тажрыйбалык маанисине өзгөчө маани берилген. Бир катар совет доорундагы окумуштуулардын илимий изилдөөлөрүнө таянып килем токуу кол өнөрүнүн түрк элдеринин маданиятынын тарыхындагы орду аныкталган. Андан тышкары Совет мезгилиндеги тарыхнаамалык изилдөөлөр көрсөткөндөй кыргыз аялдары килем

токуу кол өнөрчүлүгү менен интенсивдүү түрдө алектене баштаганы белгилүү болду .

## 1.3. Постсоветтик мезгилдеги изилдөөлөр

Эгемендик жылдарында кыргыз илимий коомчулугу тарабынан изилденип жаткан тема боюнча илимий аракеттер бир топ колго алынган.

Кыргыздардын унутула баштаган салттуу маданиятына, анын ичинде материалдык маданияттын жаңыланып кайра жаралып жатканына көңүл буруу маселеси актуалдуу бойдон турат. Мисалы, кыргыздын салттуу боз үйү жана анын ички жасалгасы үчүн колдонмо искусство буюмдарын жасоо зарылчылыгы келип чыккан. Кыргыздардын аң-сезиминин өнүгүшү салттуу маданиятка көңүл бурулушу менен катар материалдык маданияттын жана колдонмо искусствосунун жоголуп бара жаткан формалары калыбына келе баштаган. Кыргыздардын колдонмо искусствонун жардамы менен жасалган буюм-тайымдарынын атайын рынокто орун алгандыгы алардын экономикалык жактан чоң жетишкендиги катары каралат [37,224-б.].

Профессор А. Асанканов 2005 - 2009 - жылдардын аралыгында Кытай Эл Республикасында илимий экспедицияда болуп, маанилүү илимий этнографиялык изилдөөлөрдү жүргүзүп келген. Окумуштуу бул экспедициянын натыйжасында Кытайдагы кыргыздардын жалпы маданияты боюнча диахрондуу жана синхрондуу изилдөөлөрдү жүргүзүп, жалпы жонунан Шинжаңдын кыргыздары жашаган 34 айылды кыдырып, алардын жашоо тиричилигин, этномаданиятын изилдеп, «Жунго Шинжан кыргыздары» аттуу өзүнүн илимий монографиясында чагылдырган. Окумуштуу бул эмгегинде хотандык, кызыл-суулук, лобнордук, ак-суулук жана ак-тоолук кыргыздардын материалдык маданиятында жүндөн жасалган салттуу буюмдарга да көңүл буруп, изилдеп чыккан. Кытай мамлекетиндеги кыргыздар шырдактардагы жана таарлардагы декорациянын орнаменттеринде өңдүн жана жасоо технологиясынын

нукуралуулугун, өзгөчө жасалуу ыкмалары менен салттуулугун сактап турганын байкаган [36, 259-306-б.].

Окумуштуу С. Аттокуров кыргыздардын салттуу маданияты, анын ичинен кыргыздардын колдонмо искусствосундагы кол өнөрчүлүгүнүн багыттарын талдап, анын ичинде килем токуу өнөрүн да эскерип кеткен [41].

Профессор А.С. Көчкүновдун кыргыздардын көчмөн жашоодон отурукташкан мезгилге карай өзгөргөнү менен көпкө чейин турак жайынын ички көрүнүшүндө өзгөрүүлөр жүрбөгөндүгүн, тактап айта турган болсок, жыйылган жүк жана анын айланасындагы буюмдар салттуу бойдон кала бергендигин айткан. Айрыкча Кыргызстандын түштүгүндөгү аймактарында токулган килемдер жана килем буюмдарынын (чавадан) сакталып калгандыгы жөнүндө баяндаган. Кыргызстандын түштүгүндөгү кыргыздардын турак жай интерьерине кошуна өзбек жана тажик элдеринин таасири бар деп тыянак чыгарган [217, 168-б.].

Профессор О.К. Каратаев кыргыздардын килем токуу процессинде кездешүүчү терминдерге мүнөздөмө берип кеткен. Ал кыргыз эн тамгалары менен Орхон-енисей алфавиттерин салыштырып жана Энесайдагы (Хакасия, Тува, Тоолуу Алтай, Краснодар крайы) руникалык жазуулар ж. б. аска-таш беттериндеги чегерилген тамгалар, маданий эстеликтер кыргыздарга таандык экендигин белгилеген. Енисейлик эн тамгалар байыркы енисейлик кыргыздарга таандык жана кыргыз эн тамгалары кийин орхон-енисей тамгаларынын келип чыгышына негиз болгон деп белгилейт [190, 145-165-166-б.].

Профессор А.М. Мокеев өзүнүн эмгегинде алтай элдери менен кыргыздардын материалдык маданияты аркылуу этногенетикалык байланыштарына токтолгон, мында маданияттын формалары аркылуу этностордун жалпылыгын байкоого болорун жазган [284, 79-б.].

В.Я. Бутанаев килем токуу өнөрүнүн өнүгүшү элдин жашаган аймагы, жаратылыш шарты жана мал чарбачылыгы, мал чарбачылыгынын ичинен, айрыкча кой чарбачылыгы менен түздөн түз байланышта болорун белгилейт. Аталган чийки заттан тышкары да «төөнүн жүнү», «эчкинин жүнү», «аттын

кылы», «топоздун жүнү», жибек ж.б. чийки заттар жумшалган [89, 20-б.]. Окумуштуу жана белгилүү этнограф А.З. Жапаров кыргыздардын мал чарбасында койго өзгөчө мамиле жасалып, алардан жашоо тиричилигине зарыл болгон эт, сүт, тери эле эмес, андан жүн да алынаарын айткан. Койдун жүнүнүн кылчыктуу жана жумшак болуп, ак, кара, боз болгон койлорду багышканын жазган. Мындай жүндөрдүн кыргыздардын кол өнөрчүлүгү үчүн абдан маанилүү болгону белгилүү [164, 109-б.].

Профессор Ч.Дж. Турдалиеванын маалыматы боюнча кыргыздар мал чарбачылыгы менен алектенип, дал ушул чарбанын жардамы менен өздөрүн материалдык жактан камсыз кылып, бардар жашагандыктан мезгил-мезгили менен көчүп-конуп, малдын жайытын алмаштырып, жаратылышка эч кандай зыянын тийгизбегендигин айтат [417, с. 90.].

Борбордук Азиянын, анын ичинен кыргыздардын килем токуу өнөрүнө постсоветтик мезгилде чет өлкөлүк окумуштуулар да көңүл бурушкан. Орто Азиянын тарыхы жана этнографиясы боюнча белгилүү адиси Э.И. Ларина белгилегендей, «этнографиялык бөлүнүштөр» килем өндүрүшүнүн этностук өзгөчөлүгүнүн себебин чагылдырган жалпы көрсөткүчтүн бир түрү болуп саналат, анын маңызы килемдин тигил же бул түрү өз чеберинин улуттук баалуулуктарын аныктоого мүмкүндүк берип, этностук топ үчүн анын символу жана белгиси болуп саналат деп эсептейт. Килем токуу боюнча этнотерриториялдык белгинин сакталышы бул аймактын тургундарынын тарыхый салттары менен түшүндүрүлөт деп белгилейт [239,24-б.].

Казак окумуштуусу, этнограф А.Х. Маргулан Пазырык дөбөлөрүндө кийиз буюмдары – килем жана килемчелер, дубалдын жасалгалары, төөлөр үчүн жууркан-төшөктөр табылгандыгын, жайкы турак-жайдын жасалгасы катары кызмат кылган килемдерди жана башка буюмдарды жасоодо курак техникасы кеңири колдонуларын, ар кандай тондордо ачык түстөгү көп түстүү кездемеден, булгаарыдан, кийизден кийизге же кездемеге орнаменттик фигураларды таңуу ыкмасы бар экендигин белгилеген [255, 35-б.].

Окумуштуу жана маданият таануучу В.Б. Веймарн Борбордук Азияда

көчмөн түркмөн уруулары пайда болгонун баяндап, биздин замандын I-II миң жылдыктарынын башындагы Азия чөлкөмүндөгү түркмөндөр жасаган килемдер тарыхый булактарда биринчи жолу XIII кылымда эскериле турганын белгилейт. Түркмөндөрдүн, тажиктердин, өзбектердин, ошондой эле Фергана өрөөнүндөгү кыргыздардын килемдеринин орнаменттеринде фитоморфтук образдар басымдуулук кыларын айткан [104, 56- б.].

Түркмөн элинин окумуштуусу, белгилүү этнограф О.А. Гундогдыевдин илимий эмгегинде түркмөн элинин килемдеринин башаты каралат. Ал түркмөндөрдүн байыркы, орто жана акыркы мезгилдердеги килем токуучулук көрүнүштөрүнө көңүл буруп, анализ жасаган. Ал түркмөн элинин килем токуу өнөрүнүн келип чыгышын иликтеп, байыркы жана орто кылымдардагы түркмөндөрдүн арасында килем токуу тарыхы талданат жана XIX к. аягындагы - жана XX к. башындагы европалык авторлордун маалыматтары келтирилген. Түркмөн килемдеринин орнаменттери изилденип, анын Орто Азия элдеринин көркөм маданиятындагы орду негизделген. Изилдөөдө сейрек кездешүүчү сүрөттөр жана схемалык орнаменттер кездешет, бул түркмөн килеминин орнаментинин бардык негизги түрлөрүн жана алардын мотивдерин көрсөтүүгө мүмкүндүк берет [141, 56-б.].

Ал эми белгилүү окумуштуу жана искусство таануучу Эльмира Гюль Өзбекстандын аймагындагы килем токуу өнөрүнүн тарыхын жалпылоочу биринчи изилдөөчү болуп саналат. Бул монографияда колдонмо искусствосунун бул түрүнүн келип чыгышы каралып, Шампула (СУАР, Кытай), Пазырык (Тоолуу Алтай, Россия) жана Ноин-Ула (Монголия) археологиялык табылга буюмдары талданат, ошондой эле Борбордук Азиянын калктарынын килемчилик өнөрүнүн катышы далилденет. Бактрия килеми сыяктуу байыркы токуучулуктун көрүнүшү – Согд жана Бактрия-Тохаристандын килемдери жөнүндө маалыматтар берилген. Өнүккөн орто кылымдар мезгилине карата Орто Азия килем токуу өнөрүнүн эки багыты – огуз жана Дашти-Кыпчак; акыркысы өзбек килем салтынын өзгөчөлүгүн аныктап, килем токуу жүрүмүнө өзгөчө көңүл бурулган [144]. Андан тышкары араби килем токулгандыгын жана анын

келишин Орто Азияга көчүп келген арабдар менен байланыштырылган. Өзбектер арасында бул техниканын варианты *такир гилем* (түгү жок тас килем, такыр килем) деген ат менен да белгилүү деп жазат [144, 97-б.].

Этнограф окумуштуулар Д.А. Функ жана Н.А. Томилов татарлардын элдик материалдык маданиятын изилдеп, алардын кооз курак ыкмасы менен жасалган кийиз-килемдери кийин дээрлик жасалбай калгандыгын, анын ордуна геометриялык, фитоморфтук, татаал түрдөгү тегерекчелер менен кооздолгон жана ар түркүн түстөгү жүндөн согулган жиптерден килемдер жасала баштагандыгын белгилеген [436, 100-б.].

Ал эми профессор А.Р. Бикбулатова илимий монографиясында айылдагы кыргыз аялдарынын этносоциологиялык жана этномаданий өнүгүү динамикасын иликтеп, Ош областынын аялдарынын 67 % ынын үйүндө колдо согулган салттуу килемдерин колдонорун, алардын сакталышы жана колдонулушу кыргыз аялдары салттуу маданиятты сактап турганын билдирет [75, 15-б.].

Окумуштуу О.Э. Капалбаев кыргыздардын териден жасалган буюмдары, алардын орнаменттери жана боёктору боюнча иликтөө жүргүзгөн. Айрыкча кызыл түскө өзгөчө маани берип, кыргыздар табиятынан кызыл түскө жакын болуп, килем токууда да көп колдонушкандыгын белгилейт. Окумуштуунун баамында кызыл түс жылуу табиятка ээ болуп, байыркы мезгилдерден бери көчмөн элдердин дүйнө таанымында «кара күчтөрдү», «жамандыкты» кубалоочу түс катары кабыл алынган. Ошондуктан кыргыздар байыркы мезгилден тарта эле кийим-кечектерин, турак-жайларын, үй буюмдарын, өзгөчө кичинекей балдарынын тыш кийимдерин кызыл түскө боёп коюу салтка айланган деп көрсөтөт. Кыргыз уз-чеберлери боёкторду алганда көбүнчө чөптөрдөн, алардын тамырынан, кызыл карагайдын кабыгынан, эңилчек, жошо жана союлган малдын канынан алганын жана жаңгактын жалбырагы, тамырлары дагы кызыл түстү бергенин айткан. Эңилчекти жанчып, сууга салып бир аз кармаса, кочкул-кызгылт-сары түстөгү боёк келип чыкканын көргөзгөн. Кыргыз элинин жашоосунда хроматикалык көрүнүштөрдүн семиотикасын ачып, түстөргө

байланышкан руханий аспектилерине байланышкан ырым-жырымдарга да көңүл бурган [508, 287-289 - б.].

Кыргыз килеминин оймо-чиймелери, алардын калыптанышы жана өнүгүшү тууралуу А.Ю. Мальчиктин илимий эмгегинде чагылдырылган. Белгилүү искусство таануучу. Ал VI кылымдан берки мезгилди камтыган кыргыз көркөм кол өнөрчүлүгүнүн өнүгүү тарыхын карайт. Ал кыргыз орнаменттик комплексинин калыптануу баскычтарын аныктап, кыргыздардын декоративдик мотивдеринин этномаданий чечмелөөсүн сунуш кылат. Анда кыргыздардын килем орнаменттеринде салыштырмалуулук анализин көрүүгө болот [247].

Н.С. Момунбаева XIX к. аягы -XX к. башындагы түштүк кыргыздарынын кийим-кечелериндеги орнаменттеринде дээрлик килем, шырдак жана өрмөктө кездешүүчү жаныбарлар стилиндеги саймалар менен кооздолгонун жана алардын тотемдик табынуучулук мүнөзгө ээ болгонун жазган [285, 100-б.]

Н.Н. Султаналиеванын өрмөкчүлүк боюнча илимий изилдөөлөрүндө токулган салттуу килемдерди башка токуу ыкмасы менен жаралган таар, кажары, беш кеште сымал кол өнөрчүлүк буюмдарына салыштыруу менен карап чыккан. Андан тышкары автор кыргыздардын мал чарбасы менен алектенгендигине жараша өрмөкчүлүк кол өнөрчүлүгү көчмөндүк жашоодогу маанилүү орунду ээлеген негизги кол өнөрчүлүк экендиги жөнүндө маалыматтарды берет [510; 399, 103-107-б.].

С.К. Осмонова өзүнүн изилдөөлөрүндө Фергана өрөөнүндөгү кыргыздар кыздарды турмушка узатуу салтына токтолуп, анда энелери сеп катары килем жана килем буюмдарын бергенин айткан[322].

Н.К. Маразыков түштүк кыргыздардын салттуу туруктуу турак-жайларындагы өзгөчөлүктөрдү изилдеп, андагы оймо-чиймелерине көңүл бурган [506,102-б.]. Бул жерде туруктуу салттуу турак жайларга түшүрүлгөн орнаменттер килем көчөттөрүнө дал келээри байкалды.

Г. Жаманкулова токулган салттуу түктүү килемдердеги орнаменталдык мотивдер менен Алтай элдеринин орнаменталдык мотивдерин салыштырып анализ берген. Килем сүрөт – кыргыз оюусундагы өзгөчө оюу, ал түз

сызыктардын айкалышынан турат жана килемдеги, чийдеги негизги элементтерди камтыйт деп белгилеген. Андан тышкары ал эн тамгалар көчмөн элдерде кеңири таралган, тамга аркылуу малдын ээсин, турмуш-тиричилик буюмдарынын кимдерге тиешелүү экендигин билүүгө болгон. Тамгалар малга, буюмдарга ж.б. коюлган. Салыштырып көргөндө 51 тамгалык белгилер алфавитте колдонулгандыгын белгилейт [162,213-б.].

Бир нече окумуштуулар А. Жапаров, Э. Сулайманов, К. Ташбаева, Л. Ведутова менен биргеликте англис тилинде чыгарылган декоративдик-колдонмо искусствосунун боюнча чыгарылган атласында кыргыз элинин салттуу килем токуу өнөрү толугу менен мүнөздөлгөнүн көрсөк болот. Мында жалпы жонунан килем токууга даярдык, жиптерди камдоо, боёо, токуу жүрүмдөрү берилген [482, 85-92].

Жыйынтыктап айтканда эгемендүүлүк жылдарында кыргыздардын салттуу маданиятына, көркөм кол өнөрчүлүгүнө арналган бир катар илимий эмгектер жарыяланып, диссертациялык иштер корголуп, кыргыз этнографиясы, кыргыздардын колдонмо искусствосунун ичинен изилдөөгө алынып жандана баштаган. Кыргыздардын салттуу жыгаччылык, тери иштетүүчүлүк, зергерчилик, саймачылык, кийим – кече, турак жайлары изилдөөгө алынып, натыйжада постсоветтик доордогу илимий айлампага жаңы көз киргизилип жатат.

Бапты жыйынтыктап айтканда окумуштуулар көрсөтүлгөн тарыхнаамалык мезгилдерде килем жана килем буюмдарын жасоо чеберчилиги жөнүндө жалпылаштырылган маанидеги илимий эмгектерди жаратышкан. Орто Азияда килем токуу көркөм кол өнөрчүлүгү жөнүндө жазылган эмгектер бар. Токулган килемдердин жана килем буюмдарынын изилдөө тарыхына токтолсок, алгач килемдерге изилдөөчү-этнографтар эмес, саякатчылар, соодагерлер, администрациянын өкүлдөрү, согуш жортуулдарынын катышуучулары тартылганын көрүүгө болот. Ата мекендик жана чет элдик авторлордун жогорудагы басылмаларында изилденип жаткан көйгөйдүн айрым жактары гана козголгон. Мунун натыйжасында кыргыз килемдери жөнүндө маалыматтар

танкыс болгондугу байкалат, айрым илимий эмгектер килем токуу кол өнөрчүлүгүн окумуштуулар жалпы материалдык маданияттын ичине кошуп изилдешкен. Кыргыздардагы килем токуучулук жүрүмүн башынан тарта даяр буюм пайда болгонго чейин эч бир окумуштуу атайын карап терең изилдеген эмес. Кыргыздардын эң маанилүү болгон килем токуучулук кол өнөрчүлүгү окумуштуулардын көз жаздымында калган. Берилген маалыматтардын көпчүлүгү субъективдүү көз караштарды чагылдырган. Анткени токуучулук өнөрү алардын изилдөө предметине кирбегендиктен, илимий-методологиялык ыкмалар дээрлик колдонулган эмес. Ошентсе да, диссертацияны жазууда жогоруда көрсөтүлгөн авторлордун эмгектериндеги маалыматтар кыргыздардын килем токуу өнөрүнүн тарыхына, этаптарына, колдонгон чийки заттардын тегине сересеп салууда алгылыктуу натыйжаларды берди.

# II БАП. САЛТТУУ КИЛЕМ ТОКУУ КОЛ ӨНӨРЧҮЛҮГҮН ИЗИЛДӨӨНҮН ТЕОРИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ, МЕТОДОЛОГИЯСЫ ЖАНА ЫКМАЛАРЫ ЖАНА БУЛАКТАРЫ

## 2.1. Маселенин изилдөөнүн теориялык негиздери

Килемдер боюнча теориялык булактар, алынган материалдар салыштырма анализ жасоо үчүн иликтенди.

Салттуу коомдо пайда болгон кыргыздардын килем токуу кол өнөрчүлүгү Борбордук Азия элдериндеги килем токуу тарыхы жана маданиятынын ажырагыс бир бөлүгү болуп эсептелет. Кыргыз килемдеринин классификациясы, алардын жасалгаларын эске алуу менен Борбордук Азиянын отурукташкан жана көчмөн элдеринин көпчүлүгүнүн декоративдик элементтеринин арасында параллелдери бар. Бул чөлкөмдө жашаган элдердин маданияты бири-бирине ич ара тийгизген таасирлердин, жалпы этностук тамырлардын биримдигинин жана кылымдар бою ушул чөлкөмдө калыптанган көркөм-эстетикалык көрүнүштөр менен каада-салттардын натыйжасында калыптанган.

Кыргыздардын салттуу килем токуу кол өнөрчүлүгү, салттуу килемдер жана килем буюмдары, аларды көркөмдөө салттары жалпы өзгөчөлүгү бузулбастан, оймо-чийменин айрым гана бөлүкчөлөрүндөгү өзгөрүүлөр менен бүгүнкү күнгө чейин сакталып калган.

Кыргызстандын аймагында жүндөн тиричилик буюмдарын жасоо б.з.ч. II кылымда жогорку деңгээлде өздөштүрүлгөн болсо [237, 190-198-б.], татаал токуу техникасы менен түктүү буюмдарды жасоонун башаты б.з.ч. III кылымдарга барып такалат [446, 165-174-б.].

Ал эми Алтайдан табылган Башадыр (б.з.ч. VI кылымдагы) жана Пазырык (б.з.ч. V кылымдагы) көрүстөндөрүнөн табылган килемдердин болушу бүт түрк элдеринде пайда болгон килем токуу кол өнөрчүлүгүнүн башаты болгон [365, 106-116-бб.]. Ошол мезгилде пайда болгон килем токуучулук кийин бир миң жыл аралыгында түрк элдерине акырындык менен тараган. Биздин пикирибиз

боюнча б.з. I миң жылдыгынан баштап кыргыздар килем токуу өнөрүн өздөштүрө баштаган.

Ал эми Орто Азиядагы элдердин салттуу килем токуу өнөрчүлүгүнүн башаты биздин замандын I миң жылдыгынын орто ченинде башталып жатат. Окумуштуу Э. Шефердин маалыматына караганда 726-жылы Бухара падышасы Тан империясына сураныч менен кайрылуу жасап, араб баскынчыларынан куткаруу жөнүндө өтүнүп, жасоолдору аркылуу императорго шафран, “таш балын”[3] жана “рим саймалуу килемин”, аны менен катар аялы “хатунь” кытай ханышасына эки жууркан жана саймаланган килемди белек катарында жөнөткөнү белгилүү. Ал эми өз кезегинде Тан императорунун аялы жооп иретинде Бухара падышасынын аялына косметика жана кийим-кечелерди белек катары берип жибергени айтылган [469, 264-б.]. Ошол эле учурда Кытайдын Чанъань аймагына VIII-кылымдарда тюргештерден жана Капиши, Маймург, Чач жана Кеш ээликтеринин төбөлдөрүнөн жүндөн токулган килемдер жана ошондой эле “бий килемдери” жөнөтүлүп тургандыгын маалымдайт [469, 264-б.; 373, 42-46-б.]. Демек жогорудагы маалыматтардан улам биринчи миң жылдыктын орто ченинен тарта Орто Азияда килем токуу кол өнөрчүлүгү жогорку деңгээлде жүргүзүлгөнүн байкасак болот.

Кыргыздардын килем токуу салтын изилдөөдө, бул кол өнөрчүлүктүн тарыхый мезгилдеринде кандай өзгөрүүлөргө дуушар болгонун изилдөөгө туура келди. Белгиленгендей, кыргыздарда токулган килемдерди өндүрүү көчмөн турмуштун жашоо шартына ылайыкталган, ошол эле учурда кыргыз элинин материалдык жана руханий муктаждыктарын канааттандырган. Борбордук Азиянын көчмөн жана жарым көчмөн элдеринин – кыргыздардын, казактардын, каракалпактардын, түркмөндөрдүн салттуу көркөм чыгармачылыгы башка отурукташкан элдин искусствосунан дээрлик бардык түрлөрү боюнча айырмаланып турат.

---

[3] Таш балы-бул тоодогу жапайы аарылар жыйнаган бал. Ал таштай болуп катып калгандыктан ташкасалыштыруу ирэтинде айтылат.

Көчмөндөрдүн жашоосу, жашаган чөйрөсүндөгү катаал климаттык шарттары аларды чарбалык иштин өзгөчө түрү менен алектенүүнү жана ага байланыштуу социалдык-маданий өзгөчөлүктөрүн алдын ала шарттап берген, мында калктын басымдуу бөлүгү көчмөн малчылык менен алектенет. Бирок, ошол эле учурда көчмөндөр дыйканчылык дүйнөсүнөн обочолонуп, эч качан бөлүнгөн эмес, анткени алар айыл чарба продукцияларына жана кол өнөрчүлүккө да муктаж болгон.

Көчмөндөр өзгөчө руханий ички дүйнөсү менен мүнөздөлгөн жана мейкиндикти жана убакытты спецификалык кабылдоону, меймандостуктун каада-салтын, жөнөкөйлүктү жана чыдамкайлыкты туюндурган. Алар жашоого ыңгайлуу аймактарды өнүктүрүүгө умтулушкан жана ортомчулук ишмердүүлүгүнүн аркасында цивилизациялар ортосунда чарбалык жана соода байланыштары түзүлүп, технологиялык, маданий жана башка жаңы көрүнүштөр жайылган. Көптөгөн көчмөн коомдор дүйнөлүк маданиятка жана этностордун тарыхына өздөрүнүн салымдарын кошушкан.

Килем токуу салтын, токуу процессин жана аны менен коштолгон каада-салт, үрп-адаттарын, килем буюмдарынын оймо-чиймелерин жана семантикасын изилдөө аларды этностук тарыхтын, этномаданий жүрүмдүн жана маданияттын уландысынын жалпы көйгөйлөрүн тереңирээк түшүнүүгө мүмкүндүк берүүчү булактардын бири катары кароого болот. Кыргыздардын килем токуу жүрүмүн изилдөө башка тектеш жана кошуна этностор менен этногенетикалык жана этномаданий байланышын аңдап билүүгө өбөлгө түзөт.

Токулган килемди изилдөөгө байланышкан маселелердин чөйрөсү кеңири. Элдик чыгармачылыктын буюму катары килемдин баалуулугун айтып, изилдөөчүлөр аны изилдөөнүн эки жаатын белгилешет. Килем – тарыхый эстелик катары, элдин тарыхын, анын кулк-мүнөзүн, турмуш-тиричилигин, башкалар менен болгон мамилесин билүүнүн булагы. Ал эми маданий жаатында килем мындан ары өнүгүүгө умтулган элдик көркөм чыгарма катары белгиленет. Килем токуу – кыргыздын элдик декоративдик өнөрүнүн бир түрү, элдик салттары терең. Көчмөндөр мезгилиндеги башка ар кандай ыкмалар менен

жасалган үй буюмдардан айырмаланып, килемдер азыркы мезгилде өзүнүн тажрыйбалык маанисин сактап калган. Изилдөө үчүн артыкчылыктуу маселелер болуп килем өндүрүшүнүн технологиялык жааттары жана орнаменттердин жыйындысынын семантикалык мааниси жана параллелдери эсептелген.

1909-жылы Закаспий облусунун начальниги А.А. Боголюбов облус боюнча көптөгөн саякаттарда чогултулган өзүнүн коллекциясынын эң мыкты нускаларын тартуулаган. Ал килемдердин биринчи илимий классификациясын сунуш кылган. Бул классификацияда түркмөн элинин килемдерине өзгөчө көңүл бурулган. Борбордук Азия элдеринин килем өндүрүшүнүн өзгөчөлүгүн үч топко бөлгөн: Фергана өрөөнүндөгү кыргыздардын, жарым көчмөн өзбектердин жана арабдардын килемдери [287, 74-25-б.]. Көрүнүктүү чыгыш таануучу проф. А.А.Семенов 1911-жылы А.А. Боголюбовдун альбомуна рецензия жазып, анда өзбек урууларынын тизмесин тактап, Самарканд аймагындагы арабдардын жана каракалпактардын килем өндүрүү аймактарын тактаган [386, 137-176-б.].

Окумуштуу жана сүрөтчү С.М. Дудин Орус этнографиялык музейинин кызматкери болуп эмгектенип, килем жана килем буюмдарынын оймо-чиймелерин чогултууга жана изилдөөгө өзгөчө көңүл бурган. Окумуштуу 1928-жылы жарык көргөн илимий эмгегинде килемдер бардык Орто Азия килемдеринин негизги топторун – түркмөн, өзбек, кыргыз килемдери деп бөлүп, алардын көркөмдүк өзгөчөлүктөрүн көргөзөт жана этностук айырмасын белгилейт. Ошол эле мезгилде килемдин иреттештирилген оюм-чийиминин негизин курчап турган дүйнөнүн реалдуу объектилерине негизделген деп белгилеп жазган [156].

Окумштуу С.М. Дудин Орто Азия килемдерине суктануу менен баа берип, «жүндөн токуунун мыкты техникасы» менен жасалган перс жана кавказ үлгүлөрүнөн жогору турат деп эсептеген [156, 74-б.]. Ал Самарканд аймагында жашаган уруулук топтордун, ошондой эле Самарканддык каракалпактардын жана Кашка-Дарыя талааларынын (Каршы), Башир жана Кызыл-Аяктын арабдарынын, Фергана өрөөнүндөгү жана Чыгыш Түркстандын айрым

аймактарындагы кыргыздардын килем жана килем буюмдарын абдан жогору баалаган [287, 25-б.].

Окумуштуу К. Усенбаев Кокон хандары үчүн мыкты сапаттагы килемдерди ичкилик урууларынан чыккан чебер аялдарына буйрутма берип токуткандыгы жөнүндө жазган, демек кыргыздар бул кол өнөрчүлүктү жогорку деңгээлде өздөштүргөн жана кыргыз аялдарынын килем токуучулук тажрыйбасы мол болгондуктан, алар сапаттуу килемдерди токушкан [424, 75-б.].

Барон А. Е. Фёлькерзам, коллекционер, сүрөтчү жана искусство таануучу, Императордук Эрмитаждын казына галереясынын куратору, кийинчерээк Эрмитаждын директору, «Ковровые изделия Средней Азии» эмгегинин автору катары Орто Азия килемдерин илимий изилдөө багытынын өнүгүшүнө белгилүү салым кошкон. Анын Орто Азияга барууга мүмкүнчүлүгү болгон эмес, ошондуктан ал өз ишинде Орто Азия килемдеринин туш келди алынган үлгүлөрүнө, ошондой эле Түркстанды бир нече жолу кыдырып чыккан Н.Ф. Бурдуков менен С.М. Дудинден алынган маалыматтарга таянган. А.Е. Фёлькерзам өзүнүн изилдөөсүндө Борбордук Азиянын килем өндүрүшү жалаң көчмөн элдердин – түркмөндөрдүн, кыргыздардын жана өзбектердин колунда экенин белгилеген [429, 61-б.].

Негизи өзбектерди көчмөн жана отурукташкан деп бөлүп, килемдерди экөө тең жасаганын белгилеген. Көчмөн өзбек уруу топторуна Зарафшан өрөөнүндөгү кыпчактарды, коңураттарды, каракалпактарды жана лакайларды киргизген. Ал эми коңураттар жөнүндө: «Алар өсүмдүк оюмдарынан оймо-чиймелер түшүрүлгөн кооз килемдерди жасоо менен өзгөчөлөнөт, ал эми түктүү килемдер башка өзбек урууларынын жөнөкөй буюмдарынан өйдө көтөрүлбөйт» деп белгилейт [429, 74-76-б.].

Демек окумуштуулар жүндөн жасалган буюмдарды айрыкча килем жана килем буюмдарын колдонмо искусстводогу этнографиялык-тарыхый булактар катары карашат. Орто Азиянын көчмөн элдеринин жана кошуна элдердин орнаменталдык искусствосу менен кыргыздардын көркөм чыгармачылыгынын ортосунда белгилүү бир жалпылык бар болгон. Бул багыттагы изилдөөлөр

азырынча аягына чыга элек. Салттуу килемдер жана килем буюмдары тарыхчылар, этнографтар, маданият изилдөөчүлөр үчүн булак базасы боло алат. Килем токуу салттарын изилдөө алардын этностук тарыхы, өндүрүштүк ишмердиги, руханий маданияты жана жашоо-турмушу менен тыгыз байланышта болгон башка тектеш жана кошуна этностор менен этногенетикалык жана этномаданий байланыш түшүнүгүнө өбөлгө түзөт.

Пазырыктан табылган  түктүү килеми - бул буюмдардын эң байыркы уникалдуу болгон үлгүсүн туюндурат. Килем талаасы беш тилкелүү чек менен жээктелген. Алардын биринчисинде башын артка бурган алп куштар (бүркүттөр) сөлөкөтү тартылган кичинекей чарчы катар берилген. Экинчи тилкеде башына жайылып жүргөн мүйүздүү кийиктердин кайра-кайра кайталанган фигуралары ээлейт, бугулардын баары солго бурулат. Үчүнчү тилке килемдин борборундагыдай эле айкалышкан түрүндөгү фигуралардан турат, бирок төрт бурчтуу алкактары жок. Эң кенен бөлүгү төртүнчү тилке болуп саналат, анда кезектешкен чабандестер оңго карай жайгашкан. Килемдеги адамдын фигуралары схемалык түрдө тартылганы менен, алардын баш кийимдери так берилген: үстү буралган арты жабылып, ээгинин астына байланган.

Аттарын жетелеп бара жаткан жана аттан түшүрүлгөн чабандестер тулку бою менен буттары гана көрүнгүдөй кылып жайгаштырылат. Бирок аттар ийри моюндары жана бай кийимдери менен абдан кооздолуп шөкөттөлгөнү байкалат. Алардын ар биринин башына таажы көтөрүлүп, ооздугу тактайчалар менен кооздолгон. Аттардын жондоруна ээрдин ордуна этеги жээктелген оюм-чийим түшүрүлгөн килемчелер жабылган. Акыркы бешинчи тилке биринчи тилкени кайталайт - башын артка бурган бүркүттүн фигурасы бар кичинекей чарчы катар берилет.

Килем тик бурчтуу формага ээ (1,83 м х 2 м) жана өзүнүн кооз жасалгасы менен айырмаланат. Бир калыпта кыркылган жана үзгүлтүксүз баркыттай жабууну түзгөн жиптер негизге бекем байлангандыктан, килемдин ар бир чарчы сантиметрине 36 түйүн туура келет. Дал ушул килем сыяктуу буюмду жаратуу

үчүн заманбап чеберлерге бир жарым жылдай талыкпаган эмгек талап кылынышы мүмкүн.

Килемде байыркы түрк тамгалары, илбирстин, атчан чабандестин жана канаттуу аттардын сүрөттөрү чагылдырылган. Килемдин ортоңку бөлүгү 24 чарчыны түзүп, алардын ар биринде обочолонгон стилдеги тамганын сүрөтү түшүрүлгөн. Аталган килемдин борбордук талаасында ошол эле оюм-чийим көп жолу кайталанат - төрт желекчеден турган кайчылаш формадагы төрт бурчтуу алкак жана кайчылаштардын ортосунда жалбырактардын үч бурчтугу чагылдырылат. Окумуштуулар параллелдүү катар тизилген төрт желекчелүү гүлдөрдүн маанисин жана бул реликтин түс схемасынын символикасы катары белгилешет. Окумуштуулар Пазырык килеминин кызыл жүнүн изилдеп, анын курамында бардык көрсөткүчтөр боюнча «түрк кызыл» пигменти камтылган, ал кылымдар бою дээрлик жалаң гана Борбордук Азияда жана Ыраакы Чыгышта кызыл өңдү чыгаруу үчүн колдонулганын белгилешкен. Бул металлорганикалык комплекс ализаринден турат, ал мармар (марена) өсүмдүгүнүн (Rubia tinctrum) тамырынан жана калий алюминийинен тураарын окумуштуулар далилдешкен [362, 28-29-б.; 387, 144-148-б.; 362 ].

Килем токуу ыкмасы аркылуу мыкты адис перс килемин түрк килеминен токуу үчүн байланган түйүндөр менен оңой айырмалай алат. Дал ушул килем токуу өнөрүндө "түрк түйүнү" жана "фарс түйүнү" деген түшүнүктөр бар. Бул термин Ирандын өзүндө дагы көп кездешет. Мисалы, Тебриз килемдери түрк түйүнү менен, Шираз килемдери фарс килем токуу ыкмасы менен токулат. Түрк түйүнү симметриялуу, ал эми перс килеми токуу ыкмасы асимметриялуу деп эсептелет. Бул – түрк килемин перс килеминен айырмалап турган негизги белгилердин бири. Эң негизгиси, Пазырык килеми токуу технологиясы боюнча "түрк түйүнү" менен токулгандыгы анык [365, 106-116-б.].

Борбордук Азиянын аймагындагы килем токуу искусствосунун булактарын изилдөө боюнча эң эле байыркы деп эсептелген түркмөн килемдери айтылат. Археологиялык маалыматтарына таяна турган болсок Кара-Кала айылынын (Түштүк Түркмөнстан, Сумбар дарыясынын өрөөнү) айланасында

акыркы коло дооруна таандык көрүстөндөрдү казуу учурунда изилдөөчүлөр килем токуу кол өнөрчүлүгүнө тиешелүү ар түрдүү баалуу археологиялык материалдарды табышкан. Тактап айтканда, казылып алынган аялдардын сөөктөрүнүн ар биринин жанынан жыгачтан жасалган ийик табылган, бул ошол кездеги токуу өндүрүшү жүндү кайра иштетүү жана андан ар кандай буюмдарды жасоо менен байланышкан [442, 195-б.].

Белгилүү окумуштуу И.Н. Хлопин тарабынан изилденген Түркмөнстандын түштүк –батышында жайгашкан Сумбар I, II жана Пархай I көрүстөндөрүндө аялдардын сөөгү коюлган жерде кырк чакты биконикалык таштан жасалган ийик табылып, бир ийик коло таякка тагылып, натыйжада анын колдонулушунан күмөн саноолор жокко чыгарылган. Окумуштуу табылган таш ийиктер маркум аялдын гана символу болбостон, дээрлик бардык аялдар килем токуучулук менен алектенүү үчүн жип ийрүү менен алектенишкендигин айгинелеп турат. Жалпысынан 10 мүрзөдөн 12 жуп токуу үчүн колдоно турган ийнелер табылган (эки мүрзөдө, эки жуптан) - узундугу 20 см. чейинки коло таякчалар, бир учу жукарган; беш мүрзөдө – көздүү беш жуп ийне [441, 31-36-б.].

Акыркы коло дооруна таандык Сумбарда көмүлгөн жайлардан колдо жасалган бычактары табылган, бул бычактарды окумуштуулар килем бычактары деп мүнөздөшкөн. Килем бычагы сыяктуу коло табактын милдетин аныктоо байыртадан бери белгилүү болгон материалдын арасынан ошол эле буюмдарды табууга мүмкүндүк берди. Түркмөнстандагы Шах-Тепе көрүстөндөрүнүн биринен, бир учунда шакеги бар килем токууда колдонуучу бычак жана анын үч туткасынын фаянс кабыгы табылган [483].

Коло доорундагы килем токуу борбору Сумбар өрөөнү менен гана чектелип калбастан, Түркмөнстандын түштүк-батышында жана Эльбурстун түндүк тоо этектеринде Каспий деңизине чейин тараган. Андан тышкары, килем токууну Копет-Дагдын тоо этектериндеги аймагынын калкы билиши мүмкүн эле [441, 31-32-б.].

Коло доорундагы Сумбар өрөөнүндөгү аялдар калкынын бардыгы жарандык абалына жараша үч топко бөлүнгөн: толук эмес жана толук кандуу үй ээлери, толук жана толук эмес үй-бүлө келиндер, баласыз аялдар. Аталган топтордун кайсы аялдар килемдерди жасоо менен алектенишкендиги кызыктуу. Көрсө, жети мүрзө биринчи топтогу аялдарга таандык экен, кийинки топтордун ар бирине бирден мүрзө түшкөн. Демек, көрүстөндө килем токуу үчүн колдонулган бычактын болушу килем токуу аялдар үчүн кадимки кесипке айлангандыгын билдириши мүмкүн – бул буюмдар ушул топтогу аялдардын мүрзөлөрүнүн 36% нан табылган. Башка топтогу аялдарга токтолсок, келиндердин арасында килем жасоочу 11 ден, ал эми баласыздардын арасында 8 ден килем токуучу бар. Килем жасоо оор гана эмес, ошондой эле артыкчылыктуу кесип болгон деп тыянак чыгарышкан, ал эми килем жасоо үй жумуштарына караганда алда канча ардактуу жана ошол эле учурда түйшүктүү болгон. Бул башка аялдар килем токууну билбейт дегенди билдирбейт - алар үй-бүлөлүк белгилүү бир абалга жеткенде гана, үй жумуштарынын көпчүлүгү башка аялдардын мойнунда болуп, ошону менен бошонгон аялдар килем токууну билишпейт дегенди билдирбейт. Ошентип килемдин жасалышы жүндү кайра иштетүү жаатындагы мыкты чеберчиликтин күбөсү гана эмес, ошондой эле үй-бүлөдөгү кадыр-барктын көрсөткүчү болгон [441, 33-34-б.]. Демек, Орто Азия килем токуусун байыркы мезгилде анын чыныгы издерине караганда тереңирээк деп эсептесе болот.

Токулган килемдерди изилдөө кенен теориялык маалымат булактарына негизделген. Ага энеолит доорунан баштап археологиялык маданий катмардан алынган маалыматтар, байыркы жана орто кылымдагы авторлордун (анын ичинде саякатчылардын) отчёттору, эпиграфиялык эстеликтер, фольклордук жана классикалык адабияттар, миниатюралык сүрөттөр, европалык сүрөтчүлөрдүн чыгармалары, тарыхый документтер, чиновниктердин отчёттору, европалыктардын илимий изилдөөлөрү камтылган орус анан албетте, кыргыз илимпоздору. Кыргызстанда килем токуунун келип чыгышына сарасеп салсак килем токуунун башаты коло доорунан башталат. Классикалык килем токууда

100 пайыз жүндөн ийрилип жасалган жиптеринен килем сыяктуу ар кандай тиричилик буюмдары токулган. Мунун негизин албетте мал чарбачылыгы түзгөндүгү талашсыз [156, 145-б.; 271, 100-б.].

Алгачкы коло доорунда кездемелерди токуу процессинде өсүмдүктүн чийки заттарынын колдонулгандыгына карабастан, жүндөн токуу ошол мезгилден баштап негизги багыт болуп калды. Ага кой чарбасынын ыкчам өнүгүшү негизинен жардам берди.  Акыркы коло доорунун жана алгачкы темирдин көптөгөн археологиялык жерлеринде кездемелердин калдыктары табылган, алар жүндөн жана зыгырдан жасалган. Коло доорунда жана алгачкы темир доорунда мал чарбачылыгы менен байланышкан мобилдүү жашоо мүнөзү килем тибиндеги буюмдардын пайда болушуна алып келген: текчелер, куржундар, жабык баш жана салыштырмалуу жеңил түксүз болушкан [86, 112-б.]. Борбордук Азияда биздин заманга чейинки II миң жылдыкта, классикалык түктүү килемин токуу пайда болуп, коло дооруна дал келет [197, 10-б.].

Орто Азиянын аймагындагы соода жарманкелеринде XII кылымда эле көчмөн жана отурукташкан элдердин соода карым-катнашы белгилүү болгон. Көчмөндөр мал чарбачылык, анын ичинде, жүн материалын сатыкка чыгарганы белгилүү.

Килем соккон чеберлер токуу жүрүмүндө пайда болгон көптөгөн декоративдик үлгүлөрдү кабыл алышкан, кийинчерээк кездемелерде жана керамикаларда ал үлгүлөрдүн изи өчүп, бүгүнкү күндө алар килемдерде гана сакталып калган. Ошентип, килем көчөттөрүнүн түпкү форма куруучу тобу узак жылдар бою өнүгүп келе жаткан эң байыркы орнаменттик оймо-чиймелерден турат. Көбүнчө, бул оймо-чиймелер коло доорунан калган керамика жана металл буюмдарында көптөгөн окшоштуктарга ээ. Кийинчерээк, бул формалар кыргыздардын килеминин эстетикалык жана көркөм экспрессиясынын негизи болуп калды жана аларды заманбап буюмдардан кезиктирүүгө болот. Кыргыз килемдери үчүн көбүнчө геометриялык орнаменттер мүнөздүү.  Коло дooруна таандык сүрөттөрдүн абстрактуу геометриялык формалары ушул күнгө чейин ошол эле стилистикалык чечмелөө менен сакталып калган. Чектеш аймактардын

искусствосунда килемдеги чиймелердин негизин түзгөн геометриялык орнаменттердин мындай байыркы катмары жок. Килемдердеги ушул сыяктуу оймо-чиймелер байыркы керамикада, чоподон жасалган буюмдарда, жыгач оюмдарында кеңири чагылдырылган [180,62-63-б.].

Ырым-жырымдар, айрыкча, түшүмдүүлүккө сыйынуу ж.б.у.с. зороастризмдин диний практикасынын ажырагыс бөлүгү болгон, ал адамдардын көркөм дүйнө таанымында чагылдырылган. Күндүн жана төрт мезгилдин символдору менен байланышкан килем көчөтүнүн борборундагы төгөрөкчө менен төрт бөлүккө так бөлүнгөн салттуу оймо-чийме бүгүнкү күнгө чейин килемдерде сакталып калган. Кыргыздардын килемдеринин орнаменттеринин генезиси байыркы коло мезгилине барып такалат [422, 30-б.].

Борбордук Азия элдеринин арасында килем токуу салты сакталып, килем жана килем буюмдары тарыхый-этнографиялык булак, маданий эстелик катары каралат. Буга Азербайжандын аймагындагы килем токуунун жогорку салттары жөнүндөгү тарыхый маалыматтар далил. Грек тарыхчысы Ксенофонт (б.з.ч. V кылым) персиялыктар килемдерди колдонууну мидиялыктардан (азербайжандардын алыскы ата-бабаларынын бири) үйрөнгөн деп кабарлайт [225, 216-б.]. Азербайжанда килем токуу жөнүндө көптөгөн маалыматтарды орто кылымдагы авторлордун эмгектеринен табууга болот. VII кылымда кытай саякатчысы Хуанг Тесанк Азербайжанды килем өндүрүүнүн ири борбору деп атаган [197, 10-б.]. Албан тарыхчысы Моисей Каганкатваци (Муса Каланкатуйский) VII кылымда Азербайжандын түндүк бөлүгүндө жибек кездемелерин, көп түстүү килемдерди жасоо жана ак сөөктөрдүн күнүмдүк турмушунда колдонулгандыгы жөнүндө кабарлайт [188, 158-б.].

Көрүнүктүү америкалык окумуштуу Артур Поп өзүнүн негизги изилдөөсү «Обзор персидского искусства» деген эмгегинде мындай деп жазат: «Азербайжандагы шарттар искусствонун бардык түрлөрүнө, анын ичинде килем токууга да ыңгайлуу болгон... Азербайжанда килем токуу байыркы искусство болсо керек. Бул чөлкөмдө цивилизация алгачкы мезгилде, балким, башка жерлерден эрте пайда болгондугу таң калыштуу эмес. XII кылымдын башында

түндүк-батыш Персияда (Азербайжан тарабынан локализацияланган) килем токуу өнөрү көркөм сүрөт искусствосунун статусуна ээ болгондугу талашсыз жана бул аймакта биринчи жолу мындай жогорку даражага жетиши толук мүмкүн. Бул эмне үчүн Персиянын калган өлкөлөрүнө караганда бул аймактан көп «чоң килемдер» чыкканын түшүндүрүшү мүмкүн [492].

Орто кылымдардын жазма булактарында азербайжан килемдери жана алардын көркөм өзгөчөлүктөрү тууралуу кызыктуу маалыматтар бар. X кылымдын белгисиз авторунун «Худуд-ал-аалам» аттуу чыгармасында Муганда жасалган килемдер жана жууркандар, «зили»[4] стилиндеги Нахчыван килемдери жөнүндө кабар берилет [443].

Армян тарыхчысы Себеос 628-жылы Византиянын императору Ираклий Нахчыванда тартып алган олжо жөнүндө айтып жатып, көптөгөн килемдерди эскерет. Буга археологиялык маалыматтар дагы далил катары VII кылымдагы катакомбаларда токуу станогунун калдыктары, килем токуучу шаймандар, жүндөн жасалган жиптердин калдыктары, кийиздин бөлүктөрү, чириген килемдердин фрагменттери табылган [187,74-б.]. Нахчыванда, Хойдо, Баргиде, Билдисте ири жайнамаз үчүн килемдеринин болушу, ошондой эле килем жана боёкторунун өндүрүлүшү жөнүндө X кылымдагы араб тарыхчылары билдиришкен [443, 32-б.].

Азербейжан элининин жибектен токулган килемдери жөнүндө классикалык улуттук адабиятынан «Китаби - и - Горгуд[5]» эпосунда даңазаланып айтылат. Айрыкча, Азербайжандын түндүк-батышында жайгашкан Гянджа шаары X-XI кылымдарда эле жибек жана жүндөн кездемелерди жана жибек килемдерди чыгаруунун борбору катары белгилүү болгон. Көптөгөн кылымдар бою сапаттуу килем чыгаруунун борбору болгон Гянджада атайын килем жасоочу цехтер иштеп турган. Гянжа килем токуу өнөрү кошуна аймактардагы килем токуучулукка таасири тийгизген. Азербейжан килемдеринин мыктылыгы

[4] «Зили» - Азербейжандагы түксүз килемдин бир түрү.
[5] «Китаби - и- Горгуд» - Азербейжан элинин эпикалык чыгармасы.

жөнүндө перс акыны Низами Гянджеви[6] (XII кылым) чыгармаларында түктүү жана түксүз килемдер жөнүндө жазып, мында жибек менен токулган килемдер жөнүндө маалымат калтырган [545, 197, 8-9-б.].

Андан тышкары орто кылымдардагы европалык саякатчылар Азербайжанда жогорку деңгээлдеги токуучулук өнөрү жөнүндө кызыктуу маалыматтарды берген. Марко Поло XIII кылымда Тебризде уникалдуу деп табылган токулган кездемелер жөнүндө баяндайт [17, 18-б.]. Бул кездемелерди Европага Венециандык жана Генуялык соодагерлер экспорттошкон. Ошол эле учурда, француз саякатчысы Гильом де Рубрук Дербентте (Дагестан), Шемахада (Азербайжан), Нахчыванда (Азербайжан) жана башка шаарларда саякатта болуп, бул жерде Азербайжан башкаруучуларынын мечиттерине жана сарайларына төшөлгөн жана дубалдарын жабуу үчүн колдонулган көптөгөн мыкты килемдер өндүрүлгөндүгүн белгилеген [17, 9-б.].

Азербайжанда орто кылымдагы коомдун жогорку катмарынын өкүлдөрүнүн жашоо-тиричилигинде дайыма кооз килемдерди колдонушканы белгилүү. Мисалы XVI кылымда Ширванга (Азербайжандын чыгышында жайгашкан шаар) барган британдык саякатчылар Т. Баннистер, Э. Дукет жергиликтүү тургундардын үйлөрүндө килемдер менен жезден жасалган буюмдардан башка идиш-аяк аз экендигин билдиришкен. Килем төшөлгөн үйдө килемдин үстүндө адамдар тигүүчүлөрдөй болуп буттарын кымтып отурушуп, килемдин үстүнө баары жайгашкан, алар жашаган бөлмөлөр дайыма килем менен төшөлүп турган [346, 34-83-157-180-б.].

Жогоруда айтылгандардан көрүнүп тургандай, орто кылымдагы Азербайжандын калкынын бардык катмарлары килем жана килем буюмдарын күнүмдүк жашоосунда кеңири колдонушкан. XVI кылымда, англиялык соодагерлер Волга-Каспий жолу менен Ширванга келишкен. Англиялык саяктчылар А. Дженкинсон, Р. Чини, А. Эдвардс, Т. Баннистер, Э. Дукет XVI

[6] Абу Мухаммед Ильяс ибн Юсуф, псев. Низами Ганжеви, (Гянджа — Азербайжандагы шаар) — классикалык перс. поэтика, орто кылымдагы Чыгыштын ири акындарынын бири, перс эпикалык адабиятындагы эң ири романтик акын, перс эпикалык поэзиясына оозеки жана реалисттик стилди алып келген.

кылымдын орто чениндеги Азербайжан килемдери жөнүндө баалуу маалыматтарды жазып калтырышкан [477].

Ал эми XIX кылымда дээрлик бардык саякатчылар, Азербайжанга келген этнографтар жана башка изилдөөчүлөр калктын бардык катмарлары колдонгон көптөгөн кооз килемдер жөнүндө кабарларды айтышкандыгы маалым болгон [346, 260, 391, 401, 402, 477.].

Борбордук Азиядагы этностор негизинен жарым көчмөн жашоо мүнөзүнө ээ болгондуктан, алар көчмөндөргө сыпаттуу болгон көптөгөн өзгөчөлүктөрүн сактап, аны узак убакыт бою өздөрүнүн жашоо жолунда колдонушкан. Килем токуу кол өнөрчүлүгү бул аймакта жашаган элдерге мүнөздүү көрүнүш экендиги, алардын жайгашкан мурда көчмөн чарбасы менен алектенген отурукташкан жерлер менен толук дал келген. Окумуштуу С.М. Дудиндин пикири боюнча килемдер мал чарбачылыгы менен алектенген көчмөндөрдүн жашоосунун жемиши деп божомолдойт [157, 76-б.]. Ал килем буюмдарынын артыкчылыктарын санап, Орто Азияда жана мусулман калкы бар коңшу мамлекеттерде отурукташкан элдердин жашоосунда килемдер эң эле зарыл буюм катары колдонулат. Анткени бул жерде бүгүнкү күнгө чейин, салттуу көчмөн жашоонун бардык ички адаттары сакталып калган [157, 76-б.]. Бирок, ошол эле учурда отурукташкан жашоо менен гана мүмкүн болгон кесип катары каралып, көчмөн турмушта килем токуу өтө кыйын, иш жүзүндө мүмкүн эмес, - деп белгилейт окумуштуу [157, 76-б.].

Ал эми Борбордук Азия элдеринин искусствосун терең изилдеген окумуштуу Г.А. Пугаченкова: түркмөн килеминин жаралышы көчмөн же жарым отурукташкан мал чарбачыл чөйрөсү менен байланыштуу. Тандалып алынган, кемчиликсиз иштетилген килем ар бир үй-бүлөдө болгон, ошондуктан килемдин жогорку техникалык сапаттары көчүп-конуу шартында өзгөчө бышыктыгы менен айырмаланышы керек эле. Килемдердин жандуу нукуралуулугун аныктоочу көптөгөн көркөм өзгөчөлүктөрү жана анын феодалдык Чыгыштын шаардык килем токуучу цехтеринин килемдеринен түп-тамырынан айырмасы бар деп белгилеген [344, 177-178-б.].

Тандалган жана сапаттуу иштетилген жүн ар бир отурукташкан үй-бүлөнүн колунда болгон, анткени отурукташкан калк дагы көп сандагы койлорду багып келишкен; килемдин жогорку техникалык сапаттары көчүп-конуу учурунда анын бышыктыгында эле эмес, анын маңызы менен да аныкталат. Окумуштуу Г.А. Пугаченкова айрыкча килемдеги көркөм өзгөчөлүктөрү терең жана нукура салттуу өзгөчөлүктөрү менен далилденет деп белгилейт [344, 21-22-б.].

Окумуштуу В.Г. Мошкова 1929-1945-жылдары Өзбекстанда жана Түркмөнстанда өткөрүлгөн килем токууну изилдөө боюнча бир нече экспедицияларынын жыйынтыктарынын негизинде жазылган эмгегинде Ташкент жана Ашхабад музейлеринин коллекцияларында бар килемдердин сүрөттөлүшүн камтыган. Ошондой эле түркмөндөрдүн, өзбектердин, Фергана өрөөнүндөгү кыргыздардын жана Карши талаасындагы арабдардын килем токуусу жөнүндө кеңири маалымат берген [287, 87-90-б.].

Ал эми окумуштуу Б.Х. Кармышева Каратегин кыргыздарынын килем токуучулук өнөрү жөнүндө айтып келип, алар килемдин ар түрдүү формаларын жасоону жакшы өздөштүргөн жана алардын килемдеринин орнаменттери локайлыктардын орнаментине абдан окшош деп белгилейт [192, 104-б.]. Бул аймактарда да «тогуз дөбө» орнаменти абдан кенен жайылган: килемдерде, жаздыктарда, саймаланган балыштарда [192,106-б.] түшүрүлгөн.

Кыргызстандын түштүгүндө жашаган ичкилик уруусунун тамгалары, алардын культтук ишенимдери так ушул килемдеринде чагылдырылат. Фергана өрөөнүнүн түштүк-батыш тарабындагы кыргыздар салттуу токулган килемдерди жасашкан. Ошол эле учурда шырдактарды жасоодон оолак болушкан (58-59-сүрөт).

Кыргыздардын токулган килеминин келип чыгышы, даяр болушу жөнөкөй болгон эмес, аялдар жана кыз келиндер 15-20 күн бою үйүндө 2 х 1,5м көлөмүндөгү килемди токушкан.

Көчмөн жашоодо килем токуу өтө татаал, ошого карабастан кыргыз аялдары көчмөн чарбачыл мезгилде килем токуу салтын калыптандыра

беришкен. Окумуштуу Ю.Д. Головнина Ош облусунун аймагына экспедициясынын жыйынтыгында кыргыз үй-бүлөсүндө эркектердин иши мал үчүн чөп чабуу болуп саналган жана бул ишти көбүнчө өспүрүм балдар аткарышкан. Бардык жумуш аялдын мойнунда: малын карайт, саап тазалайт, багат, кымыз жасайт, койдун, эчкинин, төөнүн жүнүнөн килем буюмдарын токуйт, жылкыны ээр-токмун токуйт, бир сөз менен айтканда үй-бүлөнүн баары аялдын мойнунда деп баса белгилейт [124, 195-б.]. Андан тышкары кыргыздар базарларга килемдерин күзүндө гана алып келгенин билдик. Демек, кыргыздын килем токуучу уз-чеберлери жайды жайлата килем токуу менен алектенгенинен улам, күзүндө гана сыртка чыгара алышкандыгы белгилүү болду [124,195-б.].

Кыргыздардын килем токуу чарбасынын түрү токууга жумшалуучу каражаттарга, материалдардын болушу токулган килемдерди жасоого гана түздөн-түз байланыштуу болгон. Техникалык каражаттардын жана шаймандардын түрлөрү менен камсыз болгон, байыркы ар кандай оймо-чиймелер килем орнаментинде түздөн-түз түшүрүлгөн. Бул факторлордун бардыгы кыргыздардын килем токуу жана килем оюм-чийиминдеги салттары миң жылдыктардын арасында калыптанып, ошондой эле алардын белгилүү бир бөлүгү түпкү этногенетикалык байланыштарын тарыхый-маданий жактан терең изилдөөгө мүмкүнчүлүк берет.

Белгилүү этнограф, окумуштуу Е.И. Махова өзүнүн эмгегинде көчмөндөрдүн арасында кол өнөрчүлүк пайда болуп, өркүндөп-өсүп, ал жерден жарым-жартылай айыл чарба турмушунда кийизден жасалган буюмдарды жасоого киришкен. Кооз жана ачык түскө боёлгон бул кийиздер көчмөн жашоонун шартында бир топ ишенимдүү жылуулуктун милдетин аткарган. Чындыгында эле, Борбордук Азиянын жана Казакстандын алгачкы көчмөн аймактарында кийиз буюмдарын жасоо жеңил болгон эмес. Кийиз буюмдарын жасалардан мурда бир топ машакаттуу жумуштарды аткарып алуу керек болот: жүндү кыркуу, тандоо, жууп-тазалоо [469, 47-б.].

Табигый жана географиялык шартына карай токулган килем буюмдары ыңгайлуу жана практикалык жагынан алып караганда көчмөн шартта эң

керектүү жана негизги буюм болгон. Ошону менен катар дайыма көчмөн мал чарбачылык жана жарым көчмөн шартында токуучулук кол өнөрчүлүгү кустардык деңгээлде жасалып, жогорку сапатка ээ болбогону менен, көчмөн жашоону алда канча жеңилдеткенин килем токуу кол өнөрчүлүгүн изилдөөнүн теориялык негиздеринен көрсөк болот.

## § 2.2. Изилдөөнүн методологиясы жана ыкмалары

**Изилдөөнүн объектиси:** Кыргызстандын түштүк аймактарындагы XIX к. аягы жана XX к. башындагы салттуу килем токуу кол өнөрчүлүгү болуп эсептелет.

**Изилдөөнүн предмети:** салттуу килем токуунун келип чыгуу эволюциясы, анын негизи болгон жүндү, жиптерди даярдоо салттары, токуу куралдарын даярдоо, токуу ыкмалары жана аны менен байланышкан каада-салттар, үрп-адаттар жана ырым-жырымдары болуп саналат.

Изилдөөнүн методологиялык негизин алдыңкы окумуштуулардын, тарыхчылардын, этнографтардын, искусство таануучулардын теориялык иштеп чыгуулары түзөт. Жыйналган материалды изилдөө тарыхый фактыларды жана окуяларды себеп-натыйжа байланышында изилдөөнү, алардын ырааттуу өнүгүшүн жана өз ара байланышын камтыган историзм принцибине (тарыхый детерминизм) таяндык. Ошондой проблеманы комплекстүү изилдөөнү, анын бардык аспектилерин жана маселелерин бирдиктүү системалык структурадагы байланышты аныктоону, изилдөө предметинин формасы менен мазмунунун бирдиктүүлүгүнүн принциби эске алынды. Тарыхый булактарга жана адабияттарга методологиялык жактан объективдүү талдоо жүргүзүү маанилүү болуп, алардын жаралуу шартын, авторлордун изилдөө үчүн койгон максаттарын эске алууну талап кылат. Изилденип жаткан темага методологияны колдонуунун эң маанилүү учуру болуп маселенин жаралышы, изилдөө предметинин түптөлүшү, илимий теориянын калыптанышы, ошондой эле изилдөөдөн алынган натыйжанын чындыгына жетүү эсептелет [221]. Кыргыз

килемдери боюнча белгиленген бардык эмгектерге мүнөздүү нерсе, алардын сүрөттөлүшү, орнаменттердин аталыштары, авторлордун тыянактары эреже катары аз сандагы конкреттүү материалга негизделген. Кыргыз килемдери боюнча алгачкы эмгектердин кемчилиги жана ошондой эле авторлордун көбү өз жүйөөлөрүн так эмес материалдарга негиздөөгө аргасыз болушкан, анткени алар түздөн-түз килем чыгаруучулардын өзүнөн эмес, «килем өндүрүү жөнүндө маалыматты килем менен тааныштыгы бар гана адамдардан алышкан» [27, 69-70-б.].

Илимий ишти изилдөө учурунда теориялык жана эмпирикалык ыкмалар колдонулду [219, 13-15-б.].

Кыргыздардын килем токуу өнөрүнүн изилдөө учурунда бир катар *этнографиялык, эмпирикалык изилдөө ыкмалары* колдонулду. Аймактарда изилдөө жүргүзүү - каралып жаткан маселеге байланыштуу көпчүлүк учурда *маршруттук ыкма* менен талаа экспедициясына чыгып, килем токуу чеберчилиги менен алектенген улуу муундун кол өнөрчүлөрүнөн маалыматтар чогултулду. Мында респонденттер менен *маектешүү жана* килем токуу жүрүп жаткан айылдардагы килем токууга даярдык көрүү жана *килем токуу жүрүмүнө тикеден-тике байкоо* жүргүзүлдү (Ош, Баткен облустары);

Автор Фергана өрөөнүнүн түштүк чыгышында жана түштүк батышында жайгашкан кыргыздардын салтттуу килем токуу өнөрү ушул мезгилге чейин сакталган аймактарында болуп, ал жердеги килем токуган үй-бүлөлөрдүн арасында аралашып, кол өнөрчүлөр менен бирдикте жеке катышып, байкоо жүргүзүүнүн аркасында бир кыйла этнографиялык материалдарды чогултту жана диссертация ошолорго таянып жазылды.

Биздин изилдөөлөрүбүздө кыргыздардын көчмөн жашоосундагы турмуш-тиричилиги жана көркөм кол өнөрчүлүгү тууралуу чогултулган талаа материалдарын андан ары иштеп же талдап чыгуу үчүн этнологиялык изилдөөлөр колдонулуп, булактардын арасында этнографиялык экспедицияларда чогултулган материалдар жана маалыматтар негизги маанилүү роль ойноду.

Килем согуу жана ага байланышкан процесстерди сүрөткө тартып, аудио жана видеого жаздыруу менен маанилүү малыматтарды сактап кала алабыз. Изилдөө мезгилинде килем токууга керектелүүчү материалдар, килемдин жиптери, токуу куралдар, токуу процессинин өзү, чеберлер, килемди токуй турган дүкөн-конструкциялар бир нече фотосүрөттөрдө чагылдырылды. Ал эми токуу, боёо, токуу жүрүмү видеолорго алынып, чеберлердин, маалымат берүүчүлөрдүн сөздөрү аудиого жаздырылды [493].

*Этнолингвистикалык ыкма* аркылуу килемдерге жана килем токуу өнөрүнө байланыштуу кээ бир диалектикалык жана архаикалык сөздөрдү колдонууга туура келди.

*Тарыхый реконструкция* ыкмасы менен килем токуу кол өнөрүнүн изилдеп, килем токуган чеберлердин маалыматына ылайык килем жана килем буюмдарынын жасалышын кайра жаратуу процесси каралды. Салттуу килем токууну, килемдин структурасын жана көрүнүшүн калыбына келтирүү, тарыхый жана маданий өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен токуу техникасы жана стили аныкталды.

Автор *эмпирикалык изилдөөнүн* натыйжасында килем буюмдарынын жана аларга түшүрүлгөн орнаменттердин, көчөттөрдүн семиотикалык маанисин чечмелей алды. Килем жана салттуу килем токуу өнөрүн изилдөө эмпирикалык эки мезгилдик баскычта изилденди. Биринчи мезгилде килем жасоо боюнча фактыларды жыйноо жараянына көңүл бурулуп, бир топ маалыматтар жыйналды. Ал эми эмпирикалык изилдөөнүн экинчи мезгилдик баскычында килем токуу жүрүмүнө катышып, байкап, алгачкы тыянактар иштелип чыгылды. Алынган фактыларды түшүнүп, алар тыкыр сыпатталып, ар кандай негиздер боюнча алынган фактылар классификацияланды жана алардын ортосундагы байланыштар аныкталды.

Автордун эмпирикалык изилдөөлөрүнүн натыйжасында Баткен облусунун Баткен жана Лейлек районундагы калктын арасындагы азыркы күндөгү килем токуу өнөрү кустардык формада сакталганы тастыкталды. Кыргызстандын аймагында жашаган кыргыздардан башка элдер килем токуучулук кол

өнөрчүлүгү менен алектенишпегендиги аныкталды. А түгүл кошуна республикадагы элдер кыргыздар жасаган кол килемин сатып алып кетерин жергиликтү маалымат берүүчүлөр тастыкташты [494]. Ал эми азыркы учурда Лейлек районунун дээрлик бардык айылдары токуучулук өнөрүн аркалашып, аны кошумча каражат табууга ыңгайлашкан кол өнөрчүлүк катары өнүктүрүп сактап келе жаткандыгы аныкталды.

Ошол эле эмпирикалык изилдөөлөрдүн натыйжасында Ош облусунун Чоң-Алай аймагындагы килем токуу жүрүмүндөгү иш-аракеттер иликтенди. Жайлоодо ушул күнгө чейин азыркы турмуштук шартта килем токуу үчүн каражаттарды даярдоо жүрүмдөрү аныкталды. Андан тышкары Чоң-Алай өрөөнүндө салттуу маданият менен учурдагы маданияттын паралелль баратканына күбө болдук. Шаарда окуп, шаар жашоосун өздөштүргөн кыздары айылга барганда жүн жууп, тытып, аны ийрип, килем токушуп салттуу жашоонун тартибин өздөштүрө алышат.

Автор Кыргызстандын түштүгү, Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышы жагындагы килем согуу менен алектенген жамааттын арасында болуп, чебер аялдардын жана кыз-келиндердин арасында тикеден-тике аралашып, байкоо жүргүздү. Алардын килем токуучулук ишине катышып, токуу ишин толук өз көзү менен көрүп, чеберлер менен аңгемелешип, сурамжылоо жүргүздү. Автор килем соккон уздардын иш-аракети жүрүп жаткан жерлерде, үйлөрдө токуу жүрүмүнө тикеден тике катышып, *байкоо ыкмасы* менен (метод включенного наблюдения) килем токуу үчүн алгачкы кадам болгон жүндү даярдап алуу жүрүмүн изилдеди.

Уз-чеберлердин курал жарактары, килем жасоого керектүү каражаттарды даярдоосу ар тараптан изилденди. Изилдөөчү реконструкциялык метод менен килем токуу үчүн ылайыкталган койдун жүнүн тазалоо, аны сабоо, жууп тазалоо жүрүмүн башынан өткөрдү, тазалап жуулушу жөнүндө маалымат алды. Жүндү жууй турган суу өтө ысык болсо, жүндүн сапаты өзгөрүп, ийрип токууга жараксыз болуп калары аныкталды. Ошондой эле жуулган жүндү кургатуу

ыкмалары, кургагандан кийинки сапатына карай, табигый абалына, сапаттык өзгөчөлүктөрүнө карай боёо ыкмаларынын ишке ашырылышы изилденген.

Илимий ишти аткарууда маанилүү орунду ээлеген *интервью алуу, сурамжылоо ыкмалары* кеңири колдонулду. Айрыкча формалдуу эмес интервью алуу усулун колдонуп, килем токуучулук менен алектенген кол өнөрчү уз-чеберлер, кыз-келиндер тарабынан килемдин негизи болгон жүндү ийрип, жиптерин жана түктөрдүн даярдоо жүрүмү каралды. Килем токуу үчүн килемди токуй турган горизонталдуу дүкөндүн курулушу, курал-жарактардын даярдалышы, алардын аталыштары жана формалары изилденди. Килем токуу үчүн жүндөн жасалган жипти ийрип жана чыйралтып даярдоо, боёо жөнүндө маалыматтар алынды. Окумуштуулардын салттуу килем токуу боюнча илимий маалыматтары автордун жеке маалыматтары менен салыштырылды.

Токуучулук кол өнөрчүлүгүнүн тамыры терең. Мисалы, Кыргызстан жана андан сырткары аймактарда, айрыкча Алтайда казуу учурунда археологдор жүн кездемелеринин калдыктарын табышкан. Аларды талдоо натыйжалары жергиликтүү килем өндүрүшү менен салыштырылды [87]. Кыргыздардын килем токуу мезгилиндеги ага керектелүүчү жиптердин түрлөрүн даярдоонун салттуу ыкмалары изилденди. Интервью алуу ыкмасынын жардамы менен салттуу килем токуу кол өнөрчүлүгүндө негизинен жүндөн жасалган жиптерди: түктөрүн, килемдин эриш-аркагын жана жоробун даярдоо изилденди. Килемди салттуу ыкма менен токууга арналган жүндөн ийрилген жиптерди даярдоо, адатта, көп убакытты жана эмгек күчүн, энергияны талап кылган майда иш экендиги аныкталды. Ошондуктан көп учурда кол кабыш кылуучу жаштарды, бала-чака жана кыз-келиндерди жардамга чакыра коюшкан. Кыргыздарда килем токуу жалгыз адамдын колунан келе турган иш эмес, бул кол өнөрчүлүктүн түрү көмөктөшүү менен аягына чыккан. Токуучулук кол өнөрчүлүгүндө жиптерди жүндөн жана андан тышкары пахтадан, жибектен да даярдашкан: жүндөн жасалган жип үчүн жүндү жууп кургатуу, олпоң масса алынганга чейин табылгы (чыбыктар) менен сабоо; жүндү бошотуп, кол менен созуп, түйдөккө айлантуу,

түйдөктөлгөн жүндү ийик саптын жардамы менен ийрип, чыйралтып жипке айландыруу; даяр болгон келебелерди боёкторго боёо жүрүмү изилденди.

Пахтадан даяр жиптерди алуу жүрүмү толугу менен изилденди: пахтаны чигитинен (данынан) тазалоо, пайда болгон буланы сабоо, таякчалар менен үлпүлдөтүп, майда боолорго түйдөктөө; пахта буласын ийик менен ийрип, чыйратып, жиптерге айлантуу; илгичке жиптерди ороп, килемдин эришине жүгүртүүгө даярдоо; даяр болгон пахта жиптерин боёкторго боёо, күнгө кургатуу жүрүмү аныкталды. Килемге керектүү боёкторду өздөрүн курчап турган табигый флорадан ала тургандыгын, анын салттуу механизмин автор өз көзү менен көрүп, күбө болду. Килем токуу үчүн пахтадан жасалган эриш жиптерин даярдоодо, алардын өлчөмдөрү жана салмагы, килемдин көлөмүнө жараша болгондугу иликтенди.

Сурамжылоонун натыйжасында килемди токуу үчүн даярдыктардын көрүнүшү жана жүрүшү, ага байланыштуу каада-салттар, килемдерге арналган учкул сөздөр, макал-лакаптар автор тарабынан чеберлердин өз оозунан угуп жазылды жана сүрөткө тартылып алынды. Килем токуу жүрүмү жөн гана килем жана килем буюмун даярдоо гана эмес, ал жаш кыздарды коомго социалдаштыруу, эрезеге жеткирүү, келечектеги турмушка даярдоо, үйдүн жана очоктун ээси болууга даярдоо да болуп саналат. Айрыкча практикалык изилдөө иштеринин ыкмалары аркылуу чебер-килемчилер менен биргелешип килем токуу үчүн атайын дүкөндүн жердигин белгилеп, аны орнотууга катышуу учурунда бир топ маалыматтар алуу ыкмасы колдонулду (86-сүрөт). Жөнөкөй горизонталдуу станок негизинен үй шартында токуган чебер-килемчилердин арасында кеңири таралган, алгач жыгачтан андан соң металлдан жасалып, каптал, үстүңкү жана астыңкы тарабы жыгач устундардан жана аларга параллель турган дүкөндүн ичине кыстарылган жипти чыңдоо үчүн кызмат кылган бөлүгү кандай устундардан тураары изилденди. Дүкөн көбүрөөк туруктуу жана бышык болуш үчүн, устундардын биригип ашталган жери жерге казыктардын жардамы менен бекитилген; кандай болгон күндө да, бул дүкөндүн конструкциясы катуу,

ишенимдүү, күчтүү жыгачтан жасалган болушу керек, анткени килем токулуп жатканда чыңалуу таасири абдан күчтүү болот.

Азыркы учурдагы килем токуу жүрүмүн жана ага байланышкан багыттарды изилдөө ыкмалары актуалдуу. Айылдарда респонденттерден интервью алып, сурамжылоо менен жүндүн ден соолукка тийгизген таасири жөнүндө ой-пикирлер жазылып алынды. Мында илимий экспедиция учурунда болуп жаткан этнологиялык процесстерге күбө болуу менен бирге эле информаторлордон көптөгөн баалуу маалыматтар алынды.

Килем токуу маселесинде аялдардын, кыз-келиндердин жана жаш өспүрүм кыздардын айрым кыймыл-аракетин, аралашуу же обочолонуу даражасын б. а. өз ара социалдашуу маселесин килем токуу аркылуу изилдеп, элдик билимдерге жана тарбиялоо маселесине  байкоо жүргүзүлдү.

Биздин изилдөөлөрүбүз *стационардык изилдөө ыкмасы* менен жүргүзүлүп маселени терең жана узак изилдөө процесси менен коштолду. Маалымат берүүчүлөр менен болгон маектер, адатта, автордун жеке китепчелерине же аудио приборлордун жардамы менен жазылды [127,11-14-б.]. Мындан тышкары, байкоолордун күндөлүктөрү, ошондой эле токулган буюм эстеликтеринин, тиричилик буюмдарынын жана маданиятынын этнографиялык коллекциялары чогултулду.

Аялдар бул кол өнөрчүлүктүн салттарын сактап, өнүктүрүп, көбүнчө энеден кызга, улуу муундардын тажрыйбасын  кийинки муундарга өткөрүп келишет. Мурдагыдай эле килем токуу Кыргызстандын түштүк-батыш тарабындагы аялдардын басымдуу бөлүгү өздөштүргөн массалык искусство катары каралат. Ар бир айылда үй-бүлөсүнө гана эмес, буйрутма менен башкаларга килем токуп жүргөн мыкты чеберлер бар [27, 71-б.].

*Семиотикалык жана семантикалык ыкмаларынын* жардамы менен килем токуу жүрүмүндөгү кээ бир каада-салт, үрп-адаттардын келип чыгышы жана анын түпкү маанисин эмнеден улам пайда болуп сакталып калгандыгы аныкталды. Семиотика – белгилер, белги системалары, белги процесстери жөнүндөгү илим (ансыз таанып билүү мүмкүн эмес) [277, 19-б.].

Килемге түшүрүлгөн көчөттөрдүн, орнаменттердин семиотикалык мааниси такталып, көчмөн жашоо образын чагылдырган символикалык орнаменттер кээ бир учурда отурукташкан маданиятка тиешелүү орнаменттер менен тутумдашып чагылдырылганы байкалат. Мында токулган килемдин негизги көчөтү катары каралган «коргон» орнаменти жана аны менен кошо «тогуз дөбө», «кайкалак», «кочкор мүйүз», «каз таман» орнаменттери байкалат. Фергана өрөөнүндөгү кыргыздар токуган килемдер башка жергиликтүү этностор менен кошуна жашаганы менен тарыхый-маданий эс тутумундагы гана алдыңкы муундагы чеберлердин мурас калтырган маданият изилдөөчүлүк ыкмаларды гана колдонулуп килем токулгандыгы изилденди. Бул изилдөөлөр аларды каттоо жана сактоо, пайдалануу деңгээлдеринде гана карабастан, салттуу маданияттын келип чыгышынан тартып, өнүгүү эволюциясына, этникалык тарыхына тийгизген таасирине чейинки маселелерди карап, баалуу сунуштарын берип жатат. Ошондуктан биз изилдеп жаткан мезгил, географиялык алкак, эң негизгиси салттык кол өнөрчүлүктүн кыргыз тарыхындагы, маданиятындагы ордун жана ролун аныктап берүү үчүн туура ыкмаларды тандап алууда жана колдонууда өтө маанилүү аспект болот.

Кыргыздардын килем токуу өнөрүндө *эксперименттик изилдөө ыкмалары* да колдонулду. Биринчиден, табигый эксперименттер менен лабараториялык экпериментт ердин ортосунда айырмачылыктар бар экендигин баса белгилеп коюу керек. Этнография илиминин табигый экспериментинде субъекттердин иш-аракеттери реалдуу шарттарда жүргүзүлөт, бирок ошол эле учурда изилденүүгө тийиш болгон кубулуштар жаралат. Эксперименттин бул түрү субъекттердин иш-аракетинин нормалдуу шарттарында жүргүзүлүп жаткандыгына байланыштуу анын мазмунун, максаттарын жашырууга жана ошол эле учурда субъекттин ишмердигинин маңызын сактоого мүмкүндүк берет. Изилдөөдө бул ыкмалар заттык маданиятты, көркөм кол өнөрчүлүктөгү жалпы салттуу токуучулук жүрүмүн, анын ичинде түктүү килемди жана пайдаланылуучу каражаттарын талдоодо колдонулду. Табигый эксперимент аркылуу кыргыздар жүндү боёодо өсүмдүк боёкторунун таасирин

минералдардын жана табигый боёкту күчөтүүчү заттардын (ачыкташ, медный купорос) жардамы менен күчөтүүнү жакшы билишкендиги аныкталганын баса белгилесек болот.

Ал эми *лабороториялык эксперимент ыкмасы* жүндөн ийрилген жиптерди кээ бир өсүмдүк боёкторунун жардамы менен боёо техникаларын колдонуу менен жүргүзүлдү. Жангактын кабыгын кургаган абалда алып, аны бир нече күн сууга салып жумшартып, андан кийин ага жипти чылап койдук. Күрөң жиптер кара өңгө боёлгон, ал эми ак жүн ток күрөң түскө келген.

Салттуу килем токуу кол өнөрчүлүгүнө тыкыр жана терең изилдөө жүргүзүлдү. Килем токуу үчүн колдонулган каражаттар жана техникалар боюнча маалымат чогултулуп, өндүрүш, өлчөмдөрү, ошондой эле килем жана килем буюмдарынын маданий жана функционалдык мүмкүнчүлүктөрү, шарттары жана килем жасалган аймактардын климаты изилденди. Керектүү салттуу материалдар: жүндөн жана пахтадан жасалган жиптер жана килем токуу үчүн керектелүүчү токмок, кайчы, бычак сыяктуу куралдар изилденди. Андан тышкары килем жана килем буюмдарын токуу жана аны колдонуу, жасалгалоо учурлары салттуу килемди реконструкциялоонун маанилүү бөлүгү болуп саналат. Кыргыздардын килем токуу маданиятын башка элдердин килем токуу маданияты менен салыштырып, салттуу маданияттагы жалпылыктарын, окшоштуктарын жана өзгөчөлүктөрүн көрсөтүп, анын себептерин изилдөө жолдорун аныктоо негизги милдет катары каралат. Ошону менен бирге кыргыздардын килем токуу салтынын кошуна түрк элдери менен болгон окшоштугун жана жасалыштарын тактоодо *салыштыруу* (синхрондуу) ыкмасы колдонулду.

Мисалы *теориялык ыкмалар* аркылуу тема боюнча башка окумуштуулардын эмгектерин, илимий макалаларын анализдеп, тарыхый-этнографиялык багытта анализ жасалды. Мунун натыйжасында Борбордук Азиядагы килем токуу маселесине арналган бир нече илимий монографиялар, макалалар, каралды. *Индуктивдүү ыкмасын* колдонуу менен килем токуу учурунда иликтөөлөрдөн чыгарылган жыйынтыктан алынган билимдерди

иреттеп, аягында илимий гипотезалар келтирилди, ал белгилүү жеке пикирлерден жалпы аныктамаларга таянып, ошондой эле кыргыз килемдеринин өзгөчөлүктөрү жалпы Орто Азиядагы килем токуу чеберчилигинин бир бөлүгү экендиги аныкталды. *Дедуктивдүү ыкмалардын* жардамы менен Кыргызстандын аймагында жайгашкан ичкилик урууларынын кайталангыс мүнөзгө ээ болгон кол өнөрчүлүгү экендиги аныкталды. Бул пикир автор тарабынан мыйзам ченемдүүлүк жана ырааттуулук принциптерине негизделген чындык катары берилип, башкача айтканда, бул кол өнөрчүлүк жалпы кыргыздарга эмес конкреттүү гана аймактагы урууларга мүнөздүү экендиги жөнүндө жыйынтык чыгарды.

Килем токуу өнөрүндөгү көркөмдүүлүгүн, анын ичинде көчөттөрүнүн семантикасын изилдөөдө *структуралык-семиотикалык анализ* жүргүзүлдү;

Чогултулган талаа материалдарынан килем токуу жүрүмүнө тиешелүү белгилүү бир ырым-жырымдар, салттар, элдик чыгармалар, фольклордук материалдар, элдик ырлар, кошоктор *анализдөө жана синтездөө ыкмасы* менен талданды.

XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башындагы Кыргызстандын аймагында этномаданий жаатында бир топ жаңы багыттар пайда болгон. Мында кустардык өндүрүш цехтик жана автоматташтырылган өндүрүш менен алмашыла баштаган. Мунун негизинде заттык маданияттын маңызы сакталганы менен, анын айрым деталдарында этномаданий карым катнаштын таасиринин жана сырткы, ички таасирлердин астында өзгөрүүлөр боло баштаган. Изилденип жаткан аймактын элдеринин килем токуу кол өнөрчүлүгүнүн өзгөчөлүктөрүн жана көркөм салттардын өз ара таасирлерин аныктоо үчүн эмгекте салыштырма-тарыхый ыкма колдонулду. Мында таанып-билүүнүн тарыхый ыкмаларынын маңызын аныктоочу логикалык башталыш болуп саналат, ансыз бул тааным ыкмасы иш жүзүндө болуп жаткан жүрүмдөрдүн фактылык сүрөттөлүшү гана болуп калат [30-40-б.].

*Салыштырма-тарыхый ыкма* – элдин материалдык маданиятын салыштырып, маданияттагы жалпылыктарын, окшоштуктарын жана

айырмачылыктарынын себептерин аныктоочу негизги изилдөөлөрдүн бир ыкмасы. Бул ыкма изилдөө мазмуну боюнча үч негизги бөлүккө бөлүнөт: биринчи, *тарыхый-типологиялык изилдөө ыкмасынын* жардамы менен килем токуучулуктагы багыттардын башка элдердеги килем токуу кол өнөрчүлүгүндөгү жалпылыктарды изилдөө жаңы каралды. Андан тышкры көчмөн элдеринин салттуу килем токуу өнөрүн салыштырып талдоо жүргүзүү ыкмасы менен алардын окшоштуктарын жана айырмачылыктары аныкталып, аймактардагы кыргыздардын килем токуу өнөрүнүн өнүгүү өзгөчөлүктөрүн жана көркөм салттардын өз ара таасирин аныктоо үчүн эмгекте тарыхый-салыштырма ыкма колдонулду.

Изилдөөдө *тарыхый-генетикалык ыкманын* колдонулушу менен алардын байыркы мезгилдерден азыркы мезгилге чейинки эволюциялык өнүгүшүн, салттык ыкмалардан жаңы ыкмаларга өтүүсү, ошондой эле килем токуу кол өнөрчүлүгүндөгү көчөттөрдүн, символдордун эволюциясы изилденди;

Ал эми үчүнчү, *тарыхый-диффузиялык* ыкма жолу менен салттык маданияттагы, кол өнөрчүлүктөгү жаңылыктар, жыйынтыктар изилдөөгө алынды. Бул ыкманын жардамы аркылуу килем жана килем буюмдарынын инновациялык багыттары, ошондой эле Фергана өрөөнүндөгү башка элдердин килем токуучулук кол өнөрүндөгү көчөттөрдүн айрым деталдары, боёо ыкмалары башка маданий таасирлери изилденет. Изилдөөдө килемдердин байыркы мезгилдерден азыркы мезгилге чейинки өнүгүү эволюциясын салттык ыкмалардан жаңы ыкмаларга өтүүсүн аныктап, ага улай эле салттуу килем токуучулук өнөрүнө таасир этилүүчү байланышын аныктоочу жогоруда көрсөтүлгөн ыкманын колдонуу зарылчылыгы келип чыкты. Мында кыргыздардын килем токуу жүрүмү өздөрүнө гана таандык болуп, жергиликтүү денгээлде болгону менен, кээ бир учурларда сырттан да таасир этип, этномаданий жуурулушуу жүргөнү аныкталды.

Килем токуу искусствосунун өнүгүшүн изилдөөдө диахрониялык жана тарыхый системалык ыкмалары колдонулду.

Айрыкча кыргыздардын мал чарбачылыгында койлорду асыроо, андан тышкары килемдин негизги каражаты катары жүндү кыркып даярдап алуу, аны тазалоо жана тароо ыкмалары башка элдерде да кенен тарагандыгы, окшоштуктары аныкталды. Килем токуган уз-чеберлердин килем токуу учурунда колдонгон курал жарактарынан, керектүү чийки заттарды табышынан баштап, жиптердин түрүн даярдоо, көчөттөрдүн үлгүлөрүн аныктоо, килем токуу жүрүмү, аны аяктаган сон дүкөндөн кыркып алуу ыкмалары толугу менен жогоруда көрсөтүлгөн *илимий изилдөө ыкмаларын* колдонуу аркылуу аныкталды.

Кыргыздардын токуучулук кол өнөрчүлүгү, анын ичинде уникалдуу болгон килем токуу кол өнөрчүлүгү бир нече ыкмалар менен ар тараптуу изилдөөгө алынды. Учурда илимий изилдөөлөрдүн багыттары өтө кенен масштабда каралып, изилдөөнүн системалык ыкмаларынын колдонуу (системалык мамиле же системалык анализ) бир топ изилдөөнү тереңдетти. Жогорудагы аталган ыкмалардын бардыгы кыргыздардын салттык кол өнөрчүлүгүн, анын ичинде килем токуу өнөрүн изилдөөдө негизги ролду ойноду. Ал эми биздин изилдөөлөрүбүздө жогорку ыкмалардын колдонулушу натыйжалуу тыянактарды көрсөткөндүгүн белгилейбиз. Изилдөөдө бул ыкмалар салттык маданияттагы килем токуу кол өнөрчүлүгүнүн негизинде пайда болгон буюмдарды талдоодо пайдаланылат. Кыргыздардын салттуу материалдык маданиятындагы өзгөчө функционалдык мааниге ээ болгон килемдер жана килем буюмдары жаңы убакыттын өтүшү менен өзүнүн тажрыйбалык маанисин жоготкон эмес.

Жыйынтыктап айтканда, жогорудагы аталган ыкмалардын бардыгы кыргыздардын салттык кол өнөрчүлүгүн, анын ичинде килем токуу өнөрүн изилдөөдө негизги ролду ойноду. Албетте, илимий изилдөөлөрдүн башка дагы ыкмалары белгилүү жана алар түрдүү эмгектерде колдонулуп келет. Ал эми биздин изилдөөлөрүбүздө жогорку ыкмалардын колдонулушу натыйжалуу жыйынтыктарды бергендигин белгилейбиз.

## 2.3. Килем токуу кол өнөрчүлүгүн изилдөө булактары

XIX кылымдын аягы - XX кылымдын башындагы кыргыздардын килем токуу кол өнөрчүлүгү тарыхый-этнографиялык булак катары бир нече багытта изилденди. Изилдөөнүн негизги булактык базасы болуп автордун 2011-2023 жж. Ош жана Баткен облусунун айыл-кыштактарында чогултулган этнографиялык талаа материалдары болду. Андан тышкары оозеки айтымдардагы маалыматтар, фольклордук материалдар кошумча булак катары колдонулду. Ошондой эле талаа материалдары жана музейдеги экспонат катары коюлган килем буюмдары жана аларга байланышкан куралдар ж.б.у.с. булактар каралды.

Кыргызстандын түштүк аймактарынын сакталып жана ошол эле учурда унутта калып, жоголуп бараткан салттуу материалдык мурастары тоолуу жана барууга кыйын аймактардагы субрегиондордо сакталып калгандыктан, этнографиялык табылгаларды кайрадан реконструкциялоого жана жайылтуу максатында изилдөө мүмкүнчүлүктөрү бар.

Изилденип жаткан булактардын ичинен автордун талаа материалдары маанилүү орунду ээлеп турат. Автор бир нече багыттар боюнча килем токуу кол өнөрчүлүгү жайылган аймактарга барып, талаа материалдарын жыйнап келди.

Жалпысынан алганда, ар бир тандалган айыл районду, ал эми тандалган район аймакты мүнөздөйт. Кыргызстандын түштүк аймагынын эки облусунан алынган материалдар өлкөнүн түштүк аймагы жөнүндө жалпы түшүнүктү берет.

Талаа изилдөөлөрүндө кыргыздардын салттуу килем токуу кол өнөрчүлүгү сакталып калган айылдары камтылган. Мунун натыйжасында этнографиялык стационардык изилдөөнүн орду катары төмөнкү айылдар тандалып алынды:

1. Баткен облусунун Лейлек районундагы Мурас (мурдагы Маргун) айылы;
2. Баткен облусунун Баткен районундагы Бужум айылы;
3. Ош облусунун Чоң-Алай районундагы Кара-Тейит айылы;
4. Ош облусунун Ноокат районундагы Каранай айылы.

Тандоо калктын этностук курамына жараша жүргүзүлдү, мында кыргыздар басымдуулук кылат. Райондук борборлор биринчи кезекте райондук уюштуруу функциясын аткарышат. Бул борборлор райондогу калктуу пункттардын административдик, маданий жана экономикалык борборлору болуп саналат.

Айылдык респонденттерди тандоо ар кандай жүргүзүлдү. Айылда айыл өкмөттөрүнүн чарба китептери үлгү алуу үчүн колдонулган. Респонденттер ар бир айылдын материалдык маданиятын жакшы билген, килем токуу кол өнөрчүлүгү менен тааныш болгон тургундары тандалып алынган.

Этнографиялык изилдөөлөрдүн үлгүсүнүн негизинде облустар, райондор жана айылдык аймактар тандалып алынган.

Ош облусу Кыргыз Республикасынын түштүк бөлүгүндө жайгашкан жана түндүктө Фергана өрөөнүнүн жана түштүгүндө Алай өрөөнүнүн бир бөлүгүн ээлеген Тянь-Шань менен Памир-Алайдын эки чоң тоо тутумунун кесилишинде жайгашкан. Облустун аймагы 7 районго бөлүнөт: Алай, Араван, Кара-Кулжа, Кара-Суу, Ноокат, Өзгөн, Чоң-Алай.

Кыргызстандын түштүгүндөгү кыргыздардын түктүү килем токулуучу аймагы үч негизги локалдык аймакка бөлүнөт. Тоолуу аймакка Чоң-Алай өрөөнү кирет, ал эми тоо этегинде Ноокат аймагы жана түздүк аймакка Баткен өрөөнүндө Лейлек жана Баткен чөлкөмдөрү кирет.

Килем токуу маданиятын кенен жана терең изилдөө максатында автор Ош облусуна караштуу Ноокат районунда Ынтымак, Баглан, Төөлөс, Кайрагач айылдары, Чоң-Алай районунда Дароот-Коргон, Жаш-Тилек, Чак, Жарбашы, Карамык, Каратейит айылдарында изилдөө жүргүздү. Баткен облусунун Баткен районунун Аксай, Самаркандек, Кызыл-Жол ж.б. айылдары, Лейлек районунда Кулунду, Кара-Булак, С. Садыков атындагы айылдарда, Сүлүктү жана Исфана шаарларындагы калктын арасында изилдөө жүргүзүп, ал жерлердеги килем токуу жүрүмүнө катышты.

Талаа изилдөөлөрү үчүн тандалып алынган стационардык аймактарда кол өнөрчүлүктүн салттуу ыкмалары, колдонмо искусство жана элдик турак-жай жасоонун ыкмалары сакталып, муундан муунга өтүп келгендиги байкалды.

Баткен облусунун Лейлек районунда негизги иликтөөлөр жүргүзүлдү. Баткен облусу – Кыргызстандын түштүк-батышында жайгашкан. 1999-жылдын 13-октябрында Ош облусунун Баткен, Кадамжай, Лейлек райондорунун жана Кызыл-Кыя, Сүлүктү шаарларын чек арасында түзүлгөн. Облустун административдик борбору – Баткен шаары [531].

Баткен облусунун Лейлек району Кыргызстандын түштүк-батышынан орун алган эң четки өрөөнү болуп саналат. Түндүк, түштүк, батыш жактары Тажик Республикасы менен, чыгышы Баткен району менен чектешет. Кыргызстандын борбору Бишкек шаарынан 950 км, облустун борбору Баткен шаарынан 140 км алыста жайгашкан. Жалпы аянты 4,6 миң км$^2$ түзөт. Борбору – Раззаков (Исфана) шаары.

Баткен облусу Фергана өрөөнүнүн түштүк-батыш бөлүгүнөн орун алып, чыгыштан Кокон, Анжиян, Ош, түштүк-батыштан Жызак-Самарканд менен, ал эми түндүк-батыштан Ташкент менен чектешип турат. Ошондой эле Улуу Жибек жолунун боюнда, Сыр-Дарыянын сол тарабында жайгашкан. Сыр-Дарыянын куймалары болгон, бийик тоолордун чокусундагы мөңгүлөрдөн башат алган Сох, Керавшин (Исфайрам), Кожобакырган-Сай (Козубаглан дарыясы жана Кара-Суу менен Жаңгактын суусу кошулуп Кожобакырган-Сайга куят), Аксуу ж.б. дарыялардын аралыгындагы өрөөндөр адамзат үчүн да, айбанаттар менен өсүмдүктөр дүйнөсү үчүн да жашоого ыңгайлуу жер болуп саналат.

Бул аймак (Баткен облусу) ыңгайлуу жер шарты болгондуктан, жаратылышы жана жагымдуу климаты адам баласынын бул жерлерди мекендеп, байыркы замандан бери байыр алышына чоң өбөлгө болгон. Орто бийиктиктеги жана бийик тоонун төмөнкү бөлүгүндөгү күрөң, куба күрөң, тоосу шалбаалуу талаа топурактуу жерлерде арча токою, сейрек токой, талаа жана шалбаалуу талаанын ар кандай типтери басымдуу. Арчалуу токой тилкесинин нымды, топурак кыртышын сактоодо, селге каршы жана санитария-гигиеналык мааниси зор. Байыркы адамдардын металлга болгон муктаждыктарынан улам кен байлыктарды казып алуу жана кайра иштетүү бул аймакта алгачкы кенчилер менен кол өнөрчүлөрдүн шаарчаларынын пайда болушуна алып келген.

Өндүрүлгөн металлдан жасалган үй шаймандары менен кошо согуштук куралдар, кардарлар соодагерлерди бул аймакка тартып турган. Кол өнөрчүлүк менен сооданын өнүгүшү өз учурунда шаарлардын өнүгүшүнө алып келген. Ал эми байыркы цивилизациянын очоктору болгон ири шаарларды туташтырып турган Улуу Жибек жолунун пайда болушу, аймактын гүлдөп-өсүшүнө өз таасирин тийгизүүчү факторлордон болгон. Ошол себептен Баткен облусунун аймагында ар кандай диний ишенимди тутунуп, ар кандай коомдук түзүлүштө жашап өткөн байыркы адамдар тарабынан түптөлгөн тарыхый жайлар көп катталган. Карманган диний ишенимин жана жашаган коомдук түзүлүшкө жараша байыркы адамдар өз деңгээлине ылайык маданиятты мураска калтырышкан.

Совет доорунда окумуштуу-археологдор Ю.А. Заднепровский, В.М. Плоских, Г.А. Брыкина, Ю.Д. Баруздин, В.А. Ранов ж.б. тарабынан аздыр-көптүр изилдөө иштери жүргүзүлгөн. Материалдык маданий мурастар арасында изилденгенинен изилденбегени көп болгондуктан, окумуштуу-археологдор дагы да изилдей турган маселелер арбын экендиги байкалат. Аймактын материалдык маданий мурастарын изилдөө өз учурунда кыргыздардын жана Кыргызстанды мекендеген элдердин маданий мурасын же жалпы эле адамзатка тиешелүү маданий мурасты тактап, аныктоого салымы чоң [529].

Баткен облусуна караштуу Лейлек районунун Кең-Талаа айыл өкмөтүнө караштуу Мурас (Маргун) айылы негизги стационардык изилдөө объект катары тандалды, себеби бул аймакта салттуу килем токуу жүрүмү толугу менен сакталып калган. Андан тышкары аталган аймакта килем токуу кол өнөрчүлүгү менен алектенген чеберлер да арбын болуп, изилдөө маселери толук кандуу жүргүзүлдү. Мурас (Маргун) айылы мыкты килемдердин мекени катары белгилүү болгон айыл. Респонденттердин маалыматына ылайык Мурас айылынын килемчи, уздары токуган килемдери Лейлек району боюнча эле эмес, Фергана өрөөнүндө да мыкты сапаттагы килем катары белгилүү. Лейлектин килем базарларында дал ушул Мурас килемдери кошуна элдерге өтүмдүү болуп,

тез аранын ичинде товар катарында сатылып кеткен. Мурас килемдери сатылып бүткөндөн кийин гана калган айылдардан келген килемдер сатыла баштаган.

Кең-Талаа айыл өкүмөтү жалпысынан 31302 м чарчы аянтка ээ болуп анда калкынын саны - 5621ди түзөт. Ал эми анын ичинде Мурас айылында 2023-жылдагы эл каттоого ылайык - 568 түтүндү түзүп, жалпысынан айылдын калкынын саны - 3341 адамды түзгөн. Алардын ичинен эркектердин саны 1728, ал эми аялдардын саны - 1613 адамды түзүп турат. Мурас айылында билимдүүлөрдүн саны пайыздык көрсөткүчү боюнча 70 пайызды түзөт. Айылдын аймагында 1 мектеп, 1 оорукана, 7 соода түйүнү жайгашкан. Бул аймакта негизинен уруулук түзүлүшү боюнча дээрлик чапкылдык уруулары жашайт.

Мурас айылында негизинен дыйкан чарбасы жана бир эле учурда мал чарбасы менен да комплекстүү түрдө алектенет. Айыл чарбасынын аянты жалпысынан алганда 2438га, дыйканчылыктан тышкары багбанчылык менен дагы алектенишет. Багбандар дээрлик бардык мөмө-жемиштерди өстүрүүнү өздөштүрүшкөн.

Ал эми мал чарбачылыгы менен алектенип жылкы, уй, кой, эчки асырап келишет. Айылдын эли эзелтеден мал-чарбасында өзгөчө кой жаныбарын өстүрүүчүлүк менен алектенишип келген. Мал чарбасы менен алектенүү үчүн жайытка ылайык жердин аянты 21643 га түзөт. Бул жердеги жергиликтүү элдер кыргыз улутун гана түзүп, айылдын негизги уруулары – чапкылдыктар [530].

Бул аймактын тургундары салттуу килем жана килем буюмдарын токуучулук менен алектенишет. Килем токуунун кустардык ыкмаларын сактап, ушул күнгө дейре килемди мыкты сапатта токуп келишет. Мурас айылында бүгүнкү күндө бардык салттуу элементтерин сактап калган килем токуу жүрүмүн кездештирүүгө болот. Ар бир уз-чебер алган кылымдык тажрыйбанын негизинде алган өнөрүн бекем карманат. Айылдын дээрлик бардык тургундары килем токуу менен алектенишет. Кээ бирлери жүндү боёп, өзүнүн үй-бүлө мүчөлөрү менен килем токуса, башкалары атайын боёлбогон койдун ак, кызыл, кара, көк жүндү топтоп анын жиптерин даярдап, токуу менен алек. Кыз балдарга

жаштайынан килем токуу өнөрүн үйрөтүшүп, аларды коомго социалдашуусуна шарт түзүлгөн.

Экинчи стационардык изилдөө жүргүзүлгөн орун катары Баткен облусунун, Баткен районунун Бужум айылы тандалды. Баткен районунун Бужум айылынын калкы негизинен жер иштетүү жана мал чарбачылыгы менен алектенет. Бул аймак салттуу маданияттын сакталып калышы менен да белгилүү. Калк азыркы коомдун негизги шарттарынын бири катары салттуу элдик маданиятты сактоого жана өнүктүрүүгө дагы эле аракет кылууда. Кийиз, килем, өрмөк, таар токуу, саймачылык ж.б.у.с. салттуу элдик маданиятты кайра жаратуу менен алектенип, өзүнүн кайталангыстыгын сактап, салт-санаасынын нукуралуулугун көрсөтүүгө умтулган көптөгөн чеберлер жана кол өнөрчүлөр бар. Айрыкча килем токуунун салттуу ыкмаларынын сакталып калышы, килем-чеберчилигин токтотпой кийинки муундарга берилгени жакшы жышаан катары көрүнөт. Айылдын шартында мал чарбасынын сакталып калышы да килем токуу үчүн негизги шарттардын бири болуп турат. Анткени килем үчүн жүндүн түрлөрү толугу менен жашоочулардын мал чарбасынан алынат.

Бужум - Кыргызстандын Баткен облусунун Баткен өрөөнүндөгү айыл. Айылдын аталышы боюнча жергиликтүү элдердин маалымаатарына караганда “бужугун” аттуу дарагынын ушул аймакта көп болгондугунан улам Бужум деп аталып калган [594]. Кара-Булак айыл аймагынын административдик борбору болуп саналат. Бужум айылы беш бөлүктөн турат, чыгыш тарабы: А. Калинин, батыш тарабы: Ынтымак, Омонок, түндүк-батыш тарабы: Алтике жана Кокту. Бужум айылында 3031 түтүн, 11485 адам жашайт. Алардын ичинен эркектер 5702 адамды, ал эми аялдар 5783 адамды түзүп турат. Билимдүүлүк пайызы 40 пайызды түзөт. Бужумда 3 мектеп бар, анын ичинен 2 орто мектеп жана бир гимназия: «Бужум орто мектеби», «Шарап Токсонов (мурдагы Москва) орто мектеби» жана «Бужум» гимназия мектеби. Андан тышкары калктын саламаттыгын тейлөө үчүн 3 оорукана иштеп жатат. Айылдын аймагында бир чоң базар жана андан башка дагы 124 соода түйүнү бар [531].

Бужум айылынын борбору катары “Төрт көчө” инфратүзүмү каралат. Калкынын 99,8% - кыргыздар, кыргыздардан башка өзбек жана тажик улутунун өкүлдөрү бар. Эмгек жашына чейинкилер 46,4%ти, эмгек жашындагылар 46,7%, эмгек жашынан өткөндөр 6,9%ды түзөт. Калкынын 27,1% деңиз деңгээлинен 1000 м чейин, 58,9% – 1000-1500 м, 14,0% – 1500-2000м бийиктикте жайгашкан. Уруулук түзүлүшү боюнча дээрлик ичкилик тобуна кирген кыпчак уруулары жашайт. Орто эсеп менен 1 $км^2$ге 10,4 киши туура келет. Бужум айылынын калкы дыйканчылык жана мал чарбачылыгы менен алектенишет. Дыйканчылыкка ыңгайлуу аянттардын көлөмү 1155га, анын ичинен 267 га айдоо жери, 888 га үлүш жерлери бар. Ал эми мал чарбасын жүргүзүү үчүн каралган жайыттардын аянты 100га барабар. Аймакта мал чарбасында эчки, койлорду интенсивдүү өстүрүшүп, алардан алынган жүн килем токуучулуктун токтобой ушул күнгө чейин сакталып калганына шарт түзүп бергендиги аныкталды.

Аймакта XIX к. аягы - XX к. ортосуна чейин килем токуу өнөрчүлүгү эң жакшы өнүккөн болсо XX к. аяк ченинен айрым объективдүү себептерден улам солгундап калган. Ал эми XXI к. башынан кайрадан килем жана килем буюмдарын токуу процесси жандана баштап, азыр ар тараптан өнүгүп жатат [531].

Үчүнчү стационардык орун катары Ош облусунун Чоң-Алай районунун Каратейит айылы тандалып алынды. Ал тоолуу субрегтонго кирет. Ош облусу 1939-жылы 21-ноябрда уюшулган. Көптөгөн жылдардын аралыгында анын курамы дайыма өзгөрүп турган. Ош облусунун азыркы аймагы өлкөнүн түштүк бөлүгүн ээлейт. Облустук борбору – Ош шаары – Орто Азиядагы байыркы шаарлардын бири. Ош облусу географиялык абалы боюнча республиканын түштүк бөлүгүндө жайгашкан жана батышынан Баткен облусу, түндүгүнөн – Жалал-Абад облусу, түндүк-чыгышынан – Нарын облусу, чыгышынан – Кытай Эл Республикасы, түштүгүнөн – Тажик Республикасы, түндүк-батышынан – Өзбек Республикасы менен чектешет.

Облустун жалпы аянты 29,2 $миң^2$ км же Кыргыз Республикасынын аймагынын 14,5 пайызын түзөт. Кыргызстанда калкынын саны боюнча экинчи

орунда турат. Облустун курамына 7 район, 3 шаар, 2 шаарча, 79 айыл өкмөтү, 469 айыл кирет. Калкы – 1229,6 миң адам.

Шаардын ортосунда мусулмандардын зыярат кылуучу жери – Сулайман тоосу бар. Тоо этегине динге ишенгендер мазарларды, мечиттерди курган, алардын бир бөлүгү биздин убакка чейин сакталып калган. Тоодогу үңкүрдө музей бар. Оштон алыс эмес Өзгөн шаарында XI-XII кылымдардагы архитектуралык комплекс – Өзгөн мунарасы бар. Бул мунара 11 орнаменттүү тилкени камтыйт. Анын бийиктиги – 27,5 м.

2023-жылдын 1-январына карата Кара-Тейит айылында 309 кожолук бар. Калктын жалпы саны 1502 адамды түзөт, алардын ичинен эркектердин саны – 767, аялдардын саны 735ти түзөт [514].

Кара-Тейит айылында бир орто мектеп жана эки бала бакчасы бар. Айыл аймагына оорукана курулган эмес, болгону бир фельдшердик-акушердик пункт (ФАП) иштеп турат. Айылда мал чарбачылык, жана дыйканчылык жакшы жолго коюлган. Дыйканчылык аянты 380 га жерди ээлеп, мал чарбага ылайык жайыт 13153 га тузөт.

Райондун калкын негизинен кыргыздар түзөт. Кара-Тейит айылында негизинен тейит уруулары басымдуулук кылат.

Чоң-Алай району, анын ичинде Кара-Тейит айылы бийик тоолуу аймакта жайгашкандыктан кыргыздар үчүн гана эмес, Өзбекстан, Тажикстан сыяктуу коңшу аймактар үчүн да жайыт болуп келген. Ошондой эле Чоң-Алай, Каратегин жана Памир аймактарында маданияты окшош ичкилик уруулары жашайт. Чоң-Алай өрөөнүндөгү кыргыздардын салттуу маданияты мыкты сакталып калган. Бул тууралуу XIX кылымдагы окумуштуу саякатчылар жана совет доорундагы этнографтар көп жолу белгилешкен. Бул жерде усталар элдик турак жай жасоонун чеберчилигин (техникасын) ата-энелери, чоң аталары колдонгон ыкмаларды пайдаланып келишкен. Ошондуктан этнографиялык экспедициянын толук кандуу акыркы жыйынтыгын алуу үчүн бул жерди тандоо биздин изилдөөбүз үчүн маанилүү болду деп эсептейбиз. Кара-Тейит айылында аялдар дээрлик 80 пайызы килем токууга көмөктөшүү менен алектенишет. Жүндү

даярдоо жүрүмүнө активдүү катышып, аны ийрип жипке айландырып килем токуучуларга даярдап беришет. Килем токуу иштери абдан көп каражатты жана кыймыл-аракетти талап кылгандыктан, бир килемди бир айылдын бир нече үй-бүлө мүчөлөрү көмөктөшүүсү менен бүткөрүлгөн. Айылдын тургундары айрыкча кыз балдары килем токуу чеберчилигин жаштайынан көрүп, өзүлөрү килем токуу жүрүмүнө катышып, аралашып чонойгондугуна байланыштуу килем согуу ыкмаларын абдан жакшы өздөштүрүп алышкан. Чоң-Алай районунун Кара-тейит айылын стационардык изилдөөгө алуунун негизги себеби, бул айыл Чоң-Алай районунун эң эле алыскы айылдарынын бири болуп салттуу маданияттын белгилери ушул күнгө дейре терең сакталып тургандыгында. Айрыкча килем токуу кол өнөрчүлүгүнүн салттуу ыкмалары, аларга байланышкан ырым-жырымдары, көчөттөрүндөгү сакралдуу маанилери унутула электиги менен баалуу болуп турат.

Дагы бир изилденүүчү стационардык аймак бул – Кыргызстандын Ош облусунун Ноокат районунун Көк-Жар айыл аймагына караштуу Каранай айылы. Ноокат району – Кыргызстандын Ош облусундагы район. Борбору – Ноокат шаары. Түндүк-батышынан Өзбекстан, түндүгүнөн Араван, чыгышынан Кара-Суу, батышынан Баткен облусунун Кадамжай, түштүгүнөн Алай жана Чоң Алай райондору менен чектешет. Аянты 4,04 миң км$^2$ (облустун аймагынын 13,9%). Калкы 302 481 (2021) [1]. Район 15 айыл өкмөтүнө бөлүнөт. Район 1928-ж. 24-декабрда уюшулган. Райондун рельефинде адырлуу тоо этектери жана тоо аралык аймактары басымдуу келет. Ноокат өрөөнү (деңиз деңгээлинин бийиктиги 1200-1700 м) жана ага туташ адырлар, Кичи-Алай кырка тоосу (4454 м), Кичи-Алай өрөөнү (1200-2800 м), Караван түздүгү (Караван-Көк -Жар) жатат. Көмүр (Абшыр, Алмалык, Бешбуркан кендери), курулуш материалдарынын кендери бар. Климаты континенттик, жайы ысык, кургак, кышы мелүүн суук, кар аз түшөт. Ноокат өрөөнүндө январдын орто температурасы – 2,6°С, июлдуку 24,4°С, Кичи-Алай өрөөнүндө январдыкы – 6,9°С, июлдуку – 15,5°С. Жаан-чачындын жылдык орто өлчөмү 270-300 мм. Ири суулары: Кыргыз-Ата, Абшыр-Сай, Ак-Буура, Кичи-Алай, Шанкол, Чечме, Чилисай. Суулары сугатка кеңири

пайдаланылат. Найман суу сактагычы курулган. Каралжын боз, күрөң, кара күрөң (тоо капталдарында), шалбаалуу, тоо топурактары басымдуу. Деңиз деңгээлинен 1200-1500 м бийиктикте эфемер-шыбактуу талаа, андан жогору (500-1800 м) ак кылкан шыбактуу талаа, дан өсүмдүк шыбактуу талаа (1800-2200 м), арчалуу шалбаа (2000-2800 м), шалбаалуу талаасы (2800-3400 м) бар [532].

Ноокат районунун аймагынын тарыхы узак кылымдарды ичине камтыйт. Мындан 40 миң жыл мурда палеолит доорунда эле бул жерде жашоо болгонун күбөлөндүргөн археологиялык казуулар ишке ашкан. Бул жердеги үңкүрлөрдүн б.з.ч. IV-I кылымга таандык адамдардын колдонгон куралдары табылган. Алгачкы коло доорундагы байыркы Чуст маданиятынын издери Бөрү-Дөбөдөн археолог Ю. А. Заднепровский тарабынан 1981-жылы аныкталган. Б.з.ч. II кылымда жер иштеткен адамдардын уруулук топтору болгондугун окумуштуулар далилдешкен. Коло доорунда, б.з.ч. II кылымда Фергана өрөөнүндөгү 80 эл турак кылган жайлардын бир тобу ушул аймактардан орун алган. Ошол доордо бул жерлерде Давань (балким Дубан) мамлекети болгон. Анын бир элестери Ноокат, Апшыр-Сай аймагындагы тоолорго түшүрүлгөн “Асман аттарынын” чегилген сүрөттөрүндө сакталуу турат. 80-жылдарда Ноокатта райооруканада 8 бөлүм болуп, 355 койкалык орун иштеген. Аймактагы 44 китепканада 307,6 миң нуска китеп болуп, 1985-жылы 34,7 миң окурманды тейлеген. 1977-жылы Край таануу музейи уюшулган, анда 1700 дөн ашык экспонат коюлган [532].

Көк-Жар айыл аймагында Жийде, Сарыкаңды, Борбаш, Көк-Жар, Алашан, Каранай айылдары жайгашкан. Бул айылдарда салттуу кол өнөрчүлүктүн түрлөрү, анын ичинде килем токуу ыкмасы жана ошондой эле көп үй-бүлөлөрдө салттуу ыкма менен токулган килемдер сакталып турат. Көк-Жар айыл аймагына караштуу Каранай айылында жалпысынан кожолуктун саны 2023-жылга карата 486ны түзөт. Калкынын жалпы саны 3221 адам, анын ичинен эркектер 1620 адамды ал эми аялдардын саны 1601ди түзөт. Каранай айылынын аймагында «Каранай» толук эмес орто мектеби жайгашкан, андан тышкары бир бала бакча курулган. Айыл аймагында бир спорттук зал бар. Айылдын аймагына

оорукана курулган эмес, ошондуктан айылдын тургундары «Көк-Жар» айыл өкмөтүнө караштуу борбордук ооруканасынан өзүлөрүнүн саламаттыгын текшертишет. Айылдын аймагында элди тейлеген үч чакан соода түйүнү бар. Каранай айылында негизинен дыйкан чарбасы жана мал чарбасы жакшы жолго коюлган. Дыйканчылыкка жарамдуу жер аянты 7 га ны түзөт. Мал чарбасына ылайык жайыттар айыл аймагынан алыста жайгашып, айыл эли малдарын көбүнчө үй шартында гана багышат. Айыл калкынын 98% пайызы каңды уруусунан турат, улуттук курамы боюнча 100% кыргыздардан турат. Айылдын эли салттуу килем токуучулук кол өнөрчүлүгү менен алектенип, негизинен кыздарга сеп катары даярдашкан. Кыздарды тарбиялоодо аларды келечектеги турмуш жолуна даярдашкан. Алардын эмгекчил болуп, ата-энесине кол кабыш жасап тарбияланышы үчүн ата-энеси дайыма жанында алып жүрүп, жүндү жууп, тазалоо, аны кургатып, тытып, ийик менен жүн ийригенди кошо үйрөтө башташкан. Андан соң эрезеге жеткенден кийин, каруусуна күч толгондо гана токмок уруп, манжаларын бычак менен кайчы кармаганга эп келтирип, килем токуганды мыкты өздөштүрүп алышкан. Каранай айылынын жашоочулары чарбасы, кол өнөрчүлүгү жана жашоо тиричилик белгилери боюнча Ноокат районундагы калган айылдардагы элдери жана ошондой эле Ош областындагы жашоочулар менен жалпысынан окшош (иденттүү) болуп саналат [533].

Жогоруда стационардык изилдөөгө тандалып алынган төрт айыл жалпысынан Кыргызстандын түштүгүндөгү салттуу килемди токуу маданиятын чагылдырып бере алат деп ишенимдүү белгилей алабыз.

Токулган килемдердин аныкталган түрлөрүнүн салыштырганда алардын баары окшош, бир тектүү экендиги аныкталды. Биз байкоо жүргүзгөн дээрлик бардык килемдер кыргыздардын жашоо-тиричилигинин материалдык көрүнүшү, айрым чарбалык жана маданий типтерге мүнөздүү жана жалпы тарыхый-этнографиялык мүнөзгө ээ экендигине ынындык. Токулган килемдердин бир тектүүлүгү аныкталып, бирок көлөмү жана килемдердин коолдолушу менен гана айрымачылыктары бар экендиги аныкталды. Мисалы Чоң-Алай районунда төөнүн жүнү байма-бай пайдаланылган, анткени ал аймактын табигый шарты

төө багууга ылайык болгон. Ал эми Лейлек жана Баткен районунда XIX к. башы жана XX кылымдын аягына чейин килемге эчкинин жүнүн пайдаланышат, айрыкча эришине кошуп токушат.

Ал эми Ноокат районунда салттуу килем токуда негизинен койдун жүнүн гана иштетишкен. Изилдөө иштеринин жүрүшүндө биз килемди салыштырып изилдөөнүн принциптери кандай экендигин, алардын типологиясын, кыргыз урууларынын тиричилигин камсыздоо системасында килем токуучулуктун ордун аңдап билүүгө мүмкүнчүлүк түзүлдү.

Изилденип жаткан маселени толугу менен чагылдыруу үчүн музей материалдары да тарыхый-этнографиялык булак катары чоң мааниге ээ болду. Кыргызстандагы музейлерде килем жана килемден жасалган буюмдардын коллекциялары сакталып калган. Кыргызстандын Улуттук мамлекеттик музейиндеги, Оштогу облусттук «Сулайман-Тоо" Улуттук тарыхый археологиялык музей комплексинин (УТАМК), Баткен облусундагы жана райондук музейлериндеги, алардын ичинен Исфана шаарында жайгашкан шаардык музейдеги, Сумбула айыл өкүмөтү Көк-Таш айылындагы Баба Саттаркулов атындагы мектебинин край таануу музейиндеги, Кулунду айылындагы Раззаковдун тарыхый музейиндеги, Ноокат жана Чоң-Алай райондук музейлериндеги килем буюмдары илимий изилдөөдөгү бай жана ар түрдүү булак катары каралды.

Андан тышкары автор атайын Өзбекстандын, Казакстандын, Тажикстандын, Россиянын музейлеринин килем буюмдарынын коллекцияларын карап чыкты.

Өзбекстан Республикасындагы Хорезм облусунун Хива районундагы Хива шаарынын аймагында белгилүү ачык асман астындагы жайгашкан Ичан-Кала музей-шаарчасында XIX кылымдын башындагы жана XX кылымдын аягына тиешелүү болгон токулган килем буюмдары сакталып жана учурда иштеп жаткан килем токуу цехтеринин килемдери жана килем буюмдары токулат. Бул килемдер миндеген туристтерди кызыктырып, өзүнө тартып турат [497].

Тажикистандагы Согд облусунун Гафуров районунда Б.Гафуров атындагы музей комплекси жана Ходжент шаарындагы облустук маанидеги тарыхый-археологиялык музей комплексинин экспонаттары каралды [498].

Россия мамлекетинин аймагында  Санкт-Петербург шаарында, Нева дарыясынын боюнда дүйнөгө белгилүү Эрмитаж мамлекеттик музейлик комплекси жайгашкан. Эрмитаждагы «пазырык килеми» маанилүү этнографиялык булак катары колдонулду. Бул музей комплексинде Тоолуу-Алтай аймагынан Пазырык  курганынан 2500 жыл мурунку эриш жана аркагы толугу менен жүндөн токулган түктүү килем (Пазырык килеми) жана кийиз буюмдары сакталып турат.  Пазырык килемин окумуштуулар Орто Азияда же Алдынкы Азиянын аймагында б.з.ч. IV-V кк. токулган деп божомолдошот [526].

Казакстан Республикасынын Алматы шаарында жайгашкан Борбордук мамлекеттик музейинде  азыркы учурда болжол менен 200 миңге жакын килемдердин жана килем буюмдарынын бай коллекциясы бар [19, 55-71-б.].

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тарых музейинде салттуу токулган килем буюмдары да сакталып турат. Бул жерде негизинен ар түркүн үлгүдөгү чоң жана майда токулган буюмдар топтолгон [520].

Кыргыз Республикасынын көркөм сүрөт музейинде аз санда болсо да бир катар токулган буюмдар сакталып турат.

Бирок Кыргызстандын түштүгүндө жайгашкан “Сулайман-Тоо” археологиялык комплексинин музейинде ар түрдүү бири-бирин  кайталабаган килемдер жана килем буюмдары көркөм кол өнөрчүлүктүн жогору денгээлдеги чыгармачылык менен даярдалган түрлөрү сакталып турат [521].

Жогоруда  каралган музей фондуларындагы килемдер жана килем буюмдарын анализдеп карап, натыйжада кыргыздар килем токуучулук өнөрү менен атагы чыккан түркмөн, иран чеберлеринен кем калышпаган деген тыянак келип чыгат.

Ошентип изилдөө учурунда бир топ булактарды изилдеп, салттуу килем токуунун багыттарына анализ берилип аны менен бирге алдыга коюлган илимий маселелерди чечүүгө мүмкүнчүлүк жаралды. Кыргызстандын аймагындагы эки

облустун айылдарында стационардык изилдөөлөр жүргүзүлүп, алардын килем токуу кол өнөрү боюнча маалыматтар жыйналды. Кыргызстандын башка райондорунда да килем токуу байкалат, бирок алар саналуу гана. Ал эми биз изилдөө жүргүзгөн аймактарда азыркы күнгө дейре килем токуу салттуу ыкма менен жүргүзүлүп жатат. Талаа изилдөөлөрүндө кыргыздардын салттуу килем токуу кол өнөрчүлүгү сакталып калган айылдарынан кеңири маалыматтар чогултулду. Андан тышкары Россия, Өзбекстан, Казакстандын аймактарында музейлерден алынган материалдар, килем жана килем экспонаттары тарыхый-этнографиялык булак катары изилдөөгө алынды.

Бул бапты жыйынтыктап айтканда кыргыздардын салттуу маданиятына, анын ичинде салттык кол өнөрчүлүктүн пайда болушуна, калыптанышына жана өнүгүшүнө өзгөчө көңүл бурулду. Көчмөн кыргыз маданиятына таандык кол өнөрчүлүк өтө көп мезгилди басып өткөнү менен, табигыйлуулукту сактап, жай жана туруктуу өнүгүү жолун басып келген. Мына ушуларды түшүнүп алуу үчүн теориялык-методологиялык негиздер, алардын түрлөрү, колдонуу ыкмалары аныкталып алынды. Белгилей кетүүчү жагдай, кыргыз кол өнөрчүлүгүн теориялык жактан изилдөө тажрыйбалары өтө аз жүргөндүгү аныкталып, кийинки изилдөөлөрдө бул маселелерге сөзсүз түрдө көңүл бурулуш керек экендиги көрсөтүлдү. Изилдөөнүн теориялык жана методологиялык негизи, булактык базасы, объектиси, предмети жана ыкмалары каралып, диссертациянын ичинде камтылган килем токуу кол өнөрүнүн түрдүү кубулуштарына анализ жүргүзүлдү. Фактологиялык материалдарга таянып, тереңирээк байкоо ыкмаларынын жардамы менен тарыхый маалымааттарды салыштырууда мазмуну жагынан тажырыйбалык жана фактылык эмгектерге илимий жактан анализ жүргүзүлдү. Мында килем токууга даярдыктан тарта, килемдин токулуп бүтүшүнө чейинки килем токуган чеберлердин кыймыл-аракети жана килем токуу учурундагы жөрөлгөлөр иликтенди. Ош жана Баткен облустарынын 20 дай айылдарынан 200 гө жакын маалымат берүүчүлөр менен баарлашып, (тиркемеде каралат) килем токуучулук кол өнөрүнүн

концептуалдуу, конкреттүү  өнүгүшүн баамдоого жардам берген фактылар алынды.

# III БАП. САЛТТУУ КИЛЕМ ТОКУУ ЖҮРҮМҮНӨ КЕРЕКТЕЛҮҮЧҮ ЧИЙКИ ЗАТТАР, ЭМГЕК КУРАЛДАРЫ ЖАНА ТОКУУ ЫКМАЛАРЫ

## 3.1. Килем токуу үчүн жүндү даярдоо жүрүмү

Кыргыздар тоолуу аймакта жашагандыктан алардын чарбалык-маданий тибинде мал чарбачылыгы үстөмдүк кылган. Малдан алынуучу продукция, анын ичинде жүн кенен болгон жана ал кыргыздардын жашоо-тиричилигинде өзгөчө орунда турган.

«Манас» эпосу кыргыздардын салттык кол өнөрчүлүгүн жогорку деңгээлде сүрөттөгөн тарыхка бай булактардан болуп эсептелет. Эпосто токуучулук, саймачылык, зергерчилик буюмдары ж.б. жөнүндө арбын маалыматтар бар. Айрыкча эпосто кыргыз чеберлери тарабынан жүндөн токулган килемдин түрлөрү кыргыз коомчулугунда салт катары нарктуулуктун даражасын арттырган өзгөчө буюм катары белгиленген [248, 249, 250, 251].

“Манас” эпосунда койдун жүнүн иштетүүнүн ыкмалары жогорку деңгээлде өздөштүрүлгөндүгү жөнүндө төмөнкүдөй ыр саптары бар:

*Кедик койдун тармал жүн*
*Таза жерге жаткырып,*
*Тармалдатып кырктырып*
*Тогуз жүз кемпир чогултуп*
*Тырмакка салып тыттырып* [250, 90-б.].

Кыргыздар килем токуу кол өнөрчүлүгү менен алектенип, колдонмо искусствонун бул түрү ички турмуштук зарылчылыктан улам пайда болгон [288, 87-б.]. Токулган кырмызы түстүү килемдин кооздугу «Манас» эпосунда да айтылып, даңазаланган [248, 97-б.; 249, 250, 251].

*Көчкөндө нарга жүк артып*
*Жүк үстүнө асемге*
*Кырмызы килем жабылып,*
*Биринен-бири өткөрүп*
*Атаандашып жасатып,*
*Алтын, күмүш, жез менен*

*Ээр-токумун каптатып.*

*Достошуп кымкап кийдирип*

*Алдына жорго миндирип*, - деген эпостогу ыр саптары кыз-келиндердин уз-чеберчилик менен алектениши, анын ичинде килем токуучулугу да эскерилген [527, 27-б.].

Андан тышкары кырмызы килем жөнүндө:

*Миң кызыл дилдени*
*Кадамың – деп, мубарек*
*Бай Сатынбай чачыптыр.*
*Баса турган изине*
*Кырмызы*[7] *килем салыптыр,*
*Кызмат кылып калыптыр.*
*Көпчүлүк турса көчөдө*
*Көчө жолго салыптыр*, - деген саптары кездешет [249, 81-б.].

Кангай (Кангюй) уруусунун килем токуу салтын чагылдырган “Манас” эпосунда кездешкен саптар:

*Кыруусун алтын чордогон,*
*Кырмызы гүлүн тордогон,*
*Кырк жылы сууда жатса да,*
*Кылайып өңү оңбогон.*
*Кармоочу бар карк алтын,*
*Каңгайлар кылып өз салтын,*
*Астына килем жайдырып,*
*Жанаттан кылган төшөгүн,*
*Көчүгүнө койдурду,* - деген саптарда килем токуу салты кыргыздарга таандык болгон мүнөзгө ээ экенин далилдейт. Болгондо да “*...боёгу өчпөгөн*”...- деп айтылганына караганда абдан кооз жана сапаттуу жасалган килем жөнүндө сөз болгон [528, 27-б.].

Орто кылымдардагы белгилүү ойчул жана философ Жусуп Баласагын мал чарбачыларга болгон мамиле жөнүндө мындай деген:

*Кымыз, сүт, жүн, май куруту, жуураты*
*Туштук, кийиз жайсаң ал үй зыйнаты*
*Малчылардын бардыгы пайдалуу жан*
*Жакшы көрүп алардын көңүлүн ал* [165, 260-б].

[7] Кыргыздар кызгылт өңдүн баарын “кырмызы” деп айтышкан

Кыргыздарда XIX кылымдын аягы жана XX кылымдын башында көчмөн жана жарым көчмөн мал чарбачылыгы үстөмдүк кылып, жылкы, уй, топоз, эки өркөчтүү жана жалгыз өркөчтүү (дромадер) төөлөрдү кой, эчки багышканы белгилүү болгон [120,154-55-б.; 85, 35-б.].

Айрыкча койдун жүнүнөн жана төөнүн чуудаларынан килем жана килем буюмдарын токуп даярдашкан. Кыргыздын уз-чеберлери килемди ар кайсы жүндөн жасай беришкен эмес, аны атайын килем жасоого ылайык болгон сапаттуу койдун жүнүн тандап алып токушкан, ошонун натыйжасында килемдер кооз жана жагымдуу болгон [288, 87-б.]. Кыргыздар жүндүн касиетин жана сапатын терең баалап, турмуш-тиричиликтин дээрлик бардык чөйрөсүндө кеңири колдонгон. Аларда XIX кылымдын аягына чейин койдун жүнү гана килем токуу өндүрүшүнүн негизи болуп келген. Кошумча чийки зат катары эчкинин жүнүн, төөнүн чуудасын (жүнү) жана пахта буласын килем токууда кенен колдоно билишкен.

Дыйканчылык жана жайыт мал чарбачылыгы айкалышкан отурукташкан чарбада малдын арасында кой-эчкилер басымдуулук кылып, жылкы, уй аз санда кармалган. Кой чарбасы малдын түрлөрүнүн ичинен үлүшү боюнча биринчи орунду ээлеген жана калктын арасында чарбалык мааниси жогору болгон. Кыргызстандын ар кайсы аймактарында өзгөчө табигый-климаттык шарттарга жана калктын каалоосуна жараша койдун ар кандай түрлөрү өстүрүлгөн [120, 154-б.].

Салтуу килем токуу кол өнөрчүлүгү түздөн-түз кой чарбачылыгы менен тыгыз байланышып, койдун жүнү негизги килем токуу үчүн керектелүүчү булак болуп турган.

Койлордун жүнү каптагыч жана даакы болуп экиге бөлүнөт. Койдун башын, кулак тарабын жана шыйрактарын каптап турган кыска жүн каптагыч жүн, ал эми денесинин калган бөлүктөрүн каптаган жүн даакы жүн болуп саналат. Койдун жүнү кыркылган мезгилге жараша күзүндөгү жүн күзөм, ал эми жазгы жүн даакы деп аталган [6, 92-б.].

Окумуштуу М. Шормановдун маалыматы боюнча 25 койдун күзгү жүнүнөн узуну 5.5 м (8 арш.), ал эми туурасы 1.80 м (2.5 арш.) түзгөн көлөмдүү кийиз жасалган. Кыргыздар жазгы жүндөн үй-тиричилигинде кеңири колдонула турган торболорду (баштык), каптарды жана килемдерди жасашкан, ал эми күзгү жүндөн кийиз буюмдарын жасашкан [472, 29-30-б.].

Койдон алынуучу продуктулардын ичинен жүн өзүнүн сапаты жана табигый касиеттери менен айырмаланып, көчмөн шарттагы тиричилик буюмдарын жасоодо өтө баалуу болуп саналган. Койдун жүнүнүн ичкелиги, узундугу, созулгучтугу, жибектей кубулуп жалтырашы, жаратылышта ар түрдүү боёктордо кездешүүсү ж. у. с. касиеттери андан жогорку саппаттагы кийимдик кездемелерди, таза кооз килемдерди, дагы башка буюмдарды жасоого мүмкүндүк берген. Орто Азия чөлкөмүндөгү койлордун жүнү 70 пайыз катуу болуп, куйруктуулары эт багытында гана иштетилген [ 226, 98-б.].

Койдун жүнү сапатынын артыкчылыгы менен мүнөздөлгөн жана синтетикалык булалардан айырмаланып турган. Мисалы, тыбыттын созулгучтугу 33-35%, ортозаар жүндүкү 37-46% болсо, пахтаныкы – 6,9-7%, ал эми нейлондуку 8,7-8,9% га гана жеткен [150]. Өзүнүнүн сырткы түрүнө жана түзүлүшүнө карата койдун жүнү тыбыт, ортозаар жана кылчык болуп бөлүнөт. Жүндүн касиеттерине анын узундугу, ичкелиги, тармалдыгы, текшилиги, чоюлгучтугу, нымдуулугу, созулгучтугу, жумшактыгы, түсү, жылтырактыгы кирген. Жүндүн узундугу табигый жана чыныгы болуп экиге бөлүнгөн. Даакы жүнүнүн чоюлбаган абалындагы узундугу жүндүн табигый узундугу болуп саналган. Жүндү чоюп тартканда талчаларынын узарууга жөндөмдүүлүгү анын чоюлгучтугу болгон. Жүндүн чоюлгандагы узундугу анын чыныгы узундугу болуп, чоюп тартканда үзүлүп кеткенге чейин узаргандагы узундугу менен табигый узундугунун айырмасы өлчөнүп, пайыз менен белгиленет. Уяң жүндүү койлордун жүнүнүн чоюлгучтугу 33-35%га жеткен. Жүндүн курамындагы суунун андагы кургак массага болгон катышы анын нымдуулугу болуп саналган. Жүндүн нымдуулугунун абалы анын нымсактыгына (ным тартуусуна) жараша болот. Жүндүн нымсактыгы деп, нымды өзүнө тартып алуу жөндөмдүүлүгү

белгиленет. Жүндүн нымсактыгынын эсебинен анын массасы 50% га чейин көбөйүшү мүмкүн. Абанын салыштырма салмагы канчалык жогору болсо, жүндүн нымдуулугу да ошончолук көп болгон [150]. Жаан-чачынга кабылып жүнү ным тартып калган койлордун жүнүн кыркуу максатка ылайык келбеген жана кыркылган жүндөр кургак жайда сакталган [150]. Ошондуктан килем токууга даярдык көргөн аялдар жүндөрдү кургак жерде сакташып, анын кургатылышына чоң маани беришкен.

Жүндүн нымсактыгынын гигиеналык мааниси да бар. Жүндөн жасалган кийимдер денеден чыккан терди өзүнө тартып алып, кишини суук тийүүдөн сактаган. Жүндөн жасалган кийимдер өзүнө ным тартып алуу менен кайра өзүнөн нымдуулук бөлүп чыгарып, кишинин денесин жылыткан. Кыргыздар койдун жүнүн килем токууга кеңири жумшоо менен бирге анын иштетүү жана алуу ыкмаларын терең өздөштүргөн [492]. Айрыкча даакы жүнү килем токуу үчүн натыйжалуу болгон. Даакы – бул койдун жүнү жазгы кыркым менен алынган тыбыттуу жүн. Ал эми күзөм жүн негизинен кийиздерге колдонулган [120, 151-б.].

Жайдары койдун жүнүн жуушаң кайчы менен кыркып, чөп-чар, уйгактап жармашып иштеткенге жарабай калган бөлүктөрү кыркылып алып салынган. Жуушаң (шуйшаң, жуйшаң) – койдун жүнүн кыркуучу кайчы сымал курал. Сапаттуу, курч темирден, узун, ичке, эки жаактуу формада жасалган (66 а-сүрөт). Анын жаактарынын ички жак бети курч миздүү, жүндү аралап киргидей учтуу, сабы колго ыңгайлуу болсун үчүн жумуруланган [191,114-б.]. Койдун шыйрагындагы, ич тарабындагы, мойнундагы жүндөр килемдин түктөрүнө жараган эмес [492,493,494]. Койдун арка-бел тарабындагы жүндөрү олпоң болуп, жагымдуу, ары жумшак келип, кол өнөрчүлүк буюмдарына жарайт. Койдун жүнүн кыркуу үчүн аны жаткырып, үч бутун байлап, бир бутун бош коет. Койдун жүнүн моюн тарабынан баштап, үстү жагынан кыркып, куйрук тарабына жетип, оң жагын бүткөндөн кийин гана сол жагына оодарып, экинчи тарабын кыркып алышкан [492]. Койдун жүнүн жаз мезгилинин ортолорунан өтүп же жайдын башында кыркып алышкан [172, 70-б.] Бул мезгилдеги койлордун жүнү

килем жасоого жарамдуу болгон, андан тышкары кой үшүбөй турган маалда кыркып алынган. Арык койлордун жүнүнөн килемдин түктөрү жакшы чыкпайт дешкен, кыргыздар арык жана оору тийген койлордун жүндөрүн иштетишкен эмес. Койдун жүнү өрлөп калганда, кайчынын учу жүндөрдүн арасына кирип, жеңил эле кыркылган. Жазгы жүндүн сапаты мыкты болгондуктан ийик менен жеңил ийрилген жана килемдин түктөрүнө жарамдуу болгон (169-170-сүрөт). Килем токуу үчүн кыркылган жүндүн уйгактарын тазалап, катуу күч колдонбой жууп, аны кургатып алышкан. Жуулган жүндү кол менен тытып, шыбоолорун түшүрүп жана жүндү олпоң абалга жеткирүү үчүн сабоолор менен сабашат. Сабалган жүн тазарып, ийригенге ыңгайлуу болгон. Айрым учурларда жүндү кол менен тытып чөп-чарларынан тазалашкан (97-сүрөт).

Түктүү килем буюмдарынын түгү, эриши жана аркагы койдун жүнүнөн жана төөнүн чуудасынан чыгарылган. Ал эми пахта буласын колдонгонго чейин, килем буюмдарынын эриши, аркагы үчүн эчкинин, төөнүн жана топоздун жүндөрүн пайдаланышкан. Кыргыздар эчкинин жүнүн бир жылда бир, жаз айларынын аягында кыркып алышкан. Эгерде эчкинин тыбыты болсо аны кыркпай атайын жасалган тарактар менен тарап да алышкан.

Көбүнчө эчкинин кылчыктуу жүнүн килемдерди жана чавадандарды токууда кенен иштетишкен. Жүндү иштетүүнүн алдында аны колго тытып же тыт чыбыгы менен сабалап, андан кийин гана табылгыдан жасалган ийиктер менен ийрүүгө киришишкен. Тытылган жүн жибектей созулуп, ийрип жатканда жылмаланып текши чыйралып, жипке айланган. Жип канчалык жакшы тегиз бир калыпта ийрилсе, ошончолук килемдин түгүнүн сапаты жогору болгон [494]. Килемчи-чеберлер килем токууда жүндүн кээ бир түрлөрү табигый түскө ээ болгондуктан аларды боёлбогон абалда эле колдоно беришкен. Табигый кызгылт жүндүү койлордун жүнү кызыл боёкторго оңой жана жеңил боёлгон. Ал эми ак жүндөр каалагандай боёкко жеңил боёлгон. Айрыкча койдун көк түстүү жүнү чеберлер тарабынан жогору бааланган. Ал эми күрөң жана кара түстөгү жүндөр арбын болгон. Кара койдон алынган жүндү да жаңгактын кабыгынын жардамы менен чым кара түскө боёшкон. Жүндү ийрилип, даяр

болгон жип жуулат жана кургатылат. Кургаган жип боёкко салынат. Өнөр жай боёкторуна чейин жүндү табигый боёктор менен боёшкон. Боёкторду негизинен өсүмдүктөрдөн табигый ыкмалар менен даярдап чыгарышкан [156, 85-б.; 357, 16-17-б.].

Майда бөлүктөргө ажырап кетпей жана калыбы бузулбай туташ кыркылган койдун жүнү кыргыздарда даакы деп аталган. Уяң, чала уяң жана жазгы кылчык, жарым кылчык койлордун жүнү даакылуу жүнгө кирген. Даакынын мындай түзүлүшү жүндүн чаң-топурактан, чөп-чардан, кумдан сакталышына жакшы өбөлгө болгон. Кыркуу мөөнөтүнө карата жүн жазгы, күзгү жана козу жүнү болуп бөлүнөт. Жазгысын бардык тукумдагы койлорду калыбынан бузбай, даакысы боюнча кыркышкан. Күзгү жүн (күзөм) кылчык жана чала кылчык жүндүү койлордон алынган. Бул жүн чогуусу менен туташ кыркылган, даакысыз үзүндү болуп кыркылган. Уяң жүндүү козулардын жүнүн 7-8 айлыгында, кылчык жүндүүлөрүнүн жүнүн 4-5 айлыгында кыркып алышкан [6, 92-93-б.].

Жүндү сапаттык касиеттерине жараша уздар уяң, чала уяң, чала кылчык жана кылчык жүн болуп бөлүшкөн. Жазгы жүн даакы, үзүндү жана төмөнкү сапаттагы жүн болуп үч түргө бөлүнөт. Жарактуулугуна жана тазалыгына жараша жүн уйгактуу, булганыч жана сапатсыз болуп бөлүнгөн. Чыйрактыгы жакшы, жетиштүү чыбашы бар жүн керектүү жүн болуп саналган. Даакынын ондон биринен көбү чөп-чар менен булганган болсо ал тазаланбаган жүн деп эсептелген. Даакынын үчтөн бир бөлүгүнө чейинкисин жүндөн оңой менен ажырабай турган жабышкак чөптөрдүн калдыктары ээлесе, ал уйгактуу жүнгө кирген. Ал эми койдун жүнү кандайдыр оорунун эсебинен алсыз болуп калса ал начар сапатсыз жүнгө кирген [492, 493,494].

Көбүнчө кыргыздар койдун бир эле түрүн аздектеп багышкан, ал “кыргыз кою” деп аталган. Бул койдун өзгөчөлүгү өскүлөң жүндүү болуп, эттүү жана куйруктуу келген [493]. Кыргыз койлорунун бою узун, жүнү кылчыктуу, катуурак жана бир аз толкундуу болгон [120,154-б.]. Бирок ошого карабай уз-чебер кыз-келиндер жүндөн ар кандай тиричиликке жарамдуу буюмдарды

жасашкан: кийиз, өрмөк, килем ж.б. В. В. Радловдун пикири боюнча жүндөн ийрилген жиптерди түштүк кыргыздары жана Ташкент кыргыздары гана жасашкан [350, 269-б.].

Ал эми Баткен өрөөнүндө эчкинин жүнүн эришке кеңири колдонушкан. Себеби бул чөлкөм кургак, тоолуу болуп эчки чарбасын жүргүзүүгө климаттык шарты ыңгайлуу болгон. Килем токууда эчкинин тыбыты жана кылчык жүнү да кеңири колдонулган [494].

Кыргыздарда эчкинин бир эле түрүн багышкан, ал кыргыз эчкиси деп аталган. Анын жүнү орточо узундукта болуп, сапсагай жана катуу келген. Уздар аны килем токуганда, айрыкча килем буюмдарынын чачысына жана сокмо-таарларга жумшашакан.

Кыргыздар килемге деген жоропту[8] колдо токуу ыкмасын пайдаланып, эчкинин жүнү менен козунун күздө кыркылган жүнүн аралаштырып чыйралтып ийришкен. Эчкинин кылчыктуу жүнүн алып, аны таза жууп кургатып ага козунун жүнүн кошуп ийрисе, жороп бышык болуп, эриштер үзүлүп кетпеген. Мындай бышык эриш токмоктун күчүн канча болсо да көтөрүп, мыкты килем токулган.

Баткен аймагында эчкинин негизинен жергиликтүү кара түстөгү тыбыттуу түрү багылган. Бул эчкилер тоо этектерине жана чөлдүү талаалардын жаратылыш-климаттык өзгөчөлүктөрүнө абдан ыңгайлашкан. Алар кышкы суукка, жайкы ысыкка да чыдамкай келген. Эчкилер эт-сүт багытындагы жандык катарында пайдаланылган. Өзгөчө чебичтин[9] жана серкенин эти бааланган. Эчкинин жүнүнөн токулган кайыш жана башка буюмдар, ал эми жүндөн кошумча бекем жиптер жасалган [492,494]. В.В. Радлов кыргыздар эчкинин бир эле түрүн өстүрүп анын сүтүн, этин, терисин, тыбытын пайдалангандыгын айрыкча кылчыктуу жүндү килемге токуу жүрүмүндө колдонгонун жазып кеткен [350, 46 -б.].

---

[8] Жороп-бул килемдин эки четки эки жуп эришке чырмалуучу жиптин түрү.

[9] Чебич-бул бир жыл жашаган эчки

Бир эчки 4,5-5 айда 100-120 кг сүт берген.  Жүн багытындагы эчкиден орточо 1,5-2 кг жүн, айрымдарынан 3,5-4 кг, текесинен 5-6 кг сапаттуу жүн кыркылган. Жүнү тармал, узундугу 20-23см, кылынын ичкелиги 76-92 мкм, тыбытынын ичкелиги 15-17 мкм болгон. Тыбыт багытындагы эчкиден жылына 350-400г сапаттуу тыбыт таралган, мында  86-90% таза жүн берген. Алар Орто Азияда б.з.ч. миңдеген жылдар мурда эле колдо асыралган, алардын түпкү теги – безоар жана бургу мүйүз эчки болгон. Жүн породасындагы эчкинин текесинен 4-6 кг, эчкисинен 2-3 кг жүн кыркылат. Жүнүнүн узундугу 16-28 см. Тыбыт багытындагы эчкиден 0,2 кг – 0,5 кг чейин, айрымдарынан 1,0 кг га чейин тыбыт таралган. Бордолгон эчкиден 20-28 кг эт, 4-6 кг май чыккан. Эчкилер колдон тоюттандырууну анча талап кылбайт, аларды кармап туруу үчүн көп каражат кетпеген. Ар кандай жер шартына тез эле байырлашып, ылаңга да туруктуу келген [15; 420,97- б.].

Мындан сырткары кыргыздар жүндү тандыр менен очок жасала турган, үйдүн дубалын  шыбай турган ылайга  кошкон.  Ылайга кылчык жүн кошулса ылайдан жасалган буюмдар бекем болгон [493].

Кыргыз эли негизи жүнгө аяр мамиле жасашып, эч качан таштанды сыяктуу кылып ыргытышкан эмес. Эгерде керек болбой калса кор кылбастан ырымдап өрттөп жиберишкен [492].

Койлорду асыроо менен бирге жүнүнө да кам көрүлгөн, андыктан күздүн жылуу күндөрүндө койлорду агын суудан атайын айдап өтүшкөн, ошонун натыйжасында койлордун жүндөрү кыйла тазарган, андан кийин алардын жүнүн кыркууга киришишкен. Жүндү кыркуу баарынын эле колунан келе берген эмес.

Атайын жүн кыркууга чеберлерди, эптүү кыркымчыларды жардамга чакырышкан. Аларга кыркылган койлордун  санына жараша  эмгек акы төлөп беришкен. Кээ бир кыркымчылар абдан тажрыйбалуу болгондуктан, койдун куйругунан баштап буттарынан, мойнуна чейин кайчыны чыгарбай кыркып бүткөн. Ал эми кыркылган жүн болсо койдун терисиндей эле абалда болот. Ийрилген жиптердин сапаты жүндү  кыркып алуунун жол-жобосунун сакталышына байланыштуу болгон [493].

Кыргыздардын мал чарбачылыгында төө да багылган [124, 195-б.]. Аны көчүп-конуу жүрүмүндө жүк ташуучу күч катары кеңири пайдаланышкан. Килем токуу жүрүмүндө төөнүн чуудасын кыргыз аялдары токуучулукта кенен колдонушкан. Төөлөр жазындасы түлөй башатаган мезгилде, анын чуудасын керектүү буюмдарды токууга иштетишкен [493].

Чоң-Алай өрөөнүндө уз-чеберлер килем буюмдарына гана керектелүүчү эриштерди көбүнчө төөнүн жүнүнөн жасашкан. Кыргызстандын аймагында XIX к. аягы - XX к. башында пахта кебезинин таңкыстыгына байланыштуу төөнүн жүнү колдонулган. Төөнүн жүнү табиятынан чоюлчаак келип, эришке бышык болгон жана кол өнөрчүлүктө кеңири колдонулган [493].

Төөнүн жүнүн алуу түйшүктүү жана жооптуу иш-аракет болгон. Төөлөр жазында жылына бир жолу кыркылып алынган. Март айынан баштап төөлөрдүн жүндөрү терисинен ажырап, түлөй баштайт. Төөнүн чуудасы түлөй баштаган мезгилде, аны батыраак чубап (тоноп) алуу зарыл болгон. Түлөп баштаганда төөнүн жүнү күн сайын чубап алынбаса, бир топ чыгашага учураган. Ошол эле учурда төөлөрдү эрте жазда жана суук мезгилде кыркуу болгон эмес, анткени кыркылгандан кийин такыр жылаңач калып, суук тийип ылаңдайт, өлүп калышы да ыктымал. Төөнүн чуудасын, курсагынын тушундагы жүндөрүн чубап, ал эми денесинин калган бөлүгүндөгү жүндөрдү аба ырайы жылуу болгондо шуушаң кайчылар менен кыркып алышкан (20-сүрөт).

Төөнүн жүнүн кыркууну баштоодон мурун, аны ишке ашырууга даярдык көрүлүп, мында төө ээси тарабынан анын жүнүн кыркканга чейин кармоо үчүн чоң аянт даярдоо, кыркуучу жайды жабдуу, жүндү тандоо, таңгактоо жана сактоо аракеттери каралган. Төөлөрдүн жүнүн кыркып алуунун алдында аларды сугаруу чектелип, 10-15 саат тоютсуз кармалган. Анткени жүн таза кыркылып алынышы керек болгон [493].

В.В. Радловдун маалыматы боюнча чоң төөнүн моюн тарабынан алынган жүндүн сапаты мыкты болгон. Орточо эсеп менен алганда, буурадан (эркек төө) 3,23 кг, ургаачыларынан 2-10 кг жүн кыркылып алынган. Чоң төөлөрдүн

кыркылган жүнү 91,2 % болсо, буласы 78,6 % и түзгөн. Жүндүн уяңдыгы 12-27 мкм, жүн талынын узундугу - 4-12 см болгон [351, 75-76-б.].

Төөнүн чуудасын (жүн) жыдып өрлөй баштаган мезгилде чубап алышкан. Кайсы бир килем буюмдарынын жана чавадандардын чачылары төгүлүп, төөнүн самсаалаган чуудасынан жасалганы байкалат (41-42-43-сүрөттөр). Төөнүн жүнү жеңил жана жумшак болуп, элдин пикиринде, дарылык касиетке да ээ болгон [493].

Чоң-Алай өрөөнүндө кыргыздар көбүнчө дромедар төөсүн багып, анын жүнүнүн жумшак, бышык, чоюлчаак экенин билишкен. Төө жүнү жергиликтүү калк тарабынан табигый жип жана килем өндүрүшүндө колдонулган [493].

Килем буюмдарына төөнүн жүнүн кошуп токулганы буюмдун сапатын жана баасын алда канча арттырган. Себеби килем буюмдары жеңил жана жумшак, көркөмдүү болуп токулган. Төөнүн чуудасы килемдин түктөрүнө дээрлик колдонулган эмес, андан эриши менен аркагына гана колдонулган [493]. Төөлөр алыскы тоолуу аймактарды кошпогондо XIX к. аягы жана XX к. башында Кыргызстандын дээрлик бардык жеринде багылган. Анын чуудасы (жүнү) кол өнөрчүлүктө кеңири пайдаланылып келген. Айрыкча Чоң-Алай өрөөнүндө ушул күнгө дейре килем токуу үчүн иштетип келишет. Төө жаныбары кыргыздар үчүн ыйык жаныбар катары да аздектелген. Ошого карабай төөнүн этин кеңири пайдаланышкан. Мисалы, бир төөнү курмандыкка чалуу жети койду курмандык чалган менен барабар болгон деп эсептелген [351,74-б.].

Борбордук Азияда, өзгөчө түркмөндөрдө төөнүн саны байлыктын көрсөткүчү болуп эсептелген. Төөнүн элеси түркмөн фольклоруна жана ишенимдерине бекем кирген. Мисалга алсак, түркмөндөрдө «Дүйэли бай – дүньяли бай» (Төөлүү бай – чыныгы бай) – деген макал кеңири тараган [415, 140-б.].

Төө кыргыздарда өзгөчө кадыр-барктуу тотемдик ыйык жаныбар катары да аздектелген. Ушуга байланыштуу анын жүнүнөн (чуудасынан) буттун астына салынып, тебелене турган буюмдарды жасашкан эмес. Айрыкча кийиз, килем, жороп, байпак жада калса, намаз окулуучу жайнамаздар эч качан жасалган эмес.

Төөнүн чуудасынан үй-тиричилик буюмдары, эркектердин чепкендери, нан сакталуучу дасторкондору, кол кап, жамынуучу жууркан, чавадан, баштыктарды жана башка буюмдар жасалган. Төө жаныбарына байланышкан фольклордо сыйкырдуу каарман Акмайа (Ак төө) түркмөн элинин "Акпамык" жомогундагы эң белгилүү каармандардын бири катары каралат. А түгүл асманды кесип өткөн Саманчынын жолун түркмөндөр "Акмайанын жолу" же "Ак төөнүн сүтү" деп аташат [415, 140-б.].

Түркмөндөр төө жаныбарын аздектегендиктен төөнүн сүтү да адаттан тышкары дарылык касиетке ээ деп эсептешкен, ошондуктан аны кайнатуунун кереги жок деп ишенишкен.

Кыргыздарда төөнүн жүнү күнүмдүк турмушта табигый түрдө колдонулган, ал күрөңгүч-кызыл түскө ээ болгондуктан боёо зарыл болгон эмес. Чоң-Алай жана Баткен өрөөндөрүндө килем жана килем буюмдарын жасоодо төөнүн жүнү койдун жана эчкинин жүндөрү менен катар кенен колдонулган (103-сүрөт).

Жүндү килемге даярдоодо, жүндүн табигый жаратылышына (кылчык же майин) жана түсүнө жараша бөлүштүрүү, сапатына жараша ажыратуу (ылгоо) жүрүмү башталган. Баткен өрөөнүндөгү Бужум айылында килем үчүн негизинен жазгы кыркымдан алынган жүн колдонулган, анткени боёкту жакшы сиңирген жана жибектей созулма болуп, жалтыраган сапатка ээ болгон [494]. Айрыкча чавадан, куржун, тегиричтердин эриши да, аркагы да жүндөн болгон (133-сүрөт).

Ал эми килем токууда кыргыздар пахта кебезин XIX к. аягында жана XX к. башында колдоно башташкан [229, 55-б.]. Айрым гана учурларда, кыздын себине же кадырлуу адамга килем буюмун жасоодо жибекти пайдаланышкан. Бирок жибектин килем үчүн практикалык жагынан алып карганда бышык, кооз чыкканы менен кыргыздарда жибек таңкыс болуп келген. Ошондуктан пахта жиптери алымдуу болуп, жүнгө караганда чыйратылганда бышык жана күбө жеп салуу коркунучу жок болгон. Бужум айылындагы уз-чеберлердин жеке тажрыйбасына караганда, алар жүндү алгач таза сууну бир аз эле ысытып эч нерсе кошпой жууп, андан кийин муздак сууга экинчи ирет жууп чайкап андан

соң күнөстүү жерге жайышкан. Мунун натыйжасында бул жүндөн токулган килемдин түктөрү кулпуруп, жылтырап өңүнө чыгып турган. Ал эми муздак сууга салып жууганда жүндүн сапаты бир топ начарлай түшкөн [494]. Килемге колдонулуучу жүндү алгач таптаза жууп андан ары кургатып, аны олпоң денгээлге жеткире табылгы дарагынын жасалган сабоо чыбыктары менен сабалашкан. Эгерде жүн жуула турган болсо кургагандан кийин кол менен тытып, кирлерин түшүрүп андан кийин сабоолор менен сабалат. Сабоолор – табылгы, чий–шилби, гөө-шилби даректарынан жасалган [494].

Табылгы – таволга, (лат. - спирея – бышык сөңгөктүү бадал.) колоттордо өскөн бышык бадал дарагы катары белгилүү. Табылгы 80 см. бийиктикке чейин өсүп жетилген көп жылдык чөп өсүмдүгү катары мүнөздөлөт. Ал түз ичке сабактуу жана бышык тамыры менен мүнөздөлөт. Бул өсүмдүк Кыргызстандын аймагында кеңири таркалган. Элдик фольклордо табылгынын бышыктыгы боюнча «Табылгыдан жаа жасадым» деген сөз калган. Табылгынын сөңгөктөрү (чыбыктары) катуу болуп, жүндү сабалоо мезгилинде оңойчулук менен сынбай, чыдамдуу жана бышык келген [494].

Жүндү сабоонун алдынан пахтадан жасалган көрпө-төшөнчүнү жерге салып, анын үстүнө койдун терисинен жасалган бостекти коюп, анын түктүү тарабын жерге каратып төрт тарабына таш коюп ыңгайлаштырып алышкан. Андан ары жерден бир топ жогорулап калганда, тери тарабына жүндү салып алып, андан соң сабалашкан. Жүндү мындай ыкма менен сабоодо тери бостек жумшак болуп, табылгы сабоолор күч менен катуу байма-бай ургуласа да сынбастан тегиз сабалып, жүн да таза бойдон калып булганган эмес. Сабалып бүткөндө жүн ушунчалык олпоң болуп жумшарган, ошондуктан мындай жүндү ийрип жипке айландыруу да жеңил болгон. Андан тышкары ашатылган терилер болсо, супарага ж.б. ушул сыяктуу буюмдарга жүндү сабоо аябай жакшы натыйжа берген [494].

Жыйынтыктап айтканда, кыргыздар килем токуу үчүн килемдин жана килем буюмдарынын негизин түзгөн жүндү даярдашкан. Килемге токууга дээрлик койдун жазгы даакы жүнүн колдонушкан, ал эми башка жүндөн

жасалган буюмдарды күз мезгилинде кыркылып алынган күзөм жүндөрүнөн жасай беришкен. Жүндү кыркуу мезгилине да уз-чебер, кыз-келиндер маани беришип, жүндү тытып, сабап, андан кийин ийиктин жардамы менен колдо ийрип жипке айландырып даярдап алышкан. Андан тышкары, эчкинин кылчык жүнүн жана төөнүн чуудасын пайдаланышкан. XIX к. аягында жүндөн токулган кыргыздардын үй шартындагы кездемелери жана үй-чарба тиричилик буюмдары кустардык жол менен өндүрүлүп келгенине карабай интенсивдүү колдонулганы байкалып, а түгүл соода сатыкка чыгарыла баштагандыгы белгилүү. Чарбанын натуралдык жана жарым натуралдык формаларынын үстөмдүгү, кол өнөрчүлүктүн жөнөкөй формасы үй-бүлөнүн жашоо деңгээлин камсыз кылууга багытталган. Килем токуу кол өнөрчүлүгүнө керектелүүчү жүндүн даярдоо жүрүмүн изилдөө аркылуу кыргыздардын салттуу маданиятындагы өзгөчөлүктөрү аныкталды. Изилдөө учурунда жүндүн түрлөрүн, анын ийрилип даярдоо ыкмаларын жана алардын аталышынын түпкү маанилерине көңүл бурулду.

## 3.2. Килемге керектелүүчү жиптин түрлөрү жана аларды даярдоонун салтуу ыкмалары

Килем токуу кол өнөрчүлүгүндө негизги керектелүүчү материал жүн болуп, андан үй шартында жиптин ар кандай үлгүлөрүн ийрип даярдоо кыргыз уздарынын накта чеберчилигин көрсөткөн.

Жип, түк – жүн, пахта булаларынан жана жибектен ийрилип, элдик көркөм кол өнөрчүлүктө буюм-тайымдарды тигүүдө, согууда, түйүүдө, эшүүдө, жөрмөөдө, байлоодо, артууда пайдаланылуучу эшилме каражат. Мындай жиптерди койдун, төөнүн жүнүнөн ийрүү нарктуу болуп, жасалган буюмдун сапаты да жогору бааланган. Ал ийрилүү, чыйратылуу, эшилүү аркылуу жүзөгө ашырылган. Жиптерден килем согулган, таар токулган, алардын жардамы менен шырыктарга көчөттөр түшүрүлүп, шооналап[10] чий чырмалган. Ийрилген

[10] Шоона – койдун, эчкинин жүнүнөн жана төөнүн чуудасынан ийрилип, чыйратылган жип

жиптин: бош жип, чыйратылган жип, челденген жип, эшилген жип, шоона жип өңдүү түрлөрү колдонулган [11, 12, 13]. Жип – тегиз чыйратылган үзгүлтүксүз созулган жүндөн, буладан жасалган зат. Ийрүү жүрүмүндө (процессинде) жүн акырындап созулуп, ийрилүү жолу менен тыгыз эшилген жипке айланган (22-сүрөт). Жипти ийик саптын жардамы менен эшишип, чыйратышып ийришкен. Жипти даярдоо үчүн биринчиден жүн жумшартылып, чөп-чардан тазаланып, олпоң массага айландырылган (46-сүрөт). Жүндү кол менен тытып, андан соң түйдөктөлүп, ийирүүгө даярдалган (97-сүрөт). Чеберлер ийрүү жүрүмүндө жүндү ар кандай жоондуктагы тегиз жана бышык чыйратып, жипке айлантып, килемдин түгүнө ылайыктап ийришкен (26-сүрөт). Жиптердин түрлөрүнөн колдон жасалган килемдерди жана килем буюмдарын өндүрүүдө кээ бирде жүндөн башка пахта, жибек буланын түрлөрү колдонулган.

XX к. башынан пахтадан да ар кандай чен өлчөмдөгү жана жоондуктагы жиптердин түрлөрү ийрилип колдонула баштаган.

Салттуу килем токууда пахта жиптери жылмакай түксүз жана түктүү килемдердин эришине жана аркагына гана колдонулган, ал эми эки жактуу араби килемин токуу үчүн экинчи сорттогу картталган пахта жиптерин иштетишкен (151-сүрөт).

Килемге даярдалган жип текши ийрилип, кемчиликтери, нымдуулугу эске алынып, жиптин токуу учурунда үзүлүп кетпей тургандай кылып даярдалып алынган (26-сүрөт). Кыргызстандын түштүк аймактарында жүн ийрүү үчүн ийиктин эки түрүн колдонушкан. Биринчиси - ийик баш деп аталаган баш тарабында ташы бар ийик, (168-сүрөт) ал эми экинчиси - ташы жок, бирок баш жагы оюлуп жип ороого ыңгайлаштырып жасалган ийик(72-сүрөт). Килемдин түктөрү калың болуп ийрилиши үчүн ийик бир аз жоонураак жасалган, ал эми жибек ийриле турган болсо ийик да ичкерээк абалда болгон. Килемдин түктөрү жылтырап-кулпуруп жана жатып калбагандай даана болуш үчүн орто кылчыктуу койлордун жүнүн колдонушкан. Жүн өтө эле кылчыктуу болуп калса

жип текши ийрилбей калган. Ал эми майин[11], жумшак жүн жакшы ийрилгени менен токулган соң түктөрү даана болбой жатып калат. Ошондуктан килемге даярдалуучу жүндөр орточо кылчыктуу болушу талапка ылайык болгон. Жүндү ийрүү үчүн атайын даярдалган жүндөрдү иргеп алып, акырындан ийрий башташкан. Жипти ийик менен ийрүү үчүн уз-чеберлер эпчилдик менен бир колуна ийикти, экинчи колуна даярдалган жүндү бөлүп алып экинчи колуна тутамдап ийиктин башына кол менен 10 см. чыйралтып андан соң аны байлап ийикти акырындап чимирилтип онго бурайт, ийик баш 360 градуска чимирилгенде жүн буралып ийриле баштаган. Жүндү килемге даярдаганда өтө ичке же өтө жоон да кылып ийрибестен орточо ийрүү керек. Жүндү катуу бышытып ийрибей орточо бошоңдукта ийрип, чыйратса жүндүн кулпурган табигый кооздугу ошончолук сакталып калат (77-сүрөт). Жипти кыз-келиндерге караганда улгайган байбичелер көп ийришкен, себеби алар жаштарга караганда бош убактысы кенен жана тажрыйбасы мол болгон. Алар жүндү колдоруна учтуктап көтөрүп алышып, отуруп да, тикесинен туруп да ийрий алышкан. Жүн ийрүү учурунда кыргыз аялдарынын кыялдары чабыттап, ырдап же болбосо неберелерине акыл-насаат айтып тарбия да бере алышкан [493]. Башка жумуштан эркин болуп, аялдар менен баарлашып отуруп деле жүн ийрип жана чыйрата беришкен [326, 554-б.].

Үй шартындагы килем токуу абдан түйшүктүү, татаал болгонуна карабай кыргыз аялдары килем жана килем буюмдарын өндүрүү менен такай алектенип келишкен. Убакыттын көп бөлүгү жүн менен жипти даярдоого кеткен. XX к. экинчи жарымында колунан ийикти түшүрбөй жүн ийрүү менен алектенген кыз-келиндер, аялдар, жашы бир топко барып калган байбичелер бир эле мезгилде үй жумуштары, мал кароо жана өзүнүн балдарын багуу менен алектенген. Аялдар энелик милдетин жана үй-бүлө багууну өндүрүш менен кошо жүргүзө беришкен [75, 43-б.]. Кыргыз уз-чебер аялдары жүн сабалып даяр болгондон соң

[11] Майин жүн - табиятынан өтө жумшак жүндүн түрү.

ар кандай иш арасында ийикти колунан түшүрбөй жүн ийрүү менен алек болушкан.

Фергана өрөөнүндө ар бир айылда жыгаччылык менен алектенген усталар болгон. Алардын ичинен ийик же ийик башты негизинен атайын ийик жасаган усталар кездешкен. Ийикчи усталар кээ бир учурда үй-бүлөсү менен чогуу чаран ийик жасоо менен алектенишкен. Мисалы, 1898-жылы Фергана өрөөнүндө кыргыз, өзбек калкынын Орус падышачылыгынын Орто Азиядагы оторчулук саясатына жана феодалдык эзүүсүнө каршы багытталган улуттук-боштондук кыймылы күч алып көтөрүлүшкө айланат. Көтөрүлүшкө жетекчилик кылууну кырк беш жаштагы Мухаммед-Али Халиф Мухаммед-Сабыр Суфиев Мадали («Ийикчи») эшенге сунуш кылышат. Ал Фергана өрөөнүнө кеңири таанылган, 1887-жылы Мекеге барып ажы болуп келген эшен эле. Анжияндагы кол өнөрчүлөрдүн массалык көтөрүлүшүнүн жетекчиси Мадали-Дукчи Эшен ийикчи уста болуп, бул өнөрдү ал атасынан үйрөнүп, аркалап келгендиктен "дукчи" деген кошумча наамды алып жүргөн [184, 364-б.] Мадали Дукчи Эшендин атасынын кездеме токуган өнөрканасы болгондугу эл оозунда айтылып жүрөт. Демек ийик жасоо кол өнөрчүлүгү атадан балага мураска өткөрүлүп келгендигин байкасак болот. Ийик – бул кол менен үй-шартында жыгачтан жасалган жүн ийрүүчү негизги эмгек куралы болуп, усталар аны көбүнчө чий-шилбиден жасашкан. Мисалы Лейлек аймагында ийик жасоо үчүн ийикчи усталар шилбинин 1-1,5 см. диаметрдеги бөлүгүн чыканактай узундукта кесип алып, аны жыгач отундун чогуна кактап, сырткы кабыгы текши куйкаланып бүткөнчө чокто кармашкан. Чокко коюлганда улам-улам алмаштырып, толугу менен сырткы кабыгын куйкалап, күйгүзүп алышкан. Андан соң шилби сабагын жылмалап, куйкаланган кабыгын арчып койгондо мыкты сапаттагы жылмакай келген жип ийрүү үчүн даяр ийик- сап пайда болот [495]. Ийиктин баш жагында жип кынаптоочу бурама түрүндө жасалган оюк жайгашкан. Анын негизги милдети - жипти жылдырбай ийрип берүү. Ийик 30-35 см узундуктагы жонулган орточо диаметри 1,5-2,5 см келген жыгач буюм, баш жагы кесе кертилген жана 10 см бурама оюлуп түшүрүлгөн, ал эми ылдыйкы жагы учтуу жасалган. Жыгач

усталар ийиктин учуна буйласын чыгарып, ага таштан жана чоподон жасалган ийик ташын артып, ал таштардын ортосун көзөп ийик башты жасашкан. Ийиктин башында ийик баш жайгашат, ага ийрилип жаткан жипти ороп чыйратуу ыңгайлуу болуп, ийик сап салмактанып калат. Ийрүүнү баштаганда жүндү 20 – 25 см кол менен созуп, эшип ийрип аны ийикке илештирип ороп алып, андан соң буйласынан өткөрүп жүндү ороп алып, ийик таштын астынан оң кол менен оң жакка карай күүлөнтүп чимирилтишкен. Ийиктин чимирилгени токтогуча сол кол менен түйдөк жүндү созуп, сол колдогу түйдөктү оң кол менен эшип, ийире баштаган. Ийрилип жатканда чебердин түйдөк кармаган колун болушунча жогору тарта созуп, бирок ошол эле учурда ийикти оңго карай чимирилтип улам колду өйдөгө көтөруп жогорулата берген. Ийик сап менен бир топ өлчөмдөгү жүн ийрилип, ийик баштын алдына ийрилген жип салмактанганда ийиктен ийик башы чыгарылып, ийрилип топтолуп калган жипти тоголок формага келип калганда бошотуп, чыгарып алышкан. Ийик саптын жардамы менен кыргыздын кыз-келиндери жүндөн жип ийрип килем жана килем буюмдарынын түрлөрүн андан тышкары чарбалык керектүү буюмдарды жасоодо кеңири колдонуп келген. Андан тышкары төөнүн, топоздун, койдун жүнүнөн, эчкинин тыбытынан ийрилген жүндөн кийим-кече даярдалган. Кээ бир учурда жүндүн сапаты жогорку денгээлде болуп, тытуунун зарылчылыгы болбосо аны анча муздак эмес сууга эле жууп алып, кургатып ийрий беришкен. Кээде жүндөрдү жуубай эле ийриген, андай ийрилген жиптерди боёрдун алдында гана жууп, кургатып алышкан [495].

Жүндөн ийрилип  жасалган жиптерди иш жүзүндө таза салмагы таразага тартуу менен аныкталган. Жиптерди көбүнчө чыйратылган түрүндө, ал эми боолор түрүндө болсо тарамыш, ичке аркан түрүндө даярдалган.

Жипти иштетүү максатына жараша өрүмгө же түккө ылайыктап,  токууга даярдалган. Даярдалган жиптерге андан ары токуу үчүн ыңгайлуу абалга келтирип, ошондой эле жиптеги кемчиликтерин, мисалы, сапатсыз кесилиш, кабатташуу, үзгүлтүксүз түйүндөр, уламталар, тактар жана башкалар текшерилген.

Адатта, үй шартында токууга ылайыктоо үчүн жипти кол менен ороп, жөнөкөй эки же үч жерге кагылган жыгач казыктарынын жардамы менен да жүргүзүлгөн. Токулуучу килемдер жана килем буюмдары текши чыгышы үчүн көзгө көрүнгөн жана көрүнбөгөн калдыктарынан тазаланып алынат. Жип калдыктарына кыркылуучу жиптин учтары – кыркындылар, түйүндөр ж.б. кирген. Эришке байланган жипти кыска түйүн менен түйүп, учтарын узун бойдон калтырышкан эмес, токуу учурунда эришке жип канчалык кыска илмек менен байланса, ошончолук түктөр үнөмдөлүп даярдалган [492,495].

Адегенде эле килем токуучу конструкцияны - дүкөндү жерге мыктылап орнотуп жасап алуудан башталган. Дүкөн төрт жыгачтын учтарын бириктирилип жасалып, эки капталынын узундугу 4-5 метр, ал эми жогорку жана ылдыйкы жыгачтары 3-3,5 метрге барабар параллель жайгаштырылган жыгачтардан турат. Килем токуу жүрүмү алгачкы аракеттери килемге арналган эриш жана аркактарды даярдоо менен баштаган. Эриш (71-сүрөт) жана аркак (119-сүрөт) үчүн жиптин даярдалышы килем токуу үчүн негизги даярдыктарынан бири болгон. Ийрилген жип белгилүү бир сандагы жиптерге, белгилүү бир тыгыздыкка, параллель тизилишке, бирдей чыңалууга ээ болуп, килем токуучу дүкөндүн жогорку жана ылдыйкы жыгачтарына астынан жана үстүнөн алып жүгүртүлүп оролушу керек болгон (103-сүрөт). Негизинен килем токуу үчүн эриш жана аркактар жүндүн кылчык аралаш түрлөрүнөн жасалган, кээ бир учурда гана пахта буласынан даярдалган. Окумуштуу С.М.Дудин Орто Азияда болгон экспедициясындагы изилдөөлөрүндө жиптерди даярдоо жалаң эле кол эмгеги менен жүргүзүлгөндүктөн, килемдерге ылайык аркак үчүн жасалган жиптер көбүнчө боз жана тегиз эмес жылмакай, бирок жоон формада ийрилерин байкаган [326, 515-516 - б.].

Килем жана килем буюмдарынын эришин эчкинин кылчык жүнүн жана алгачкы жолу кыркылган койдун жүнүнөн (козу жүн) бириктирип жасашкан. Эгерде эчкинин жүнү кылчык боло турган болсо, анда эч кандай башка жүндөрдү кошпой эле даярдашкан. Ал эми чаваданга кээ бир учурларда төөнүн жүнүн да кошуп ийрип, чыйратып эришке айландырышкан. Орточо килемге салмагы

ийрилип, андан кийин чыйралтып, 10 кг чейин эриш сарпталган. Эриштин жиби килем токууга арналган түккө караганда бышыгыраак ийрилген. Анткени эришке түк байланып, жыгач токмок менен катуу урулган. Эришти күч менен урганда токмоктун күчүн көтөрө турган деңгээлде бышык болушу керек болгон. Эриш үчүн ийрилген жипти кайрадан эки кабаттап, кайрадан бириктирип ийик менен эки кабаттап чыйратып ийриген. Чыйратылып катуулангандагы эриштин жиби чыңалып, бышык болуп, токмоктун күчүнө туруштук берген. Салттуу килем токуу учурунда XIX к. аягында - XX к. башында килемдердин эриши да, аркагы да толугу менен жүндөн болгон [494].

Эришти өтө ичке ийриген учур болгон, ал чабадандарды токууга ылайыкталып, жипти кылдаттык менен ичкелиги 1,5-2 мм диаметрде ийришкен. Чабадан жеңил болуш үчүн түккө жарамдуу жиптери да абдан ичке ийрилген. Анткени чабадан сандыктын (жабандын) милдетин аткарган, анын ичине буюм-тайымдарды бүктөп салып, жүккө кошуп жыйылып коюлган. Көчүп-конууда кыз-келиндерге ыңгайлуу жана жеңил болгон. Аркакты (99-сүрөт) эришке караганда эки-үч эсе жоонураак ийрип эки кабаттап, чыйратылып жасалган. Аркак эришке караганда өтө чыйралтпай, ийик менен бошураак ийрилип жасалат. Ийрилген жиптер бир-бирине бириктирилип, андан соң чыйратылган түрүндө аркакка колдонулган.

Ал эми килем согуунун кийинки баскычында түктөргө керектелүүчү жиптерин даярдап алуу керек болгон. Жүндүн мыкты сапаттагы түрлөрүнөн ийрилген жиптер эришке байланып, андан соң кыркылып тарашталганда кулпуруп килемдердин көркүн ачып туруу керек. Мында кол менен ийикте ийрип жатканда ийрилген жиптердин сапатын бузуп койбогудай кылып ийрүү керек.

Килем токуу үчүн арналган ийик менен ийрилген жипти – жалаң жип, ал эми эки жалаң жипти бириктирип ийрисе, ал жип чыйратылган жип деп аталган (151-сүрөт). Жүндү ийрип бүткөн соң ал жипти ийиктен түрүп алынган жип түрмөк деп аталган (26-сүрөт). Ал эми боёлгондон соң түрмөктөлгөн жип түр

(112-сүрөт) деп аталган. Ал эми токуу жүрүмү башталгандан кийин эришке байланган жип түк деп атала баштаган (77-сүрөт) [493].

Мында ийрилген жипти 60-70 см аралыкта кагылган эки бирдей казыктарга, эки кабаттап ороп, андан соң мыктылап келебелеп коюшкан. Казыктардан чыгararда келебени эки башынан жип менен байлайт, эгерде байланбаса келебе жип чаташып калган (112а-сүрөт).

Келебени[12] – «калава» түктү же түрдү боёо үчүн даярдашат, боёп алгандан кийин аны күнгө жайып кургатып 1-2 күндүн аралыгында гана аны тоголоктоп кайрадан түрүп алышкан. Мунун натыйжасында ийрилген жип жууганга жана боёгонго ыңгайлуу болгон.

Андан ары ушул келебелер информаторлордун маалыматы боюнча адырлардан атайын жыйнап алынып келинген даярдалган *ушлан*[13] *же жылмышчак* чөбү менен жуулган (56-сүрөт). Анткени кадимки жуучу каражаттар ал кезде танкыс болгондуктан, бул өсүмдүктөр табигый жуучу, тазартуучу каражат катары колдонулуп турган. Тоо этектеринен жыйналып алынган ушланды көлөкө жерде кургатып, баштыктарга салып, караңгы жерде сактап алышкан. Кургатылган ушлан чөбүн ысытылган сууга 1-2 саат салып, калтырган. Убакыттын өтүшү менен *ушлан* чөбү салынган суу коюуланып, жуучу каражатка айланган (57-сүрөт). Жүндү, пахтаны бул сууга салып жууганда тазартып, агартып алышкан [492, 495]. Баткен, Ноокат өрөөндөрүндө ушлан чөбүнүн даарылык касиетин да билишкен, аны сары оорусуна да пайдаланып келген, бирок көбүнчө жуучу каражат катары колдонушкан [492, 494].

Килем токуу жүрүмүндөгү дагы маанилүү орунду ээлеп турган жороптоону карай турган болсок, мында килемдин четки эриш жиптерин атайын жасалган «жороп» жиби менен колдо чырмап, токуу ыкмасын түшүндүрөт. Жороп – жүндөн жана көпчүлүк эле учурда пахтадан кол менен

---

[12] Калава-ийрип чыйратылып коюлган жүндөн жасалган жиптин тегеректелип жыйналган формасы. Токуучулукта келебе жиптерин жоондугу менен гана айырмаланат.
[13] Ушлан же жылмышчак чөп - негизи жуучу каражаттын аналогу катарында колдонулган чөптүн түрү лат. *Saponária,* сапона́рия, орусча –мыльнянка.

катуу чыйратылып ийрилип жасалган жип. Бул сөздүн дагы бир мааниси жороптикен (липучка) өсүмдүгүн түшүндүрөт [494].

Лейлек аймагындагы жүн ийрүүчү ийикке жана жип ийирүүгө карата эл арасында бир топ ырым-жырымдар бар. Үйгө жаңы келин келип, көшөгөгө киргенден кийин «Ак жасатуу» ырымын жасашкан, мында жаңы келиндин колуна кайненеси өз колу менен келинге аппак түйдөктөлгөн жүндү жана ийикти карматып, ийрип беришин суранат. Эгерде жаңы келин жипти ийик менен ийрий албай турган болсо, келиндин жеңелери жардамга келишкен. Ак жүндү бергенинин мааниси, келген келин дайыма ак иштерди гана жасасын, турмуш жолу ак, байсалдуу болуп, ниети агарсын деген ниетти билдирген. Бул учурда келинге эч качан кара түстөгү түйдөк (жүн) берилген эмес, себеби жаңы келген келиндин жолу болуп, ушул үйдөн агарып-көгөрүп бактысын тапсын деген мааниде болгон. Жаңы келген, көшөгөдө олтурган келин ушул үч күндүн ичинде түйдөктү ийик менен ийрип, кайра чыгаруу керек болгон [494]. Бул учурда мыкты уз, сарамжалдуу болуп, кыз кезинде апасынын, эжесинин ийик иштерине кол кабыш жасап жүргөн тың кыз болсо, бат-баттан эле түйдөктү жипке айландырып ийрип бере алган. Келин тез аранын ичинде жүндү ийик менен текшилеп ийрип чыгарса, алкоолор болуп, кайын энеси бешенесинен сүйүп, атаганын (белегин) берип, ыраазычылыгын билдирген. Бул учурда жаңы босогону аттаган келин мааныйы ачык болуп, кайын журту менен тез тил табышууга өбөлгө түзүлгөн.

Муну менен алар жаңы курулган үй-бүлө аппак пахтадай таза болуп, ийиктей чимирилип кызмат кылып, үй-бүлөдөгү кепти сыртка чыгарбаган жар болсун деп тилек кылышкан. Ошондой эле бул жөрөлгө келин менен кайнененин таанышуусу, аны жаңы бүлөгө кабыл алуу катары эсептелген. Эгерде тескерисинче келген келин чоркок болсо, жүндү ийрий албай калса (наала[14] болгон) кайын журту наараазы болуп калары белгилүү. Ошондуктан келин жүн ийрий албаса акырын жеңелерин чакыртып, жүндү ийрип беришин суранган. Бул

[14] Наала – ичкилик кыргыздарында наразычылык билдирүү, казактарда каргыш айтуу деген маанини туюндурат.

салтты апалар кыздарына жаштайынан билдирип, тестиер кезинен эле жүн тытканды, ийикти кармап жүн ийригенди, килем токуунун сырларын үйрөтө баштаган. Муну менен кыз балдарды эртелеп эле турмушка даярдап, келечекте мыкты аял болууга жана ыймандуулукка, сарамжалдуулукка даярдаган. Негизи келген келин кайын журтуна эмгеги менен чыдамкайлыгы жана аракети менен жаккан. Кыргыздарда келинге карата тыюулар (табу) абдан эле көп кездешкен [494].

Лейлек өрөөнүндө ийикке жана түйдөккө арналган дагы бир элдин арасында аткарылып келе жаткан ырымдын түрү бар. Мында такай чеберчилик менен алектенип, жүн иштетип, ийик ийрип жүргөн кемпир өлүм алдында жатып, бирок оңойчулук менен жан бере албай кыйналып калганда бул ырымды жасашкан. Мындай учурда кемпирдин дайыма жүн ийрип жүргөн ийигин жана андагы түйдөгүн таап алып келишкен. Эгерде ийикте аягына чейин ийрилбей калган түйдөгү болсо ошол үйдөгү жашаган кемпирдин кыздары же келиндери тез аранын ичинде ийрип аягына чыгарат. Элдин айтымында ийик менен канча түйдөк калса, ошонун баарын толугу менен ийрип бүткөрүлгөндө гана кемпир көпкө кыйналбастан кудайга жанын берет деген ишеним сакталып калган. Бул салт элдин арасында азыр да болсо кездешип турат [495].

Жыйынтыктап айтканда, кыргыздардын килем токуу үчүн жүн каражатынан жиптин түрлөрү жана жип даярдоонун салттуу ыкмалары аныкталды. Кыргыздар килем токууга керектелүүчү келебе, түк, эриш, аркак жана жороп жиптерин жасашкан. Мында жиптерди ийрилүү, чыйратуу жүрүмдөрүнө көңүл бурулуп, жип сапаттуу текши ийрилгенде гана килем кооз чыгаары белгиленди. Жиптерди шилби, табылгы жыгачтарынан жасалган ийик менен колдо ийришкен. Айрыкча килемдин эришин жана түктөрүн ийрип даярдаган учурда анын сапаттуу ийрилишне көңүл бурулган. Ал эми килемди жороптоо үчүн атайын эчкинин кылчыктуу жүнү менен козунун жүнүн кошуп катуу чыйратылган жиптерди даярдап алышкан. Жоропту кээ бир учурда пахтадан да даярдашкан. Кыргыздардын үй шартында килем үчүн жиптерди даярдоонун салттуу ыкмалары эпчилдикти жана бир топ убакытты талап кылган.

Кыргыздардагы дээрлик ар бир үй-бүлөдө жип ийрүү, токуу, килем жана килем өндүрүшү бир катар жерлерде кол өнөрчүлүккө айланган.

### 3.3. Боёктор жана жип боёо жүрүмү

Кыргыздарда килемди даярдоо мезгилинде керектелүүчү жүндү боёо технологиясы маанилүү ролду ойнойт, себеби боёктор канчалык текши жугуп жакшы чыкса, ошончолук килемдин ажары ачылат. Салттуу килем токуу үчүн даярдалган жипти ийрип бүткөндөн кийин аны келебелеп алып, боёо жүрүмүн башташкан (12-сүрөт). Келебелөө (калава) бул жүндү ийрип бүтүп, аны аралыгы узунунан 50-60 см эки, ал эми кээ бир аймактарда үч казыкты жерге кагып алып ийрилген жипти ошол казыктарга ороп айландырышат, андан соң акыркы учу менен жиптин топтомун түйүп бышыктап байлап коёт да казыктан чыгарып алат. Бышыктап айландыруунун натыйжасында бир кынаптагы жазылган жипке айланат (45-сүрөт). Бул кыймыл-аракеттер ийрилген жүндү боёгондо текши боёгонго мүмүкүнчүлүк берет. Ошондуктан жүндү ийрип жипке даярдап алып, андан кийин гана боёого киришишкен, килем үчүн ийриле элек жүндү эч качан боёшкон эмес. Ийрилген жипти кургатып алып же суу бойдон да боёсо боёк жакшы алган [493].

XIX к. аягы - XX к. баш чендерине чейин кыргыздарда килемдер койдун жүнүнө боёк колдонулбай, табигый абалында токулган [492,493,494,495,496]. Килем жасоо кол өнөрчүлүгү өнүгүп, уз-чеберлердин ой-чабыты учкундап, алар табигый ак жана кара, күрөң, боз, көгүш түстөгү жүндөр боёкту талап кылбаган жүндөрдөн килем токушкан. Килем жасоонун мындай жолу боёо жүрүмү узак жана өтө түйшүктүү болгондуктан чебер аялдардын ишин бир кыйла жеңилдеткен. Килем жана килем буюмдарына арналган жиптерин боёп жасаганга караганда боёк бербей жасоо, алда канча жеңил болуп, килем жасоочуларга ыңгайлуу келген.

Элдин эстетикалык табитинин жогорулашы менен XVIII – XIX кылымдардан баштап өсүмдүктөрдөн алынган боёктор менен, ал эми XX к. башынан тарта химиялык боёктор менен боешкон.

Борбордук Азияда, анын ичинен Кыргызстанда дээрлик бардык түстөгү боёкторду бере ала турган өсүмдүктөрдүн 100 гө жакын түрүн кезиктирүүгө болот [303, 4-б.].

Кыргыздар өсүмдүктөрдүн сабагынан, жалбырактарынан, гүлдөрүнөн, мөмөлөрүнөн, уруктарынан, жыгачынан, кабыгынан боёк алышкан [134, 241].

Өсүмдүк боёктору азыр дагы эле уздар тарабынан кеңири колдонулуп келет. Биз карап жаткан өрөөндөрдө боёк өсүмдүктөр бардык жерде: шалбааларда, талааларда, чөлдөрдө жана жарым чөлдөрдө, эгин талааларында кездешет [426, 349-402-б.].

Өсүмдүктөрдөн табигый боёкторду алууну кыргыздар жакшы өздөштүрүшкөн. Табигый боёктордун сапатын камсыз кылуу үчүн өсүмдүктөрдү чогултуу жана аларды кургатуу эрежелерин сактоо зарыл болгон: кабыгы эрте жазда, жалбырактары толук ачылганда, боёк берүүчү чөптөр көбүнчө жай мезгилинде жыйналган. Ал эми боёк алынуучу гүлдөр – гүлдөө алдында же гүлдөп баштаганда жыйнап алынган [494, 492].

Адатта кыргыздар табигый боёкторду колдонуудан мурун жакшы желдетилген көлөкө жерде кургатып, андан кийин майдалашкан. Боёк берүүчү чөптөрдү негизинен жыгачтан жасалган сокуда сокбилектин жардамы менен ундай кылып майдалап алышкан. Кургатылган боёкторду кургак жерде кездеме баштыктарга салып, көбүнчө көлөкөдө, чатырларда сактап келишкен (55-56-сүрөт). Боёкко жарамдуу жыгачтардын жана бадалдардын кабыктары ширеси көп мезгилде, жалбырактар пайда болгонго чейин эрте жазда жыйналат [18, 46-б.].

Боёкту сыртта, ачык асмандын астында даярдашкан, анткени боёк аба менен өз ара катышышынан кийин түсү ачык болуп кулпуруп чыгат. Фергана өрөөнүндөгү калктар анын ичинде кыргыздар жибекти жана жүндү ар кандай

түскө боёшкон. Койдун жүнүн чылкый кара түстө болушу чанда гана кездешкен, килемге коОздук берүү үчүн жипти кара түскө да көп боёшкон.

Пахта буласы жибек же жүнгө салыштырмалуу боёкторду начар кабылдаган, бирдей эле боёо шарттарында боёлгон пахта буласы жибек же жүнгө караганда ач түскө ээ болгон. Чебер-килемчилердин табигый түрдө боёо – убакытты, чыдамкайлыкты, сабырдуулукту жана чеберчиликти талап кылган оор жүрүм болгон. Ар кандай боёктордун аралашуусуна же алардын тутумуна жараша жүздөгөн ар кандай  түстөрдү алууга болгон. Түстүн келип чыгышы да суунун курамына, абанын демине жана боёо менен байланышкан дагы башка шарттарга жараша болгон. Боёк көпкө сакталуусу үчүн тоолордон ачык ташты (нашатырь) казып таап келишип, майдалап боёкко кошушкан, ал эми кээде ачык таштын ордуна аш тузун да колдонушкан [493].

Өсүмдүктөн алынган боёктор табиятынан күчтүү жана алсыз делинип экиге бөлүнөт:

1. Күчтүү боёк берүүчү өсүмдүктөрдөн анардын кабыгы, жаңгактын сырткы кабыгы, тыттын, өрүктүн, эмендин, жаңгактын талы, кошениль, дарактын козу карындан эки жолу боёк эритмесин алууга болгон.

2. Алсыз боёк берүүчү өсүмдүктөрдөн ак гүлдүү өсүмдүк (ромашка) гүлдөрү, жаңгак жалбырактары, пияздын кабыгы, кына сабагынан, чырыштын тамырынан, ышкын түптөн, дан куурайдын (малинанын) жалбырагынан жана мөмөсүнөн,  карагаттын кургатылган мөмөсүнөн бир жолу гана боёк алынышы мүмкүн болгон [303, 6-б.].

Жүндү боёо жүрүмүнө чейин жүндү агартуу зарылчылыгы боло турган болсо, анда жүндү боёкту кабыл алууну жакшыртуу үчүн боёо алдында тоо этектеринде, адырларда өсө турган «ушлан чөбүн» терип келип, аны эзип алып, чыпкалап көлөмүнө жараша муздак суу кошуп жүндү  салып, тынықтырып коюшкан (57-сүрөт). Бир-эки күндөн соң жүндү алып, таза сууга бир нече ирет чайкап, жайып кургатышкан. Кургаган тазара түшкөн жүндү ийрип, жипке айландырып чыйратып башташкан [495].

Ал эми кийинчерээк XX к. башынан тарта химиялык жуучу каражаттардын жардамы менен жүндү агарта башташкан. Анда жүндү бир аз самын кошулган ысык сууга салып, толугу менен самын эзилгенче аралаштырылат. Андан кийин калган ысык суу кошулуп, бир тектүү масса алынганга чейин аралаштырылат жана жүн жиптерди бул эритмеде 45 мүнөттүн ичинде атайын таякча менен мезгил-мезгили менен оодарып турат. Агартуу жүрүмүнөн кийин жип сыгылат жана жылуу агын сууга жакшылап чайкалат. Боёкту кабыл алууну жакшыртуу үчүн чийки затты агартуудан кийин жана боёо алдында 2 саатка ачык таш кошулган эритмеге (1 кг жүн жипке 40 литр жылуу сууда эритилген 40 граммдай ачык таш керектелет) түшүрүлөт [303, 9-б.]. Кыргыздар элдик билим жана тажрыйбанын натыйжасында ачык таштын касиетин жакшы билишкендиктен, аны тоолордон алып келип колдонуу ыкмаларын жакшы өздөштүрүшкөн.

Өсүмдүктөн алына турган боёк эритмесин даярдоо иш-аракети үчүн казан жана жыгачтан жасалган тепши сыяктуу көлөмдүү идиштер керектелген. Идиштер көбүнчө тиричиликте колдонулбай калган, жараксыз болуп калгандарын гана боёкко колдонушкан, анткени кайнатылган ысык суу куюлган идишке өсүмдүк боёгу куюлат дагы, кайра ал идишти тамак-ашка колдонууга болбой калган. Тынымсыз аралаштырып, эритме бир саатка чейин акырындап кайнатылган. Боёо үчүн даяр эритме алдын ала электен сүзүлүп алынат, анткени жүндү боёгондо боёк алынуучу өсүмдүктүн калдыктары жүнгө жармашып калбай, таза болуш керек болгон.

Өсүмдүктү бир же эки жолу кайра боёк алуу үчүн колдонсо болот, ал алсыз же күчтүү боёочу күчкө ээ экендигинен көз каранды болгон. Жаратылышта кээ бир боёо жөндөмдүүлүгү күчтүү өсүмдүктөрдөн эки жолу боёк алынган. Бул үчүн, боёк берүүчү өсүмдүктү дагы бир жолу ысык сууга салып алынган жана бир чай кайнам убакыттай отто турган. Эритме чыпкаланып, биринчисине караганда экинчи ирет ачык түстөгү боёк даярдалып алынган [492, 495].

Чийки зат боёк эритмеге түшүрүлөт жана боёк бир калыпта сиңип, тактар калбашы үчүн тез-тез оодарылып турат. Боёодо жүндү тынымсыз аралаштырып, боёо бир калыпта болушу үчүн айландырып турушкан.

Боёгон учурда «*...байдын малына бөрү тийиптир, кырылып калыптыр ...* », - деген сыяктуу сөздөрдү, макал-лакаптарды айтышкан, андан соң боёкко салган [494]. Кайноо мезгилинде бат-баттан козгоп турбаса, салынган жиптер үзүлүп калган, ар бир салганда чай кайнам убакыттай кайнап туруш керек. Болбосо жиптер үзүлүп калышы мүмкүн. Боёлгондон кийин жүндөн жасалган жипти сарыктырып чыгарып, муздак агын сууга жакшылап чайкашкан.

Килемди токуганда кыргыздар дээрлик бардык белгилүү түстөрдү колдонушкан. Килем токуу үчүн арналган жиптерди өсүмдүк боёктору менен боёо ыкмалары элдик тажрыйба менен кылымдар бою иштелип чыккан. Фергана өрөөнүндөгү калктар көп учурда килемдеринин түстөрүнүн күчтүүлүгүнүн сырын жашырышып, сыр сактап келишкен[494].

Кыргыздардын килемдеги оймо-чиймелеринде кызыл жана сары түстөр аздектелген, анткени, элдик ишеним боюнча бул түстөгү буюмдар өзгөчө учурларда жана белгилүү турмуштук шарттарда колдонулган. Көбүнчө бир өңчөй ток кызыл түстү килемдин жалпы астына берилүүчү боёк катары колдонушкан. Лейлек өрөөнүндөгү Мурас (Маргун), Кулунду айылында, Баткен өрөөнүндө Бужум, Самаркандек айылдарында кыздын себиндеги дээрлик жууркандан тарта токулган килемдери кызыл түстө жасалган [494,495]. Мындан улам, кызыл жана сары – кубанычтын, шаттыктын, майрамдын жана бакыттын түсү деп эсептешкен. Сары түстү көмөкчү түс катары колдонушуп, күндүн нуру жана жарыкчылыктын жарчысы менен байланыштырышкан. Анткени күн жер бетиндеги бардык жашоонун булагындай аздектешип, ага сыйынып да келишкен [494,495]. Ал белгилүү бир ыйык ишеним түрүндө элдердин жашоосуна, алардын жашоо көндүмүнө кирген. Айрыкча күндүн символу кыргыздарда баш менен (күн баштуу адам – антрополгиялык белги ) теңелип салыштырылган [246].

Кыргыз уз-чеберлер сары түстү көп пайдаланган, ал туруктуулукту билдирген, кылымдар өтүп, доорлор алмашып, элдер пайда болуп, жашоодон өтүп, жашоо таанылгыс болуп өзгөрүп турат, бирок сары түстүн күчү, башкача

айтканда, түбөлүктүүлүктүн, туруктуулуктун белгиси болгон күн сыяктуу дайыма сакталып турат деп эсептешкен [493].

Килемдеги ак менен каранын алмашылганы күн менен түндү, кыш менен жайды, түштүк менен түндүктү, жакшы менен жаманды чагылдырып турат деген негизде токушкан. Ак түс күндү, жарыкты, жашоону билдирген. Көбүнчө ал тазалыкты жана аруулукту, бейпилдикти чагылдырган сары түс менен алмаштырылган (97-сүрөт, 115-сүрөт). Кыргыздар килемде кара түстү да мол колдонуп келишкен, бирок килемге керектелген кара, кызыл же ак түс менен айкалышкан (100-сүрөт). Ал эми сайма саюуда кара түстөгү жибектерди колдонушкан эмес. Бул караңгылыктын түсү болгондуктан, жаман рухтар жана өлүм жөнүндө ырым-жырымдардын коркууларын жана терс пикирлерди пайда кылат деп ишенишкен.

Жасалган кооздук буюм-тайымдарга, жипке, дегеле жүнгө килем токуудагы эң маанилүүсү түстү туура тандап берүү болгон. Чеберлер түстөр аркылуу табиятты, курчап турган чөйрөнү чагылдырып, туюндура алса ошончолук адамдын көзүн кубанткан, ички табитин канааттандырууну камсыздай алышкан.

Килемге колдонулуучу жүндөн жасалган жиптерди жана эриш-аркагын да боёлушу килем токуунун негизги шарттарынны бири. Бирок кээде боёо жүрүмү татаал болгонуна байланыштуу килемдин түктөрүн (токуу мезгилиндеги байлануучу жиптерин) гана боёшкон же эришин да кошо боёшкон, ал эми аркак боёлбой калып кеткен. Көп учурда килемдин түгүн чыгарган жиптери боёлуп, ал эми аркагы менен эриши боёлбой калган, ал килем токуган кыз-келиндердин дүйнө таанымына жараша болгон. Кээ бир чебер-уздар түгүн эле чыгарган жипти боёсо, эришин жана аркагын боёшкон эмес. Кай бирлери алдынкы түгүн жана эришин боёп, аркагын боёгон эмес. Бул жерден уздардын чеберчилигин килемдердин түсүнүн көп түрдүүлүгүнөн байкашкан.

Боёо үчүн өсүмдүктөрдүн ар кандай бөлүктөрү колдонулган: тамыры, кабыгы, гүлдөрү, мөмөлөрү. Мисалы, анардын кабыгы алтын түс берген; жаңгактын жемиштеринин кабыгы алтын күрөңдөн терең карага чейин;

жалбырактары, гүлдөрү алтын сарыдан ач сарыга чейин; пияздын кабыгы жумшак кызгылт көк түстө (эгер пияз  кырмызы-кызгылтым болсо) жана жумшак жылуу сары түстө (эгер пияздын кабыгы сары болсо); кына сабагы кызгылттан кочкул кызылга чейин түс берген. Мисалы жипке кызгылт - сары же болбосо кызыл өң-түс берүү үчүн ышкындын, кызыл мыянын (элде "кызыл чөп" деп аталган),  тамырларын жана  анардын кабыгын жана кызгалдактын жалбырагын да  пайдаланышкан. Кызгалдактын желекчелерин терип, кургатып алган соң аны бир саат кайнатып, туз салып даяр болгон боёкко келебе жипти салып бир сааттай кайнаткан. Андан соң суусун сарыктырып, дагы бир күн дымдап коюшкан Анын натыйжасында келебе мыкты боёлуп, ак жүн ач кызыл абалга келген [495].

Өсүмдүккө саргыч түс берген түстүү "сары чөп", сары чай чөп (лат. Hypercium / Зверобой, Сары чай чөптөрдөн) өсүмдүгүнөн сары түстү, бөрү карагаттан (лат. Berberis / Барбарис / Бөрү карагаттардан)  сары боёкту, арчадан (можжевельник) сары түстөн күрөң-жашыл түскө чейин алышкан (48-сүрөт). Арчанын тамыры жана жемиши да боёгуч касиетке ээ болуп, кеңири иштетилген. Мисте дарагынын мөмөсүнөн бозгуч деген кызыл боёк алынган. Табигый жол менен боёлгон жүндөн жасалган жиптердин өңү  көпкө чейин өчүп кетпей сакталган [494].

Чалкандан (лат. Urtíca / Крапива/Чалкандардан)  саргыч боз (беж, бежевый) түс алынган. Алгач чалканды жыйнап, жамгырдын суусуна салып 3-4 сааттай чылап коюшкан. Андан соң казанга куюп, койдун же эчкинин ак жүнүн салып, отту жай жагып (казандагы суу кайнап чыкпагандай кылып жагышкан) бир сааттай кармап, андан соң боёлгон суусун сарыктырып кургатышкан [494].

Эң эле көп колдонулган боёктун түрү пияз өсүмдүгүнүн кабыгынан алынган. Пиязды аарчып, анын жука сырткы саргарган бир кабатын  жыйнап алып, кургатып даярдап алышкан (158-сүрөт).  Андан ары боёктун негизин даярдашып, аны өтө көп кайнатпай, кайнаганга жете элек кайнайын деп калганда 5 чака  сууга  кургатылган 4-5 тутам пияздын кабыгын салып, 1 сааттай кайнатышкан. Даяр болгон кабыктарды сууга салып кайнатканда, коюу

кызгымтыл болгон суюктук пайда болгон, аны муздатып тундуруп алгандан кийин, пайда болгон боёк эритмени сүзгүч менен сүзүп алышкан. Кээде боёкчулар пияздын кыпыны боёлуучу жиптердин арасына кирип калбашы үчүн боёк алынуучу кургатылган пияздын кабыгын чүпүрөккө түйүп коюшкан. Кайнайын деп калган сууга боёкту салып, (кайнап кетсе боёк бузулуп калышы мүмкүн) андан кийин жипти салышып, такай токтотпостон аралаштырып турушкан. Даяр болуп калган боёкко, жипти салып бир же бир жарым саат убакыт улам кайнап турганда, жипти оодарып, анын текши боёлушун көзөмөлдөп турушкан. Бул пияздан алынган боёк канчалык коюу болсо ошончолук каныккан жыш саргыч түс берген [194], [18].

Боёлгон жипти сыгып, суу тунук болгончо муздак сууга чайкап, жакшы желдетилген жерде, көлөкөдө кургатышкан. Боек пияздын кабыгынын түсүнө жараша болот: кабыгы кырмызы болсо, анда өңү ач кырмызы, сары болсо – ачык алтын, ак болсо – сүттүн түсүндөй болгон. Пияз өсүмдүгү кыргыздарда көп пайдаланылган табигый боёк алынуучу өсүмдүккө кирген.

Уздар чычырканак (лат. Hippophae turkestanica / Облепиха туркестанская) (сүрөт) өсүмдүгүнүн жаш бутагынан, чырпыктарынан жана жалбырактарынан кара түстү, ал эми чычырканактын мөмөсүнөн күлгүн сары түстү алышкан. Чычырканактын ашын толук бышкан кезде терип алып, аны сыгып, ширесин боёк катары колдонушкан (159-сүрөт).

Килем үчүн айрым учурда жашымтыл түскө боёо зарылчылыгы жаралганда осмонун жардамы менен боёшкон. Осмодон (лат. Isatis tinctoria / Вайда красильная /Кайчы гүлдүүлөрдөн) (сүрөт) жашыл түстү жана күлгүн жашымтыл түстү алышкан. Эрте жазда осмону эгишип, бышкандан кийин жыйнап алышып, соолутпай туруп, суусун сыгып алып боёк катары пайдаланышкан. Осмонун суюктугуна, көлөмүнө жараша муздак суу кошуп, жипти салып чылап коюшкан. Осмону өсүп турган жеринен үзүп алып, дароо эзип, суюктугун чыгарып, агартылган жүндү боёп, ач жашыл түстү алышкан. Ал эми үзүп алган соң бир нече убакыт көлөкө жерге соолутуп, андан кийин суюктугун сыгып алып, жипти боёсо ток жашыл түскө ээ болгон. Ал эми

осмонун эки жылдык болуп саналган, майда сары гүлдүү суюктугунан боёкчу-чеберлер ток көк түстү алышкан (160-сүрөт). Осмонун боёочу сапаты катуу ысытканда күчүн жоготуп койгондуктан, аны кайнатуунун кажети болгон эмес [493, 494]. Кыргыз килем буюмдарынын орнаменттик көрүнүштөрүндө кеңири таралган түс жашыл түс - бул жаңылануунун, тынчтыктын жана туруктуулуктун түсү деп билишкен [492, 493, 494]. Бирок бул түстөр килем көчөттөрүндө фрагменталдык абалда гана кездешет. Алар болгону жаратылыштын түстөрүн реалдуу абалда чагылдыруу үчүн гана колдонулган: жаратылыштагы өсүмдүктөрдү, сууну, булакты, асманды. Көк жана жашыл боёктор көп сатып алынбаган чанда колдонулуучу түстөргө кирген. Жашыл жана көк түстөгү түктү эч качан килемдин астына бир өңчөй кылып токушкан эмес.

Жүндү боёй турган табигый каражаттардын бири - жаңгактын (Juglans regia) – перикарп (кабыгы), мөмөсүнүн кургатылган кабыгы. Жаңгактын мөмөлөрүнүн кабыгын бышкан учурда топтоп, көктөтпөй этияттап жакшылап кургатып алышкан. Жаңгактын кабыгы көп болгондуктан кыргыздар аны да табигый боёк катары байма-бай колдонушкан [241]. Жаңгак жалбырактары, жетилген жаңгактын кабыгы, мөмөнүн ичиндеги бөлүктөрү боёк каражаты катары колдонулган. Жаңгак дарагы мөмө алып, бышып калганда мөмөсүнүн кабыктары карарып күбүлө баштайт (2-сүрөт). Ач сары түстүн түрлөрүн жаңгак дарагынын мөмөсүнүн бышкан мезгилиндеги кабыкчаларынан алышкан. Ошол кабыктарын топтоп, кургатып, майдалап боёк жасоого даярдашкан. Кургатылган кабыктарын сокуда талкан сыяктуу кылып жанчып, абдан майдалап, андан кийин кебезге түйүп, сууга салып кайнатышкан. Бул даярдалган боёктон ачык жашылдан ак саргыл түскө чейин чыгарып алышкан. Жаңгактын бышып бүткөн соң карарып кургаган кабыкчаларын көп учурда чылкый кара түскө боёо үчүн да колдонушкан [493].

Жаңгак кабыгынан боёкту даярдоо үчүн 4-5 чака сууга 1кг кургатылган жана майдаланган жаңгактын кабыгын салып, 1 сааттай кайнатып, пайда болгон боёк эритмени чыпкалап алынган. Андан кийин ак түстөгү жүндү 5 чака сууга боёк эритмесине салышып, тындырбай аралаштырып турушкан. Боёо убактысы

1,5 саатты түзгөн. Боёгондон кийин жипти сыгып, суу тунуп тазарганга чейин муздак сууга чайкап, кургатышкан.

Ал эми адырларда жаз алды менен өсүп, күзгө карай гүлүн төккөн учурдагы чырыч, чыраш (лат. Eremurus / Ширяш) (53-сүрөт) өсүмдүгү да боёк катары кенен-кесир колдонулган. Тамырын казып алып, аны салкын жерде кургатып, майдалап атайын кебездерге ороп койушкан. Чырычтын кургатылган кабыгы менен жипти боёп, күрөң саргыч түстүү боёк чыгарып алышкан. Тоо этектеринде, адырларда, дөңсөөлөрдө өсүп, бийиктиги 60-180см ге чейин жетет. Аны бышып жетилген кезде, тамыры менен жулуп келип кургатылып коюлган. Колдонор алдында бир нече убакыт кургаган тамырды муздак сууга салып жумшартып тыныктырылган. Андан соң жүндү жумшартылган чырыштын суусуна салып, акырындап кайнатып боёй баштаган. Чырыштын тамыры, жалбырактары табигый желим катары белгилүү. Андан тышкары азык-оокат катарында да жашаң чырыштын чөбү жаз айларында кеңири пайдаланылат (56-сүрөт) [492].

Анар (Punica granatum) – перикарп (боёк алынуучу кабык), килем өндүрүшүндө боёк катарында да колдонулган. Орто Азиянын дээрлик бүт калктары анардын кургатылган кабыгын боёк катары кеңири пайдаланышкан. Анардын кабыгын болушунча топтоп, кургатып майдалап аны да көпкө кайнатып, кайнаган сууга жипти салып “ач сары” боёк болсо убактысын азайтып, ал эми “ток сары” түсүн ала турган болсо анардын кабыгын көп салып, узагыраак кайнатуу керек болгон [385].

Негизинен кызыл-сары түс алуу үчүн анардын кабыгын (3-сүрөт) пайдаланышкан. Анар кабыгы кара-күрөң жана каралжын түстү да берген. Түстүн жыйынтыгы жүндүн табигый абалынан көз каранды болуп, кызыл койдун жүнү кызыл-сарыны берсе, ак койдун жүнү киргил сары түстү берген. Ал эми чым кара түскө боёш үчүн өсүмдүк сиркесин кошкондо гана жеткиликтүү боёлгон [429, 17-22-б.]. Күз айларында анар бышып жетилгенде анын кабыгын жыйнап, кургатып, чүпүрөк капчыкка салып сакташкан. Кургатылган анардын

кабыктары керек учурунда сокуда майдаланып алынган. Анардын кабыгын боёктон тышкары элдик медицинада да кеңири колдонушкан [493].

Кына (хна) – тикенексиз Lawsonia (Lawsonia inermis) кургатылган жалбырактарынан жасалган боёк (161-сүрөт). Гүлдөө учурунда жыйналган жалбырактарын күн тийбеген жерде кургатып, камдап алышкан. Чеберлерге жиптерди боёо зарылчылыгы болуп калса, сокуга салып майдалап, андан кийин жиптерди атайын боёо эрежелери менен боёшкон. Кынадан алынган өсүмдүк боёгу жогорку температурада ысытылган, бирок кайнак эмес чоң чакадагы сууга сабактарын батырып, атайын сүзгүч менен сүзүп алышкан. Кына өсүмдүгү да “ток сары” боёк берген, аны өсүп турган жеринен кургатпай эле боёсо да жакшы түс берген. Мында кынаны үзүп келип, соку билекте майдалап жанчып алып, ага туз кошуп жылуу сууга аралаштырып алат. Алынган тундурмага жипти салып, таң атканча кармап турат. Андан соң жипти сыгып алып, кургатып жайып коюшкан. Мунун натыйжасында боз түскө боёлгон жипти түрүп алып колдоно беришкен [492]. Жүндөн ийрип жасалган жипти кайнайын деп калган сууга боёк эритмесин салып, тынымсыз аралаштырып, бир сааттай жыгач таякчалар менен аралаштырып боёшкон. Боёлгон жипти муздак агын сууга таза болгонго чейин чайкашкан. Андан соң аны башка табигый боёктор сыяктуу эле жакшы желдетилген жерде, көлөкөдө кургатып алышкан. Бирок кээ бир учурда кынанын түрлөрүн базардан да сатып алышкан.

Кынадан негизги алынуучу түс кызыл, кызгылт-ток сары болуп саналат. Кынаны Фергана өрөөнүндөгү элдер жана кошуна элдер сыяктуу эле салттуу түрдө денени, чачты, тырмакты кооздоо үчүн пайдаланышкан [385].

Кыргыздар жүндөн даярдалган жипти кандай гана боёкторго боёбосун баарына туз, өсүмдүк сиркесин[15], ачык таш кошуп боёгондо, боёктун ыраңы – (ичкилик диалект.) жугумдуу болуп жана кулпуруп күлгүн түс берерин билишкен. Жүндөн жасалган жиптерди боёо жүрүмүндө сөзсүз белгилүү өлчөмдө туз кошуп боёшкон. Анын бир жүйөлүү себеби жүндөн ийрилген

[15] Сирке-өсүмдүктөн алынган ачыткы (уксус)

жипке күбө көпөлөгүнө окшогон зыянкечтердин түшкөнүн алдын алышкан. Ошондуктан жүн жиптер боёлуп жатканда, сөзсүз түрдө туз мол салынып боёлгон. Ийрилген жиптерди боёгондон соң, жакшылап көлөкө жерде кургатуу үчүн жайып, кургап бүтөр замат жыйнап алышкан. Боёлгон жиптерди кургатып, эки башына байланган жиптерди чечип боёлгон келебени эки тизеге илип алып, түрө башташат. Боёлгон жиптерди тоголоктоп ороп, килем токууга ыңгайлуу кылып колдонушкан. Боёлгон жипти жерге кагылган казыкка илгенге болбойт, анткени ага топурак жана чөп-чар илешип калышы мүмкүн болгон 25 кг боёлгон жүн узуну 4 м туурасы 2,5 м болгон өлчөмдөгү килемге толугу менен даярдоого жеткен [494].

Кыргыздар килем үчүн колдонгон жиптин түстөрү негизинен кара түр – кара , кызыл түр – кызыл, ток көк түр – кочкул көк, ач көк түр – ачык көк, сарык түр – пияз сары, ак түр – ак , жашыл түр – жашыл, учурдагы ток кызыл түр – кочкул кызыл болгон [326, 515-б.]. Килемдин жиптерин боёгондо чеберлердин табитине жана мүмкүнчүлүгүнө жараша болгон. Көпчүлүк учурда кызыл, орто кызыл, күлгүн кызыл (розовый) кырмызы, жашыл, кара, сары, ток сары, көк, күрөн түстөргө боёшкон.

Манас эпосунун Сагынбай Орозбаковун вариантында кырмызы килем жөнүндө:

*Кырмызы килем салганы.*
*Айтып оозун жыйганча,*
*Аны-муну кылганча*
*үрбү келди үч миң кол,*
*Балыктын башы Көмөктөн,* - деген саптардан улам килем токуу жана аны колдонуу кыргыздарга жат эмес экенин билсек болот [251, 46-б.]

Андан тышкары Кыргыздардын кырмызы килемди барктап колдонгонун төмөнкү саптардан билсек болот:

*Кырмызы килем бул болсун,*
*Жалгыз бой жайын билесиң,*
*Казан-ашка карашар*
*Нара борчо калмактан*
*Он эки, он үч кул болсун,*
*Мен бечара жеңеңдин*

*Мөөсүлү бөлөк шул болсун»*, – деп айтылат [ 251, 270 - б.].

Кыргыздарда кырмызы түсүн кызыл түс менен айкалыштыра карай беришкен. Кырмызы түс өзү табиятта негизинен сейрек кездешкен боёк болгон. Кырмызы түстү кара карагаттын бышкан мөмөсүнөн алышкан. Жипти карагаттын ширесин сыгып алып, ага ийрилип кошмоктолуп чыйратылган жиптерди салып, 2 сааттай кайнатып алышкан. Мунун натыйжасында ач-күлгүн кырмызы (фиолетовый) түскө боёлушу күтүлөт. Чоң-Алай өрөөнүндө азыркы күнгө чейин кол өнөрчүлүктө карагат, бүлдүркөндү кызгылт боёктор үчүн колдонушат (162-сүрөт).

Ал эми индиго – ( гр. Indikon) Индиядан алынган боёк өсүмдүгүнөн көк түс берүүчү боёкту алышкан. Индиго өсүмдүгүнүн 250 гө жакын түрү бар. Аны байыркы мезгилден Батыш Азияда боёк катары жасап, башка элдерге таркаган. Ал эми боёкту алуунун сырлары өтө купуя сакталган.

Көк түстү (индиго) кыргыздарда айрым гана учурларда колдонушкан, аны кошуна өзбек элинен сатып алып турушкан. Алар өз кезегинде чыгыш мамлекеттеринен сооданын натыйжасында алып келип турушкан [429, 17-22-б.]. Килем даярдоодо уздар кызыл түскө өзгөчө маани берип, керек болсо аздектеп, килемге керектелүүлүүчү жиптерди боёло элек мезгилинде кылдаттык менен даярданышкан. Бардык эле жүн түрү кызыл түстүү боёкту сиңире алган эмес, мисалы кызыл койдун жүнү ток кызылга жакшы боёлгон. Ал эми ач кызылды алуу үчүн ак койдун жүнүн боёшкон [429, 17-22-б.].

Андан тышкары ар бир түстүн ыйык (сакралдык) маанисине да өтө көңүл бурушкан. Кызыл, сары, ток сары түстөрү жылуулук жана жакшылык тартуулоочу түс катары кабыл алынып, тамырынан кызыл боёк чыгуучу марена өсүмдүгүн сатып алып жиптерди боёп турушкан. Марена - (мармар, усач обыкновенный) - тамырынан кызыл боёк алынуучу боёк өсүмдүгү. Бул өсүмдүк Орто Азиянын аймактарында да кездешет. Бирок XX к. экинчи жарымында марена боёк өсүмдүгүн өстүрүү дээрлик толугу менен токтотулган [326, 349-402-б.].

Маренадан (мармар) тышкары А.Е. Фёлькерзамдын эмгегиндеги маалыматка таянсак ал жактан кошениль куртунан алынган кызыл, кырмызы боёктор жөнөтүлүп турган [429,17-22-б.]. Кыргыздар дагы башка Борбордук Азиянын жашоочулары сыяктуу эле кырмызы, кызгылт өңдөрүн абдан жактырышкан [331]. Окумуштуу А.Н. Куропаткин 1876-жылдары Кашгардан соода жолу менен Ош уездине 231 даана кошениль боёгу салынганын статистикалык маалыматына кошуп жазган. Ал боёктор Ош уезди аркылуу башка аймактарга соодагерлер тарабынан таркатылып турган. Бул боёктор эмен дарагынын бир түрүндө жашаган курттарды жыйнап, кургатып андан соң майдалап кызыл жана кырмызы түстөрдү алышкан [229, 62-б.]. Кытай маалыматтарында "гиббон маймылынын каны" менен Ху варварлары[16] килемдерин кызыл түскө боёшкондугун, бирок бул эмен дарагынан алынган *kermes* курттарын боёгу болсо керек деп божомолдошкон [469, 280-78-б.]. Демек түрк уруулары килемдерин табигый боёктор менен боёгонду билишкен болсо анда килем токуу биздин замандын I миң жылдыктын ортосунда эле жарым көчмөн түрк уруулары өздөштүрө алышкан деп тыянак чыгарсак болот.

Кызыл түстү бүлдүркөндүн жалбырагын кургатып, аны көлөкө жерде кургатып алышкан [1,6-б.; 9, 21-б.]. Кыргыздар кызыл, мала кызыл, ток сары, күлгүн сары түстөрүн жылуулуктун түсү катары кабыл алышкан.

Кыргыздар көк, күрөң, жашыл түстөрдү салкын түс катары баалаган. Жаратылыштагы бул түстөрдүн килемдеги айкалышуусу кыргыздардын өздөрү курчап турган чөйрөнү берип турган. Ар бир түс килемде орду-орду менен коюлган. Ошентип кыргыздар соккон килемдеринде көбүнчө кызыл түстөр басымдуулук кылып, анын артынан көк түстүү оймо-чиймелер берилет, акырында гана кара түстү жайгаштырышкан. Килемдерге берилген боёктордун түрүн көз үчүн музыка же болбосо сөзү жок уккулуктуу ыр деп мүнөздөгөн [429, 59-60-б.]. Кокон шаарынан соодагерлер тарабынан кошенильден боёктору алынып келип турган. Аны менен отурукташкан элдер негизинен жибек

[16] Тибет жана алтай урууларынын топтому (протомонгол уруулары).

кездемесин боёшкон. Бирок И.И. Гейер аны кокондуктар өздөрү жасабаганын, Коконго Индия мамлекетинен келсе керек деп божомолдогон [118,123-124-б.] .

Баткен өрөөнүндө кызыл түстү тыт дарагынын көбөгүнөн жана тамырынан да алышкан, айрыкча карт дарактарынын ички көндөйүндөгү көбөктөрү бир өңчөй болгон кызгылтым боёкту берген (163-сүрөт). Тыт жалбырагы жана кабыгы менен өзөгү түркмөн элинде да килем түктөрүн боёо үчүн колдонулганын окумуштуу А.Н. Пиркулиева тарабынан айтылган [331,146-170-б.; 492].

Дагы бир табигый боёктордун ичинен өзгөчөлөнгөн ит жүзүм (паслёна, санберри) өсүмдүгүнүн ашынан бир эле учурда кызгылт, жашымтыл, күрөң боёкторду ала алышкан. Анткени бул өсүмдүктүн жараталышта бир нече түрлөрү кездешет. Ит жүзүмдү негизинен жай мезгилинде терип, кургатып алып аны боёк катары колдонушкан (157-сүрөт).

Мисте дарагы (писта, фисташка) бир жыл мөмө берет, экинчи жылы мистенин ичи көңдөй болуп, мөмө салбай куруп калат, ошону Фергана өрөөнүнүн түштүк-батыш чөлкөмүн жердеген эл *бузгун, бужугум* дешкен (54-сүрөт). Бужугумду (лат. Galla /Бузгундж /Галлы) терип алып, кургатып, сокуга майдалап боёк даярдап, матадан жасалган баштыктарга түйүп алып коюлат. Антпесе боёк өзүнүн сапатын жогото баштайт. Бужугумду – *аламач* деп да аташкан. Жергиликтүү эл: “Мисте бир жыл мөмө салат, бир жыл бузгун (бужугум) салат”, - деп айтышкан. Бузгун бузулган деген маанини берсе керек, анткени бузгун салган жылы мисте мөмө бербей, данектери быша элек мезгилинде эле куурап калат[495]. Бирок кээ бир учурда бул табигый боёкту эле бербестен (бузгун,бузгунч, бужугум), жиптердин боёгун күчөтүүгө да колдонулган. Кээде бузгунду Кыргызстандын аймагына Самарканд, Бухара жана Кашгар шаарларынан соодагерлер тарабынан алынып келинип турган [228, 63-64-б.].

Дагы бир колдонулган боёк өрүк дарагынын кабыгынан жана тамырынан алынган. Өрүк бул көп жылдык бак өсүмдүгү болуп, узундугу бир нече метрге чейин узарып кетет [18]. Тамырын казып алып, аны кургатып майдалап, кайнаган

сууга салып  жиптерди кошо кайнатса, жүндөн ийрилген жиптер боёкту сиңирип алган (1-сүрөт). Андан тышкары боёо жүрүмүндө өрүктүн желимин да сары жана кара боёктордун сапатын жакшыртуу үчүн боёп жаткан аралашмага кошушкан, мунун натыйжасында боёктор сапаттуу чыккан. Ал эми ачык ташты, тузду дээрлик бардык эле боёкторго кошумча бышыктоочу зат катарында колдонуп келишкен [118,123-124-б.].

Айрыкча түстөрдүн арасынан кыргыздар кызгылтым түстөргө басым жасашкан. Бул түстү бүлдүркөн (малина) өсүмдүгүнөн да алууну жакшы өздөштүрүшкөн(163-сүрөт) [21, 126-б.].

Кыргыздар килемдин негизги көчөттөрүнө колдонулуучу жиптерин сары, ак сары, ачык сары түстөргө боёгон. Кокон шаарынын боёк базарынан Ташкент аймагында өсө турган «тухмак» деп аталуучу кургатылган чөптү сары түс алуу үчүн сатып келишкен.  Ал эми марена боёгу илимий адабияттарда «руян» деп аталат, анын тамыры Чыгыш Түркстан аймагынан алынып келинген [229, 61-б.]. Маренанын (руян) тамырын кургатып, андан соң тегирменде майдалап боёк жасашкан [493].

Куркума, сарыке, зарчава (Curcuma longa) – имбирь тобунан чыккан көп жылдык өсүмдүк, аны тамак – ашка татымал жана боёк катары колдонушкан. Табигый өсүмдүк болуп саналган куркуманын курамында куркумин заты болгондуктан   саргылтым же ток сары өңүн алууга болот. Куркуманы соода жолу менен Кыргызстандын аймагына алып келишкен. Боёо үчүн даярдалган, тактарынан тазаланган жана боёо алдында жуулган жүндү жылуу сууга чылап, кылдаттык менен туз кошулган. Суунун табын кайнаганга чейин жеткирип, бирок кайнай элегинде ага боёкторду салып акырындык менен кайната баштаган. Кайнап чыккан боёктуу сууга жипти салып, улам аралаштырып турушкан [495].

Жүндөн жасалган жипти боёлуп жатканда оодарганда чаташып калбашы үчүн бир нече жеринен кенеп (кенаф) жиптери менен же болбосо ошол эле жүн жип менен бууп байланат. Боёк салынып, кайната турган идиш канчалык чоң болсо, жиптер ошончолук бир калыпта текши сапаттуу  боёлгон.

Кыргыздарга соода жолдору менен анилин боёктору келе баштагандан кийин килем жана килем буюмдарынын түстүк айкалыштары бузулган [288, 88-б.]. Орто Азия чөлкөмүнө XIX к. аягында французпарга жана немистерге таандык болгон анилин боёктору кире баштаган. Бул боёктордун сапатына карабай, алардын арзан жана абдан ажарлуу түс бере алганына байланыштуу элдин арасына кеңири таралып кеткен. Бирок ошол эле мезгилде бул боёктор химиялык жол менен жасалганына байланыштуу жүндөн чыйратылган жиптеринин боёлгон өңү бат өчүп, күндүн нурунан жана нымдуулукта сапатын тез эле жогото башатаган. Ушул көрүнүштү А.Е. Фёлькерзам германиялык жана француз анилин боёктору Орто Азиянын килемдерине терс таасирин тийгизип, аз жерден килемчилик өнөрүнө өз кедергисин тийгизе жаздаган деп белгилеген. Орто Азияга анилин боёкторунун келиши менен элдин арасында килемдерди оңой эле боёп, болгондо да ар кандай түстөргө боёлушу байкалган. Карапайым калкка бул нерсе арзандыгы жана өтө кооздугу менен жага баштаган. Мунун натыйжасында килемдердин өндөрү көздү кубантканы менен, сапаты дээрлик начарлай түшкөн. Кайра табигый өңдөргө кайрылышууну каалаган эмес [429, 17-22-б.; 421,422]. Түктүү килем жасоо убагында мындай боёо ыкмасы узак убакытты талап кылган жана өтө түйшүктүү жүрүм болгон. Эгерде килем жасоого белсенген чебер айым өзү жүн боёо ыкмаларын жакшы аткара албаса, анда боёкчулук ыкмаларын жакшы билген боёкчуну белгилүү бир өлчөмдөгү эмгек акысын төлөп, жиптерди боёткону аргасыз болушкан. Ал эми XIX к. 70-жылдары кыргыз аялдары анилин боёкторуна басым жасай баштаган [288, 88-б.].

Анилин боёк эритмесин аралаштырып 1,5 чыны өсүмдүк сиркесин (уксус) жана 1 кочуш туз жана 0,5 чыны боёк салынган сууну алып, боёло турган жиптерди идишке салып, боёк эритмесин кайнаганга чейин акырындык менен ысытышкан. Жиптер кайнап жаткан боёк эритмесинде бир сааттай кайнап боёлгон. Эгерде бир сааттай кайнагандан кийин дагы эле жакшы боёлбой, жиптер жетиштүү түскө ээ болбосо, анда боёк эритмесин бир аз муздатып, анын жарымына (мурда алынган) сиркени кошуп, дагы жарым сааттай кайнатып боёп туруу керек болгон. Боёлгон жиптерди эритмеде аралаштырбастан муздатып,

алып салып, боёк суунун калдыгын акырын агызып, андан кийин гана жакшылап боёкторду сиңирип калат [494].

Боёлгон жипти жылуу сууга жакшылап жууп, таза болгонго чейин сууну алмаштырып төгүп туруу зарыл болгон. Жылуу сууга чайкагандан кийин боёлгон жипти муздак сууга чайкап, жуулган жиптерди мүмкүн болушунча жакшы сыгып, кургатып алышкан. Кургатуу учурунда жүндөн жасалган буюмдарды илип коюшкан эмес. Бул алардын чоюлушуна жана формасын жоготушуна алып келген «сызыктар» да пайда болушу мүмкүн болгон, Аларды жаткырып же атайын даярдалган жерге жайып коюп кургаткан жакшы болгон [492].

Кыргыз чебер килем токуучулары үй шартында кээ бир учурда канаттандырарлык денгээлде боёктор жукпай кала турган болсо, анын себептери жана аны оңдоонун жолдорун да билишкен.

Үй шартында боёп жатканда түсү көбүнчө тегиз эмес же темгилденип, ала-була боёлуп калышы мүмкүн эле. Бул көбүнчө боёктун туура эмес тандалышынан, боёо эрежелеринин бузулушунан жана боёлуп жаткан жиптердин начар абалынан келип чыгат.

Жипти боёп жатканда бир калыпта боёолбой калышы, негизинен текши аралаштырылбай, боёк эритменин боёлуучу материалдын көлөмүнө жетишсиздигинен, баштапкы түстүн бирдей эмес болуп калышынан, тазаланбаган ар кандай топурактагы тактардын, боёчу идиштерди кир бойдон колдонуунун натыйжасы болуп саналган. Боёлгон буюмдардын кээде боёктун ашыкча көлөмүнөн, майлуу жана кир нерселердин боёлуп кетишинен да болгон.

Ал эми бүгүнкү күндө Кыргызстандын түштүгүндө, атап айтканда, Баткен жана Лейлек аймагында боёлбогон койдун жүнүнөн салттуу түктүү килем жасоо абдан маанилүү [494, 495]. Буюмдарга түшүрүлгөн орнаменттер, элестер, өсүмдүктөр ж. б. көрүнүштөр адамдар тарабынан жакын кабыл алынып, адамдардын мүдө-тилектерин билдирет жана жакшылыкка үндөйт деп эсептешкен. Ошондуктан, буюмдарда чагылдырылган элестер, орнаменттер адамдардын таанып билүүсүн, кабыл алуу сезимдери менен тыгыз айкалышкан.

Жүндү иштетүүдө алгач тепшиге салып, агын суруга жууп, кээде жамгырдын суусуна салып жуушкан, күнгө жайып кургатып алган соң, колдо тытып, андан соң жүн таракка салып тарашкан. Коргошундан же таштан жасалган (ийик баш деп аталган, көбүнчө аны суудагы жылмакай ташты тандап, ортосун тешип кол ийикке баш кылышкан) ийиктин жардамы менен жүндү жана жипти ийришкен. Жүндү жипке айландырып ийрип, андан соң келебелеп алышкан. Даяр болгон келебелерди боёо үчүн алдын ала өсүмдүк боёкторун даярдашкан. Боёо жүрүмүн жүргүзүү үчүн очокко чоюндан жасалган казандарга отту жагышып, сууну кайнатып, чымкый кара түс алуу үчүн жаңгактын жалбырагын, кабыгын салып ийрилген жипти салышкан. Боёк жакшы жана бирдей кирсин үчүн жоон жыгач таяктын жардамында мезгил-мезгили менен оодарып турушкан. Боёо убактысы бир саатка жеткенде, боёлгон жипти казандан чыгарып алып, жыгач устундарга жайып коюшкан. Көбүнесе килем токуу жүрүмү жайдын ысык мезгилдерде жүргүзүлгөндүктөн 1-2 күндүн ичинде эле боёлгон жүн жиптер кургап токуу үчүн даяр болуп калган [493].

Фергана өрөөнүнүн түштүк-батыш аймагындагы кыргыздар эрезеге жетип калган кыздарын турмушка узатарда жүндөн килемдерди атайын токуп, сеп катары даярдашкан. Айрыкча Лейлек жергесинде түктүү килем жана араби килемди токуу жогору деңгээлде өнүккөн. Бул аймакта салттуу килемдерин жалаң жүндөн (эриши да, аркагы да) токулганы жогору бааланган (5-сүрөт). Негизинен килемдерди кара-кызыл түстөгү жиптер менен токулганы бааланып, ата-энеси тараптан кыздын себине жүл[17] жана араби килем беришкен. Килемдин аркагы да жана эриши да жүндөн жасалган, кара-кызыл түстөгү килем сепке беришкен, септеги буюмдардын дээрлик баары кызыл боёкто берилген. Эриши же аркагы жиптен жасалса, килемдин баасы төмөнүрөөк болгон. Фергана өрөөнүнө жакын жайгашкандыктан пахтадан да килемдерди токушкан. Пахтадан токулган килемдер жагымдуу болуп жана күбө түшкөн эмес, бирок жүндөн токулган килемдей жылуулук бере алган эмес [1, 4-9-б.].

[17] Жүл - бул түктүү килемдин Лейлек районундагы жергиликтүү диалектиндеги аталышы

Ач сары же болбосо исперек түс (ак бышар өрүктүн түсүнө салыштыруу) - “исперек чөптөн” алышкан. Азыркы күндө Кыргызстандын айрым түштүк райондорунда исперек чөптү ач саргыл түс алууда колдонуп келишет (48-сүрөт). Эрте бышкан өрүктүн айрым ак саргыл түрүн «исперек өрүк» деп аташат. Исперек өсөмдүгүнүн жардамы менен кыргыздар ач сары түстү алганга жетишишкен. Андан тышкары жүзүм жалбырактары, анардын кабыгы, тыт дарагынын катталган кабыгы да түс берүүчү каражаттар катары каралат [288, 36-б. 494].

Кыргызстандын аймагында өскөн кермек өсүмдүгүнүн тамыры (Statice gmelini) килем өндүрүшүндө жиптерди боёо үчүн кеңири колдонулган [385]. Кермектин тамыры күрөңгүч кызгылт түстү бере алган [134, 268-б] .

Үй шартында чийки затты боёодо алгыр кабыгы (Alnus glutinosa), эмен кабыгы (Quercus sp.), алмуруттун кабыгы (Pirus) көп колдонулган. Жүндү иштетүүдө негизинен боёк алуучу каражат катары кызмат кылган [385].

Жыйынтыктап айтканда алгач кыргыздар жүн менен байланыштуу болгон кол өнөрчүлүгүндө эч кандай боёкторду колдонбостон, табигый абалында эле иштетип келишкен. Негизинен табигый түстөгү ак, кара, күрөң, кызыл, көк койдун жүндөрү табигый түрүндө иштетилген. XIX к. аягы – XX к. башында килемди товар катары өндүрүү маселеси жаралып, кыргыздар килем токуу үчүн арналган жиптерди өсүмдүк боёктору менен бойой баштакан. Бирок кооздукка умтулуу менен эстетикалык табиттин жогорулашынын натыйжасында кыргыз уз-чеберлери өсүмдүк боёкторун мыкты өздөштүрүп алышкан. Өсүмдүк боёкторун үй-шартында жасап, андан тышкары өсүмдүк боёктору менен жипти боёо техникасын билип, эгерде колунда кайсы бир боёктор жок болуп калса аны соодагерлерден сатып алышкан. Салттуу кол өнөрчүлүктөгү түстөрдү тандап алууда, алардын көркөм кооздугу жана практикалык жагы гана эске алынбастан, анын ден соолукка тийгизген таасирин жана сакралдык ишенимдерин эске алышкан. Чеберлер килем жана килем буюмдарын элдин табитине жараша көркөмдүү жасоону мыкты өздөштүрүшкөн. Мында жүндөн жасалган жиптин түрлөрүн табигый боёктор менен сапаттуу боёо ыкмаларын элдик билимдердин

жана тажрыйбанын натыйжасында так ишке ашырышкан. Табигый боёкторду өздөрүн курчап турган айлана-чөйрөдөгү жаратылыш берген жана колдо өскөн өсүмдүктөрдөн алышкан. Боёкторду зарыл өлчөмдө бири-бири менен аралаштырып, жаңы түстөгү боёкторду алууну өздөштүрүшкөн. Килемдеги ар бир көчөттүн боёкторуна астейдил мамиле жасашып, түс маселелерин чебердик менен чечип, карама-каршы түстөрдүн айкалышын колдонушкан. Адабий булактарды жалпылоонун жана килем токууда өсүмдүк боёкторун колдонуу боюнча кыргыздардын элдик тажрыйбасын изилдөөнүн негизинде өсүмдүк боёкторунун бир нече түрү аныкталган, алардын ичинен эң баалуу түрлөрүнө изилдөө жүргүзүлүп анализ берилди. Учурда килем токуу өнөрүн кайра жандандыруу өсүмдүк боёкторуна кайтып келүү менен ийгиликтүү ишке ашырылышы мүмкүн.

## 3.4. Токууда пайдаланылуучу эмгек куралдары

Орто Азиянын аймагында колдо токулган салттуу килемдерди жана килем токуу ыкмасы менен даярдалган буюмдарын токуу үчүн колдонулган килем дүкөндөрү жайгашуу абалы боюнча горизонталдуу жана вертикалдуу болуп экиге бөлүнөт. Горизонталдуу дүкөндөр конструкциясы (куралмасы) жерге жайгаштырылып, килем канчалык массивдүү болсо да токуу абдан ыңгайлуу болгон. Вертикалдуу курулган дүкөн жайгашкан жеринин тегиздигине перпендикуляр жайгашкан, адатта, өрмөк жана түксүз килемдерди өндүрүү үчүн колдонулат. Вертикалдуу килем токуучу дүкөндөр чакан, орто жана чоң өлчөмдөрдө болгон.

XIX кылымдын аягы - XX кылымдын башындагы кыргыздардын килем токуучу куралма дүкөндөрү кошуна элдердин (түркмөн же өзбек) куралма дүкөндөрүнөн айрымаланган эмес. Кыргыздарда согулган килемдерди өндүрүү үчүн колдонулуучу килем токуучу дүкөндөр эң жөнөкөй болуп, бир эле түрдүү келет. Кыргыздарда негизинен килем токуу дүкөнү жөнөкөй горизонталдык типке ээ болуп, элдин чарбасына жана жашоосуна ылайык куралган (21-сүрөт).

Дүкөн жыгачтын ар кандай түрлөрүнөн жасалып, жөнөкөй түзүлүшкө ээ болгон. Бул жыгач куралмасы кустардык абалда ушул күнгө чейин сакталып калуу менен бирге, өзүнүн практикалык маанисин жогото элек. Бул килем токуу үчүн жасалган куралма дүкөнү тик бурчтуу жыгач каркастан туруп, аны бир бөлмөдөн экинчи бөлмөгө алып жүрүүгө оңой болгон. Анын туруктуу бекем болушу үчүн кээде каптал жыгачтардын төмөнкү учтары же таянычтары жерге бекитилет, кандай болгон күндө да, бул дүкөндүн конструкциясы катуу, ишенимдүү, күчтүү жыгачтан жасалган. Андыктан кыргыздар дүкөндү жыгачтын бышык деп эсептелген карагай, арча дарактарынан жасашкан, эгерде карагай жыгачына жетпей калса, теректен да жасашкан. Дүкөндүн узуну 6 метр, туурасы 3-3,5 метр болуп учтары бири бирине ашталып жасалат. Бул жыгач куралмасында эч бир мык колдонулбайт. Чакан дүкөндөрдүн ортосундагы жыгачтардын туурасы 1,4 метрге чейин, орточосу 2 метрге чейин, чоңу 3 метрден ашкан курамга ээ болот. Килем согулуучу дүкөндүн туурасынан жана узунунан келтирилген атайын жыгачтары бири-бирине ашталган соң дүкөн орнотулуп бүткөн болуп эсептелет. Жөнөкөй горизонталдуу дүкөн конструкциясы ар бир килем согуу менен алектенген үй-бүлөдө жасалган. Эгер дүкөндү жасай албаса, бирок килем токула турган зарылчылык келип чыкса, анда чеберлер айыл ичинен башка бирөөнүн дүкөнүн сурап алып турган. Дүкөндү ат арабага же эшек арабага жүктөп алып келип куруп, килемди сого беришкен. Эгерде кошуналардан эле дүкөн табылса, анда анын жыгачтарын көптөшүп эркек балдар көтөрүп эле килем жасала турган үйгө жеткирип беришкен. Килемди согуп аяктаган сон кайрадан дүкөндү ээсинин үйүнө жеткирип беришкен [492].

Дүкөндүн каптал жыгачтары эки горизонталдуу күзүк (21-сүрөт) жана кылыч дүкөндүн ичине кыстарылган жипти чыңдоо үчүн кызмат кылган устундардан турат. Дүкөн бекем жайгашышы үчүн узундугу 1 метрге чейин, диаметри 14-16 см келген төрт жыгач казык алынып, алардын узундугунун үчтөн экиси ченелген төрт бурчтуктун бурчтарына, узундугу жана туурасы токулуучу килемдин өлчөмүнө туура келтирилип, жерге кагып киргизилген. Килемдин туурасын түзгөн казыктардын ар бир жубуна жерден 12-15см бийиктикте бирден

жайгашкан горизонталдуу түрдө шыргый жыгач менен бекитилет. Дүкөндүн жыгачтарынын бурчтарына казыктар кагылып жакшылап бекемдеп койбосо, дүкөн тик бурчтуктан кыйгач абалына өтүп, килемдин формасында кемчиликтердин пайда болушуна алып келген [293].

Колдо токулган салттуу килемдерин токуу учурундагы колдонулуучу шаймандар: токулган түйүндөрдү бышыктап ургулоочу жыгач токмок, түк кыркуу үчүн кайчы, жипти байлаган учурда кесүүчү бычактар.

Килем токууда бычак токулган түйүндөрдү кыркуу үчүн колдонулат. Бычактар жакшы болоттон, ал эми туткасы жыгачтан жасалган. Сактоого оңой болушу үчүн, кайырма бычактар кээде бүктөлүп жасалат (156-сүрөт).

Килем токмоктору (20-сүрөт) аркак жипти байланган түктөрдүн арасына ырааттуу тегиздеп кадоо үчүн жана байланып түйүлгөн түктөрдү бышыктап ныктоо үчүн колдонулат. Мунун натыйжасында килемдин тыгыздыгы жогорулап, килем бышык болуп токулат. Токмоктор катуу жыгачтардан: өрүктүн, жаңгактын, тыттын сөңгөгүнөн жасалган (114-сүрөт).

Баткен аймагында токмоктор көбүнчө өрүк жыгачынан жасалат. Узуну 50-60 см, ал эми туурасы 30см келген өрүк жыгачынын текши бөлүгүн кыркып алып, аны уйдун, койдун кыгына жети жылга чейин көмүп коюшкан. Жети жылдан кийин жыгачты алып чыгып, тазалап жонуп токмокту жасашкан. Токмоктор жыгачтан жонулуп жасалып жатканда, тиштерин да кошо эле оюп, өзүнөн чыгарып жасалган (66-сүрөт). Көлөмү боюнча он тиштүү, орточосу он эки тиштүү, чоңдору он сегиз тишке чейин жеткирип даярдалган. Токмоктун ар бир тиштерин тегерете жонуп, жакшы жылмалап чыгарышкан. Ал эми токмоктун туткасы балканын сабындай болуп жыгач туткасы менен аяктайт. Токмоктун туткалары түз болуп, узундугу 30-40 см жетип, ал эми орточо чоңдуктагы токмоктун салмагы 400-800 г, өтө чоңдору 800-1000г же андан көп болот [493]. Андан ары даяр болгон токмокту малдын ысык майына салып, чай кайнам ашырып кармалат. Бул ыкма менен жасалган токмоктор кыпкызыл түскө ээ болуп, жарылып кетпей көпкө дейре кызмат кылган. Токмоктор атайын боёкко салынган эмес, жыгачтын табигый түсү кандай болсо ошондой бойдон калган.

Өрүктөн жасалган токмоктор өтө бышык болуп, канча катуу урулса деле килемдин жиптерин кыркып кетпей, бекемдеген. Бул ыкмада жасалган токмоктор килем токуган чеберлердин колун дагы жоорутпай, мыкты курал катары алардын купулуна толгон. Мындай токмокторду килем токуган чеберлер кайсы үйгө килем соккону жардамга бара турган болсо, ошол үйгө дайыма өзү менен алып жүрүшкөн. Андан тышкары айылдагы килем соккон башка чеберлер да мындай мыкты сапаттагы токмокторду ээсинен сурап алып иштетип турган (114-сүрөт) [492].

Токмоктор жаңгактын жана тыттын сөңгөгүнөн да жасалып, кызгылтым, саргыч күрөң түскө ээ болгон, ал эми салмагы боюнча өрүктөн жасалган токмокторго караганда бир аз жеңилирээк болгон (9-сүрөт). Килем токуу жүрүмүндө токмоктун салмагы да килемдин сапатына таасирин тийгизген. Килемдин аркагын өткөрүү учурунда аны бошураак кылып өткөруп алат, эгерде тартып өткөрүлгөн болсо тараң[18] болуп килемдин көлөмү бузулуп калган. Андан соң токмоктоо менен бышыктаган, алгачкы токмоктоо учурунда 10 -12 жолу колду улам бийиктетип көтөрүп ургулаган. Токмок бийиктен күүлөнүп урулган сайын токмоктун күчү натыйжалуу болот. Килемчи уз-кыздар токмокту эпчилдик менен ургулабаса ар кандай жараат алып калган [495]. Килемдеги түктөрдү тегиздеп кыркуу жана тараштоо (түктөрдү тегиздеп кыркуу) атайын килем кайчылардын жардамы менен ишке ашырылат. Килем кайчы жогорку сапаттагы болоттон жасалган, жакшы катууланган, курчуган жана серпилүүчү бычактары (лезвия) колдонууга ыңгайлуу жана токуучунун колун чарчатпаган болушу керек эле. Атайын килем кайчыны колдонгон жакшы, бирок көбүнчө үйдө узун бычма кайчыны да колдонушкан (114-сүрөт).

Кыргыздардын салттуу килемдеринин токуу учурундагы түзүлүшү, адатта, жиптердин айкалышынан турат: *эриш* жана *аркак*. Эришке арналган жип узунунан, ал эми аркак жиби килемдин туурасына кеткен багытында жайгашкан. Эришке түк байлангандан кийин эришти аралатып, аркак жиптер байланган

[18] Тараң-өтө тартылып, бышык абал

түктү бекемдеш үчүн өткөрүлөт (113-сүрөт). Эриш жана аркак жиптери белгилүү бир тартипте бири-бирине чырмалышып, түк байланганда килемдин токулушуна шарт түзүлөт. Көбүнчө ушул токуу чеберчилиги менен килемден тышкары кадимки токулган түктүү *куржундардын түрлөрү* (16,19-сүрөт), *аттарга өңөрүлүүчү эки көздүү куржундар* (14-сүрөт)*, баштыктар* (23-сүрөт), *торболор* (13-сүрөт) *чабадандар* (4-сүрөт) даярдалган.

Токуу үчүн жипти сол колдун сөөмөй жана баш бармагы менен кысып, чебер оң колу менен бычакты кармайт, андан кийин жипти оң тарабынан эриштин астынан алып өтүп тарта оройт, экинчи эришке жипти илмек кылып илип андан кийин бычак менен жипти кесип коёт [494,492].

Бир жолку эришке байланган түктүн узундугу кыркуунун алдында 3см чейин болсо, кырккандан соң, орточо эсеп менен 2,3 см – 2,5 см чейин кыскарат. Кыргыздар кош байлам түйүнү менен килем токуган үчүн башка килемдин түрлөрүнө караганда эң массивдүү жана бышык болуп саналат. Адатта, килемдин 1 чарчы метринде 140 миң ге чейин түйүн байланат [494, 492].

Килем токуу үчүн эриш жиби жана аны дүкөнгө жүгүртүү ыкмасы да өзгөчө эсеп менен жүргүзүлгөн. Килем токуу үчүн алгачкы кадам бул дүкөндүн жыгачтарына эришти ороп толтуруу менен башталган. Эриш үчүн даярдалган жибин атайын тоголото ороп, дүкөндүн үстүнкү жана астыңкы тушташ турган (паралель) жыгачтарына жипти үзбөй жүгүртүп, капталдагы жыгачтарга 10-15 эли жеткирбей токтотушкан. Эриштин жиптери дүкөн жыгачтарына тегиз жана бир аз чыңалуу менен тартылып жүнүртүлгөн. Эгерде эриштин жиби бошураак оролуп жүгүртүлүп калса, кийинчерээк аларды дүкөндүн жогорку тарабына жайгашкан жыгачтарына оролгон эриш жиптеринин астына жыгачтардын кесиндилерин өткөргөндө, эриштин жиптери бир аз тартылып бекемделген. Эми жүгүрүлгөн жиптерин так жана жуп же алдыңкы жана артка бөлүү үчүн 8-10 эли тегерек таякчаны алып, анын үстүндө керилген эриштин четинен дүкөнгө чейин катарын бузбастан бир жипти алдыга, экинчисин артка, үчүнчүсүн алдыга, төртүнчүсүн артка жана ошентип, аягына чейин килем токуу үчүн курулган дүкөнгө керилген жипти бүт туурасы боюнча байлап өткөрөт. Мунун

натыйжасында эриш астын-үстүн болуп чаташканда, арада боштук пайда болот, бөлүүчү таякчанын алдында алдыңкы - так ийилген эриш жиптер, бөлүүчү таякчанын артында арткы жуп эриш жиптер өтүп, аркак өткөрүү үчүн алардын арасынан чеберлердин алакандары эркин өтүшү керек [492, 493, 494, 495].

Килем токуу мезгилинде маанилүү орунду жороптоо жүрүмү ээлейт. *Жороп* сөзү колдо токуу ыкмасы менен чыйратылып жасалган жипти түшүндүрөт. Бул сөздүн дагы бир мааниси жороп-тикен (липучка) өсүмдүгүн түшүндүрөт [494]. Килемдердин эки капталынын четиндеги эриш жиптерин *жороптоо* жүрүмү төмөнкүдөй болот. Килемдин эки капталындагы четки эки же үч эриштери түк менен байланбай (токулбай) бош калтырылат. Алардын ар бири килем башталгандан бүткөнгө чейин узунунан атайын ийрилип даярдалган, бышык чыйратылып коюлган жип менен оролот. Мунун натыйжасында килемдин четтери тыгыз, бекем жана килемдин негизги түсү менен бирдей түстө болот. Килемдин эки четиндеги жороп жиби менен чырмалганда килемдин четки түктөрү тегиз жатып, жороптолгон эриштери килем талаасындагы байланган түктөрүнөн ажырап турат. Килемдин четин түзүүгө катышкан эриш жиптеринин саны анын кеңдигине жараша ар кандай: эки, төрт, алтыга чейин болот да, аларды эриш жиптери менен ороп жөрмөп чыгат. Эриш жибин жороптоп ороп чыккандан кийин мында аркак жип ортодогу жипти кармап, бирок жоропко жетпей тегерете айлантат. Четтин жибин жороптоо аркак жибин орогондон кийин ар бир жолу жүргүзүлөт. Мындай ыкма менен ороп коюу килемдин негизи менен четин бекемдеп байланыштырып турат [494].

Килем токуу боюнча үлгү чийме жасоо салттуу килем токуу учурунда өзгөчө маанилүү болгон. Чиймелерди түзүүдө эки негизги ыкма бар: эсептөө жана атайын даярдалган үлгүлөр.

Килемдерди токууда чеберлер негизинен байланган жиптерди эсептөө ыкмаларын колдонушат. Тажрыйбалуу уздар атайын чийилген үлгүнү карабай туруп, эс-тутуму менен эле килемдин бетине ар кандай көчөттөрүн түшүрө алышкан. Ал эми азыркы учурда кээ бирде килем токуу мезгилинде чийменин үлгүсүн жасоого туура келет. Анда атайын кош кагазында жасалып, иштөөнүн

ыңгайлуулугу үчүн чоң квадраттар кара сызык менен сызылган. Узундугу жана туурасы 1,5мм жана 3мм ден ашпаган кичинекей чакмак көздүү кагазы кеңири таралган. Чоң чакмактар 8х8 же 10х10 кичинекей чакмактарга бөлүнөт. Килем токуу жүрүмүндө оймо-чиймени кагазга туура бөлүштүрүү жана аны кайра чыгаруу абдан ыңгайлуу болгон. Эреже катары, сүрөт түстүү боёктор менен жүргүзүлөт. Тигил же бул түскө боёлгон коштоо кагазынын ар бир кичинекей чакмагы шарттуу түрдө бир токулган түйүнгө туура келет.

Килем токулуучу дүкөн жерден болжол менен 20-30 см бийик жайгашышы керек, анткени чеберлер килемди олтуруп токуганда ынгайлуу болуп турушу керек. Килемди токуп жатканда түк жиптерин эришке түйүп (түйүн) байлап жатканда манжаларынын жардамы менен байлашып, башка көмөкчү курал пайдаланышкан эмес. Килем токуу эриштин жаптерин түйүнүн байлоо, түйүндү ордуна токмоктоп түшүрүү жана токулган жиптин учтарын кесүүдөн турат. Килем түйүндөрүн байлаардан мурун эң четки эки жуп жипти жоропко таштап коюп, андан ары эриш жибинин бир жубун бармак баш, сөөмөй жана аты жок манжанын жардамы менен жипти эриштин четинен ортосуна карай чырмап байлап барып, кийинки четиндеги дагы эки жуп эришти жоропко калтырып коёт. Килемди согуп жатканда, чеберлердин санына жараша көчөттөрдү жайгаштыруу үчүн токуу аралыктарын эсептеп белгилеп алышып, бирин-бири толуктап жиптерди эришке байлоо тартибин уланта беришет [491, 494, 492].

Адатта, эришке байланган түйүндөрдүн ар бирин байланып бүтөрү менен колундагы бычак менен кесип турган. Минтип токуу учурунда килемдин түктөрү өскүлөң болуп калат, бир катарын толугу менен байлаган соң килем кайчы менен кыркылып тегиздеп коюлат. Эки же үч катар байлаганда кыркылса тегиз болбой бузулуп калышы мүмкүн болгон. Түктү тегиздеп кыркууда кайчынын кесүүчү тегиздиги түктүн учтары менен тик бурчта ($90^o$ та) жана килемдин негизине параллелдүү болушу керек. Эгерде кайчынын кесүүчү тегиздиги жантайыңкы абалда болуп калса, анда килемдин токулган түктөрү кесип алуу учурунда, килемди бузулуп калышына алып келген. Эгерде атайын килем кайчы жок болсо

жана жөнөкөй кайчы колдонулса, түктү бардык туурасы боюнча тегиз чалыштап кесилгенине ынанганга чейин кыркып алуу үчүн колдонулат. Чалыштоо же тараштоо – бул байланган түктөрдү 10-15 см токулуп кыркылгандан кийинки кайрадан кайчы менен кыркылып тегизделиши. Килемдин түктөрү тегизделип кыркылгандан кийин килемдин кийинки катары токулат, дагы жогорудагы ыкмалар килем токулуп бүткөнгө чейин кайталанат (21-сүрөт).

Килем токуу учурунда кыздар бычак же кайчы менен колун кокустан кесип ала турган болсо, анда ошол эле килемдин жиптери менен ороп байлап алышкан. Бул жиптерди боёгондо туз кошуп кайнатылып боёлгон үчүн оң таасирин берген. Эгерде өтө көп кесип, кан токтобой атса жүндү күйгүзүп анын күлүн кесилген жерге сээп, кебез менен байлап коюшкан. Айрыкча төөнүн жүнүн күйгүзүп, анын күлүн кан токтобой жаткан жерге себелесе тез арада кан токтогон [493]. Андан тышкары килем токуу куралдары болгон бычак жана кайчыларды бала-чака катылбасын деп олтурган жердеги төшөктөрдүн астына мыктылап бекитип коюшкан, алардын уч тарабы килемдин согулган башына карата жайгаштырылып, төшөнчүлөрдүн астына киргизип коюлган [492].

Кыргыздардын жерге төшөлүүчү килемдери өтө жыш, 1 чарчы метр жерге 600дөн 2400гө чейин түйүн токулган. Бул килем токуган кол өнөрчүлөрдүн чеберчилигине жана тажрыйбасына жараша болот. Килемдердин жалпы аянты ар түрдүү - 3 чарчы метрден 20 чарчы метрге чейин, ал эми узундугу менен туурасынын ортосундагы айырма адатта, бир метрден ашпайт, мисалы 350 х 250 см, 370 х 270 см, 90 х 180 см, 400 х 300 см жана 500 х 400 см. Кол менен жасалган килемдин 1 чарчы метри болжол менен 4 кг га барабар. Мындай токулган килемдер туруктуу жана бышык, алар көпкө чейин эскирбестен, убакыттын өтүшү менен бышыктыгын жоготпой сакталып турган. Кыргыздар орточо көлөмдөгү кийиз жасоо үчүн 4 кг жүн сарпташакан, салыштырганда кийиз абдан жеңил экендигин көрсөк болот. Бул өз кезегинде көчүп-конуу шартында абдан эле ыңгайлуу келип, кыйынчылыктарды жараткан эмес.

Жыйынтыгында, Кыргызстандын аймагында жаратылышынын өзгөчөлүгүнө жараша мал чарбасынын продукцияларынын арбын болушу килем токуу кол өнөрчүлүгүнүн өркүндөп кетүүсүнө өбөлгө түзүлгөн. Килем токуу куралдары болгон дүкөн, ийик, токмок, кайчы, бычак ж.б.у.с. куралдардын жасалуу ыкмалары, алардын жасоо каражаттары, куралдарды колдонуу ыкмалары аркылуу кыргыздардын колдонмо искусствосундагы эволюциясы каралды. Жогоруда аталган килем токууда колдонулган куралдардын ар биринин жасалуу жана колдонуу ыкмаларына токтолуп, килем токуу кол өнөрүндөгү орду аныкталды. Андан тышкары жогоруда аталган эмгек куралдарынын ар бирине байланышкан семиотикалык баа берүү жагы каралып, алардын турмуш тиричиликтеги салттуу маданият менен байланышы аныкталды.

### 3. 5. Токуу жүрүмү жана токуунун салттуу ыкмалары

Кыргыздардын колдо солгулган килемдерин керектөө жана колдонуу – анын баалуулугун аныктоочу маанилүү белгилеринин бири. Лейлек өрөөнүндө Мурас (мурдагы Маргун), Жети-Таш (мурдагы Даргун) айылдары согулган килемдин кени катары эсептелип, сапаты боюнча бышык жана көркөмдүү деп таанылат. Ал эми Кулунду жана Сүлүктү аймактарындагы килемдер эң кооз, өзгөчөлүгү менен айрымаланат, айрыкча Чоң-Алай аймагынын килемдери калың токулган салмактуу, сапаттуу жана түктүү кол килемдери катары белгилүү.

Кыргыздардын килем токуу жүрүмүн негизинен кыз-келиндер, энелер жүргүзгөн. Үй-бүлөдө кыз балдар беш-алты жашынан эле салт катары үй-жумуштарына аралаша баштаган. Алар жүн тытып, отун ташып, эгерде телчигип алы жете турган болсо тери идиштер менен суу ташый баштаган. Кыз балдарды тестиер кезинен тарта эле эмгек менен тарбиялап, турмушка узап кетерден мурда, ага өз колу менен үйгө керектүү буюмдарды (токуп, сайма сайып) жасаганды үйрөтүп, турмушка даярдашкан. Кыздар жаштайынан эле өздөрүнө сеп даярдап, энелерине кол кабыш жасап, үй-бүлөсүнүн керегине жарап

калышкан [416, 67-б.]. Бул жерде килем токуу кол өнөрү кыздарды коомго социалдаштыруунун негизги формаларынын бири болгон.

Килем согууну баштоонун алдынан атайын килем куруу үчүн жыгачтан жасалган дүкөндү (аштама – Лейлек районундагы аталышы) куруп, андан соң эриштерин ошол курулган дүкөндүн астына жана үстүнө тушташтырып (параллель), жайгашкан жыгачтарына байлап чыгышкан. Килемдин дүкөнү курулуп, андан ары дүкөнгө килемдин эриштери килемдин көлөмүнө карай жайгаштырылып, жүгүртүлгөн. Эришти жүгүрткөндө чеберлер дүкөндүн ортонку бөлүгүнөн баштап, жиптерди бир жагынан үстүнөн, экинчи жагы астынан алып, асты-үстү кылып өткөргөн (жүгүртүлөт). Бул мезгилде дүкөндүн бир башында кыз-келиндерден отуруп жүгүртүлгөн эришти бошоп кетпеши үчүн тартып (сабап) турган, дүкөндүн жогорку башында эки чебер, дүкөндүн ылдыйкы жагында дагы эки чебер эриш жүгүртүлүп бүткүчө отуруп эришти дүкөнгө бышытышкан. Эриштин жиби эчкинин жана козунун жүнүнөн тең салмакта алынгандыктан, жүгүртүлүп жаткан учурда бышык болуп үзүлүп кеткен эмес. Кээ бир учурда эриш жиптери жүгүртүлүп жаткан учурда үзүлүп калса ийикчинин тегиз эмес ичкертип ийрип койгон үчүн же болбосо эриш жиби көпкө сакталып туруп калган болсо, күбө жеп койгон учурларда гана үзүлгөн. Бул учурда үзүлгөн жерин кайрадан түйүп байлап коюп эришти айландыра беришкен (103-сүрөт). Дүкөнгө токула турган килемдин орточо чоңдугуна жараша 400дөн тарта 530га чейин эриш жибин жүгүртүп, килемдин негизи болгон эриштин жиптери дүкөндүн астынкы жана үстүнкү жыгачтарына айлантып байлап даярдалган. Эришти жүгүрткөндө бирин астынан, экинчисин үстүнөн алып чаташтырып байлашкан, анткени чаташканда аркак өткөрүлгөн бекем кармалышын камсыздаган. *Аркак* – бул эришке байланган жиптерден кийин бекемдөө үчүн өткөрүлүүчү жүндөн же болбосо пахтадан жасалган жеңил ийрилип, бирок чыйратылбаган жиптин түрү [393]. Аркак өткөрүлүп, токмок менен ургулаганда дүкөндүн ашталган жери бири-бирине кирип бекем болуп калат. Бирок ага карабай дүкөндүн ашталган жерин жиптер менен бышытып

байлап чыгышкан. Эриш жүгүртүлгөндөн кийин күзүк эриш жиптеринин арасына жайгаштырып коюлган.

Эриштин үстүнкү жиптеринин ар бир жибин күзүккө терип, байлап чыгат, эришти алып бекемделген жип менен байлап, аны күзүктүн үстүнө коюлган ичке чыбыктардан коюп, ошол ичке чыбыкка эриштин ар бир жибин 15см - 20см жогору көтөрүп, чырмап байлап чыгат. Бул кыймыл-аракет килемдин эришин чаташтыруу максатында жасалат. Бул чатыштыруу болбосо килемдин жиптери кармалбай калат. Чеберлер муну *эркек* жана *ургаачы* деп белгилеп алышат. Андан соң күзүктү иштетүүчү узундугу килемдин көлөмүнө жараша 2,5 - 3 метрдей болгон жыгачты эриштин астынкы, үстүнкү аралыгына орнотуп алышат. Бул жыгачтын эки башына жип байлап, жиптин учуна ача таяк байланат. Себеби жип менен «барды-келдини» эриштерди чаташтырыуу үчүн өзүнө тартып, ал эми аркакты байлап бүткөндө «барды-келди» жыгач кайра түртүлөт. Мына ошол түртүү үчүн ача таяктар иштейт, чебер убактысын үнөмдөө үчүн ача-таяктар менен ордунда олтурган бойдон эле түртүп койгонго ыңгайлаштырылган. Килемди согууну баштаганда «барды – келди» жыгачты чебер өзүнө карай тартканда эриштин жиптери чатышы жазылат, ошол учурда килемдин аркактарын өткөрүп алып, өткөргөн соң “барды-келдини” ача таяктар менен түртүп эриштин жиптерин бекитет дагын токмок менен ургулап аркакты бекемдейт [492, 493, 404].

Килем токуучу чеберлер 8 сааттын ичинде орто эсеп менен узуну 130-140 сантиметрлик килемдин 14 катарда 526ге чейин илмек токуган, 14 жолу аркак төшөгөн, килемди бекемдөө үчүн токмок менен 3500 гө жакын катуу соккуларды жасап, жети жолу кесип чыккан. Кээ бир убактарда чеберлер килем үстүндө 12 саат убакыттан ашык иштеп калышы мүмкүн болгон. Ушул жерден килем сокон кыз-келиндердин канчалык эмгекчил болгонун аныктаса болот [331]. Кыргыз килем жана килем буюмдарын токуу жүрүмүндө 100см$^2$ 60 миң – 80 миң жип, (петля – илмек) байланган бирок өтө сапаттуу килемдерде байланган жиптеринин саны 98 миң - 100 миңге чейин жеткен [288, 89-б.]. Килемдин

токулган түктүү формасы кыргыздардын каңды, тейит, абат, кыдырша, мангыт урууларынын ичинде кеңири жасалып келген [6, 395-б.].

Кыргыздар жай мезгилинде килем токуу менен ыкчам түрдө алектенишкен. Жылдын бул мезгили кол өнөрчүлүк шарттарында токуу жана түктүү килем сыяктуу татаал буюм жасоо үчүн ыңгайлуу болгон. Ал эми күн суук мезгилде (кыш, кечки күз, эрте жаз) килем токуу чукул муктаждыкта гана жүргүзүлчү. Мисалы, кызды шашылыш турмушка узатуу учурунда, мында септин негизги элементи колго токулган түктүү килем болгон. Килемди сеп катары кошуп берүү үчүн жасай турган болсо, анда килемдин ар бир аркагын өткөрүп жатып кыздын энеси кызына алкоо айтып, насаат сөздөрүн, ички каалоо тилектерин кошо айтып, кызды турмушка даярдаган [493,494].

Килем жасоо үчүн эки жумадан бир айга чейин же андан көп убакыт талап кылынган, алар жайкысын мал чарба жумуштарынан бош убактысында килем токуу менен алектенишет. Килемге жарай турган жүндөн ийрип, чыйратылып жасалган жиптер токулуучу килемдин көлөмүнө жараша бир жылдай убакытта даярдалган. Негизи жүндү жуубай туруп жип кылып ийрип алышса, максатка ылайыктуу болгон. Жип кылып чыйратып келебеленген жипти жууп алып, андан соң боёого киришкен.

Килем токулуучу дукөндү орноткон күнү үй ээси килем токуй турганын жарыялайт, салт боюнча кошуналар, көбүнчө жакын туугандар чогулат. Килемдин негизин келечектеги буюмдун буйрутмачысы, жүрүмдү башкарган тажрыйбалуу чебер, тикелей килем токуучулар жана бир нече жардамчылар түзгөн. Узуну 3 метр, туурасы 2 метр болгон чоң килемдерге 20 кг ийрилген жүн, 8 кг аркагына жана 4 кг эришине жумшалган. Ал эми узун туурасы 1 метр чарчы түктүү килемге жуулбаган 12-15 кг жүн керектелген. Чебер канчалык тажрыйбалуу болсо жүндү ошончолук даражада ысырап кылбай, жеткизе билген [265, 171-б,; 331,156-б.].

Мындай чоң килемди чеберлер бир жарым айда согуп бүтүрүшкөн. Килем токуган чеберлердин эмгек акысы көбүнчө натуралай төлөнгөн, б.а. эмгек акысына кой, козу, токту, эчки же болбосо буудай ж.б. берилген. Эгерде үйдүн

ээси өзү чебер болсо, килем токуганды билсе, анда ал башка көмөкчү аялдарды чакырып килемин кыйынчылыксыз бат эле токуп алган. Килем токууну баштаардын алдында бир катар ырым-жырымдарды аткарышкан [495]. Кыргыздар килем токуу жүрүмүн дүйшөмбү же ишемби, жекшемби күндөрү баштаса, жакшы жыйынтык берет деп ишенишкен. Эгерде килем чоң (3м х 5м) болсо 4-5 килем токуучу, ал эми орто өлчөмдөгү (2,5м х 4м) буюмга – 3 же 4 токуучу, кичине өлчөмдөгү (1,5 х 2 м) килемге - 1 же 2 токуучу иштейт. Дүкөн орнотулуп жатканда үйдүн ээсинин аялы тамак-аш даярдайт, көп учурда союш (жандык) союлат. Килем токуган чеберлерге чоң себет (дастарконго оролгон нан, боорсок, каттама жана таттуулар) даярдалып, ар бирине чакан белектер тартууланат. Жумушту баштаган соң 2-3 күндөн кийин кошуналар, туугандар, кудалары (негизинен аялдар) килем токулуп жаткан үйгө конок катары келе башташат. Кошуналар дастарконго оролгон таттууларды, ал эми килем ээсинин эң жакын туугандары союшка ылыйык кой жана башка белектерди (көйнөккө ылайык мата (кебез), жоолук ж.б.) алып келишет. Бул салттуу көрүнүш менен туугандар жана кошуналардын өз ара мамилеси курчуп, туугандык сезимдердин дагы да өнүгүшүнө түрткү болгон.

Килем токуу боюнча жумуштар башталгандан тартып, аяктаганга чейин үй ээлеринин дээрлик бардык туугандары килем токула турган үйдөн кабар алышып, ал-жай сурап турушкан. Алар ич ара сүйлөшүп, кезекке туруп, дастаркон жана белектер менен келишип, тууганчылык мамилесин билдирип, килем токулган үйдүн ээсин кубаттап алгоолоп турушкан. Килем токуган чеберлердин, уз кыз-келиндердин жакындарына учукту тартуулоо (эстелик катары кооз токулган килемдин жиптеринин кесиндилеринен) салты бар. Учукту алган адам килем токуган чеберлерге сый-урмат менен, ал эми кээ бир учурларда белектер менен ыраазычылык билдирүүгө милдеттүү болуп калган. Килем токуу жумуштарынын бүтүшү да үй ээсинин дасторкон жайып, бата тиленип чоң шаан-шөкөт менен аяктайт. Килемге буйрутма берген үйдө жыт чыгарылып тууган-урук, кошуналар чакырылат, чеберлер сыйлуу жерде (төрдө) сыйлуу конок катары отурушат. Тамактангандан соң үйдүн ээлери кол өнөрчү аялдарга

ыраазычылык билдиришкен, белек-бечкектерди беришкен, өнөрүнүн өлчөмүнө жараша эмгек акысын тапшырышат [492].

Жөнөкөй жыгачтан жасалган ийиктин жардамы менен килемге керектелүүчү жиптердин төрт түрүн ийрип алышкан. Мында ар биринин токуу жүрүмүндөгү орду ар башка болгон эриш, аркак, токуу үчүн жип жана чекелете чырмалуучу жороптору даярдалган. Бул жиптердин баары калыңдыгы, тыгыздыгы жана бекемдиги боюнча бири-биринен айырмаланган. Негизи токуу үчүн күчтүү ийрилген жип талап кылынган, ошондуктан ийрилген жипти эки кабаттап, бышыктап алып, андан соң гана токуу жүрүмүнө берилген. Ал жип эришке байланып токулуп жатканда жана илмектерди токмок менен ныктаганда көп сандагы күчтүү жана оор соккуларга туруштук берүүгө туура келе тургандай болушу шарт эле. Эриш үчүн бир кыйла ичке ийрилген жиптер колдонулган, бирок үзүлүп кетпеш үчүн жетиштүү чыйратылган болуу керек. Токуу үчүн ийрилген жип эң жакшы, сапаттуу жүндөн жасалып, эриш жипке караганда өтө чыйратылбай ийрилген. Анткени килем токуу учурунда түйүндөрдү токуп, кырккандан кийин ал жайылып, түк баркыт сымал кулпурган көрүнүшкө ээ болуш керек. Ийрилген жип ар кандай түскө боёлуп, кургатылган, андан кийин тоголок кылып (шар сыяктуу формада) оролуп түрүлгөн (98-сүрөт).

Килемди баштаганда алгач эриштин башынан түк токуп байлабастан аркак жипти алмак-салмак эриштин эки жибин бир катар ала салып байлап чыгат, бул килемдин эриштерин жайылтпай кармап турат. Андан соң беш-алты жолу аркактын өзүн эле (түк байлабай) өткөрүп, аны ар бир жолу өткөргөн сайын токмок менен ургулап, килемдин башына алгачкы 5см таарын токуп алышат (43-сүрөт). Андан улай эле эки же үч жиптен аралатып, эки түрдүү жипти алмак-салмак өткөрүп, бир чекесинен баштап, экинчи чекесине жеткирип байлап чыгат. Байлап чыккан соң эки учуна жипти жөрмөп чачы сымал кылып коздоп аякташат (34-35-сүрөт). Бул байланган жип *ала мончок* деп аталат (43а-сүрөт). Чеберлердин килем токуу үчүн жиптерин байлаардан мурда согула турган килем кооз болуп, иштин оңунан келишин ниет кылып, ак-кара, кара-кызыл эки башка түстөгү жиптер менен эришке алмак-салмак ороп чыгылат (42-43-сүрөт).

Энелер, уз, чебер келиндер килемге ар кандай түс жана көчөт салаарда алардын сакралдык маанисине өзгөчө көңүл бурушкан. Ошону менен бирге алар өзүнүн укум-тукумдарына көз тийбесин, өмүрлөрү узун болсун жашоосу бактылуу болсун деп тилеп кылышкан. Оюулар менен түстөр балдарынын өзүнчө бир жамандыктан калканч болсун деп тилек кылышкан. Демек, бул жиптер килемге бир жагынан көркөмдүүлүк тартууласа, экинчи жагынан, жаман көздөрдөн жана сөздөрдөн сактап турат деп ишенишкен. Бул ала мончокту өткөрүп бүткөндөн кийин кайрадан эриштен беш-алты аркакты ирети менен өткөрүп алып, анын ар бири өткөрүлгөндөн кийин токмок менен уруп бышытып алышкан. Мында килемдин эришине алгачкы 10см аралыкта токулган өрмөк килемдин башталышынан бышык болуп турушуна жардам берет. Килемдин түктөрүн байлай баштаганда эки катар кара же бирдей түстөгү жип менен токулат. Жипти байлап токуур алдында күзүктүн жардамы менен эриштин жиптерин чаташтырып алып, чеберлер эриштин «эркек» жана «ургаачы» деп белгиленген үстүнкү эриштин жиптерине ороп, астындагы эриш жибине илип, экөөнү теңдеп бычак менен түктү кесип коёт (114-сүрөт). Токуучу түрдү (жип) алды менен эриш эки жибин сол колунун сөөмөйү жана баш бармагынын жардамы менен көтөрүп алып, анан оң колунун сөөмөйү жана баш бармагынын жардамы менен түрдү эриштерге оройт. Ошентип эришке эки жиптин бири толук оролуп, экинчиси жарым оролуп алдыга тартылып, акырында оң колдо турган курч бычак менен кесилген [481, 88-б.]. Андан соң күзүктү түртүп аркак өткөрөт, аркактын жардамы менен байланган жиптер бышыкталат. Ушул учурда аркактан кийин килемдин эки чекесине бышыктоо үчүн жороп чырмалат. Жороптун килемдин чекесине оролгон узундугу 3 см барабар болот. Мындан улам чеберлер токмокту колго алышып, бир аз күч жумшап, өткөрүлгөн аркактын үстүнөн токмоктоп бышыкташкан. Токмок менен урулбаса, килемдин түктөрү жакшы бекемделбей, жумшак болуп калат. Жип байлангандан кийин аны бир катар килем кайчынын жардамы менен орточо узундукта кыркып түк чыгарат. Түктөрү кыркылган соң кайрадан дагы токмок менен уруп чыгат. Бул түктөр тайкы кыркылбашы керек, анткени жерге салганда такыр эле түктөрү жатып, жукарып

кетет. Алгачкы байланган түктүн узундугу башка катарларына караганда узунураак - 2 см - 2,5 см кылып тегиздеп кесишет. Анткени ал алгачкы беш аркандын бетин жаап туруш керек болгон. Ал эми калган катарларын кыскараак эле кесип, тегиздеп кете берген. Ушул учурда негизги эреже жиптин узун учтарын калтырбай, кыска түйүн менен токуу керек болгон, себеби жиптин кыска кесилиши менен килемдин формасы мыкты болуп, экинчиден түк (жип) үнөмдөлгөн [492].

Токуу жүрүмүндө дагы бир эске алынуучу жагдай бул килем согууда токуу ылдамдыгына көнүл бурулган. Тажрыйбалуу килем токуучулар үчүн өндүрүштүн ченемдери миңдеген килем түйүндөрүн байлоо менен белгиленген. Салттуу түктүү килемдердин чарчы сантиметр же чарчы метрдеги байланган жиптин саны анын сапатын да аныктап турат. Килемчи-чеберлер бир күндүн ичинде түктүү килем токуу боюнча орточо 9000, 8000, 7000 түктү байлашып, жеке ыкмаларды колдонуу менен жогорку ылдамдыкта килем токуу чеберчилигине жетише алышкан. Өтө тажрыйбалуу чеберлерге бир жолку түктү эки эришке түйүп байлап, аны бычак менен кыркып бүткөнгө 2-4 секунд гана убакыт кеткен [492, 493, 404]. Килем токуучу чеберлер үчүн атайын ченемдер милдеттүү эмес жана туруктуу белгилениши мүмкүн эмес, алар жаш курагына, маанайына, бош убактысын өткөрүүгө, ден соолугуна, каалоосуна жана башка объективдүү жана субъективдүү факторлорго, ошондой эле килем токуунун тиричилик шарттарына ыңгайланышуусуна жараша болгон [492, 493]. Килем токуу кол өнөрчүлүгүндө эсептөө, логикалык ой-жүгүртүү жана эпчилдик чоң мааниге ээ болгондуктан, кыз-келиндердин баары эле килем токуу чеберчилигин өздөштүрүп кете алышкан эмес.

Салттуу килемдин ала мончогун байлап алгандан кийин килемдин алгачкы түктөрүн токуу же болбосо *суулоо* менен баштап алат б.а. алгачкы килемге байланып токулган жиптерге *суу берүү* менен башталат (58-сүрөт). Суу жиптерди байлап бүткөндөн кийин, килемдин негизги жиптерин эки же үч катары байлайт да, кайрадан бир катар башка түстөгү жип менен суулайт.

Токуунун кийинки тепкичинде килемдин чеке тарабы токулат. Бул жерде негизги *кайкалак, жарты кайкалак, багжагай* (58-сүрөт) көчөттөрүн көрсөк болот. Чекеси бүткөндө «ыраакы» көчөтү токулуп, жиптери байлана баштайт. Көчөттөрдү салуу үчүн катар отурган чеберлер бири-бири менен ич ара гармонияда бир бүтүн организм сыяктуу жалпы иштешкен. Мунун натыйжасында килемдин көчөттөрү бир ыргактуу болуп, текши жана кооз чыккан. Ыраакыга *умай эне, ит куйрук, толкун* (58-сүрөт) көчөттөрүн түшүрүшкөн. Бул көчөттөрдү чеберлер жатка билишкен, болгону чен өлчөмүн ич ара белгилеп алышып, эс тутуму менен эле токуй беришкен. Кээ бир учурда көлөмдүү килемдерде ыраакы эки жолу да кайталанып согулушу мүмкүн. Ыраакыдан кийин борбордук көчөттөрү токула баштаган. Килемдин борбордук көчөттөрү ар кандай семиотикалык мааниге ээ болгон орнаменттерден туруп, кыргыздардын кээ бир жаратылыштын кубулуштарына болгон ишенимдерин чагылдырган (104-сүрөт) [492].

Килемди согуу мезгилинде чоңдугуна жараша бышык боло турган токуу чеберчилигине ылайык килемдин чекелериндеги эриш жиптерин жороптоо зарылчылыгы болгон. *Жороп* – бул килемдин эки каптал четиндеги эки жуп эриш жиптерине ороло турган, аркак өткөрүлүп бүткөндөн кийин чырмала турган жиптин түрү (83-сүрөт). Жороптоонун натыйжасында эки четки түктөрдү байлап бүткөндөн кийин килемдин эки четиндеги түктөрү бышыкталып, ал эми килемдин негизиндеги токулган түктөрү бошоп кетпей бышык кармалышына шарт түзөт. Жоропту даярдоо үчүн жүндү ичкерээк кылып ийик менен ийрип туруп, эки кабаттап чыйралтып даярдап алган. Даяр болгон жоропту түк сыяктуу тоголото оробой, узатасынан 15-20 см, туурасы 3-4 см келтирип оройт, анткени жоропту килемдин каптал четиндеги эриштин арасына батырып аралатып өткөрүп токуп жатканда ыңгайлуу болуп, өткөрүп чыгуу керек. Килемдин ыраакысы менен четки коргонун токуп бүткөн соң, килемдин негизги бөлүгүн токуу башталат. Негизги талаа бөлүгүнө короо, коргон, чавадан көчөт жана башка уз-чеберлердин курчап турган чөйрөнү чагылдырган ой-чабытындагы көчөттөрү жана башка орнаменттердин тобу менен бирге түшүрүлгөн. Килем

токуу шарттарын эске алганда дээрлик бардык көчөттөр бир калыптагы геометриялык орнаменттердин топтомун түзгөн. Бул көчөттөрдү азыркы кездегидей көчөттөрдүн үлгүсүн даярдап алып токушкан эмес, чебер-килемчилер дайыма токуп жүргөндүктөн, алардын аң-сезиминде кенен орун алган оймо-чиймелерди эс тутум менен эле токуй алышкан. Килемдин негизги бөлүгү токулуп бүткөнгө чейин орточо килемге 10 кг чейин же андан ашык эмес аркак жиби коротулган[495].

Килемди токуп, акыркы түктөрү байланган соң, аягына да “ала мончок” токулуп анын бүткөн жерин дүкөндөн кыркып алышат. Ал эми башкы тарабын дүкөндүн жыгачынан жумуру бойдон эле сыдырып чыгарып алышат. Кесилген тарабында узундугу бир карыштай келген жиптери чачы сымал болуп самсаалап калат. Ал жиптерди үйдүн ээси кыз-келиндери менен же кошуналары менен тыкан кылып өрүп коюшкан. Бул өрүлгөн жиптер килемди ордунан жылдырганда жана көтөрүп чаңын күбүгөндө да абдан ыңгайлуу болуп калган.

Килем токуу каражаттары жана ыкмалары ар кандай ырым-жырым кыймыл-аракеттери менен коштолуп турган. Килем токуу жүрүмүндө кээ бир ырымдарды эске алып, чебер килемчилердин арасында аркакты эч качан арка тарапка каратып койгон эмес, ал дайыма килемдин күзүгүнө карай ташталып турган. Килемдин эришине аркак өткөргөндө да оң жактан баштап өткөргөн. Эгерде оң жактан аркакты өткөрбөсө, баштаган килеми өздөрү каалагандай кооз жана көркөм чыкпай калышы мүмкүн деген ишеним болгон. Килемдин негизги бөлүгүн токуп бүтүп, аягына чыгарда акыркы беш-алты катарына аркак өткөрүп (таар сыяктуу токулуп), андан кийин ала мончокту түшүрүп, артынан дагы беш-алты катар аркактап токулат. Килемди аягына чыгарып токуп бүткөндөн кийин аны килем дүкөндөн байланган эриштерин кесип алат. Кесилген эришти 20-25 см калтырып, аны килем түктөрү жакшы бузулбай сакталып турушу үчүн жөрмөп өрүп, чачы жасалып коюлат. Бул чачыны өрүп жатканда, ар бир өрүлгөн чачына бирден тилек тиленип, кошо өрүлгөн. Өрүлгөн чачынын жазылып кетпешин көзөмөлдөп, эгерде килем ары-бери жылдырылып жазылса кайрадан түйүп, байлап турушкан (43-сүрөт).

Килемчи чебер уздар килем токуу жүрүмүндө өздөрүнүн ой-чабытын чагылдырган. Килемчи кыздар, уз-келиндер килем согуу мезгилинде айылдын, коомчулуктун көз карашында, сынагында болгон. Башка социалдык институттардын ченемдүү болгонуна байланыштуу бул жер кыздардын коомчулукка социалдашуу үчүн ыңгайлуу шарт түзүлгөн. Кээ бир учурда жигиттер чебер кыздарга жуучу жиберип, сүйлөшүп, алардын мүнөздөрү туура келип калса, бири-бирин жактырышса үйлөнүшкөн [491, 493].

Килем токулуп бүткөндөн кийин чебер-килемчилерге ыраазычылык билдирилип, алкоо айтылып, бата берилген. Батаны негизинен айылдагы кадыр-барктуу байбичелер же үйдүн ээси жана анын жакын туугандары берген. Килемчилерге «…колуңарга береке, эмгегинердин үзүрүн көргүлө, өнүп-өскүлө, бактылуу жана бала-чакалуу болуп, өмүрлүү болгула…» - деп чебер-килемчилерге каалоо-тилектер айтылган. Ар бир чебер-токуучуга арнап, кийит (сарпай), каражаттын түрлөрү берилген. Эгерде килемчилер нааразы болуп калса, анда элдин арасында ал үй-бүлөнүн кадыр-баркына доо кетип калышы мүмкүн болгон. Тескерисинче, канчалык чебер кыздарды ыраазы кылып жөнөтсө, элдин алдында килемдин ээсине алкоолор болуп, айылда алар жөнүндө жылуу пикирлер айтылган [492, 493].

Көчмөн элдердин килем токуу өнөрүнүн жогорку денгээлде өнүккөнү – алардын тиричилигинде килем зарыл буюм катары маанилүү болгондугунда. Анткени көчмөн шартындагы катаал жашоодо килем жана килем буюмдары абдан пайдасы чоң болгон. Килем боз үйдүн ичиндеги жыгачтан жасалган тактайлардын ордун басса, килемден жасалган буюмдар, куржундар мебелдин милдетин аткарган [288, 7-б.].

Кыргыздар башка кошуна элдер сыяктуу үй-тиричилик буюмдарына анын ичинде килем менен үйдүн ичин көркөмдөөгө жана кооздоого абдан көңүл бурушкан [104, 143-б.]. Орто Азиянын элдеринин Октябрь революциясына чейинки көчмөн жана жарым көчмөн элдеринин кол өнөрчүлүк буюмдарынын түрлөрү отурукташкан элдерге караганда сейрегирээк болгону менен айрыкча килемдери абдан кооз болгон жана ал философиялык көп маанини билдире алган

[381]. Килемдердин орнаменттери байыркы убакыт менен жоголуп кеткен түшүнүктөрдү жана философияны, маданий тарыхты мүмүкүн болушунча сактап келет [288, 8-9-б.].

Кыргыздарда башка эч бир үй-тиричилик буюмдарынын ичинен килем жана килем буюмдары сыяктуу узак мөөнөттүү кызмат кылган буюмдар чанда гана болот. Бул жагынан килем кездеме жыртылуудан жана эскирүүдөн жогору туруп, чаңдан жана кирден оңой тазаланган. Килем нымдуулукка жана кургак абанын таасирине дээрлик толугу менен туруштук берип, көчмөн чөйрөдө күбө көпөлөктөрү да килем буюмдарына жолой алган эмес. Боз үйлөрдө, а түгүл орточо каражатта болсо да, кийизден жасалган килемди эшиктин үстүнөн кездештирүү сейрек болчу.

Мындан тышкары, кыргыздар килемди барчылыктын белгиси катары баалап, ошол эле учурда килем ээсинин гүлдөп-өнүгүшүн күбөлөндүргөн өзгөрүлбөс баалуулук катары чогултулуп, сакталган.

Кыргыздардын күнүмдүк турмушунда ушул таралышы боюнча биринчи орунду кийиз жана кийизден жасалган башка буюмдар ээлейт; экинчи орунда – түксүз кездемелерден жасалган буюмдар, үчүнчү гана орунда – килем буюмдары. Килемдер жогоруда көрсөтүлгөн буюмдарга караганда бир топ түйшүк менен жасалгандыктан, күчтү жана ошол эле учурда материалдык жактан көп чыгымдарды талап кылат [156, 71- б.].

Жайдын ысык мезгилинде токулган килемдер Өзбекстандын шаарларынын (Анжиян, Маргелан, Кокон, Скобелев) базарларына күзүндө ташылып келген. Бул жерге жергиликтүү килемдер гана эмес, Чыгыш Түркстандан, Каспий деңизинен, Афганистандын түндүгүнөн да көп сандагы килемдер келген, бул, албетте, жергиликтүү өндүрүшкө жаңы композициялык формалардын киришине жана килем буюмдарынын жаңы өзгөчө үлгүлөрүнүн жаралышына салым кошкон. Кыргыз килеминин негизги керектөөчүлөрү, бардык информаторлордун ырастоосу боюнча, өзбектер жана тажиктер болгон [379, 71-б.].

Араби килеми Кыргызстандын түштүгүндөгү Чоң-Алай жана Баткен аймактарындагы түксүз килемдердин мыкты үлгүсү болуп саналат жана башка аймактарда бул техника менен токулган килем чанда гана кездешет же эч согулбайт. Араби килеминин көркөмдүүлүгү, жумшактыгы, көлөмдүү болсо дагы жеңилдиги, төшөп колдонуудагы ыңгайлуулугу менен өзгөчөлөнөт.

Араби килемин токуу да түктүү килем сыяктуу эле жерге жаткыра орнотулган дүкөндө жүргүзүлөт. Анын эриши көрүнбөй астында калып, үстүнкү бети аркактар менен иштелет. Жиби түктүү жиптерге караганда жоонураак жана жумшак болуп, тыгыз, калың токулуп, колдонгондо бышык болот. Чеберлер орточо чоңдуктагы араби килемин 8-10 күн аралыгында токуп бүтүшкөн.

Кыргыздар жүндөн буюм жасоонун салттуу ыкмалары аркылуу чарбанын формалары, жамааттагы үй-бүлөлүк, тиричилик жана өндүрүштүк мамилелердин өзгөчөлүктөрү, соода-экономикалык байланыштары жана башка элдер менен болгон мамилелери, көркөм багыттары аныкталган. Чарба иштеринде жүндү иштетүү жана жүн буюмдарын өндүрүү олуттуу, көрүнүктүү орунду ээлеп турган. Жүн үй-бүлөнүн килемге болгон муктаждыктарын канааттандырууга багытталган. Ичкилик урууларынын арасында жүндөн жасалган материалдарды өндүрүүнүн технологиялык ыкмалары негизинен бирдей жана окшош болгон. Ошого карабастан, бул жагдай өндүрүштүн бул түрүндөгү көркөм буюмдардын жергиликтүү өзгөчө белгилерин, бөлүкчөлөрүн, мүнөздөмөлөрүн, кооз жасалгалоонун өзгөчөлүктөрүн, орнаменттик түзүлүшүн, түс катышын жокко чыгарган эмес. Жүндү кайра иштетүү жана андан продуктыларды даярдоо чөйрөсүндө өндүрүш мамилелеринин салттуу мамилелерден айырмаланган формалары бир топ даражада өнүккөн. Жүндү даярдоо жана килем жасоонун ыкмалары боюнча, ар түркүн өзгөчөлүктөргө ээ болгон токуу техникасы менен эмгекти уюштуруу жагынан да жергиликтүү элдердин (үй өндүрүшү, кол өнөрчүлүк) тажрыйбасы бар экендигин белгилешкен.

Жыйынтыктап айтканда XIX кылымдын аягы-XX кылымдын башында салттуу килем токуу кол өнөрчүлүгү кыргыздардын турмуш-тиричилигинини

ажырагыс бөлүгү катары калыптанып калган. Килем жана килем буюмдарын даярдоонун салттуу ыкмалары муундан муунга, энесинен кыздарына жана келиндерине өтүп келген. Мында килем токууну кыз балдар жаштайынан эле өздөрүнөн улуу муундардан жаштайынан эле үйрөнө башташкан. Килемге даярдоого жапа тырмак үй-бүлөнүн бардык мүчөлөрү катышкан. Кыргыздар килем токуу менен негизинен ысыкта, жай мезгилдеринде алектенишкен. Ал эми башка мезгилдерде килемдин жиптерин даярдап, жүн ийрип аны боёп, жоропторун даярдашкан. Эгерде абдан эле зарылчылык болбосо суук мезгилде килем токулган эмес. Килем токууну килем соккон уздар дүйшөмбү же ишемби күндөрү башташкан, анткени ишеним боюнча бул күндөрдө башталган иш арбыштуу болот деп ишенишкен. Килемдин даярдалып, согулуп бүтүшү анын көлөмүнө жараша болгон. Килем тезирээк токулушу жана токуу жүрүмүн тездетүү үчүн килем ээси чебер кыздарга толугу менен шарт түзүп берген. Килем токулуп башталгандан тарта бүткөнгө чейин килем ээсинин үйүнө тууган-уругу жана колу-кошуналары байма-бай кабар алып турушкан. Кээ бир учурда кол кабыш кылып жардам берип, тамак-аш да алып келишкен. Түктүү килемден тышкары кыргыздар араби килемин да соктурушкан. Араби килемин токуу түктүү килемге караганда алда канча жеңил болгон. Араби килемине убакыт жана каражат дагы азыраак өлчөмдө жумшалган. Араби килемин Чоң-Алай, Лейлек, Баткен, Ноокат районунда ушул күнгө дейре токуп келишет, бул килемди кыргыздар башка элдер менен карым-катнаштын негизинде үйрөнүшкөн. Килем токуу жүрүмү ар кандай салт-санаа жана үрп-адаттар менен коштолгон.

Үчүнчү баптын жыйынтыгында, килем токуу өнөрүнүн кээ бир көрүнүштөрү кыргыздарга да тиешелүү болгон эндемикалык процесс жана түпкүлүгү кыргызга гана таандык болгон деген илимий гипотеза чыгардык. Демек, биз изилдөөлөрүбүздө кыргыздардын арасында килем токуу салттуу коомдун учурунда эле бар болуп, ушул мезгилге чейин жашап келет. Кыргыздар көчмөн жана жарым көчмөн жашоосунда салттуу килем токуу өнөрү менен алектенип, турмуш-тиричиликтеги кээ бир орчундуу деп эсептелген

маселелерди чечкенин байкоого болот. Килем токуу жаш үй-бүлөлөрдүн тууган-уругунун, кошуналардын биргелешкен иши катары каралат. Бир уз-чебердин жалгыз өзү килем токушу мүмкүн эмес, килем согуу – жамааттын иши. Килем токуу жүрүмү өз кезегинде кошуналарды, урук-туугандарды бириктирүүчү социалдаштыруучу зор эмгек жараянынын жүрүмү болуп эсептелет. Изилдөөлөр көрсөтүп тургандай, кыргыздардын жүндөн жасалган салттуу же турмуш-тиричилик буюмдары көчмөн маданияттын зарылчылыгынан келип чыккан: биринчиден, жалпы эле климаттык шартка жараша калыптанган мал чарбасынын ичинен кой чарбасынын интенсивдүүлүгүнүн натыйжасында, килем үчүн чийки зат базасы болуп саналат; экинчиден, кыйла татаал климаттык шартка жараша үйдү жылуулоо зарылдыгы келип чыгат; үчүнчүдөн, аялдар жана балдар үй жумуштарынан башка учурунда бекер болгондуктан токуучулук менен алектене алышкан.

Кыргыздардагы килем токуучулук өнөрү буга чейин салттуу жана калыптанып калган токуучулук искусствосуна ээ болгон башка этностордун таасирин да алгандыгы маалым. Килем токуу өнөрүнүн комплекстүүлүгүн баса белгилеп, анын ар бир аймак үчүн белгилүү салттык чектерде калыптангандыгын жана өнүккөндүгүн белгилейбиз. Эң байыркы салттарга таянып, килем токуучулук өнүгүүнүн узак жолун басып өткөн, бүгүнкү күндө эң кеңири таанылган искусство тарыхынын көптөгөн изилдөөчүлөрүнүн изилдөө объектиси болуп саналат.

# IV БАП. КИЛЕМ ЖАНА КИЛЕМ БУЮМДАРЫ ЖАНА АЛАРГА ТҮШҮРҮЛГӨН КӨЧӨТТӨР

## 4.1. Килем жана килем буюмдарынын салттуу түрлөрү

Килем - кыргыздардын байыртадан үй-турмушундагы колдонуп келе жаткан буюму. Килем жана килем буюмдары кыргыздын колдонмо искусствосун чагылдырган бир багыты болуп саналат. Килемдин кооздугу токулуу өзгөчөлүгүнө жана түс айкалыштарына жараша аныкталат [190, 237-б.].

“Килем” деген сөздүн этимологиясы түрк тилинен алынган *kiviz, kuvur, kigiz* сөздөрүнө окшош. Ал эми англис тилинен алганда Макс Фармердин версиясы боюнча *kover* - покрывало (жабуу) дегенди түшүндүрөт [252, 270-271-б.].

Килем токуу өнөрү кыргыздардын эң байыркы архаикалык элементтерин чагылдырып, ушул күнгө дейре муундан-муунга карай сакталып келген кол өнөрчүлүктүн бири болуп саналат. “Килем” сөзү байыркы орус тилине кыпчак тилинен оогон деп эсептелинет, мында *kower* - байыркы түркчө “кивиз”, “кидиз”, “кедиз” “сарай кийиз”, кыргызча «килем», өзбектерде *“гилам”,* ж.б., суф. *кив-, кев-* кийүү деп «кийим» деген сөздөн алынган [461, 390].

Кыргыздардын жерге төшөлүүчү жылуулук үчүн жасалган кийиздери да, килемдери да узатасынан келип, тик бурчтуу абалда токулган. Ал эми убакыттын өтүшү менен килем жасоо эволюциясы өзгөрөт, мисалга алсак, жасоо ыкмалары, жүндү даярдоо, боёкторго боёо, жипти ийритүү маселеси жеңилдей баштайт. Жасалуу жагынан кыргыз килемдери калыңыраак келип, түктөрү узун кыркылган кошуна элдердин килемдерине абдан окшошуп кетет, бирок алардан

оймо-чиймелери боюнча белгилүү бир даражада кескин айырмаланып турат. Кыргыз килемдеринин орнаментиндеги түстөр каракалпак, түркмөн килемдериндегидей болуп кызыл түстөр, ач кызылдан кочкул кызыл, кара, көк, феруза[19], ачык жашыл, ток жашыл, сары, кызгылт-сары түстөргө боёлот. Килемдеги кызыл түстөр негизинен жалпы түскө, ал эми кара түс көчөттордүн чекесине суу (контур) катары барат. Кээ бир үлгүлөрүндө көк түстөр да кездешет, бирок алар салыштырмалуу сейрек колдонулат. Кыргыз килемдери өзбек килемдери сыяктуу эле ар дайым оюм-чийим түшүрүлгөн, аздыр-көптүр кеңдиги талаа менен түзүлөт. Килем талаасы адатта оюм-чийим түшүрүлгөн аянтчаны түзүп, алар же бир нече жолу кайталанат же бир эле килем үчүн бир талаада же ар кандай жалпы түстөрдө 2 же 4 төн ашык эмес кайталануучу татаал көчөттөрүн түзүп, килем талаасы 2 же 3 тилкеге бөлүнөт. Килемге түшүрүлүүчү көчөттөр негизинен стилдештирилген өсүмдүк формаларынан - гүлдөрдөн, жалбырактардан жана сабактардан турат, алар өзүнчө өнүгүп, же бүтүндөй өсүмдүктөр түрүндө бириктирилген болот.

Килем көчөттөрү килемдин бүт талаасын ээлейт, же болбосо жөнөкөй же тепкичтүү сегиз бурчтуу коргондун ичине жайгашкан. Гүл оюмдары менен чырмалышкан формаларынын көбү өзбек оюмдарына окшош, кээ бир килемдерде кытай оюмунун таасири да байкалат. Килемдердин четтери өсүмдүктүн орнаментинин элементтеринен жана формалардын геометриясынан турат.

Бирок Кашкардан көп санда алынып келинген эң жаңы Аксуу жана Хотан килемдеринин таасири байкаларлык күчтүү болуп, алардын арзандыгынан жана түстөрүнүн кооздугунан улам чөлкөмдүн сарт урууларынын жана орус калкынын арасында гана эмес, а түгүл кыргыздардын өзүндө да жергиликтүү килемдери көп сатыла берген эмес [326, 518-б.].

Кыргыз килемдеринин орточо көлөмү узуну 1,8 метр ал эми туурасы 3 метрге жетип 10 же 20 см айырма болушу мүмкүн. Килем токуу тарыхында өтө

[19] Феруза-орус тилине “бирюза”, “бирюзовый” деп которулат

чоң көлөмдүү килемдер токулган фактылары да кездешет. Мисалы, аксарай килеми (ордо килем), бул килемдин өлчөмү 23 х 6,5 болгон. Аны токуу үчүн 20 чакты чебер-токуучулар жалданган. Бул килемге Асаке шаарынын соодагер тургуну буюртма берген [288, 88-б.]. Абдан чоң килемдер кээде элдин муктаждыгына карай жасалган, айрыкча чоң килемдерди кыргыз чеберлери гана токуй алышкан. Бул маалымат боюнча барон А.Е. Фёлькерзам белгилегендей Орто Азиядагы килемдердин ичинен көлөмү чоңдору кыргыздар тарабынан Фергана өрөөнүндө токулган килемдери болгон [429]. Килемдерди көлөмүнө карай да кыргыздарда аталышы ар кандай болгон: ордо килем, калы килем, зор килем, жайлоо килем ж.б. [27].

Лейлек жана Баткен аймактарынын дээрлик баардык айылдарында килемдин эки түрү токулат. Булар: «жүл килем» жана «араби килем» [493,494]. «Жүл килем» кадимки эле жүндөн жасалган үй-шартында колго токулган түктүү килем. Анын өлчөмү орточо эсеп менен туурасына карай 2-2,8 м, ал эми узунуна карай 3-3,5 м болуп, салмагы 40 кг тегерегинде болот. Ал эми араби килемин өрмөк согуу ыкмасын колдонуп, түксүз кылып токушуп, салмагы салыштырмалуу жеңил жана токуу техникасы оңой болгон [495]. Кошумча чийки зат катары пахта буласынан жасалган жиптер колдонулган [288, 19]. Кыргызда негизинен түк (жүл) килемине кошо эле араби килеми да байма-бай токулуп колдонуудан чыга элек. Килем аркагы таардай эле кадимки жүндөн жана мурунку эриш жиптердин калдыктарынан ийрилет. Араби килем түксүз болуп, ага да өзүнчө көчөттөрү салынып абдан кооз болгон. Араби килем жеңил жана бышык болгондуктан кыргыздардын турмуш-тиричилигине абдан ыңгайлуу болгон. Килемге негизинен койдун жазгы кылчык жүнү, эчкинин, топоздун кылтагы, төөнүн жүнү пайдаланылат.

Килем токууда күзүк, адыргы, күзүк көтөргүч, токмок, бычак, кайчы, салык, жазгыч өңдүү аспаптары бар, муну 4-5 адам токуйт. Килемдин ортолугу төрт бурчтанып, ортоңку бөлүгүндө «ашкана көчөт» өңдөнөт да, татаал көчөттөрдөн «өрөжө» жана «мүшкүл» деген жарым көчөттөрү түшөт. Буга «нампарды» (нан жабуучу кымкап калкандын элеси), андан ары «теке мүйүз»,

«ит таман», “тайлак таман” (116-сүрөт), жана «чычкан көз», «ийрек», «жарты шак» сымалданган көчөттөрдү ирети менен берүүгө болот (33-34-35-сүрөттөр).

Лейлек, Баткен, Ноокат аймактарында түктүү килемди токууда төрт тарабына кыркалекей «саамал» түрүн түшүрүшөт, «саамал» көчөтү көбүнчө кызыл-кара түстө болот. Кандай гана килем болбосун “кочкор мүйүз”, «кочкорок» көчөтү түшүрүлгөн. Муну “кочкорок” жана «сыңар кочкорок» деп да аташкан. Андан ары карай чыйратылган жиптин өңүнө жараша «эчки туяк», «туура мүйүз», «карагай бутак», «нампар көчөтүн» түшүрөт. Килем көчөттөрү ич ара татаалдашып отурат, бирок ага карабай килемчилер көчөттөрдү жатка билип токушкан. Көчөт түйүндөрүн чечүүдө: эки жагына мүйүздөрү кайкалап чыгарылганы «эки жүздүү кайкалак», жалгыздатып токулса, «сыңар кайкалак», түгөйлөштүрүлүп токулса «кош кайкалак» - деп айтып турушат.

Кыргыздардын килем көчөттөрүндө көбүнчө кызыл-көк түс берүү – нарктуулуктун белгиси катары каралып, кызыл, кочкул- кызыл, сөзсүз көк же жашыл өң менен айкалышып турган. Ошондой эле ак-карага, кара-кызылга деле ширелиштирип басым жасала берет. Килемдин «ала мончогунда» ак, кара, сары өңдөр бири-бири менен айкалышат. Мурун уздар өсүмдүктөрдүн тамыры менен шактарынан атайын боёк даярдашкан. Килем сатуу үчүн базарга чыгарылганда, анын аянтына карата базарда анын баасы бычылган. Килемдин аябай чоң болгон аянттуусун “ордо килем” деп аташкан. Бул өтө эле чоң көлөмгө ээ болуп, кирип отурган бөлмөнүн энинен да ашып түшкөн. Ал эми “калы килем” (пано), “туш килем” болсо көбүнчө үйдүн дубалына жана боз үйдүн керегесине жылуулукту сактоо үчүн жасалган. “Төр килем” да аянттуу келип, дайыма жерге гана төшөлүп, өтө бышык болуп, узак убакыт урунууга болгон. Уздар көргөндүн көзүн тайгылтып, элдик шаан-шөкөттү айгинелей турган каркыралуу көчтө төөнүн жүгүнө атайын жабууга ылайыктуу килемдерди да токушкан. Мындай токулган килем буюмду “төө килем” деп аташкан. Көчүп-конууда урунуу үчүн токулган чакан “жайлоо килеми” да өтө кооз көрүнөт. Килем буюмдарынын орточосу 3,5 - 2,5 м келсе, анын күзүгүн бекемдеп байлоо үчүн пахта жиптерин ийрип сарпташкан. Килемде жүндүн арбын бөлүгү анын түгүнө (жүлүнө)

жумшалат, буга 45-50 кг жүндү ийрип-чыйратат. Ал эми бир килемди бүтүрүү үчүн анын челдөөсүнө, чыйратуусуна, чыңдоосуна, тазалоосуна, ийрүүсүнө жана түктү тегиздеп кыркындысына бир аз таштанды жүн арткан. Кээ бир сарамжалдуу аялдар айрыкча түктү кайчы менен кыркканда артып калган калдыкты жөлөнгүч балыштарга салып каптап коюшкан [492].

Эгер аянты 5х8 метр килем токула турган болсо, анда буга баары биригип 80 кг жүн даярдалышы зарыл. Муну чеберлер төмөндөгүдөй бөлүп жумшашат: килемдин «эришине» эчки жүнүнөн («кылтак») 10 кг, анын “аркагына” кой-эчкинин жүнүнөн дагы 10 кг жумшалат. Калганы түктөрүнүн кыркындылары менен кошкондо 60 кг жүн килемдин түгүнө, жоробуна жумшалат. Килемдер геометриялык элестерге бай келет, килемдердин ортосу, чатыраш, же ромб, болбосо сегиз бурчтук түрүндөгү көчөттөргө толот. Килемдерде кызыл түс көк менен беттешип, ак жана карадан «ала мончогу» түшөт. Кызыл килем өзбек, тажик базарларында үстөмдүк кылып, баалуу товар катары сатылып турган. Боёкторунун ачыктыгы, көчөттөрүнүн бири-бирине шайкеш келгендиги, койдун кылчык аралаш жүнүнөн болгондугу жана аянты көрүүчүлөрдү, алуучуларды өзүнө тартып, буюмдун баасын жогору көтөргөн. Килемге кыргыз көчөттөрү: “кочкор мүйүз”, “карга тырмак”, “айчык” геометриялык бурчтуу фигуралар так түшүп, бир бүтүм ойду туюндурган. Килемдин четине «тумарча көчөтүн» берип, андан кийин “кайкалак көчөтүн” көчүрүп, анан калган түрлөрүн ич ара иреттүү келтирип, алардын араларын эндей эле жүл калыбында калтырышкан. Мында кара-кызыл өңдөр ич ара жупташат да, кызыл-көк айкалышса, кызыл түс өзүндө оодарып турса, кара-кызыл өңдөрдө кара түс буюмдун жалпы жердигин чечип коёт. Эгер кызыл-ак менен беттешсе, кызыл түс токулган буюмга бөтөнчө таасир берет. Көркөм үлгүнүн ортолук көчөттөрүн табакча-табакча өңдөнтүп берүүлөрү уздардын чеберчилик жүздөрүн баамдатып турат. Анда ар бир табакчага “нанпар” көчөтүн негиз кылып, алардын араларына «ийрек» түшүрүп отурат. Ал эми анын четтерине табакчанын жарымын келтирүү аркылуу коолдук жаратат. Айрымдар көркөм көчөттөрдүн четине жашыл өңдү да жүргүзө коёт, бул кызыл менен кара өңдүн араларын ачат. Ал сарыдан да, актан берилет да, «ала мончок»

сымалданып түшөт. Андай кара-кызыл түстөн турган килемдердин көркөм көчөттөрү көк менен кызыл өңдү көбүнчө айкалыштырган учурлар Баткен жана Лейлек аймактарында арбын учурайт. Жүл килеминин четине «казан кулак», «чөмүч сабы», «тайлак таман» (анын ичинде тогуз дөбөсү бар), «кыйкач» (бул суу ордуна берилет), «калит (кулпу) көчөтү» ирети менен түшүп турат да, борбордук көчөттөн (негизги көчөт) «бычак учу», «козу тиш», «көөкөр» кооздуктар түшөт. Анан табакча көчөттөр башталат, анын ичинде «мандалак баш», «козу тиш», «омуртка оюму» өзүнчө кооздук катары түшүрүлөт.

Килем токуучулук – көркөм кол өнөрчүлүктүн массалык мүнөзгө ээ болгон түрү. Килем токуу кол өнөрчүлүгү элдик көркөм кол өнөрчүлүктүн бир түрү катары калыптанып, Кыргызстандагы килем токуу кол өнөрү көркөм мурастардын ичинен  укмуштуудай тез өнүгүүгө арымдуу мүмкүнчүлүк алган. Өзүнө гана тийиштүү өзгөчөлүгү, кооздугу аркылуу ал Кыргызстандын түштүгүндө көркөм мурасынын мерчемдүүсү болуп саналат. Андан кыргыз элдик гармониясы, стилдик мүнөздөрү, боёктордун түстөрүнүн жалпылыгы даана көрсөтүлгөн. Кыргызстандын Лейлек, Баткен, Кадамжай, Алай, Ноокат жана Тажикстандагы, Өзбекстандагы кыргыздарда килемчиликтин өнүгүшүнүн салттары бүгүн да улантылууда. Ал Кыргызстандын түштүк-батыш аймагынан түндүк-чыгыш аймактарына акырындап тарала баштаган. Кыргыздын кызыл килеми тууралуу баалуу тарыхый маалыматтар бар. Мына ушундай килемдер менен катар (жазылыгы өрмөктөй болжол менен 80-90см) таңгыч (боз үйдүн керегесинин тышынан тарткыч»), «эшик тышы» (боз үйдүн эшигинин сыртын кооздоо), аяк кап, кайчы кап, күзгү кап, баштык, чавадан, жапсар, туткуч, куржун, уук кап, кереге кап (уук керегенин учтарына кийгизүүчү баштык), жайнамаз, жабык баш, тегирич өңдүү боз үйдүн ички-сырткы жасалгаларынан сырткары ат жабдыктарына тиешелүү көпчүк (көрпөчө ордуна ээр үстүнө жалаңкат салынуучу, эни тайкы килемче), тердик, басмайыл, куюшкан, көмөлдүрүк сыяктуулар да арбын токулган. Түштүк чеберлери биз санап кеткен мындай түктүү буюмдарды токуу менен бирге муну түксүз (таар) ыкмасында да согушуп, турмуш-тиричиликке ушундай эле наркта жана салтта пайдаланууга

укмуштай узданып келишкен. Мында нагыз чыгармачылыкка караганда биреөдөн таалим алуу, бирөөгө үйрөтүү, мурдатан берки элдик адаттагы көчөттөрдү түшүрүү басымдуулук кылат. Ошондуктан, килемчиликте оймочуларга, саймачыларга жана зергерлерге салыштырганда ойдон нагыз оюм-чийим түшүрүп, уздун чеберчилик үлгүсүн айкын көрсөтүп берүү анча салтка айланган эмес. Чеберлер өзүнчө ой-чабытынан оюм-көчөт түшүргөнү менен көрүнбөй, тескерисинче буюмга элде калыптанып муундан-муунга өтүп калган килем көчөттөрүн бергендиги аркылуу бааланат. Килем көчөттөрүнө такай уздануу түйшүгү кыз-келиндердин баарына таандык сапаттардан болот.

Жөрмөмө же араби килем – килемдин бир түрү катары өзүнчө нукура үлгүгө ээ болуп, оң-тетири тарабы бирдей көрүнөт. Демек, кажары, терме таарлардан бул айырмаланат да, анын четине «кабырга көчөт» түшүп, ал өзүнчө өрмөк аркылуу согулуп, буюм жээги болуп көрүнөт. «Катар кайкалак көчөтү» берилип, табакчаларынын ичиндеги түрлөр жөрмөмө килемдегиден бөлөкчө көрүнөт. Бул килемдин коохдуктары да башкачараак болот, ал түксүз келип, түктүү килемге караганда алда канча жеңил бүткөрүлөт. Чеберлер жүл (түк) килемдей эле муну да арбын токушкан, бул түктүү килемден токулуш ыкмасы жагынан кескин айырмаланат. Араби килемине жүн азыраак чыгымдалып, жиптен артыкча таштанды чыккан эмес. Таар сымал согулуп, килемдикиндей аркак салынбайт. Чеберлер жумасына бир орто аянттагы араби килемди бүткөрүп коюшкан. Буюм жерге төшөөгө шартташып, анда эришине аркакты санап гана өткөрүү аркылуу көчөт түшүрүлөт. Буга жүл килемине түшкөн көчөттөр толук берилген. Анын четине уздар «казан кулак» көчөтүн түшүрсө, ал «бычак учуна» окшошуп кетет. Бул жарты болуп берилсе, «казан кулак» үч бурчтук өңдүү көрүнөт. Андан кийин «жээк көчөтү» үчүн уздар «жарты омуртканы» тандашат. Баткендин Самаркандек, Рават тарабы «пара көчөтүн» (пара-тегирмендин барасы) арбын түшүрүшөт да, анын ортолук көчөтү (борбордук көчөтү) бүтүн «омуртка көчөтү» болуп көрүнөт. Бул бири-бирине эриш-аркак көркөмдүктү «суусу» бөлүп турган. Көчөт араларындагы жарым табакчаларды алар «колтук» деп айтышкан. Негизи баткендиктерде буюм үчүн

кара-кызыл өңдөргө мүнөздүү карашат, буюмдун материалы жердиги такай кылчык жүндөн болгон. Жүн килеминин көчөттөрүн араби килеминде да кайталап кезиккен. Мында негизги көчөттөрүнө «панис көчөтү», «ашкана көчөтү» кирет. Алардын четтерине «талык», «кыйкач» өңдүү жарым көчөттөрү дайыма түшөт. Улам  кайталанган аз сандагы боёк түстөрү жана геометриялык көчөттөр килемге тактык, дааналык  түзүлүштү берет. Мындай килемдерге негизинен өсүмдүк ыргактары,  элдик чыгармачылыкка мүнөздүү болгон жылдызчалар, төрт бурчтуктар, ромб, сызыкчалар түшүрүлгөн. Кызыл-кара түстөгү боёктору жеткилең берилген кооз араби  килемдер турак жайдын көркүн ачкан [314, 241-б.] Араби килеми түштүк аймактагы Чоң-Алай жана Баткен аймагындагы түксүз-килемдеринин мыкты үлгүсү болуп саналган жана башка аймактарда бул  техника менен токулган килем кездешпейт. Араби килеминин көркөмдүүлүгү, жумшактыгы, көлөмдүү болсо дагы жеңилдиги, төшөп колдонууда ыңгайлуулугу менен өзгөчөлөнөт.

Араби килемин токуу үчүн да жерге жаткыра орнотулган дүкөн-куралында токулат. Анын эриши көрүнбөй астында калып, үстүнкү бети аркактар менен иштелет. Жиби жоонураак жана жумшак болуп, тыгыз, калың токулуп, колдонгондо бышык болот.

Араби килемдин ортосундагы негизги оюулар тепкичтенген табакчылардын араларына  (майда көчөттөр) жайгашат. Четки бөлүгүнүн жазы тилкесине бир  түрдүү майда көчөттөр жайгашат.

Килем токуу техникасы менен чакан, кичинекей көлөмдөгү килемдер жана килем буюмдары да согулган. Аларды паяндос үчүн же дагы башка бир салттуу иш-чараларга арнап токушкан [492].

Килем буюмдарынын ичинен  кыргыздын көчмөн жашоосун чагылдырган  *“чавадан”, “чабадан”* буюмун кароого болот. Чавадан, чабадан (перс. тилинде *жабдан*) – бул көчмөн кыргыздардын турмуш-тиричилигинде практикалык мааниси абдан терең болгон үй тиричилигинде керектелүүчү буюму болуп, көчмөн жашоонун муктаждыктарына жооп берген килем буюмдарына кирет. Биринчиден, бул – сандыктын ролун аткаруучу токулган

баштыктар, Борбордук Азиянын көчмөндөрүнүн универсалдуу ойлоп табуусу. Ушуга окшогон баштыктар мурда активдүү жашоо образын жүргүзгөн көптөгөн элдерде кеңири таралган, бирок ар кандай аталыштар менен белгилүү болгон. Окумуштуу Эльмира Гюлдун жазганы боюнча Самарканддык өзбектер арасында ушул эле функцияны аткарган буюмдарды – *напрамач (napramach)* деп аташкан, ал эми Кашкадарыя жана Сурхандарыя облустарында өзбек лакайлары менен кунграттар арасында-*мапрамач,* ал эми Нуратан облусунда локалдашкан түркмөн өзбектеринин арасында -*карчин,* түркмөндөрдүн арасында – *мафрач (mafrach)*, каракалпаклар арасында *–мафрач, каршин* деп аталат. азербайжандарда - *мафраш*. Кыргыздардагы чавадан сөзүнөн орус элинин “чемодан” деген сөзү чыккан [144, 82-б.].

Б.Х.Кармышеванын божомолу боюнча сөздүн өзү мафрашун араб тилинен – дасторкон сөзүн түшүндүргөн [193, 122-б.].

М. Дудиндин жазганы боюнча төшөнчүлөрдү жана башка жумшак буюмдарды сактоо же ташуу үчүн зарыл болгон. Ал негизинен себин, кийим-кече жана башка аялдардын жеке буюмдарын сактоо үчүн колдонулган [56, 89-б.]. Көчүп-конуу учурунда бул баштыктар таңгак жүк катары колдонулуп, калган мезгилде боз үйдүн ичиндеги интерьердин бир бөлүгүн түзүп, негизинен жүккө жыюуда өзүнчө көрк ыроолочу сеп катары кызга берилүүчү көлөмү узунунан 1 метрге, ал эми туурасы 0,3 метрди түзгөн килем буюму. Чавадан – үйдүн ичиндеги кийимдерди жана буюмдарды иреттеп жыйып, таза абалда сакталып турушу үчүн атайын эстетикалык максатта жасалаган кол өнөрчүлүк продукциясы. Аны жүккө кошо жыйып, токулган түктүү жагын көрсөтүп артынан башка кездеме-кебездерден баштык сыяктуу кылып улап тигип жасап, көрүнбой тургандай кылып жүктүн арасына кошо жыйышкан. Кээде анын калган бөлүгүн таардан тыштап, ичинде кебез же саман салынган жана кадимки жаздыктын милдетин да аткарат. Болжолубузда орточо чавадандын узунуна келген «эришине» 150 тал жип кетет да, анын каттай чыйратылган жоондугу 1мм жакын эчкинин кылчык жүнүнөн аркагы болот. Муну эки метрдей кылып куруп согот, аны согуу килем сыяктуу эле жүргүзүлгөн. Эриш-аркагына 2 кг, түктүү

бөлүгүнө 1,5 кг, ошондо орточо 3,5 кг кылчык жүн керектелет. Чаваданды сокkондо эки четине «тумарча» үчүн 14 тал жип сарпталган (6-сүрөт). Анын ичине «ала мончок» жиптери менен килемдин түктөрү бышыктоо үчүн байланган эки түрдүү чыйратылбаган жиптер алмашылып, ирети менен байланган. Чаваданга алгач четки бөлүктөрүнө «кайкалак», «мүйүз көчөт», «бычак учу» комплекстүү башка негизги орнаменттерге толуктоочу, маани берүүчү катары каралат [288, 90-б.]. Килемдин аянтынын ортосуна «чоң тумарча көчөтү» келсе, негизинен анда «үч жылдызча», «алты коргончосу» болот. Чавадан токулганда узуну 90 см барабар болуп кыскарып кетет, ага да кызыл, ак, көк, сары, күрөң өңдөр ич ара жупташат. Бул чаваданды жүк менен кошо жыйылганда жүккө өзгөчө көрк берип турат. Алгачкы чавадандар кийизден жасалып, астыңкы бөлүгү жүндөн ийрилген жиптер менен саймаланып кооздолгон. Анын ичине болгон жумшак буюмдарды салып (кышкы жана жазгы кийимдер), азыркы кездеги комоддун же шкафтын ролун аткарган. Түктөрүнүн узундугу 0,4 мм түйүлгөн жиптин тыгыздыгы орто эсеп менен 1см$^2$ ге 5×3 түймө жип туура келет. Бирок кыргыздардын боз үйүнөн таш үйлөргө отурукташуунун натыйжасында чавадандын өлчөмү бир кыйла чоңойгонун байкасак болот. Алардын көлөмү узунунан 1,20 метрге ал эми туурасы 0,40-0,42 см түзгөн. Түктөрүнүн узундугу 0,5 мм түйүлөт. Чавадандын асты жагы, башкача айтканда, көчөт жагы жыйылган жүктүн көркөмдүүлгүн арттырган. Чаваданга атайын көчөттөр түшүрүлгөн, бул көчөттөр үч же төрт татаал орнаменттен туруп, арасы атайын сызыктуу чийме менен бөлүнүп турган. Кээ бир чавадандардын эки чекесинде чачысы же “папиги”[20] (жергиликтүү диалект) чыгарылган. Чавадан дээрлик эриш жана аркагы тең бирдей жүндөн жасалгандыгы эки чекесинен чыгып, көрүнүп турган папиктеринен улам байкасак болот [6, 395-б.]. Бул чавадандар негизинен жүз пайыз курамы жүндөн жасалган. Чавадандын аркактары койдун жүнүнөн ал эми эриши негизинен бышык болушу үчүн эчкинин жүнүнөн ийрилип жасалган. Бул багытта кыргыздын кадимки эле

[20] “Папук”, “папик” – бул сөз чыгыш иран тилинен алынып чачы дегенди түшүндүрөт

тыбыттуу жана жарым кылчыктуу эчкилеринин сапсаңдуу даакы жүндөрүн ийрип, эч кандай боёк бербей эле табийгый (боз) түсү менен чавадандын эришине жумшашкан [148, 215-б.]. Токуу технологиясы боюнча да өзгөчөлөнүп турган, жүндү өтө ичке көлөмдө ийришип, жалаң кызгылт түскө боёшкон. Ал эми эришин эчкинин жарым кылчыктуу жүнүн өтө ичке ийрип, андан соң эки кабаттап, чыйратып алып эриштешкен. Аркагын кадимкидей эле койдун даакы жүнүн ийришип даярдап жүгүртүшкөн. Аркак жүгүртүү процесси – бул эришке жипти (петля) байлап, аны бычак менен кескенден соң, аркак менен бышыктоо максатында эришке аралата өткөрүү. Андан соң жыгач токмок менен аркак жана эриштин ортосундагы жипти бышыктап ургулаган. Килемге караганда аябай майда көчөттөрдү түшүрүшүп, чавадан токуу мүшкүлдүүрөөк болгон. Чаваданга 1дм$^2$ ге 750-850 чейин илмек түйүлүп байланып токулган. Чаваданды чебер аял бир күн бою токуса 4см токуй алган. Анткени түктөрү өтө эле ичке ийрилген. Чаваданга негизинен кызгылт түскө ээ болгон көчөттөр түшүрүлүп, жылуу түстөр колдонулган. Бул биринчиден жогоруда көрсөтүлгөн кыргыздардын эстетикалык табитине, экинчиден, жаратылыштык жашоо шартына жараша болгон [288, 89-б.].

Килем буюмдарынын ичинен чавадан буюму кыргыздардын жарым көчмөн жашоо тиричилигинде өзүнүн баштапкы практикалык маанисин жогото элек мезгилде, кызга берилүүчү септердин эң маанилүүлөрүнүн бири болуп саналган. Бул чаваданды жада калса, колунда жок үй-бүлөлөр да сөзсүз түрдө турмуш жолуна узап жаткан кызынын себине кошуп беришкен. Белгилей кетүүчү нерсе чаваданды кыз өзү эч качан токуган эмес, аны апасы гана жасаган [156, 83-б.]. Маалыматка караганда кыздын апасы чаваданды жалгыз өзү соккон, согуп жатканда кызына аруу тилектерин айтып, жиптин ар бир сабын колдон өткөргөн. Анын үстүнө чавадан согуу өтө түйшүктүү болгондуктан, жаш кыздардын чыдамы да жеткен эмес, ал эми жаш келин-кесектер үй түйшүгүнөн жана бала-чакасынан бошой алган эмес. Ал эми чоң килемдерди согуу коллективдүү иш болгондуктан, арбыштуу болуп, кыздар эринбей бири- бири менен көмөктөшүп токуй беришкен. Чаваданга кээ бирде төөнүн жүнүнөн

ийрилген жиптерден да токушкан. Төөнүн жүнү кошулган чавадандар өзгөчө баалуу болуп, кыздын себининин баркын көтөргөн [492].

Чоң-Алай өрөөнүндө да кыргыздар салттуу ыкма менен даярдалган чавадан буюму көркөм-кооз буюмдарынын катарын толуктап кеңири колдонулган. Анын орнаменттери көп учурда геометриялык стилдештирилген зооморфтук жана космогониялык орнаменттер менен кооздолгон.

Чавадандын баштапкы функциясы - буюмдарды сактоочу *кош жабык* катары жасалып, жүккө жыйылганда кооз - көркөмдүк мааниге ээ болгон. Окмуштуу В.Г.Мошкова кыргыздар токуган чавадандарда *кайкалак* жана *кош кайкалак* көчөттөрү көп кездешээрин белгилеп, ушул эле көчөттөр менен кошо *пычак учу* көчөтү да бар экенин жазган [288, 90-б.]. Ошол эле учурда чавадандар үйдүн ээсинин социалдык абалынан да кабар берип турган.

Килем буюмдарынын катарын толуктаган дагы бир маанилүү үй буюму – *түктүү баштык*. Килем баштыктын көлөмү ар кандай болгон, негизи узун туурасы 50 сантиметрден ашпаган, ал эми түктөрүнүн узуну 6мм, түйүлгөн жиптин тыгыздыгы орто эсеп менен 1см$^2$ ге 4 × 4 түймө. Баштыктар кооз болуп жасалып, сегиз бурчтуу, алты бурчтуу коргон сымал жалгыз чоң килем көчөттөрү түшүрүлгөн (130-сүрөт). Ал көчөттүн формасы геометриялык же геометриялык-зооморфтук комплексте кооздолгон. Баштыктын негизги функциясы үй ичиндеги майда-барат аялдарга тиешелүү болгон буюмдарын таза, тыкан жана сарамжалдуулук менен сактоо болгон [493].

Боз үйдүн ички жасалгасы катары өзгөчө кооздук берген түктүү токулган тиричилик буюмдары төмөнкүлөр: *аяк койчу (аяк кап), кош жабык, кайчы кап, туз баштык (туз калта), туткучтарды*. Бул килем токуу ыкмасын колдонуу менен жасалган буюмдар өтө бышыктыгы жана жана сапаттуулугу менен айырмаланган (166а-сүрөт, 170-сүрөт).

*Аяк койчу (аяк баш)*-токулган баштык сымал буюм, бет тарабы токулуп арткы тарабына башка кездемени туташтырып тигилген. Токулган баштыктын өлчөмүнүн узундугу 40 см, туурасы 60 см түзгөн. Анын ичине идиш-аяктар коюлуп, таза сакталып турган.

*Кош жабык*-килем текчелеринин эле аналогу катарында каралып, боз үйдүн интерьеринде маанилүү орунда турган буюмдардын бири болгон (143-сүрөт).

*Кайчы кап* – атайын чакан орнотулган дүкөндөрдө килемдин технологиясы менен токулган кайчы жана тигүүчүлүккө, бычмачылык шаймандары сакталуучу торбо, баштык (170-сүрөт).

*Туз баштык* (туз калта)– негизинен туз сакталуу үчүн атайын жүндөн токулган баштыктын бир түрү (173-сүрөт). Туз мындай жасалган баштыкта чачылбай сарамжалдуу болуп, ным тартпай сакталып турган.

*Токулган килем туткучтар,* – тамак бышырганда кызыган казандын кулак саптарын кармоочу буюмдар. Килем туткучтары жогорку градустагы ысыктан колду күйгүзбөй, жакшы сактаган (172-сүрөт).

Дагы бир кыргыздын көчмөн турмушунун зарыл деп эсептелген килем буюму бул *тегирич* болуп саналат. Килем техникасы менен токулган тегирич боз үйдүн ичин кооздоочу буюм катары каралат. Тегиричтин туурасы 35-45см, ал эми узундугу боз үйдүн канаттарына жараша болуп, Ош аймагынын батыш өрөөндөрүндө барктуу деп эсептелген (171-сүрөт).

Боз үйдүн килем эшиктерин токуу технологиясы боюнча эшик килемдеринин, куржундардын орнаменттери килемдердин жасалгасынан айырмаланбайт. Кыргыздар боз үйдүн эшигин килемден жасалган атайын тосмо эшик тыш менен жабышкан. Бул буюм боз үйдү жылуулаган жана өзгөчө көрк берип турган. Эшик кийиз же килемден токуу ыкмасы менен жасалып, бекем болгон. Боз үйлөрдүн ээлери орточо даражадагы каражатка ээ болсо да, алардын үйлөрүнөн жыгачтан же кийизден жасалган эшиктин үстүнөн бүтүндөй бир килем эшигин же килемди кездештирүү сейрек көрүнүш болчу. Чоң-Алайда жыгач эшиктер сейрек кездешип, көбүнчө чийден же талдын бутактарынан жасалган эшик менен алмашылып токулган [326, 514 - б.].

Кыргыздар килемден токулган аттын жабдыгы жана ат үстүндө бара жатканда колдонуучу буюмдарды даярдашкан. Аларга *басмайыл* жана *куржун, ээр жабуучу көпчүк, желдик* кирет. Желдик бул ат жабдыктарынын (ээр

токумдун) бир бөлүгү катары каралып, тердиктин үстүнө коюлат. Ал – ээрдин эки каптал тарабына кынала өлчөнүп жасалган килем буюму [190, 167-168-б.]. Бул килем техникасы менен токулуп жасалган үчүн абдан бышык жана көпкө чейин чыдаган. Көчмөн турмушта кыз-келиндер токулуучу желдиктин этектерин өтө коoздоп, ээрдин астынан көрүнүп тургандай кылып өзгөчө көчөттөрдү токуп түшүрүшкөн.

Көчмөнчүлүк турмушта кыз-келиндер токулуучу желдиктин бурчтарын кооздоп, ээрдин астынан көрүнүп тургандай кылып сары, кызыл түс менен көчөттөрдү түшүргөн [96, 66-б.].

Ат жабуу кажары өрмөкчүлүгү менен катар килем техникасы менен да даярдалган. Ат жабууну *дикак* (попона) кадимки килемдей кылып токушкан [27, 60-б.]. Мында буюмдун жердигине көркөм - кооз болгон кызыл, көк өң менен килем көчөттөрүн түшүрүшөт. Бул дикак Кыргызстандын түштүк тараптарында кеңири таралган ат жабдыгы болуп саналат.

*Токулган түктүү басмайыл* (артаил) – жүндөн токулган ат жабдыгы болуп саналат. Килем токуу ыкмасы менен токулган ат жабдыгы басмайыл кыргыздарда уникалдуу буюм катары өзгөчөлөнүп турат, анткени бул бир гана кыргыздарда кездешүүчү буюм(138-сүрөт) [494].

Басмайылды унаага токулган ээр-токумду бекитүү үчүн белинен тартууда колдонулган. Анын бир учунда жазы темир тегерек 1-тогоосу болот. Ал ээр-токумга экинчи тарабындагы ошондой тогоосуна кайыштан тилинип улаштырылган ичке боо аркылуу курчалат. Маалымат берүүчүлөрүбүздүн айткандары боюнча, токулган желдик (ат жабдык) XIX - кылымдын экинчи жарымынан кийин эле колдонула баштаган. Бул ат жабдыгы кыз-келиндер тарабынан токулуп, аттын тердигинин үстүнөн жабылып, токулган буюм болгон [493].

*Токулган көрпөчө (ээр килем)* – килем техникасы менен токулуп жасалган ээрге салынуучу жабуу. Ээр жабуучу килем же көпчүк токулган чакан төшөнчү отургуч болуп саналат, аны аттын ээрине салышкан. Ден соолукка да пайдасы көп болгон. Медицинада жүндүн касиети адам баласына оң таасирин берери

далилденген. Бул ээр жабуу ушул күнгө чейин Чоң-Алай өрөөнүндө токулуп, колдонулуп келет (150-сүрөт).

*Токулган куржун (ээр баштак)* – бул дагы ат жабдыктарына кошулат, токулган килемден куржун тигилип, өтө бышык жана ичине салынган азык-түлүктөр жүндүн физикалык касиетина карай көпкө бузулбай сакталган [190, 268-б. 516] (69-сүрөт, 134-сүрөт). Чоң-Алай өрөөнүндө информаторлордун айтымында, азыркы күнгө чейин куржундун актуалдуулугу жоголо элек. Куржундар аттын ээрине артылып, эки капшытка бирдей салмагын түшүргөн эки көздүү болуп жасалат. Айрыкча уулун үйлөп жаткан эне болочок келинге калың төлөө үчүн бара жатканда куржундун эки көзүн тең белек-бечкекке толтуруп, келинине жана кудаларына тартуулашкан. Бир көзүнө таттуу, шириндиктер салынып, ал эми экинчи көзүнө кийит менен жана башка белек-бечкек менен толтурулуп, оозун бекитип, кооздоп кыздын үйүнө жеткирилген. Бул куржундар жүндөн жасалгандыгы үчүн жеңил жана ыңгайлуу, ал эми токуу техникасы менен жасалгандыгы үчүн бышык болгон. Эгерде жол алыс болсо ичиндеги салынган тамак-аштар бузулган эмес. Куржун канчалык кооз жана толо болсо кудалардын алдында күйөө баланын ата-энесинин жана күйөө баланын өзүнүн сый урматын арттырган [494]. Куржун – килемден согулуп ортосу бириктирилип, артынып жүрүүгө же болбосо атка өңөрүүгө ыңгайланып жасалган эки ооздуу баштык. Куржундун ар бир көзү болжол менен 50х50см келет, айланта милте коюлуп, бүт чети же бурчтары чачыланып кооздолот, ооздору туюк бүчүлөр менен тигилет. Куржун – дээрлик чыгыш элдеринде кеңири тараган буюм. Айрыкча кыз узатууда же болбосо уул үйлөп, кудаларга барганда ичине белек-бечкек салып барганга ыңгайлуу буюм болсо, экинчи четинен ритуалдык мааниге ээ болгон.

*Куржун сөктүрүү* – кыз узатуу тоюндагы каадалардын бири, кыздын себи менен бирге кешик салынып кызды көчүрүп кеткенде кошо берилүүчү буюм [190, 268]. Ичкилик урууларында кыздын апасы салт боюнча кешик катары койдун төш бөлүгүн салып берет. Кыз балага төш тартуу салт катары ушул күнгө чейин сакталып калган.

Бул салттын мааниси тереңде жатат, кыз баланы турмушка узатууда каалоо тилек, насааттардын арасында:

*Сөз ташыган келин болбой,*

*Төш ташыган келин бол,* - деген сөздөрдү кошуп айтышкан. Мында кыргыздар төштүн жилик катары кыздарга тартылышы, көөнү кенен болуп жамандыкты ойлобой, көнүлү ачык болсун дешкен. Куржундун оозун ачып, андагы тамактардан чогулгандарга ооз тийгизүү шыбагасы айылдагы нускалуу аялга келиндин кайненеси тарабынан тапшырылган. Куржунду ичиндеги кудалар салып жиберген бар болгон дүнүйөнү алып, куржундун тигилип турган оозун сөккөн аял кешиктин чүйгүнүн өзү алып, үй ээсине тиешелүү белегин берген [191, 172-б.].

*Токулган торбо* (баштыктын бир түрү) – аттын жем салган капчасы, килем баштык. Бул буюм негизинен аттын жем жеген учурунда пайдаланылган. Ага аттар жей ала турган бардык жемдин түрүн салып беришкен[530].

Түрдүү өлчөмдөгү килем баштыктар биздин азыркы учурда колдонгон сандыктарды, суурумайларды жана шкафтарды, ал эми килем баштыктар – биздин «чавадан» чемодандарыбызды, кутучалардын ордун алмаштырат. Килемдин материалы шкафтарды жана сандыктарды алмаштыруучу дубал баштыктарды, жумшак нерселерди сактоо жана ташуу үчүн баштыктарды, жүк ташуучу улоо үчүн кош баштыктарды жасоого да ыңгайлуу болгон.

Түктүү килемдерге көркөм көчөт салынып, колдо токулуп боз үйдүн ичин жасалгалоочу буюм катары тегиричтерди да айтсак болот. Тегиричтер боз үйдүн ичин жылуу кармоо менен бирге, кооздук жана ынгайлуулукту жаратып тургандыгы менен бааланган.

Кыргыз уз-чеберлери баары эле көп кырдуу чеберлер болуп саналышат, килем токууну билген аял сайма сайган, таар соккон, кийиз жана шырдак жасаганды жакшы билишкен. Кыргыз элинде килемдердин пайда болушуна, жасалышына жашоо тиричилигинин муктаждыгы жана жашоо ыңгайындагы өгөчөлүктөр стимул болгон. Килемдердин жана килем буюмдарынын түрлөрү – элдин этногенетикалык жалпылыгынын, аны жараткан элдердин маданий жана

экономикалык байланыштарынын айкын мисалы. Салттуу килем жана килем буюмдарын жасоо менен алектенген элдердин этногенетикалык жалпылыгын, маданий-чарбалык, социалдык байланыштарын чагылдырып, этностун руханий дүйнөсү жөнүндө маалымат берүүчү маанилүү тарыхый-этнографиялык булак боло алат.

Ошондой эле адамдын руханий дүйнөсү менен эстетикалык табияты жөнүндө маалымат берген маанилүү тарыхый булак. Ошону менен бирге килем токуу кол өнөрү аркылуу кыргыз элинин көркөм өзгөчөлүктөрү, руханий багыты жана семантикалык мазмундары калыптанган. Фергана өрөөнүндө, атап айтканда, Ош жана Баткен облустарында этностук маданияттын тенденцияларынын өнүгүүсүндөгү маселелерин, анын ичинде килем токуу өнөрүн изилдөө – актуалдуу.

Кыргыздарда токулган килемдерден тышкары токуу ыкмасы менен жасалган килем буюмдары да болгон. Булар ар кандай көлөмдөгү чавадандар, жапсарлар, баштыктар, куржундар болуп, кыргыздын жашоосунда ушул күнгө дейре сакталып келе жатат.

Кыргыздардын салттуу маданиятында күнүмдүк колдонуусунда килем буюмдардын көп түрдүүлүгү байкалат, алардын ичинен түксүз жана түктүү токулган (араби килеми) килем. Кыргыздар жүндү дээрлик бардык кол өнөрчүлүгүндө колдонушкан. А түгүл төөнүн жүнү койдун жүнүнө караганда майин, жумшак келип, килемге колдонуудан тышкары сырт кийимдерге жарактуу биязи (армячина, камлот) материалын токушкан [12, 161-б.]. Биязи (армячина) – бул төөнүн жүнүнөн согулган кебездин түрү. Аны атайын жайгаштырышкан токуу дүкөнүндө токушкан. Чоң-Алай аймагында сакталып калган мыкты токулган биязи кездемени кездештирдик.

Кыргызстандын аймагында килем токуу кеңири таралган кол өнөрчүлүк болуп саналат.

Алгачкы жолу пайда болгон килемдер менен килем буюмдарын учурда токулуп жаткан килемдерге салыштырып караганда, дээрлик өзгөчөлүктөрү деле байкалбайт. Токуу ыкмаларынын эч кандай өзгөргөнү сезилбейт, курал-

жарактары да ошол эле бойдон, бирок көчөттөрүнө айрым өзгөрүүлөр киргизилген. Алсак, биздин маалымат берүүчүлөрүбүздүн айткандары боюнча, желдик XIX кылымдын экинчи жарымынан кийин эле колдонула баштаган.

Жыйынтыктап айтканда килем жана килем буюмдарынын түрлөрү арбын болуп, ар кандай турмуштук жагдайларга керектелген. Кыргыз килемдери көчмөн жана жарым көчмөн турмуштун шартында, жашоо-тиричилигинде маанилүү жана зарыл буюм болгон. Килем буюмдар бир эле мезгилде бир нече функцияны аткарган: төшөчү, отургуч, мүлк катары. Кыргыздар токуган килемдердин орточо көлөмү узуну 2 метрдей ал эми туурасы 3 метрдей келип, чакан өлчөмдү ээлеген. Албетте мындан да чоң көлөмдүү килемдер токулган, бирок ал сейрек учурда кездешкен. Килемдин эки түрү кенири таркаган: түктүү килем (жүл)  жана араби килеми. Андан тышкары килем токуу техникасын колдонуп жасалган буюмдары: боз үйдүн эмеректери, эшик тыш, тегирич, чавадан, торбо, баштык, аяк кап, куржундун түрлөрү, кайчы кап, туз баштык, туткуч-кармагычтар, көрпөчө, ат жабдыктары ж.б.у.с. Бирок ушул убакка чейин килем өндүрүшүн жана түрдүү килем буюмдарынын жасалгалоосун изилдөө аягына чыга элек. Фергана өрөөнүндө килем токуу кол өнөрчүлүгү кечирээк изилдөөгө алына баштаган. Мындай абалдын себебин Фергана өрөөнүндөгү кыргыздардын килемдери жана килем буюмдары сапаты жагынан эң мыкты килемдер деп эсептелбегендигинен улам көрүүгө болот, анткени килемдер жалаң үй шартында жана өз муктаждыктары үчүн гана токулган. Фергана өрөөнүндө, атап айтканда, Ош жана Баткен облустарында килем токуу өнөрүн изилдөө актуалдуу  маселелердин бири экендигин белгилөөгө болот.

Бул бапты жыйынтыктап жатып  кыргыздардагы килем токуучулук кол өнөрчүлүгү буга чейин салттуу жана калыптанып калган токуучулук искусствосуна ээ болгон башка этностордун таасирин да алгандыгы маалым. Бирок кыргыздардын жартылышы, релъефтик шарты, географиялык алкагы, климаттык  шарты килем токуучулук кол өнөрчүлүгүнүн эволюциясы узак убакытты талап кылып,  анын ар бир аймак үчүн белгилүү салттык чектерде калыптангандыгын жана өнүккөндүгүн белгилейбиз. Эң байыркы салттарга

таянып, килем токуучулук өнүгүүнүн узак жолун басып өткөн, бүгүнкү күндө эң кеңири таанылган этнографиялык жана искусство тарыхынын изилдөө объектиси болуп саналат. Кыргыз килем токуучулук жөнүндө чексиз кеп кылууга болот, ал эми жипти ийирүүдөн тартып, анын акыркы илмектерине чейинки бүт процессин дасыккан килемчилер жараткан жана бул укмуштуудай искусствонун уламдан-улам жаңы жактары ачыла бермекчи жана кыргыздын көркөм салтынын алкагында муундан муунга өтүп келет.

### 4.2. Килем көчөттөрүндөгү курчап турган чөйрөнүн чагылдырылышы

Кыргыздар айлана-чөйрөсүндөгү буюмдардын, жаратылыштык кубулуштардын, белгилердин семиотикалык абалын аныктоо менен алектенип, тигил же бул буюмдун канчалык мааниге ээ экендигин биле алышкан.

Орнаменттерди "тилдин" өзгөчө түрү катары изилдөөгө болот, ал дагы "тилге чейинки" жана "тилден тышкары" касиеттерге ээ [367, 14-б.]. Акыркы жылдарда активдешип жаткан орнаменттин семантикалык маанисин чечмелөө менен алардын табынуучулук жана сакралдык деңгээлге чыккандыгы байкалууда [370, 8.]. Изилдөөчүлөрдүн айтымында, ар кандай маанилердеги кооз композицияны талдоодо сүрөттөлүштөр толук кандуу оюм-чийимдерге айланат [93, 250-257-б.]. Мындан улам ар түрдүү жана көп сандаган орнамент сүрөттөлүштөрү менен айланадагы дүйнөнүн ар кандай маданий чындыктарын чагылдырууга боло турганын айта кетүү абзел.

Кыргыздардын салттуу коомунда килемге түшүрүлгөн көчөттөр жана орнаменттер эл арасында кылымдар бою калыптанып, алардын дүйнө таанымын, курчап турган жаратылышты, тирүү жандыктарды ж.б. кабылдоосун жана аны менен болгон мамилесин чагылдырган.

Килемге түшүрүлгөн көчөттөрдүн жөнөкөйлүгү жана айкындуулугу, жыйнактуу болуп, алардын геометриялык орнаменттер менен чагылдырылышы өзгөчө көркөм кабыл алынат. Адам баласынын эң алгачкы кооздук багытындагы орнаменттерин геометриялык элементтер түзгөн [379, 92] .

Кыргыздын токулган салттуу килеми толугу менен геометриялык кооз көчөттөрдүн топтомунан турат. Токулган килемдин дээрлик баарында эле бүт борбордук талаасын, адатта геометриялык фигуралар жана өсүмдүктүн окшош кайталанма оюмдары ээлейт, андан тышкары сейрек кездешүүчү жаныбарлардын сөлөкөтүн чагылдырган көчөттөр катарлаш жайгаштырылып коoздолот. Килемдин четтери туурасынан алганда 20-25 см түзгөн эки алкактардан турат. Бул алкактын ичинде *ислими (*60-сүрөт) *(ыспулу - Чоң-Алай районунда)*[21] (60-сүрөт)*, багжагай* (60-сүрөт)*, керме каш (*60-сүрөт) ж.б. бири-бирине шайкеш келген көчөттөр жайгаштырып токулган [493].

Адатта, кошуна жайгашкан элдердин килемдериндегидей эле кыргыздарда да татаал баяндар ачылып, оймо-чиймелердин ар бир элементи адамды курчап турган жаратылышты реалдуу чагылдыруудан келип чыккан. Геометриялык оймо-чийме абстрактуу үлгү эмес, ал бүтүндөй бир семантикалык мазмунга негизделген. Килемдердин жана килем буюмдарындагы татаал көчөттөрүнүн сүрөттөлүшүндө флора жана фауна чөйрөсүн чагылдырган көрүнүш көп түшүрүлгөнүн байкоого болот.

Борбордук Азия жана анын ичинде кыргыз килемдеринин жасалгасында орчундуу орунду ээлеген күн жана зооморфтук белгилерин изилдөө чоң мааниге ээ. Жагалмай (свастика) жана сегиз бурчтук (октаэдр) орнаменттер жашоонун, ааламдын, күндүн жана түндүн символдорун туюнткан.

XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башында кыргыздар менен казактарда учураган буюмдарга окшош буюмдар Ноин-Ула коргондорунан (Монголия) табылган [364, 112-б.]. Ноин-Уладан табылган жибек жана жүн кездемелерден жасалган гобеленде балыктын, канаттуу карышкырдын, ажыдаардын, куштун элестери саймаланып, четтерине ит куйруктун белгиси, мүйүз сымал, ромб сымал сүрөттөр түшүрүлгөн. Негизинен жасоо техникасы жана орнаменттери боюнча казактардын, алтайлыктардын, кыргыздардын,

[21] Ислими – араб элдеринин өсүмдүктөр менен коoздолгон орнаменттери

тувалардын буюмдары Алтайдын жана Түндүк Монголиянын сүрөттөлгөн байыркы эстеликтерине жакын келет [256, 39-б.].

Килемдеги архаикалык орнамент комплекси, ал кыргыздарда да, алтай тектүү элдерде да кездешет. Мисалы, Чаатас маданиятында жана Хакасиянын Таштык маданиятындагы орнаменттер кыргыздардын токулган килеминдеги геометриялык сүрөттөлүшүнө окшош [247]. Кыргыздардын килемдеринин бүт борбордук талаасын, адатта геометриялык жана өсүмдүктүн симметриялуу оюмдары ээлеп, сейрек жаныбарлардын сүрөттөрү кездешет. Ал эми токулган килемдин четтери эки сызык алкактардан турат, бул алкактын ичинде орнаменттер жарашып жайылып турат.

Борбордук Фергана өрөөнүндө жайгашкан кошуна элдердин килемдериндегидей эле кыргыздарда да татаал композициянын жана орнаменттердин ар бир элементи адамды курчап турган чөйрөнү реалдуу чагылдыруудан келип чыгып, өз алдынча мааниге ээ. Геометриялык орнамент абстрактуу үлгү эмес, ал бүтүндөй бир мазмунга ээ болгон.

Килемдердин жана килем буюмдарынынын коздолушунда флора жана фауна чөйрөсүнүн сүрөттөрү көп кездешет. Кыргыз килемдеринин көчөттөрүндө эки сюжеттик багыт көрүнүп турат. Биринчиси көп сандаган орнаменттер курчап турган дүйнө менен байланышкандыгын көрсөтөт.

Кыргыздардын көчмөнчүлүк чарбасы, аларды курчап турган эң маанилүү жаныбарлар менен өсүмдүктөр баары орнаменттен өз чагылышын тапкан. Экинчиси, чаканыраак көчөттөрдүн тобу архаикалык мазмундагы нерселерди чагылдырат деген пикирлерди этностордун өнүгүүсүнүн негизинде байыркы мезгилге байланыштырса, экинчиден, башка этностордун маданий таасирлери менен да шартталган.

Байыркы килем көчөттөрүнүн топтому түрдүү спираль, арка жана мүйүз сымал сүрөттөлүштөн турган [236,177-б.]. Бул сүрөттөр кыргыздардын килеминен тышкары саймаларда, кийиз жана өрмөк буюмдарында да кездешет. Кыргыз килемдеринин зооморфтук жана геометриялык оймо-чиймелеринин арасында кочкор мүйүздүн сүрөтү маанилүү орунду ээлейт. Мүйүз оюмунун

генезиси Таштык маданиятынан башталат. Тоо текенин образы коло доорунан бери көчмөн элдердин да, отурукташкан элдердин да искусствосунда кездешет [365, 106-116-б.].

Зооморфтук мүйүз сымал оюмдар килем жана килем буюмдарынан тышкары түрдүү идиш-аяктарда жана кийимдерде да кездешет. *Кочкор мүйүз* мотиви мүйүздүн ээси тоо кочкорунун мүйүзү, *бугунун башы, кийик башы, бугу мүйүз, аркар мүйүз* болушу абзел [368:39 б.].

Маалым болгондой, кыргыздар байыртадан бугу уруусу бугудан же *бугу кызы* деп эсептелген мүйүздүү энеден таркаган деп ишенишкен. Кыргыздар ыйык деп атаган тотемдик жаныбарлар тоо теке менен кочкор болгон [64,12-13-б].

*Теке мүйүз* – тоо текенин мүйүзү жана кочкор мүйүз – кочкор мүйүзү деп аталган мүйүз сымал мотивдер да кыргыздардын тотемисттик ишенимин чагылдырган [14,53-59-б.]. Тува-тождиндердин ошол эле оюм-чийим *теге мыйыз - эчки мүйүз* деп аталып, көбүнчө жыгач идиштер бул оюу менен коолдолгон. Мүйүздөрдүн бири-бирине айкалышын эске салган бул оюу Монголияда, Кытайда, Тибетте, Казакстанда, Якутияда, Бурятияда жана Алтайда кеңири таралган [95,162-б.]. Көпчүлүк изилдөөчүлөр бул жаныбарлар иран урууларынын алыскы ата-бабаларынын тотемдери болгон жана скиф-сибирь искусствосунда *айбанат стили* тотемдик калдыктар менен байланышкан деп эсептешет [64, 95-96-б.].

Сибирь аймагында жашаган бурят буюмдарында жыгачтан, металлдан жана саймаларда *кочкор мүйүз* оюму көп учурда ар кандай варианттарда кездешет. Бул орнамент Сибирдин көчмөн жана жарым көчмөн элдерине мүнөздүү [88, 41-б.].

Кыргыз килемдеринин көчөттөрү бир нече түстүн жыйындысынан туруп, алардын көркөм жасалгасынын жөнөкөйлүгүнө жана айкындуулугуна, жыйнактуу зооморфтук жана жөнөкөй геометриялык орнаменттердин геометриялык сызыктары өтө өзгөчө коздук берет.

Кыргыз килемдеринин көптөгөн көркөм көчөттөрүнүн генезиси жалпы булактан – байыркы культтардан жана ишенимдерден келип чыгат. Алардын көчөттөрүндөгү өзгөчөлүктөрү да чеберлердин этностук өзгөчөлүктөрүнө жараша болуп, маданий жана чарбалык салттар менен тыгыз байланышта болгон. С.В.Ивановдун пикири боюнча, кыргыздардын орнаменттери алардын тарыхында байыркы дагы, андан кийинки дагы элементтеринде камтылган [180, 59-73-б.].

Кыргыз орнаменти акырындык менен өтө узак убакытта калыптанып, байыркы жана кийинки элементтерди камтыганын көрсөтөт. Бир катар учурларда кыргыздар жана алардын ата-бабалары ар кандай мезгилдерде түрдүү элдердин таасирин башынан өткөргөн.

Кыргыз орнаментинин эң байыркы элементтери – эң жөнөкөй геометриялык мотивдер негизинен жыгачтан жасалган буюмдарда, жарым-жартылай саймаларда, кийиздерде жана токулган килем буюмдарында кездешет. Саймалардагы мындай орнаменттерди кошуна элдерден, казактар менен башкырлардан, Алтай жана Тува элдеринен кезиктирүүгө болот [22, 126-150-б]. Бул комплекс алгачкы орто кылымдарга таандык, бул топко бир топ татаал мотивдер кирет - түрдүү тегеректелер, сегиз бурчтуктар, чоң кайчылашкан оюу, жөнөкөй жана тепкичтүү ромб (кыйшык бурч) кыргыздардын килемдеринде жана килем буюмдарында, чийде кездешет.

Этнограф, профессор А. Бикбулатованын Алтайдагы экспедициялык изилдөөлөрүнө таянсак кыргыз килемдеринде кездешкен эн тамгалардын паралелллдери Алтайда да табылган геометриялык стилдеги саймаларда *кылыч тамга же ай тамга, кыргыз тамга, балык ооз* орнаменти кездешерин белгилейт[22].

Кыргыздардын кеңири тараган орнаменттеринин айрымдарын жергиликтүү аталыштары менен сүрөттөп салыштырсак, тегерек айчык килем токуудагы негизги орнаменттердин бири болуп саналат (64-сүрөт, 125-сүрөт).

[22] Этнограф А. Бикбулатованын Алтайдагы экспедициялык материалдарынан. 2021-ж.

Айчык башка оюу менен толтурулганына жараша семиотикалык мааниси өзгөрөт. Төрт бөлүккө бөлүнгөн тегерек айчык *топу талаа* же *такыя дөбө* деп аталат. Ичинде гүлү бар айчык сүрөт *тогуз дөбө* деп аталат. Оюм-чийимде тегеректин ортосунан өткөн огу сааттын жебеси боюнча бир багытка бурулуп, борборлоштурулган айчык сүрөт көп кездешет. Ошентип, көптөгөн элдерде кеңири тараган «күн» белгиси бир капталына бурулган тегерек желекчелери бар куюндуу айчык (розетка) (кыргыздарда *айчык* - ай деп аталат) түрүндө алынган. Бул тутумдуу кыргыз оюмунун окшоштуктары жогоруда аталган кошуна элдерде арбын кездешет. Кыргыздардын килем токуучулукта, саймачылыкта, металлды иштетүүдө, жыгач оймочулукта кеңири таралган өсүмдүк мотивдери жана татаал айчык сүрөттөрү, ошондой эле жогорудагы көптөгөн татаал мотивдер (орнаменттер) кыргыздардыкы экендигин күбөлөндүрүп турат. Бул жердеги дыйканчылык менен кесип кылган элдер менен көчмөндөрдүн оюм-чийиминин синтезин көрөбүз. Казактар, өзбектер жана тажиктер арасында өсүмдүк мотивинин таралышын ушуну менен түшүндүрсө болот. Кыргыз оюму каракалпактардын, түрк тилдүү башкырлардын, Сибирдеги хакастардын, якуттардын оюмуна жакын келет [365, 34-б.].

Көчөттөрдүн геометриялык орнаменттери байыркы жер иштетүүчүлөргө жана көчмөндөргө мүнөздүү космогониялык символдор да болуп саналат. Тегерекчелер жана кайчылаш уруулук тамгалар, кыргыз тамгасы, кушчу тамга, баарын тамга, кош тамга, жагалмай, мүйүз сымал, бутак түрүндөгү, бугу тамга, багыш тамга, азык тамга катары белгилүү жана алар түктүү килемдерден орун алган [35: 83-28 -б.].

И.Б. Молдобаев, В.А. Бутанаевдердин пикирлери боюнча, белги (тамга) түрүндөгү образдар кыргыз элинин ислам динине чейинки ишенимдерин жана мифологиялык көрүнүштөрүн камтышы мүмкүн. Кыргыздар менен хакастарга мүнөздүү саймалардын түрлөрүнүн жана орнаменттер мотивинин аталыштары окшош: мисалга алсак үлгү (кыргыз.) - үлгү (хак.) - оюм-чийим; ит таман (кыргыз.) - адай табан (хак.) - орнаменттин бир түрү (сөзмө-сөз ит таман); суксур (кыргыз.) – сипсир (хак.) – камчы токуунун өзгөчө түрү [282, 4-5-б.].

Кыргыздын көркөм кол өнөрчүлүгүндө берилген орнаменттери Сибирь элдеринин көркөм искусствосу менен тыгыз окшоштугу алардын ортосунда тарыхый өнүгүү жүрүмүндө тарыхый-маданий, чарбалык байланыштардын болгондугу алгачкы мезгилде гана эмес I мин жылдыкта, айрым учурларда этностук тарыхы жалпы мезгилдерде болуп өткөнүн ырастайт. Кыргыздардын кооздуктарына кенен колдонулган дагы бир орнамент бул – Умай эне көчөтү. Умай эне орнаменти килемге дайыма катар-катар көчөт катары түшүрүлөт. Кыргыз элинин түшүнүгү жана ишеними боюнча жаш балдардын колдоочусу болуп Умай эне эсептелет. Умай эненин рухун кыргыздар өтө келишимдүү, боорукер жана такыба (таза, тыкан, пакиза) аял түрүндө элестетишкен. Алардын ишеними боюнча Умай эне күнү-түнү балдарды терс мүнөздөгү руханий күчтөрдүн ыктымалдуу кол салуусунан коргоп турат. Баласына карата дарылоо аракеттерин жасоодо эненин магиялуу сөздөрүн колдонушкан. Чоң-Алай өрөөнүндө Чак айылында кээ бир килемдердин сырткы коргонунда *ыспулу* көчөтүндө Умай эне орнаменти фрагменталдуу түрдө берилген (108-сүрөт). Ыспулу көчөтү *ислими* (арабески - ислам дүйнөсүндөгү сүрөт) аталышынын өзгөрүлүп кеткен аталышы катары каралат. Бул көчөттүн негизин гүлдөрдүн жана толкундардын ийилип сызылган көрүнүшү түзөт. Бирок кыргыздардын килемдериндеги испулу же ислими көчөттөрүндө нукура кыргыздардын ишенимине жараша көчөттөрү түшүрүлгөн. Килем токуган уздардын пикири боюнча, килемдин бул көчөттөрүнүүн мааниси терең. Уз-чеберлер бул ислими көчөттөрүн килем согоордун алдында эле элестетип, эс тутуму менен эч кандай үлгүсүз токуй алышкан. Себеби кыргыз чебер аялдары өзгөчө Умай эненин сүрөттөлүшүн жатка билишкен жана дал ушул көчөттү ислими көчөтү катары килемдин четки бөлүктөрүнө түшүрүшкөн (147-146-178-сүрөт) [492]. Бул көрүнүш чөлкөмдө килем жасоо салты I миң жылдыктан бери уланып келе жаткандыгын далилдейт. Этнограф Э.С. Умаралиевдин изилдөөлөрүнө караганда Умай эненин образын байыркы мезгилден азыркы күнгө чейин этнографиялык, археологиялык, фольклордук жана мифологиялык материалдарды пайдалануу менен архаикалык мүнөзгө ээ болуп, башаты коло

дооруна туура келген. Умай эне түшүнүгү байыркы түрк элдеринин маданиятында жалпысынан бардык жандууну жаратуучу болуп, тукумчулдуктун, түшүмдүүлүктүн символу катары, сакралдык мааниси жогору болгон [515, 11-б; 518, 57-б].

Кыргыздар өздөрүнүн руханий жашоосунда ден соолукка өтө олуттуу мамиле жасашкан. Ферганaнын түштүк-батыш аймактарында, калктын пикирлери боюнча, ооруулардын "ээлери”- керемет күчтөр бир топко бөлүнгөн: Кудай, Кудайдын каары, Жер-Суу кудайы, жин-шайтандар, азезил ж.б. Экинчиден, антропонимдердин ээлерине Умай эне, Батма-Зуура, Бүбү Айша, Бүбү Калича, Кирене, Коросон, Албарсты ж.б. кирген. Ал эми жаныбар сымал рухтарга болсо чаян, чымын, чөл кескелдириги, жөргөмүш, бака, кур бака ж.б. киргизилген [492]. Ушулардын баары килемдерде орнамент көчөт катары килем токуган чеберлер аркылуу чагылдырылган. Ноокат аймагындагы чебер информаторлорунун сүрөттөөсүнө ылайык, токулган килемдердин жасалгасы бай болгон. Зооморфтук же геометриялык орнаменттер менен катар көптөгөн жаңы, өзгөчө кооз көчөттөр жаралган. Килемдин бир көчөтүндө кошуна элдердин килемдеринин көрүнүшүнөн айырмаланган геометриялык орнаменттер бар. Көлөмдүү, реалдуу чечмеленген татаал көчөттөр менен килемдин борбордук бөлүгү жана чек арасы коздолгон. Токулган килемдердин ичинен кеңири таралган, үч тараптуу чек арасы жана чоң борбордук талаасы бар килемдер, алардын үстүнө жарты көчөт бир же бир нече кайрыкта улам-улам кайталанып, же үч тегерек (медальон) менен жайгаштырылган көчөттөр чеберлердин арасында кеңири тараган [492].

Кыргыздардын салттуу көркөм орнаментине табият, жергиликтүү жана этностук салттар гана эмес, социалдык абалы да таасирин тийгизген.

Кыргыз килемдеринде Борбордук Азия жана Түштүк Сибирь элдеринин салттуу диний ишенимдери да мүнөздөлөт. Бул көп жылдык тарыхый-маданий абалына да байланыштуу болот. Мисалга алсак, «Шаман» көчөтү архаикалык орнаменттерге кирип, килем буюмдарынан тышкары кийизден жасалган

буюмдарда, шырдакта кездешет. Бул көрүнүш кыргыздардын шамандарга ишенип келгени алардын салттуу маданиятында болгондугун далилдейт.

Кыргыздардагы *шаман* оюмунун маанилери ааламдын ден соолук жана бейпилдик тилеги катары чечмеленет. Ошол эле ырым жер астындагы, жердеги, асмандагы рухтарды, кудайларды чакыруу менен аткарылат [25, 11-12-б.; 6, 320-б.].

Кыргыздардын килемдердеги оймо-чиймелери гунндардын мезгилинен табылган ювелирдик буюмдарындагы геометриялык оймо-чиймелер менен окшоштугу бар. Мисалга алсак, үч бурчтуктар, төрт бурчтуктар, пирамида жана ромб (*кыйшык бурч)*, толкун сыяктуулар [172, 33 -21- б.].

Кыргыздын килемдериндеги орнаменттик белгилеринин негизинде алардын семантикалык жана семиотикалык функциясын көрсөтө алат. Айрыкча семиотикалык функциясы аркылуу элдин руханий, диний-магиялык жана көркөмдүүлүк түшүнүгү чагылдырылат. Үйлөнүү үлпөтүнүн боз үйүнүн жасалгасынын маанилүү символу болуп кыйшык бурчтуу оюм (ромб) эсептелет. Бул белгини Б.А. Рыбаков, Триполия маданиятынын эстеликтерине таянып айткан. Анын пикири боюнча, кыйшык бурчтуктун символикасын түшүмдүүлүктүн сыйкырчылыгы менен байланыштырып, ичиндеги төрт чекиттүү кыйшык бурчтукту себилген талаанын элеси катары карайт [34]. Биз боз үйдүн кийиз эшигиндеги ушуга окшош көчөт, балким, кайра ойлонулуп, ногой малчыларынын түшүнүгүндө малдын асылдуулугу, идеясы менен байланышкан асылдуулуктун символу катары да чечмелесек болот [109].

Монгол элдеринин үйлөнүү үлпөтүнүн символдорунун бир бөлүгү болгон күн менен айдын белгилери тартылган. Алар Теңирге сыйынып, космогониялык элементтерди көркөм кооздуктарында көп пайдаланышкан [150, 75-79-б.].

Көчмөн жана отурукташкан элдер арасында өтө кеңири белгилүү жана көп аймактарга жайылган, ошондой эле талаштуу *кочкор мүйүз* оюусун ар тараптан изилдеген окумуштуу К.И. Антипина: Көптөгөн изилдөөчүлөрдүн көз караштары боюнча мүйүз оюусунун келип чыгышы зооморфтуу болуп, мал чарбачылык багытты чагылдырып, байыркы мезгилдерде эле жаралып, биздин

мезгилге өтө стилдештирилген түрүндө жеткен. Мүйүз оюусунун башаты кыргыздардан башталып, андан кийин гана Орто Азия жана Казахстанга кочкор мүйүз аты менен тараган, – деп жыйынтык чыгарат [27, 28-б.].

В.В. Радлов: казак-кыргыздар турган цивилизациянын бирдей эле баскычында, алардын кошунасы кара-кыргыздар турушат. Тили, салты, кийим-кечеги, боз үйү, негизги кесиби, жашоо шарттары боюнча кара-кыргыздар казак-кыргыздардан азыраак гана айырмаланат, – деп белгилесе [351, 348-б.], А.Н. Бернштам: ... ошол мезгилдеги авторлорго таандык болгон өзгөчөлүк кыргыздарга жана казактарга таандык буюмдардын түрлөрүн дайыма эле так белгилей беришкен эмес, – деп көрсөткөндөй, көптөгөн изилдөөчү-окумуштуулар чындыгында эле, эки элдин тарыхын жана маданиятын ажыратып билген эмес. Ошондуктан көптөгөн материалдык жана руханий маданият, колдонмо көркөм кол өнөрчүлүктүн түрлөрү, эң негизгиси буюм-тайымдарга түшүрүлгөн оюулар талашка түшүп, азыркы мезгилде дагы көп кайталанып жаткандыгын да белгилей кетебиз.

Кыргыз килемдерине түшүрүлгөн көчөттөрдү талдоодо килемдердин декорунда маанилүү орунду ээлеген космогония жана зооморфтук белгилерин изилдөө учурда актуалдуу. Бул биринчи кезекте күн системасын жана зооморфтук орнаменттерди чагылдырган көчөттөрдү анализдөө бизде изилденип жаткан региондун элдеринин маданиятындагы этногенетикалык байланыштарды аныктоого жана терең издөөгө мүмкүнчүлүк бергендигине байланыштуу. Кыргыздардын килемге түшүрүлгөн орнаментинин мааниси анын символикалык, семиотикалык жана семантикалык функцияларына негизделген. Аларда элдердин дини жана идеялары, алардын көркөм көз караштары чагылдырылган.

Жыйынтыгында кыргыздардын салттуу килем токуу өнөрүндө эстетикалык жагына да көңүл бурулган. Килемдин жасалгасы менен көркөмдүүлүгү кыргыз элинин салттуу колдонмо искусствосунун түрлөрүнүн бири болуп келет. Кыргыздардын килемдеринде жаратылыштан алынган жана чарбага жараша көчөттөрдүн салынышы байкалат. Айрыкча кочкор мүйүз,

кочкорок көчөттөрү килемдин дээрлик бардык түрлөрүндө кездешет. Пазырык көрүстөнүнөн табылган килемден да кочкор мүйүз көчөтүн кездештирүүгө болот. Космогониялык жана геометриялык кооздуктун үлгүлөрү кенен кездешет. Кыргыздарда асман кубулуштарын чагылдырган айчык, тегерек, тогуз дөбө көчөттөрү кеңири таркалган. Биринчи кезекте күн системасын, жаратылышты чагылдырган көчөттөр арбын болгон. Кыргыздардын килемге түшүрүлгөн көчөттөрүндө кошуна элдердин да таасирин көрүүгө болот. Кыргыз килемдериндеги оймо-чиймелери жана алардын символикасы аркылуу, кыргыздардын айлана-чөйрөнүн өнүгүү жараянынан кабардар болушканын көрөбүз. Умай эне көчөтү дээрлик ар бир килемге берилүүчү орнаменттин бир түрү. Бул көчөт сакралдык мааниге ээ болгон кыздын себине берилүүчү килем буюмдарынын дээрлик баарында кездешкен. Кыргыздардын килем жана килем буюмдарына эн тамгаларды да түшүрүшкөн. Мында элдердин диний жана сыйкырдуу идеялары, алардын көркөм көз караштары чагылдырылган.

## 4.3. Килемдер менен килем буюмдарынын көркөмдөлгөн үлгүлөрү жана алардын түрлөрү

Килем жана килем буюмдары алардын бетине түшүрүлгөн кооз, көркөм көчөттөрү аркылуу да даңазаланган. Килемдердин салттуу көчөттөрү көркөм кол өнөрчүлүктөгү башка буюмдардын оймо-чиймелери менен табигый түрдө үндөшүп турат. Азыркы күндө килем буюмдарынын жүздөн ашуун көчөтү кездешет. Алар таар согуудагы, кийиз жасоодогу жана чий буюмдарындагы көркөмдүктөр менен айкалышат. Мисалы, *мүйүз оюму* (кочкорек, кочкорок, кайкалак) килемчиликтеги оюм-көчөттүн негизин түзөт. Баткен өрөөнүндө *панис көчөт* (поднос-идиш), *коргон көчөт, тогуз дөбө* көчөт өңдүүлөрдү азыр арбын учуратабыз (81-сүрөт).

Ал эми Чоң-Алай өрөөнүндө *кош кайкалак* (58-59-сүрөттөр), *машаты, казан кулак (64-сүрөттөр), бычак учу, нампар жана шапалак, кырк шак, жарты кырк шак, бото моюн, пашайы, кыңыр моюн, ала мончок, нокто башы, тамаша*

*көчөт, кытай көчөт, кызгалдак көчөт* (62-сүрөт) бар. Кескин айырмаланган көчөттөрдүн эски-жаңы түрлөрүн бир эле килемге кайталанманы пайдаланып жатышкан ажардуу уздар арбын кездешет. Ушундай адаттан тышкары жөрөлгөлөрдү ноокаттык, лейлектик, баткендик килемчилер кеңири пайдаланышат. Көркөм көчөттөрдө жырткыч айбандын же канаттуулардын элеси жана өсүмдүктөрдүн да кээ бир белгилери чагылдырылат. Килемге кызгылт, чыйкандай кызыл, кырмызы түс туруктуу берилсе, көк, жашыл аламыч, же аралаш өңдөгү жип көчөттөрдү улам өзгөртүп отурат (62-сүрөт).

Кыргызстандын түштүк аймактарында кеңири тараган төмөнкү декоративдик үлгүлөр килем беттерине көп түшүрүлгөн: мисалы, *умай эне ромб, үч жалбырак, бүркүттүн канаты, карга тырмак, жагалмай, алманын жаш түйүлгөнү* (көчөт). Кайсы бир килемдердин чачылары төгүлүп, көчөтү төөнүн коюу жондорун, самсаалаган чуудасын, кучак-кучак мамык, мөңгүлөрү күнгө жаркылдаган, асманда калкыган сур булуттарды элестетет. Килем токуучулукка жана өрмөк согуучулукка бирдей таандык «кайкалак» башы беш жиптин жүгүрүшү менен башталып, улам бир талдан терилип, андан соң ичине бир жиптен чалынып, анан да ичине бир жиптен жылдырылып, туташтырылып согулат. Жаратылыштагы тигил же бул элестер чагылышат да, ошол көрүнүш көчөткө негиз болот. Маселен, *түймө баш* деген өсүмдүктөн улам т*үймө баш кайкалак* пайда болот. *Мышык таман* (64-сүрөт), *тал бариги* (64а-сүрөт) ж.б. Ал эми *архар туяк, кой көзү, кылыч көчөт, кыйгач көчөт* көчөттөрү менен килем токуу кийинки мезгилде өнүккөн (58-сүрөт). Булар өз ара бири-биринен бир аз айырмаланып турат. Килем көчөттөрү көркөм кол өнөрчүлүктүн башка түрлөрүнүн оюулары сыяктуу мезгил талабына ылайык өзгөрүү, өнүгүү жана жаңыруу жүрүмүн башынан өткөрүп келатат. Килем токуучулукта элдик салттуу көчөттөрдөн башка көзгө кооз болуп учураган сүрөттөрдү көчүрүп түшүрүү аракеттерин көрсөк болот.

Кыргыздардын килем токуган уз-чеберлери килемдин борбордук талаасындагы ар кыл чоңдуктагы жана формадагы «каз аяк» көчөттөрүн (каз таманды) арбын түшүрүшөт. Анын алдына *кош мүйүз* берилет. Мында *каз аяк*

*көчөтү* таажы сымал көрүнүп кетет (65а-сүрөт). Мындан *карга тырмак көчөтү* айырмаланып турат. Төрт бурчтук өзөктүн төрт тарабынан кадимки *карга тырмак* түшүрүлүп, ал формасы боюнча килемге эң эле ичке берилет [493, 494, 495].

Килем токууда *кочкор мүйүз (кочкорек, кайкалак)* бир эле табакчаланган көчөттөрдүн төрт жеринен *кочкор мүйүз, кочкорек, кайкалак* ич ара жупташтырылып түшүрүлөт. Мунун татаал элементтери бар, эки *кочкор мүйүз* же *жарым кочкор мүйүз* тутумдашат. Кош *мүйүз кайкалак, илмек кайкалак, кайкалак* - булар бири-биринен айырмаланып турат. Бир табакчада ичке төрт илмек кайкалак болуп, уздар килем үчүн омуртка көчөтүн арбын пайдаланышат. Анын ортосу таңдай саймадай төрт бурчтанып, чакмак сызыктанып кетет. *Омуртка көчөтү* мына ушундай жагдайдан келип чыкканы туюндурулат, төрт бурчтук болгон эң майда элементтери да бар. Ал эми килемдердеги популярдуу болгон *жылдыз көчөтүн* сегиз үч бурч түзөт. Мындайынан алып караганда анын ар бири *бычак учу* болуп көрүнөт. Анын тегерегине *суу* түшөт да, өзүнчө кадимкидей жылдыз сыяктуу көрүнөт. Бул таарга, кездемеге түшкөн тогуз дөбөгө окшошуп кетет. Килем бетиндеги *тай туяк* көчөтү таар буюмдарына түшкөн ушул түрдөн айырмаланбайт. Бирок, көркөмдүктүн аяк-башы *карга тырмак* өңдөнүп кетет. Килем бетине сегиз элементтен «тогуз дөбө көчөтү» берилет. Тайлак таманда сегиз үч бурчтук тайлактын кадимки таманы сымал төрт тарабынан чыгат. Адатта, уздар көчөттү айлана-чөйрөдөн алары түшүнүктүү. Килемдеги «кыңыр моюн көчөт» четтери «араа тиш» (бычак учу) болуп көрүнөт. *Пашайы көчөт* болсо төрт бурчтуктун ичи-сыртынан *араа тиш* (бычак учу) сымалданып түшүрүлөт.

Татаал көчөттөрдүн бири килемчиликте *кытай шак* болуп саналат. Бул орнамент фитоморфтук багытка ооп, шактары ийилген бакты түшүндүрүп турат. Бул көчөттөр Чон-Алай өрөөнүндө көп кездешет. Болжолубузда, уздар кытай буюмдарынан көркөмдөлгөн кооз сүрөттөлүштөрүнүн көчүргөнү байкалат. Оң жана сол жагында ар кыл, анча деле көркөмдүгү жок сегизден он алты элемент бутактанып турат [493] (63-сүрөт).

Килемчилер килемге түшүргөн жана килем буюмдарына арбын пайдаланган көчөттөрдүн эки түрү бар: биринчиси, төрт чарчы жана жагалмай сымал болуп, алардын ичтери күндү, толуп турган айды элестеткен төгөрөкчөлөр аркылуу толтурулат.

Араби килеминде борбордук талаасына негизги оюулар, б.а. тепкичтенген коргондордун араларына майда көчөттөр жайгашат. Четки бөлүгүнүн жазы тилкесине бир түрлүү майда көчөттөр кайталанып салынып, эки жагына ичке тилкелерден кыюу жүргүзүлүп, килемдин толук көркөмдүү болгон бир бүтүндүгүн билдирет[495].

Кыргыздардын килемдеринин өңдөрүнүн түрлөрү да өзгөчө болуп каралжын, күрөңгүч кызыл, ачык кызыл, сары, ток сары, жашымтыл болгон. Орнаменттер төрт топко бөлүнүп берилген: геометриялык - космогониялык, жаныбарлар үлгүсү, өсүмдүк дүйнөсү жана үйдөгү буюмдардын схемалык кайталанган үлгүлөрү. Кээ бир килемдин көчөттөрү талисман катары, ал эми кээ бир килем көчөттөрү коргоочу белги катары каралган [494, 114].

Кыргыз элинин килем токуусундагы орнаменттерди төмөнкүдөй топторго бөлүүгө болот: биринчи топко геометриялык-космогониялык төгөрөк жана тик бурчтуу, үч бурчтуу, кыйшык бурчтуу формасындагы орнаменттер: *тогуз дөбө, күн,* сегиз бурчтук, алты бурчтук *чоң коргон, «коргон»* орнаменттери, үч бурчтук *тумар, бычак учу,* чоң көлөмдүү *крест* тибиндеги орнаменттер, ромб формасындагы орнаменттин түрлөрү [177, 62-б.]. Экинчи топко: жаныбарлар дүйнөсүн чагылдырган түрдүү жаныбарлардын дене мүчөлөрүнүн айрым бөлүктөрү кирет. Алардын арасында: кочкор мүйүз (27-29-32-49-84-85-сүрөт), мүйүз (37-38-сүрөт) , *кыңыр моюн, төө моюн, бото моюн, кыргоол* (178-сүрөт), *куш канат* (33 - 34 – 35- сүрөт)*, ит куйрук* (31-30- сүрөт)*, ит таман, омуртка* (89- 94-91-сүрөт), ж.б.у.с. бар. Кийинки топко өсүмдүктөр дүйнөсүнө байланыштуу аталыштар кирет: *арча, карагайдын бутагы, тал бариги, кырк шак, гүл жана бутон* (ачыла элек гүл) [283,92-б.]. Бул орнаменттер кыргыздардын жаратылыштагы флоранын кээ бир тотемистик белгилери бар өсүмдүктөрдү жакшы түшүнгөнүн жана арча-карагайлардын адам баласынын

организмине оң таасирин сезе билгендигин белгилейт. Акыркы топко үй буюмдарын, күнүмдүк турмушту жана маданиятты чагылдырган орнаменттер, мисалы *аттын такасы* орнаменти да эзелтен бери келе жаткан оюмдарга кирип, жолу ачык болсун, жамандыктан сактоочу белги катары дүйнөлүк масштабда каралат. *Казан кулак* орнаменти чанда кездешсе да болсо да өтө жогору баага ээ. Анткени кыргыздардын түшүнүгүндө казан аркылуу береке кирип турган. «Казаның кайнап турсун» ж.б.у.с. сөздөр аркылуу казандын орду кыргызда маанилүү экенин билдирет. «Казандын кулактары жуулган сайын казан ошол жууган кыздын бактысын тилеп турат» - деген элдин арасында тарбиялоочу максатка ээ болгон түшүнүк бар [86, 50-б.]. Кыргыз килемдеринде эле эмес бардык буюмдарда кездешкен орнамент бул *тарак* болуп, абдан терең мааниге ээ. Ал аруулуктун, тазалыктын, сарамжалдуулуктун, тартиптүүлүктүн жана байлыкты чакыруучу сакралдык мааниге ээ болгон архаикалык орнамент катары белгилүү [86, 50-б.]. Көчөттөрдү жайгаштыруу салтына жараша кыргыз килемдериндеги коргондордун кайталанган тобун төрт түргө бөлүүгө болот: геометриялык орнаменттери коргондун борбордук бөлүктөрүнө жайгаштырылып, кочкор мүйүз көчөтү кошумчаланат; фитоморфтук орнаменттери толугу менен коргонду ээлеп жайгашкан, борбордук бөлүгүндө айчык жайгашат; коргондун борбордук талаасын толугу менен космогониялык жана геометриялык комплекстүү орнаменттери менен толтуруу, коргондун борбордук бөлүгү бир эле учурда космогониялык, ал эми коргондун талаасы антропоморфтук, геометриялык көчөттөрү менен толтурулган.

Ошентип кыргыз килем көчөттөрүн мүнөзү боюнча жалпысынан жайгашышы боюнча төмөнкүдөй бөлүүгө болот: борбордук чоң фигуралар үчүн; борбордук талаанын чоң фигуралардан бош жерлери; килем талаасынын чек араларын толтуруу. Согулган килемдердин декоративдик искусствосу геометриялык көчөттөрдүн жөнөкөй формаларынан (түз, ийри-буйру сызыктары, үч бурчтук, кыйшык бурч, көп бурчтук, бурама, кайчылаш жана башка), өсүмдүк көчөттөрдөн (жалбырактар, гүлдөр, тикенектер ж.б.), жаныбар элесиндеги көчөттөр (канаттуулар, эчкинин мүйүзү, кочкор ж. б.) жана асман

телолорунун чагылдырган көчөттөр (ай, күн, жылдыз, айчык ж.б.), буюмдар (тарак, бычак, илгич ) ж.б. турат [255, 86-б.].

Кыргыз килемдеринин биринчи кезекте, алардын көркөм чечими айырмаланган көркөм бөлүктөрдүн белгилүү бир топтому, түстөрдүн айкалышы, ошондой эле өрүү жана байлоо түйүндөрүнүн өзгөчө ыкмасы байкалат. Кыргыз килемдеринде өсүмдүктөрдүн оймо-чиймелери өзгөчө орунду ээлеген. Баткен өрөөнүндө кээ бир чеберлердин маалыматтары боюнча килемдеги орнаменттердин диний багытка оодарылганын байкоого болот, мисалы, бейиштеги гүлзарлардын гүлдөгөн бакчасы. Бул көчөттөрдүн түрлөрү өткөн кылымдын аягында килемдерде көп кездешкен 9-8, кээде 6-7 гүлдүн желекчеси тогуз дөбө көчөтү аркылуу берилген. Персия жана Орто Азия килемдериндеги дагы бир белгилүү фитоморфтук көчөт – бул түшүмдүүлүктү чагылдырган *анар* көчөтү болуп эсептелет.

Кыргыз килемдеринин зооморфтук геометриялык оймо-чиймелеринин арасында кочкор мүйүздүн сүрөтү маанилүү орунду ээлейт. Изилденип жаткан аймактагы калктын маданиятында мүйүздөрдүн орнаментинин генезиси алыскы өткөн мезгилдерге алып барат. Белгилей кетүүчү нерсе, тоо эчкинин образы коло доорунан бери көчмөндөрдүн жана отурукташкан элдердин искусствосунда кездешкен.

Геометриялык белгилердин ичинен үч бурчтук сыяктуу көчөттөр килемдердин жасалгаланышында бардык аймактарда кеңири колдонулган. Көбүнчө, ал кыргыз килемдеринин бетин кооздоп, чебер килемчилердин арасында кеңири таралган. Капталдары бирдей болгон үч бурчтук ич ара шайкештикти жана теңдикти билдирген.

Кыргыздардай эле түркмөн килемдеринде да орнаменттери геометрияланган үлгүлөргө бай болгон. Түркмөн килемдеринин геометриялык орнаменттери өзгөчө көркөмдүүлүгү менен айырмаланат, алардын көпчүлүгү архаикалык өзгөчөлүктөрүн сактап, байыркы түркмөн керамикасынан жана казак килемдеринен параллелдери табылат [256, 85-б.]. Түркмөн килемдеринин жасалгаларында руна жазуусунун белгилери да көп кездешет, алар өзгөчө

сыйкырдуу касиеттерге ээ болушкан деп эсептелинген жана аларды килемдерге чеберлер көчүрүп алышкан.

Байыркы Иран искусствосунда асман кубулуштарына сыйынуу менен тыгыз байланышкан жана чоң мааниге ээ болгон күн белгилери өзгөчө орунду ээлеген. Күн белгиси дагы деле болсо тажиктердин жана ирандыктардын декоративдик искусствосунда өзгөчө орунду ээлейт, балким ал эски идеограмманы алып жүрбөйт, бирок туруктуу салттуу көркөм мотив катары күчүн жоготпойт. Күндүн белгилери тегерек, айчык (розетка), айкаш жыгач болгон [354.]. Күнгө табынуучулук Чыгыш элдеринин байыркы диний көз карашын билдирген, ошону менен бирге ал оттун жана жарыктын культу катары белгиленет. Жарык өз алдынча турганда эле кооздукка ээ, ал анын үстүнө жаратылыштагы бардык кооздуктарды таап, бүткүл жандыктарга көрсөтөт, булардан тышкары, жарык – адам бактысынын жана анын ачык көңүлүнүн белгиси.

Свастика белгиси (жеңдери менен айкаш) Борбор Азия чөлкөмүндө кеңири таралган. Свастика (кыргыздардын арасында жагалмай – асмандагы куштун образы), тоголок жана төрт бурчтуу формада, акыркы кезде кыргыз килемдеринде кооздук көчөттөрүндө гана кездешет. Килемдерде жагалмай көркөм жагынан башкача чечмеленет. Жагалмай күндүн асман боюнча кыймылын, жашоо кыймылын билдирет, ал эми саат жебесине каршы нурлар өлүмдү, караңгылыкты, суукту билдирет (11-13-94-сүрөт).

Дарак үлгүлөрү көркөм кол өнөрчүлүктө жана отурукташкан дыйканчылык жана малчылык менен алектенген элдерде кеңири берилген сүйүктүү үлгүлөр болуп эсептелет.

Бактриянын көпчүлүк этносторунун килемдеринде колдонулган байыркы үлгүлөрдүн бири – куштардын мотивдери, булар мүйүз сымал тармал түрүндөгү, кочкор, жүз баш, кочкор башы, куш башы, тоо эчкиси, Памир аймагындагы табылган кооздук буюмдарында, ошондой эле Кыргызстандын түштүгүндөгү саймаларында көп кездешет [379].

Толкун сымал белги – бул көркөм искусствонун бардык объекттериндеги жөнөкөй жана кыйла кеңири таралган сууну, дарыяны, деңизди билдирет. Бул орнамент дүйнөнүн дээрлик бардык элдеринин көркөм сүрөт искусствосунан табылган. Ал айрыкча мал баккан уруулар арасында баалуу болгон. Суу элементтери башынан эле жаратылыштын ажырагыс бөлүгү болуп, күн менен кошо мол түшүмдүн кепилдиги деп эсептелген. Суунун элеси түшүмдүүлүк культу менен тыгыз байланышта болгон [195, 23-б.].

Кочкордун образына Фергана өрөөнүндө мал чарбачылык жана дыйканчылык менен кесип кылган элдеринин кол өнөрчүлүгүнө чоң маани берилген. Килемдерди жана саймаларды кооздоодо, негизинен, стилдештирилген кочкор мүйүздөрүнөн жасалгалар колдонулат. Бул орнамент куштун тырмактарына окшош болгондуктан, айрым урууларда аны *куштун тырмактары* деп аташкан. Казактардын килемдеринин чекелерине түшүрүлгөн орнаменттери бүркүттүн жана башка куштардын канаттарын, элесин чагылдырган орнаменттер басымдуу [255, 85-б.]. Кыргыздарда күнгө жана башка космогониялык элементтерге табынуучулукту көбүнчө тогуз дөбө орнаментинин түрлөрү ээлеген (125-142-сүрөт). Бул орнаментти уздар, чебер аялдар коргон көчөтү менен чогуу, комплекстүү түрдө килемге негизги кооздук катары түшүргөн. Ал негизинен Баткенде жана Лейлек өрөөндөрүндө токулган килемдерде байкалат.

Кыргыздардын килеминде эң кеңири тараган кооздук – бул уламдан-улам жаңы үлгүлөрдүн үзгүлтүксүз чынжырчасы катары каралган *баткен көчөтү* же болбосо *чавадан көчөтү*. Бул көчөттөр бири-биринин артынан ээрчип, коргондору бирдей түстөгү жип менен сууланат. Коргондун ичине кайкалак көчөттөрү токулат да башка түстөгү жип менен сууланып, ал эми килемдин астына (так, негиз) жалпы түс төшөлгөн. Астынкы жалпы түс менен килемге түшүрүлгөн көчөттөрдүн түстөрү бири биринен кескин айрымаланып тургандыктан, көчөттөр бажырайып ачык-айрым болуп кооз болуп турган. Оюмдарды жайгаштыруунун экинчи варианты – бул топтору кезектешип турган эки же үч кайталануучу көчөттөрдүн чынжыры. Килем тилкесине орнаменттерди

түшүрүүнүн эң жөнөкөй варианты ошол эле орнаменттин кайталанышында чагылдырылган. Бир жагы чек ара менен коздолгон (көбүнчө «кочкор мүйүз» бир оюм менен), адатта, токулган орнаменттүү *кажары* тилкесине мүнөздүү *багжагай* оюмун так чагылдырат. Байыркы орнаменттин ушул түрдөгү *тегиричтин* негизги орнаменттерине токтолсок, алар кыргыздар XIX к. аягында жана XXк. башында килем токууда колдонгон коздук үлгүлөрүнүн жыйындысын билдирет.

Кыргыз килемдеринин орнаменттери өтө ар түрдүү жана кээде татаал формаларга ээ, алардын келип чыгышы жакшы изилденбей келет.

Кыргыз килеминин орнаменттери Борбордук Азиянын, Казакстандын, Кавказдын, Синьцзяндын бир катар элдеринин буюмдарынын орнаменттерине абдан окшош жана мааниси терең.

Кыргыздардын килемдеринде кеңири таралган геометриялык тумар орнаментин чагылдырганын эске албаганда, килем көчөттөрүндө кандайдыр бир жол менен диний ишенимдердин идеялары менен байланыштырыла турган сүрөттөр да көп кезикпейт. Кыргыздардын орнаменттери негизинен чарбага, айлана-чөйрөгө жана жаратылыш кубулуштарына байланыштуу б.а. реалдуулукка жакын болгон.

Лейлек өрөөнүндөгү Маргун айылында кездешкен орнаменттердин аталыштарынын мазмуну алардын курчап турган дүйнөнүн образдарын жаратуучу төмөнкү үлгүлөрдүн топтомунан көрүнөт. Бул флора жана фауналар чагылдырылган аталыштардагы орнаменттер, кездемелердин чиймелери, үй-тиричилик буюмдары, асман дүйнөсү жөнүндө идеялар. Килемдин үлгүлөрүнүн эң көп кездешкени - жаныбарлар дүйнөсүнө байланышкан үлгүлөр. Алардын ичинен мүйүз формасындагы кочкорок, кайкалак оюму биринчи орунду ээлейт. Бул оймо кол өнөрчүлөр тарабынан бардык килемдерге салынат жана эски чавадандарда көп кездешет.

Баткен, Лейлек өрөөнүндөгү килемдериндеги оймо-чиймелердин ичинен мүйүз сымал көчөттүн ар кандай түрлөрү ромбдун ичинде жайгаштырылганын

байкайбыз (8-180-сүрөт). Мындан улам кочкордун образына кыргыздар чоң маани бергенин байкасак болот [193, 194].

Кыргыздарда килемдерди жана саймаларды коздоодо негизинен, кочкор мүйүздөрү сыяктуу жасалгалар колдонулат. Бул орнамент куштун тырмактарына окшош болгондуктан, айрым урууларда аны *куштун тырмактары* деп аташат. Кыргыздарда килемдердин чекелерине түшүрүлгөн бүркүттүн жана башка куштардын канаттарын, элесин чагылдырган орнаменттер басымдуу келет.

Кочкорок көчөтү Өзбекстандын аймагында жашаган кыргыздардын килем буюмдарына да мүнөздүү. Ушундай эле орнамент өзбектерге да белгилүү. Хива шаарында токулган килемдердин чон геометриялык жана фитоморфтук орнаменттеринде жандоочу орнамент катары кочкор мүйүздү көрөбүз (100-121-сүрөт). Бул эки этностун ич ара карым-катнашынын натыйжасында пайда болгон [499].

Жогоруда көрсөтүлгөн орнаменттер Тыванын дөбөлөрүндөгү казылган маданиятынан эшилме сызыктуу орнаменти бар керамикалык идиштер табылган. *Кабырчак* (чешуя) орнаменти скиф мезгилинен (“Пазырык”) бери (кийизден жасалган тердиктин үстүнө жабылуучу жабуу) белгилүү, ал эми эшилме сызыктуу орнаментти камтыган тордомолуу орнамент, ошондой эле жуп эшилме сызык (парные спирали) гунндардын кабылып тигилген кийиз килемдеринин оюуларында учурайт [95, 156-б.]. Аталган катмардагы айрым мотивдер коло дооруна барат [130], бирок түштүк сибирдик уруулардын искусствосунда алгачкы көчмөн дооруна барып такалат [95, 156].

Тыва элдик искусствосундагы кочкордун башы – сүрөттөөдөн келип чыккан мүйүздүү оюулардын өнүгүп, өзгөрүүсү болуп эсептелет. Биринчи Пазырык дөбөсүнөн табылган тоо кочкорунун башынын сүрөтү – батыш тывалыктардын орнаментиндеги мүйүз оюулары менен окшош [94, 160-б.]. Көчмөндөрдө мүйүз – образдуу кооздук үлгүсү катары эң кеңири таралган оюулардын бүтүн бир тобун түзөт. Мүйүз - образдуу кооздук үлгүсү т.а. көчмөн катмар менен генетикалык жактан байланышкан элдердин искусствосунда да кездешет [94, 157-б.]. Алар якуттарда, Саян-Алтай элдеринде, Орто Азиянын

жана Кавказдын түрк тилдүү элдеринде, башкырларда, османдык түрктөрдө ж.б. жолугат.

Айкалышкан жагалмай (крест) түрүндөгү бутактанган мүйүз образдуу үлгүлөр Сибирдин түштүгүндө скиф мезгилинде эле белгилүү эле, бирок, алдыңкы азиялыктар алып келген буюмдарда да кездешкен.

Мүйүздү чагылдыруучу көркөм кооздугуна жакын үлгүлөрү якут, Саян-Алтай жана Орто Азия элдеринин, Кичи Азиянын түрктөрүнүн орнаментикасына кирди, болгондо да аталган элдерде абстракцияланган үлгүдөгү кочкор мүйүз ("бараньи рога") деген аталышка ээ. Мисалы *кочкар мүйүз* - казактарда, *хусин ебер* - буряттарда. Ал эми калмактарда толкун сызыктар менен коштолгон орнаменталдык көркөм кооздук аркылуу койдун башы, мүйүзү жана денесин чагылдырган орнаменттерди кездештирүүгө болот [202, 73-б.].

Кочкор мүйүз орнаменти кыргыздардын дээрлик бардык кол өнөрчүлүгүндө абдан көп кездешкен кооздук катары каралат. Кыргыз орнаменттеринин ичинен мүйүздөрдүн жана кочкордун баштарынын сүрөттөрү көп кездешет жана ошондой эле көчмөн искусствосунун эң байыркысы деп белгилесек болот. Мындай сүрөттөр скиф искусствосунда дагы белгилүү, анда кочкор уруунун урматтуу олуясы катары кызмат кылат [115, 11-б.; 24].

Азыркы күнгө чейин кочкордун сүрөтү жана мүйүзү (түзмө-түз: кочкор мүйүз) - бул байлыктын жана түшүмдүүлүктүн символу. Кыргыздардын килем токуу салтында кеңири таралган зооморфтук орнаменттердин белгилүү түрү кочкорок, кочкор мүйүз же кайкалак орнаменти (58-59-60-61-62- сүрөттөр).

Кайкалак же кочкор мүйүз негизи дээрлик кыргыздардын бардык колдонмо өнөрүндө коштолуп келген орнменттердин бири болуп саналат. Аны бир нече түргө болуп карасак болот:

Кочкор мүйүз – бул эркек киши эки колун бөйрөгүнө алып турган сөлөкөт. Бул күчтүүлүк жана эрдиктин белгиси катары каралып антропоморфтук мүнөзгө ээ. Кочкорок – үч баш үч манжа ынтымактуулук, ырашкерликтин белгиси. Кочкорок бутоо – архар мүйүз, үй-бүлөнүн бүтүндүгүн туюндурган. Кочкорок – дайыма ит куйрук менен комплексте каралышы тоодогу шарттагы кой

багуучулук, жайлоо. Кочкорок ийрек жана тумарча менен – бул аманчылык, суу, өмүр. Кочкорок теке мүйүз ала мончок менен коштолсо – байлыкты түшүндүргөн. Кайкалак – хайкал, айкел деп чеберлер атап алышкан. Дагы бир аталышы ийилип, кайрылып тургандыгына байланыштуу кайкалак деп атай башташкан. Койдун кочкору – малдын эң эле баалуусу болгон жана ушул сөздүн адамдын аттарына, жерлердин аталышында абдан аздектелгендигин байкасак болот: Кочкорбай, Кочкорали, Козубай, Кочкор-Ата [493].

Кээде кочкор мүйүздөрүнүн кайталануу менен берилген орнаменттер сүрөттөлөт жана бул килемге кайталануу санына жана кошумча бөлүкчөлөргө жараша өзгөчө көрүнүш берет. Бул орнамент кыргыздардын килемдерин жана өзбектер менен тажиктердин сузанасын (сайма менен коoздолгон дубалдарын) кооздоодо кеңири колдонулат.

Ар бир адамда жана анын үй-бүлөсүндө коргондун б.а. баш паанек, үй ичинде оокатынын жана тиричиликтин белгилери болушу керек. Ошондуктан бул коргон көчөтү маанилүү гана болбостон сакралдык да мааниге ээ болгондугун байкасак болот. Энелер кыздарына сеп жасап жатканда килемге “коргон” көчөтүн түшүрүп, анын ичине бакыттын, байлыктын, баргерчилик-байлыкты, тынчтыкты туюндурган белгилерди түшүрүп, ошол эле мезгилде кооздук жана декорациялык деңгээлин көрсөтүшкөн. Баткен өрөөнүндө белгилүү болгон килем чебери Чолпонай эженин айтуусуна караганда 6 кызын турмушка узатканда, токулган килем берген, андан тышкары алардын балдарын сүннөткө отургузганда 5 килем токуп берген. Ошондой эле 3 уулуна үй салып, бөлүнгөндө энесинен белек болуп калсын деп, ар бирине килем токуп берген. Жалпы жонунан алганда Чолпонай эне чон, кичинесин жана алардын ичинде бир нечеси араби килем экенин эске алганда кошуп баары биригип 60 тай килемди сокконун айтты. Муну менен эне катары өзүнүн колу менен килем белек кылганына абдан сыймыктануу менен балдарын кубанткан өтө баалуу белек болгонун баяндайт. Анткени балдарына эненин күчү жана мээрими ошол ар бир килемдин көчөтүндө, илмегинде, боёгунда сакталат. Бул салт XIX кылымдын

аягы –XX кылымдын башында да кеңири сакталган жана ошол убакыттан бери уланып келет [494].

Ритмикалык ийри-буйру кайталанган орнаменттердин кийизи кыйгач (ийри), ийрек (ийри-буйру) деп аталат. Көбүнчө бул саптар илмек формасындагы илмек деп аталган фигуралар менен коштолот.

Килем токуу көбүнчө ичкилик уруу бирикмесине кирген кыргыздардын арасында өнүккөндүгүн жогорку баптарда белгилеп кеттик. Алардын Чыгыш Түркстанда болушу кыргыздардын килемин Хотан килемдеринен жана кытай кездемелеринен алынган салттуу кытай орнаменттери байытты.

Каратегиндеги ичкилик кыргыздардын кичинекей килемдери архаикалык өзгөчөлүктөргө ээ жана өзбек локайлары менен каракалпактардын килемдеринде орнаменттердин көп окшоштуктары көрсөтүлөт [192, 104-б.].

Килем токуучулуктагы бардык негизги көрсөткүчтөрдө (техника, орнамент, түс, композиция) кыргыз килемдери көбүнчө Анжиян тибиндеги килемдер менен окшоштугу бар. Килемдин бул түрүн түзүүдө негизги ролду кыргыздар ээлешкен деген пикирдебиз. Алардын арасында кыпчак жана кыдырша топторунун өкүлдөрү Анжыян аймагында да жашап келишкен [357, 20-б.].

Самарканд жана Хива тибиндеги килемдердин ичинен Бешир килемдери оймо-чиймеси жана курамы боюнча кыргыз килемине абдан жакын келет (120-121-сүрөт).

Бирок көптөгөн техникалык жана көркөм ыкмалардын башка элдердин килемдери менен жалпылыгына карабастан, кыргыздардын килеминде өзгөчөлөнгөн көп нерсе бар. Бул кыргыздардын көркөм табитин байытып, өзүнүн стилдик өзгөчөлүктөрүн өркүндөтүп, оймо-чиймелердин өзгөчө айкалышын жаратып, түстөрдүн нукуралуулугун аныктаган. Дагы бир белгилеп кетчү жагдай, бул башка этностордун килемдеринин арасынан кыргыз килемдерин таануу оңой.

Кыргызстандын түштүгүндө токулган килемдерден тышкары, араби килем деп аталган чоң көлөмдүү килемдерди да чыгарышат. Ушундай эле килемдерди

Каршидеги арабдар да жасашкан. Бул килемдердин араби деп аталып калгандыгынын негизги эле себеби аны Орто Азияга келип калган арабдардардын маданиятынын калдыгын жандандырган деген ой пикирлер бар [144, 156]. Чыгыш өлкөлөрүнүн ислам динин туткан элдерде колдонмо искусство да чоң мааниге ээ болгон. Устачылык кеңири өнүгүүгө ээ болуп, жыгачтан жана баалуу металлдардан түрдүү буюмдар, жасалгалар жана коздуктар жасалган, мында мурдатан келе жаткан салттык белгилер жана өзгөчөлүктөр сакталуу менен жаңы өнүгүү мезгилине өтө башташкан. Мындай өнөрпоздорду жансыз нерсеге жан киргизген сыйкыр кесиптин ээлери деп эсептешкен. Колдонмо-декоративдик искусстводо ар бир орнаменттин маданий маани-мазмуну, көркөмдүк орду чеберчилик менен ачылып, мындай оймолор чыгыш килемдерин, кездемелерди, керамикалык, айнек буюмдарды кооздоодо да кеңири колдонулган.

Орто кылымда Жакынкы жана Ортонку Чыгышта диний максаттагы, мамлекеттик маанидеги кол жазмаларды жана ошондой эле көркөм чыгармаларды иллюстрациялоо – сүрөтөөнүн негизги түрүнө айланган. Сүрөтчүлөр орнаменттик кооздоолор менен бирге адабий чыгарманын каармандарынын тагдырына кошумча көргөзмө образ берүү үчүн миниатюралык серияларды ыктуулук менен колдонушкан. Декоративдик жасалгалар менен коштолгон эпиграфикалык орнаменттер – кошумча жана баяндама маанисиндеги тексттер ислам искусствосунда кеңири тараган.

О.К. Каратаев Орхон-Енисей жазууларындагы алфавиттин басымдуу бөлүгү эн тамгалардан келип чыккан деген Н.А. Аристовдун айткан пикирин колдойт жана аларды илимий жактан негиздүү деп эсептейт [35,165-б.]. Окумуштуу Енисей жергесиндеги эн тамгаларды кыргыз урууларынын эн тамгалары менен салыштырып, кыргыз эн тамгаларынын басымдуу бөлүгү Орхон-Енисей жазууларындагы алфавиттерге өтө окшош, теги жалпы экендигин айткан [35, 165-167-б.].

Эн тамгалардын мааниси терең, алардын жардамы менен уруулардын келип чыгышы, уруулук союздардын биригүү жана ажыроо жүрүмүнүн

өнүгүшү, байыркы кыргыздардын тарыхы, урууларынын аттары, таралуу ареалы такталат. Кыргыз коомунун өнүгүшү, кыргыздардын дүйнөгө көз караштары, диний ишенимдери, жашоо-турмушу, жаратылыш менен байланышы ж.б. тууралуу баалуу маалыматтар алынат. Эн тамгалар байыркы кыргыз урууларынын жазуусунун өнүүгүү мензгилин аныктоого жардам берет.

Эн тамгалардын келип чыгышы кыргыз элинин мал чарбачылыгы, жашоо турмушу, дүйнө таанымы, жаратылыш менен карым-катышы, диний түшүнүктөрү менен байланышкан.

Кыргыздар колдонгон тамгалардын аталышы О.Каратаевдин эмгегинде төмөнкүдөй берилет: *Кош тамга* (мунгуш), *джагалмай тамга* (мунгуш), *ача тамга* (джору), *кайчы тамга* (джору), *кош бычак* (багыш), *джогору тамга* (кытай), *томен тамга* (басыз,) *кылыч тамга* (басыз, саяк), *керки тамга* (басыз), *жаа тамга* (азык), *ай тамга* (дөөлөс, саруу, солто), жогору чекти (багыш), *томен чекти* (саяк), *учок* (басыз), *уч ок тамга* (канды), ж.б. турат [190, 28-б.].

Бул тамгалардын ичинен ай тамга энисейликтерде да кеңири кездешет. Ферганалык кыргыздарда патриархалдык үй-бүлөнүн байлыгы көбөйгөн. Байлык көп сандаган мал менен өлчөнгөн. Ар бир үй-бүлө өз малын башкалардан айырмалоо үчүн эн тамгаларын коюшкан. Эн тамгаларын коюу - бара-бара тамгалардын келип чыгышына түрткү болгон. Эн тамгалары б.з.ч. I мин, жылдыктын башталышында миң-суулук байыркы кыргыздар тарабынан колдонула баштаган. Эн тамгалар муундан-муунга берилип, укум-тукумдарга формасы жагынан өзгөрүүсүз өтүп турган. Кыргыз урууларынын эн тамгаларды жалаң эле малга койбостон, башка да мүлктөргө белги катары коё башташкан [33,181]. Эн тамгалары кыргыз килемдеринде колдонулуп, орнаменттердин топтомунун маанисине көмөкчү бөлүкчө катары киргизиле баштаган.

А.Е.Фёлькерзам кыргыздардын ар бир уруусунун эн тамгалары бар экендигин жана ал эн тамгалар алардын оюуларында кездешерин маалымдайт. Ар бир кыргыз уруусу, (ал бул маалыматтарды 1902-жылы алган) өздөрүнүн уруу тамгасын колдонушкан жана алар кыргыздын түктүү килемдеринин оюуларында колдонулган [429, 20-б.]. Тамгалардын фигуралары адатта, бир нече

сызыктардан гана турган. Тамгалар атадан балага өтүп турган. А.Е. Фёлькерзам уруунун санына жараша ондогон, а түгүл жүздөгөн бир эле уруу тамгасы басылган боз үйлөрдү кездештирүүгө болот, бирок адатта уруу тамгалары 20 нын тегерегинде эле болгон дейт [429, 20-б.].

Кыргыз килемдеринде жана башка килем буюмдарда уруу тамгалары оюу катары пайдаланылган жана килем токуу кыргыздардын, өзгөчө ичкиликтердин ичинен кыдырша ж.б. урууларынын гана колунда болгон [429, 19-б.].

А.Е. Фёлькерзам бул уруу белгилеринин эң байыркы мезгилдерде колдонулгандыгы тууралуу даректүү маалыматтар бар: убагында Чыңгызхан өзүнүн аскер башчыларын тамга белгилери жана төш белгилери менен сыйлагандыгы тууралуу так баяндамалар бизге чейин келип жетти», - дейт [429, 19-б.]. Мындан байыркы кыргыз эн тамгаларынын муундан-муунга өтүп, колдонулуп келе жаткандыгы көрүнүп турат. Эн тамгалар кыргыздарда жеке эн тамгаларды эстелик үчүн башка бирөөгө бериле турган буюмдарга сайма түрүндө түшүрүү салты болгондугун белгилейт [429, 20-б.].

Жыйынтыктап айтканда, көптөгөн тарыхый булактар аркылуу кыргыз килем токуу кол өнөрчүлүгүндөгү көчөттөрдүн түрлөрүн изилдөөгө, алардын өнүгүүсүнүн негизги баскычтарын белгилеп жана байкап турууга мүмкүнчүлүк берди. Килем көчөттөрү байыркы мезгилден бүгүнкү күнгө чейин бир топ кеңири аймактын элдеринин этногенетикалык, тарыхый-маданий байланыштарын иликтөөгө мүмкүнчүлүк берет. Ал өз кезегинде маданияттын мындан ары да кошумча өнүгүшүнө түрткү боло алат. Жогоруда көрсөтүлгөн орнаменттер килем токуучулукка жана өрмөк согуучулукка бирдей таандык болгон.

## 4.4. Килем жана килем буюмдарындагы жергиликтүү көчөттөрдүн семантикасы

Килем көчөттөр – жаратылыштагы жана социалдык чөйрөдөгү реалдуулукту чагылдырып белгилүү бир маданият үчүн типтүү дүйнөлүк

үлгүлөрүн көрсөткөн белгилердин бир тутуму. Мында инсан курчап турган айлана-чөйрөсү, көп жылдык тажрыйба менен түптөлгөн маданиятын типтүү үлгүлөр жана композициялар менен чагылдырат. Натыйжада фантазиялык туюм аркылуу синтездик сүрөт пайда болот жана ар кандай каражаттарды айкалыштырып, көркөм дүйнөнү чагылдырган искусствонун ар кандай түрлөрү куралат. Окумуштуу М.Ф. Гаврилов кыргыздардын орнаменттерине мүнөздөмө берип жатып, алар өзгөчө феномен катары терең социалдык, табигый чөйрө менен айкалышкан мотивдерден турарын жазган [115].

Кыргыздардын салттуу килемдериндеги орнаменталдык мотивдери геометриялык, космогониялык, фитоморфтук (өсүмдүк), антропоморфтук (адамдын дене мүчөлөрү), зооморфтук (жаныбар), орнитоморфтук (куштардын) жана күнүмдүк турмуштагы буюмдарды чагылдырып турган. Орнаменттердин семантикалык мазмуну мезгилдин өтүшү менен элдик ооз эки чыгармаларга дуушар болуп мифология, тотемисттик, анимисттик жана фетиштик идеялар менен кыйыр байланышта болуп келет. Салттуу килем буюмдардын көркөм түзүлүшүндө чыгыш тибиндеги «ин-янь» дуалисттик классификациясы маанилүү роль ойнойт. Кыргыздарда бул классификация бир калыпта бекитилген: жер-асман, оң-сол, күн-түн, башкача айтканда «эриш-аркак».

Килем жана килем буюмдарын токуган чеберлеринин колунан чыккан буюмдары көркөмдүк жактан кооз жасалган жана көз караш чабыты менен аткарылып, жогорку руханий эстеликтериндеги үлгүлөр менен дал келген.

Кыргыз эли үчүн килем токуу өнөрү – мүнөздүн, акылдын, дүйнө таанымдын, анын руханий дүйнөсүнүн жана жашоо философиясынын өзүнө гана мүнөздүү болгон этностун бай көркөм дүйнөсүн чагылдырган чөйрөсү болуп эсептелет.

Көчмөндөрдүн жана жарым көчмөндөрдүн аң-сезиминде көк мелжиген тоолор, көлдөр, суулар, жайлоолор жана чоң космогониялык түшүнүктөр мааниге ээ болуп, алар түбөлүк бийиктикти, кеңдикти, тазалыкты элестеткен. Чексиз кеңдикке жана бийиктикке, жан дүйнөнүн тазалыгына, байлыгына жана жогорку маданиятка умтулууга аракет кылышкан. Кыргыздардын

килемдериндеги көчөттөр ташка, жыгачка, дубалдын шыбагына оймолоп жасалган сыяктуу эле жөнөкөй жана ар түрдүү түстө кездешкен.

Килемдердин орнаменттеринин түстөрүнүн тандалып алынышы эреже боюнча, карама-каршы же башка түс менен катар, бир түйүндө болот. Килемдин көркөмдөө салты окшош, ал эми мазмунуна карай турган болсок анда бир катар өзгөчөлүккө ээ. Килемге түшүрүлгөн көчөттөрдүн мазмунуна жараша түстөрү адатта бирдей, бирок кээ бир учурда ачык түс менен кочкул түстөрдүн айкалышы орун алган. Кыргыздардын килем көчөттөрүндө түстөрдүн кезектешип чагылдырылган салттуу ыкмалары бар. Мисалы, кызыл өңдүү оймо-чийме көк, жашыл фонго түшүрүлөт, же көк, жашыл жана кызыл түстөр бири-бирине өтүп өзгөчө шайкештикти жаратат. Мурас айылындагы уз-чеберлердин маалыматы бонча кыргыз көчөттөрүндө басык[23] - кызыл түс арбын кездешет. Кээде килемдерде кызыл түстүн бир нече түрлөрүн бир эле аянтчадан көрүүгө болот. Килемдердин жердиги ток кызыл болгон болсо анын үстүнө орнаменттерди ач кызыл, күлгүн кызыл, мала кызыл түстөр менен беришкен[495].

Чоң-Алай өрөөнүндөгү килем токуу жүрүмүнүн түштүктөгү башка аймактардагы килем токуу жүрүмүнөн айырмачылыктары аз. Бирок килемдин орнаменттеринде жана килемге керектелүүчү каражаттарында айрым өзгөчөлүктөрдү кездештирүүгө болот. Килемге түшүрүлгөн көчөттөрдүн аталышы жана мүнөзүндө космогониялык жана геометриялык, зооморфтук жана антропоморфтук комплекстүү орнаменттерин байкоого болот. Мисалы Чак айылынан кезиккен килемдин узундугу 6,5 метр ал эми туурасы 4 метрди түзгөн килемде «короо», «коргон», «кайкалак», «умай эне», «казан кулак», «чуурутма» «кайкалак» көчөттөрүн кездештирүүгө болот ( 58-59-сүрөттөр) [493]. Андан тышкары башка элдердин маданиятынын таасирлери ушул күнгө дейре токтой элегин Чоң-Алай өрөөнүндөгү кезиккен “кытай шак” (62-сүрөт), “кырк шак”(64-сүрөт), “пашайы көчөттөр” (91-сүрөт) Кытайдан алынган кооз жабуулардын үлгүлөрүнөн көрүүгө болот.

[23] Басык кызыл -өтө эле күлгүн кызыл эмес

Ал эми Лейлек аймагында геометриялык түзүлүшкө ээ болгон жана зоомрфтук көчөттөр менен космогониялык мотивдер көп кездешет [495]. Кулунду айылында кездешкен килемдин узундугу 4 метр, туурасы 3.5 метрди түзүп, борбордук талаасында 8 коргон жайгашакан. Бул коргондордун сырткы тарабында «кочкор мүйүз» орнаменттери түшүрүлгөн, бул орнаменттерди килемчилдер «кайкалак» деп белгилешет. Бул килемдин негизи кара түстө, көчөттөрү ток кызыл түстө болуп, майда көмөкчү көчөттөрү башка түстөр менен токулган. Коргондордун ар бири сегиз бурчтуу коргон тибинде көчөт токулуп, ар биринин ичинде экинчи коргон көчөтү түшүрүлгөн. Биринчи коргон менен экинчи коргондун ортосунда «толкун» жана «тогуз дөбө» орнаменттери түшүрүлгөн. «Толкун» бул сууну түшүндүргөн, «тогуз дөбө» космогониялык белгилер болуп саналып, ааламды жана жаратылышты, курчап турган айлана-чөйрөнү чагылдырат. Ал эми бул коргондун борбордук бөлүгүндө «каз таман» жана «үч жалбырак» орнаменттерин көрүүгө болот (61-62-63-сүрөт). Ал эми ушул эле орнаменттерди окумуштуу А.Е. Фёлькерзамдын маалыматы боюнча түркмөндөр «куштун изи» деп мүнөздөйт, кыргыздар «беде гүлү» деп аташкан [429, 23-б.]. Бул килемдин чеке бөлүгүндөгү жээгинде «ислими» көчөтү түшүрүлгөн, ал эми ыраакысында «чычкан көз» кээде «чымчык көз» орнаменти токулган. Биринчи жээк менен ыраакынын арасында коргондордун ичиндеги көчөттөр эле кайталанып түшүрүлгөн (33-34-сүрөт). Ушул эле орнаменттерди Баткен районунун килемдеринен кезиктирсе болот. Андан тышкары Баткен районунун “Айгүл тоо” тарыхый - маданий музей коплексинде археологиялык табылга катары сакталып турган чоподон жасалган буюмдарда да үч бурчтуу формага ээ болгон ар кандай чондуктагы коодук сүрөттөр бар (175-сүрөт).

Кыргыздарда жана Орто Азиядагы этностордун килемдеринин кооздолгон бөлүктөрүнүн борбордук бөлүгүнөн башталган композициялык сегменттердин аталыштарынын ырааттуулугун байкасак болот: "талаа", "суу", "коргон", "суу", "жээк" ж.б.у.с. [19, 64-б.]. Биздин пикирибизде, көчмөн кыргыздардын салттуу коомунун катмарынын ыреттүүлүгүн көрсөтөт. Килемдин «талаасынын» маанисин чечмелеп карай турган болсок, жашоонун башатын, жашоонун

берекесин, гүлдөп-өсүүнү жана жыргалчылыкты туюндурат. "Суу" – жашоонун булагы болуп, бир эле учурда коргоочу милдетин да аткарат. Үй-бүлөнүн жашоодогу суук көздөрдөн, кырсыктарлан коргойт деген ишеним болгон.

«Коргон» сөзү аты айтып тургандай чек аралардын кол тийбестигин, коопсуздугун жана көчмөндөрдүн жашоо мейкиндигин көрсөтөт. Сырткы "суу" ошол эле семантикалык жүктү баяндайт, ички "суу" ыйык мейкиндик болуп, "жээк" чек аранын аягы дегенди түшүндүрөт.

Кыргыз килемдерине чек ара алкагынын жана борбордук талаанын болушу мүнөздүү. Адатта, чек ара алкагы ар кандай оймо-чиймелер менен толтурулган, ар кандай кеңдиктеги эки же үч тилкеден турат. Чек ара (ыраакыда) көчөттөрү борбордук талаадагыдан кескин айырмаланат. Чек ара көчөттөрү саны боюнча көп жайгашканы, ошол эле учурда ал килемдин басымдуу бөлүгүн ээлеп, адамдын көңүлү килемдин борбордук талаасына бурулат. Кыргыз килемдериндеги чек аранын жана талаанын кеңдигинин катышы туруктуу эместиги байкалат. Килемге көчөттөр ар кандай көлөмдөгү жана түзүлүштөгү көчөттөр түшүрүлбөйт, тескерисинче килемдин көчөттөрү бир кылка жана симметриялык формага ээ болушат. Кайталанма (рапоппорт) же бир-эки кайталанган көчөттөрдүн окшоштугу кыргыз килемине өзгөчө көрүнүш берет.

Кыргыздар токуган салттуу килемдеринде борбордук талаасы эки, үч, алты же он узунунан турган тилкелерге бөлүнүп, аларга катары менен көчөттөр салынат. Ошол эле учурда көчөттөрүн жайгашуу ирети боюнча килемдердин эки варианты белгиленет: а) тилкелердин фонунун түсү кезектешип өзгөрөт, көчөттөр ошого жараша өзгөрөт; б) килем көчөттөрүнүн гана түсү алмашат, фон өзгөрүүсүз ошол бойдон калат.

Чоң-Алай өрөөнүндөгү кыдырша, тейит урууларында фитоморфтук багыттагы көчөттөр кездешкен. Мисалы, гүлдөрдүн, жалбырактары бар бутактар, ачыла элек гүл бутондорунун көчөттөрү [493].

Чоң-Алай районуна караштуу Кара-Тейит айылында токулган түктүү килемдин ыраакысында (четки жээгинде) ачыла элек купуя түрүндөгү бутон түшүрүлгөн. Ал эми килемдин сырткы коргонунан геометриялык

орнаменттерди байкоого болот (68-сүрөт). Көпчүлүк учурда кыргыздарда килемдин негизги талаа бөлүгүндө тегерек розеткалар, үч бурчтук, ромбдор, алты бурчтук, сегиз бурчтук көчөттөр түшүрүлөт (73-74-78-сүрөт). Килемдин четки капталдарындагы ыраакысына[24] «бычак учун» түшүрүшкөн. Бул орнамент жөнүндө барон А.Е. Фёлькерзам, С.М. Дудин жана В.Г. Мошковалар да эскерип, аны комплекстүү түрдө жайгашкан орнаменттерди толуктап турган жана эң көп кездешкен элемент катары карашкан [429, 23-б. 157, 10-21-б, 288,90-б.]. Көрсөтүлгөн «бычак учу» орнаментинин семиотикалык маанисине карай турган болсок килемдин сырткы коргонуна, коргоочу касиетке ээ деп «бычактын учун» түшүргөн. Бычактын культу кыргыздардын салттуу маданиятында орду өзгөчө. Бычак коргоочу жана сактоочу мүнөздөгү сакралдык мааниге ээ үй-тиричилик буюму болгон. Бычакты жаш балдарды уктап жатканда чочубасын деп жанына коюп, энелери сырттагы жумуштарын кенен-кесир аткара беришкен. Жолоочу алыскы жолго чыкканда дайыма бычакты белине байлап, жанында алып жүргөн. Ал эми жаш балдар сыркоолоп калса бычактын жардамы менен кирнелөө жана аластоо учурунда байбичелер жана бүбү бакшылар бычакты ыйык буюм катары колдонушкан. Андан тышкары бешиктин баш тарабында дайыма чаканыраак бычакты коюп, уктап жаткан баланы ар кандай жамандыктан сактаган деп ишенишкен. Демек, килемдеги «бычак учу» орнаментин коргоочу белги катары сакралдык мааниси терең болуп, чеберлердин көз жаздымында калган эмес (127-133-сүрөт) [492].

Кыргыздардын салттуу килемдеринин борбордук бөлүгү адатта төрт бурчтукка же тик бурчтукка бөлүнүп (кеңдиги боюнча 2-4 м жана узундугу 4-8 м), бири-бирине шайкеш келген жалпы түс менен коздолуп тилкелүү келет. Ар бир тик бурчтукка ач кызыл же сары, жашыл түстөгү көчөттөр толтурулган ток кызыл болгон жалпы түс берилет. Тик бурчтар же төрт бурчтуктар диагонал менен жайгаштырылган багыты жана түсү менен айырмаланат. Ушундай эле кооздуктар араби килемдеринде жана чий буюмдарында да иштелип чыгылган.

---
[24] Килемдин борбордук талаасынан ыраакта жайгашкан четки бөлүгү

Мындай типтеги килемдер Ош жана Баткен облусунда кеңири таралган (150-152-сүрөттөр). Килемдердин дагы бир түрүндө борбордук бир түстүү талаада узунунан жайгашкан кайчылаш багытта, түсү жана формасы боюнча бирдей болгон көчөттөрү салынган. Оюулар кичинекей гүл тегерекчелери (розеткалар), төрт бурчтуктар менен толтурулат. Килемдин ушундай жасалгаланышы менен бардык көчөттөрдүн түз же сынык сызыктар менен байланышын кароого болот.

Дээрлик бардык килемдердин борбордук талаасындагы кайчылаш оюусу (крест) көп баскычтуу алкактарынан турат, алардын ичине бирдей орнотулган бирдиктүү оймо-чийме формалары камтылат (127-сүрөт). Ноокат районунун Каранай айылындагы килемдерде орнаменттери жана сызыктары бир өңдө боёлуп, килемдин жалпы (негизиндеги) түсүнөн айырмаланып берилет. Бул көркөм сүрөттөлүш көбүнчө эки түрдөгү орнаменттерден турат: коргон көчөт жана борбордогу көчөттүн ар бири көптөгөн өзгөрүүлөргө ээ болушу мүмкүн. Мындай көркөм сүрөттөлүштүн түрлөрү жайгашуусу менен формасы жана түсү боюнча эки башка орнаменттерди киргизүү деп эсептесе болот (95-94-сүрөттөр).

Салттуу килемдердин негизги аянтын алты бурчтук же сегиз бурчтук ээлеп, ар бир көп бурчтуктун ичинде дагы орнаменттер жайгашкан. Алардын ичинен кеңири кездешкени – ромб же баскычтуу көп бурчтуктар. Көп бурчтуктардын ортосундагы боштуктар бош же толтурулган абалда кездешет (107-108-сүрөттөр).

Горизонталдык огу боюнча борбордук талаа тепкичтүү көп бурчтук же чарчы түрүндөгү эки же үч чоң медальонду (сүйрү же тегерек форма), ромбду (кыйшык бурчтук), узун тик бурчтукту камтыйт. Чарчы түрүндөгү орнаменттердин баштапкы семиотикалык маанисине карай турган болсок, ал убакыт өлчөмүн көрсөткөн күн, ай, жылдыз ж.б. асман телолорун түшүндүргөн [201, 70-б.]. Ал эми чарчынын саны жана анын өңдөрүнө көңүл бөлө турган болсок, анда анын мааниси дагы да тереңдей берген. Эгерде чарчынын ичинде күндүн жайгашканын байкалса, анда анын мааниси дагы да өзгөргөн. Көчмөн жашоонун катаал шарттарына адаптациялануу мезилинде күнгө сыйынуучулук өзгөчө орунда турган [201, 81-б.].

Евразиядагы көчмөн малчылардын искусствосунда «мүйүз» оюму эрте көчмөн доорундагы эстеликтердеги мүйүздүү тоо кочкорунун ирээттештирилген сүрөтүнөн келип чыккандыгы болжолдонот. Көчмөндөрдүн искусствосунда мындай оюулар жаныбардын (кочкордун) элеси менен так байланышын жоготот жана баары бир кочкор мүйүзү маанисиндеги үлгүгө айланат [94, 157-б.].

Байыркы Кытайдын коло идиштериндеги иероглифтер “кочкор" сымал Тыва орнаментикасындагы стилизацияланган сүрөткө окшоп турат [94, 159-б.]. Бирок белгилүү окумуштуу С.И. Вайнштейн кытай иероглифинин Тыва орнаментине тийгизген таасири болушу мүмкүн эмес, аталган “кочкор” мотивдери бири-бирине көз карандысыз пайда болгон деген ойду билдирген [94, 159-б.; 88.].

Сибирдин түштүк аймактарындагы элдеринин искусствосундагы орнаменттин өнүгүшүнө байкоо жүргүзүп С.И.Вайнштейн кочкордун мүйүзүн бара бара койдун башы оймо-чиймеленген орнаменталдык мотивге жана абстракттык мүнөзгө ээ болгон элементтерге өзгөрүлгөнүн баяндайт [94, 159-б.].

Булардын Сибирдин түштүгүндөгү алгачкы формалары б.з.ч. I миң жылдыктын экинчи жарымы деп дата коюлган Алтайдагы биринчи Пазырык дөбөсүнөн табылган ат жабдыктарынын жыгач жасалгаларында учурайт, андан тышкары бешинчи Пазырык көрүстөнүнөн табылган килемдеги аттардын жабууларынын сүрөттөрүнө түшүрүлгөн аркардын реалдуу образына жакын болот (164-сүрөт).

Чындыгында, аркардын мүйүзү болгон орнаменталдык формалар Сибирдин түштүгүндөгү сак (скиф) мезгилинде эле белгилүү болгон. Муну үчүнчү Пазырык дөбөсүнөн табылган жыгач тогоодогу (бляха) жуп мүйүздөр далилдейт [263.].

Көчмөндөрдө бутактанган мүйүздүү ромб түрүндөгү фигура да кеңири тараган жана ал айрым изилдөөчүлөр тарабынан илмектүү ромб деп аталган.

Чынында, тува-тожиндерде да айлана, үч бурчтук, ромб геометриялык орнаменттер популярдуу экендигин байкоого болот [95, 159-160-б.].

“Кочкор мүйүз” орнаменти кыргыздардын эң байыркы тотеми кочкор болгондугун эске салат. Бул оюу мүйүздүн бурама (спираль) түзүлүшүндө жана эки же үч жолу кайталанган жарым айлана түрүндө болот, ага башка оюмдардын формалары кошулуп, көп учурда татаалдашып кетет. Бурама түрүндөгү оюунун санынын улам-улам кайталанышынан “кайталанма мүйүз” деген оюу келип чыгат. Бул оюуну кыргыз оюуларынын башка бардык элементтери менен бирге берилгенин көрүүгө болот [72, 489-503-б.].

Кыргыз килемдериндеги «бугу мүйүзү» көчөтү абдан көп колдонулган жана ал үлгү “аркар мүйүзү” менен дайыма байланышта болот. Килем жана килем буюмдарында стилдештирилген “бугу мүйүзү” орнаменти ар түдүүлүгү менен айырмаланат жана ага жаныбарлар, өсүмдүктөр жана турмуш-тиричилик көчөттөрү кошумчаланат. Бул оюу кыргыздардын байыркы аңчылык турмушунан кабар берет. “Бугу мүйүз” орнаменти – «жоон мүйүздүү бугу» же «жоон мүйүздүү бугунун такасынын изи» – бул калак сымал мүйүздүү, абдан күчтүү, ири бугунун келбети түшүрүлгөн килем көчөтү. Буга байыркы убакта мергенчилер аңчылык кылышкан. Окумуштуу бугулардын жоон мүйүздөрү оюму жана «жоон мүйүздүү бугунун изи» бул багышка байланыштуу деп белгилеген [71,72,73].

Кийинки жалпы орнаменттер ар кандай жаныбарлардын "издери" деп аталат: "ит таман", “каз таман”, "тайлак таман". Бирок килемдердеги бул оймо-чиймелердин көпчүлүгү розетка формасына ээ жана кол өнөрчүлүк менен алектенген аялдар көбүнчө гүлдүн жасалгасы катары кабыл алышат. Көпчүлүк кол өнөрчүлөр аны «тогуз дөбө» деп аташат [115, 15-б.]. Бул өз кезегинде космогониялык маанини түшүндүргөн.

Алгачкы оймо-чиймелер геометриялык жөнөкөй көчөттөр менен кооздолгон килемдин борбордук талаасында узунунан, туурасынан орун алган, ал эми кошумча элементтери болсо килемдин четки талаасынын багжагай, ислими, испулу көчөттөрүнүн курамында жайгашат.

Жаныбарлар дүйнөсүнө байланыштуу болгон килем оюмдарынын ичинен кабырга (кавырга, кабурга), "омуртка", "бармак" оюмдары жолугат. Алар килемдин чек араларын кооздоодо популярдуу жана ар башка генезиске ээ. "Омуртка" жана "бармак" оймо-чиймелери нукура кыргыздардын декорациялык көркөм кооздугуна кирет. Биринчиси кездемелерде, саймаларда кездешсе, экинчиси негизинен орнаменттер менен байланыштуу [379, 117-19-б.].

Жогоруда көрсөтүлгөн аталыштардын көпчүлүгү кубулуштарга же белгилүү бир обьектилерге түздөн-түз окшоштук табуу кыйын, кээде мүмкүн болбогон геометриялык мүнөздөгү мыйзам ченемдүүлүктү билдирген учурлар кездешип калат. Мындай орнаменттердин баалуулугу А.Роммдун айтымында, «музыка сыяктуу эле, алар элесте кеңири мейкиндикти калтырышат, ар кандай чечмелөөгө маани беришет. Кырдаал бир эле схеманы ар башкача чечмелеген учурларда татаалдашып, ага ар кандай чечмелөөлөр берилет, көбүнчө бири-бирин жокко чыгарат. Тигил же бул ысымды тандап жатканда, кол өнөрчүлөр аялдардын элдик эс тутумун, усталардын жана кол өнөрчүлөрдүн улуу муундарынан алынган маалыматтарды гана эмес, ошондой эле оймо-чиймелерди жеке аткаруучулардын арасында айырмаланган окшоштуктар бирикмелерин жетекчиликке алышат. Айлана, төрт бурчтук, тегеректе, тармал, толкундуу сызык түрүндөгү геометриялык орнаменттер контурлары аркылуу, окшош формада жайгашкан ар кандай объектилер жөнүндө ойлорду жаратышы мүмкүн. Демек, тегерек же шакек күнгө же айга, көзгө же идишке, топчуга жана төгөрөк лотос[25] гүлүнө окшош. Геометриялык орнаменттин аталышы ар кандай урууларда ар кандай мааниде болот [357].

Килем үлгүлөрүнүн жасалгасы – чоң көлөмү, жөнөкөйлүгү жана формалардын көлөмү менен айырмаланат. Биринчиден, түштүк кыргыздарынын каада-салты боюнча, тосмо, башкача айтканда, "коргон" бар, андан кийин оюмдун негизги сюжети башталат. "Коргон" тосмо катары бардык токулган килем жана килем буюмдарында кездешет жана көп кырдуу болуп кырланган,

[25] Лотос- кооз ири гүлдүү суу өсүмдүгүнүн бир түрү

төрт бурчтуу, сүйрү же тегерек формада болуп, адатта чоң үлгү көчөттөрүнө негизделген. Бул көчөт дүйнө элдеринин килем кооздуктарында эң көп кездешкени байкалат.

Кыргыздар сыяктуу эле асмандагы күндү тиричиликтин башаты деп баа беришкен. Ансыз жер жүзүндө жашоо мүмкүн эмес деп, анын күчүнө табынышкан. Бүткүл аалам, бардык жаратылыш жана жашоо-турмуш жарык менен камсыз болгон, андан жарык чыгат, ага баары көз каранды. Жарыктын карама-каршылыгы болгон караңгылыкты жеңүүгө багытталгандыктан күндүн нуру баа жеткис жыргалчылык катары кабылданган. Ал баарына бирдей (күн нурун тегиз чачат), мына ошондуктан килемдеги орнаменттердин ичинен эң эле көп кездешкени «тогуз дөбө» орнаменти адилеттүүлүктүн, чындыктын, тазалыктын жана ыймандуулуктун белгиси дешкен. Кыргыздардын килеминдеги “тогуз дөбө” көчөтү күндүн же башка жарык чачкан жылдыздардын көрүнүп туруучу жарыгын туюндурган. Уздар бул көчөттү колдонуу аркылуу кыргыздар асмандан көрүнгөн жарыгы жетишсиз, ал жан дүйнөнүн жарыгы менен биргеликте гана ишке ашаарын далилдейт. Ал эми дүйнөнүн жогорку кооздугун жана шайкештик түрдө бирин-бири толуктаган таза сулуулукту көрө билүү үчүн акылдын өзгөчө жарыгы талап кылынат.

Отко сыйынуу дүйнөнүн дээрлик бардык элдеринде болгон, айрыкча кыргыздар отко өзгөчө урмат-сый менен мамиле жасап, түрдүү ырым-жырымдарды жасашкан. Муну отко байланыштуу айрым оюм-чийим мотивдери – «жалын», «от» көчөттөрү айгинелеп турат. Телеуттардын арасында очоктун отуна сыйынганда, үйлөнүү-үлпөтүн өткөргөндө очоктун жанына тал жагышып, ага ак, кызыл чүпүрөктөр байланган. Буряттар талдын ордуна кайыңдын же кедрдин бутактарын колдонушкан. Алтайлыктардын арасында мергенчилер мелжеген аймагына жетип, даракка тогуз лента менен боолорду илип, андан соң тайганын, тоонун конок дарагына кайрылып, өз өтүнүчтөрүн айтышкан [437,117-119-б.]. Бул ырым-жырымдар түрк элдеринде, анын ичинде кыргыздарда да болгондугу белгилүү. Муну менен кыргыздардын турмушунда «тогуз» санына байланыштуу каада-салттардын, ырым-жырымдардын арбын болгондугу

ырастайт. Маселен, жаштарды кудалашууда айтылган “кыз калыңын тогуздап берүү” деген сөздөрдү келтирсек болот, бул кыргыздар малдын бардык түрүнөн болочок келиндин ата-энесине шарттуу түрдө мал-мүлк беришкендигине байланыштуу: тогуз төө, тогуз жылкы, тогуз же кой кочкор ж.б. деп аташат. Кошумчалай кетсек, кыргыздарда асман телолорун (космогониялык) чагылдырган «тогуз дөбө» оюмдары бар. Ал эми кыргыз жана Сибирь элдеринин материалдык маданиятынын бардык түрлөрүндө бул байыркы мотивдин түрүн кезиктирүүгө болот. Бул оюм-чийим өзгөчө кыргыз түктүү килемдеринде көп кездешет.

Орнаменттин бирдей эле байыркы элементи болуп, асмандагы күндүн, айдын символу, жаратылыштын жашоо берүүчү күчү - "айчык" аттуу розетка эсептелет. Ош облустук музей (УАЭМК) фондусунда сакталып турган килемдин борбордук бөлүгүнүн жиптеринин түсү, килемдин негизги бөлүгү менен шайкеш келет. Анда кызыл, сары, декоративдик жана кара түстөр басымдуулук кылат. Ошондой эле "ай", "ай нуска" жана “жылдыз” деген аталыштагы оймо-чиймелер бар. Экинчиси сегиз бурчтуу розетканын формасына ээ. Бул оймо-чиймелер килемдеги "бош" деп аталган орундарды толтурат (132-сүрөт).

Корутундулап айтканда, кыргыз элинин килемдерге көчөттөрдү түшүрүшү теориялык материалдарда баяндалат. Килем орнаменттерин классификациялап, башка элдердин килем оюмдары менен салыштырып тактап калыбына келтирүү иштери системалуу жүргүзүлүш керек. Анткени орус изилдөөчүлөрү мурунураак барган аймактагы элдердин материалдык жана руханий маданияттары тийиштүү деңгээлдерде жазылган. Түштүк кыргыздарынын кол өнөрчүлүктөрүндөгү орнаменттердин, өзгөчөлүктөрүн эске албаганда, бирдей эле формага ээ болгон. Килемге түшүрүлгөн көчөттөрдүн аталышы жана мүнөзүндө космогониялык жана геометриялык, зооморфтук жана антропоморфтук комплекстүү орнаменттерин байкоого болот. Мисалы килемдин көлөмүнө карай көчөттөрдүн жыштыгы, алардын жайгашышы, түсү аныкталат. Кыргызстандын түштүгүндө кездешкен килемдер дал ушул көчөттөрдүн аталыштары аркылуу айрымаланат. Кыргыз килемдеринде айрыкча

Чоң –Алай өрөөнүндө «короо», «коргон», «кайкалак», «умай эне», «казан кулак», «чуурутма» «кайкалак» көчөттөрүн арбын кездештирүүгө болот. «Коргон» көчөтү - ичине бир нече орнаменттердин жыйындысын топтогон сакралдуу көчөт. Бул көчөт негизинен килемдерге гана таандык болуп, башка буюмдарга көп салынган эмес. Ал эми Баткен жана Лейлек өрөөндөрүндө «каз таман» жана «үч жалбырак», «беде гүлү» орнаменттерин көрүүгө болот. Бул аймактарда килемдин чеке бөлүгүндөгү жээгинде «ислими» көчөтү түшүрүлгөн, ал эми ыраакысында «чычкан көз» кээде «чымчык көз» деп аталган майда көчөттөр болгон. Ал эми «от» жана «жалын» көчөттөрү дээрлик бардык килемдерге жана килем буюмдарына фрагмент катары салына берген.

Төртүнчү бапты жыйынтыктап айтканда, кыргыздардын килемге жана килем буюдарына түшүрүлгөн орнаменттеринин мааниси анын символикалык, семиотикалык жана семантикалык функцияларына негизделет. Андан тышкары килем көчөттөрүнүн коргоочулук да, сакралдык да мааниге ээ болгондугун байкоого болот. Изилдөөчүлөр орнаменттердин искусстводогу табияты, ролу жана мааниси жөнүндө ар кандай көз караштарды билдиришкен. Кыргыз элинин килем токуу жүрүмү мал чарбасынан түздөн-түз көз каранды экенине карабастан, көчмөн турмушта килем токуу өтө кыйын, иш жүзүндө мүмкүн эместиги практика жүзүндө көрүндү. Демек, килем токуу процессин өздөштүрүү үчүн жарым отурукташкан чарба ыңгайлуу болгон.

# V БАП. КИЛЕМ ТОКУУ ЖҮРҮМҮНӨ БАЙЛАНЫШКАН САЛТТАР ЖАНА ЖӨРӨЛГӨЛӨР

## 5.1. Килемди токуу жүрүмүндөгү салт-санаалар, ырым-жырымдар

Килем токууну Чоң-Алай, Баткен, Лейлек, Ноокат өрөөнүндөгү ар бир айылдын кыз-келиндери, аял заты өздөштүрө билишкен. Килем токуу жүрүмүнө даярдыгына үй-бүлөнүн ар бир тестиер болуп калган мүчөлөрүнүн катышуусу мыйзам-ченемдүү көрүнүш болгон. Кыргыз кыздары жаштайынан жүн даярдоо жүрүмүнө аралаша баштаган, ал эми 14-15 жашка чыккан кыздар килем токуй башташкан. Килемге даярдык көрүү мезгилинде кыздар кол кабыш кылышып, айрыкча жүн ийрип, аны боёгон соң кургатып, аны түрүп даярдашкан, бирок түктөрдү боёгонго катышкан эмес. Анткени боёо жүрүмү таатаал болгондуктан тестиер кыздардын алы келбеши мүмкүн эле. Ал эми 30-35 жашында аялдар килем токуунун жогорку деңгээлдеги чебери болуп чыга келишкен [288, 19-б.].

Ата-энелер кыз балдарга өзгөчө мамиле жасап, эркек балдар менен тең катары аларды ишке жумшашкан. Ошону менен бирге кыздардын келечекте башка үй-бүлөнүн мүчөсү болууга ар тараптан даярдашкан. Кыз бала ата-энесинин үйүн биротоло таштап, турмушка чыгып кеткенден соң, ал кыздын кийинки тагдырына көп учурда ата-энеси кийлигишкен эмес. Кыз балага кайын журту ээлик кылып, ал кыз татаал жашоону башынан өткөрсө деле ата-энеси кыздын турмушуна кийлигише алышкан эмес. Салт боюнча кыздын милдети – бала төрөп, аны багуу, тарбиялоо жана үй-бүлөдөгү чарба иштерин жүргүзүү болуп эсептелет [494].

Кыргыздар килем токуу жүрүмүнө даярдануу учурундагы салт- санаалар, ырым-жырымдар арбын кездешкен. Килем токууга даярдануу бул килемди кандайдыр бир үй-бүлөлүк, социалдык максатка ылайыктап даярдоо болуп эсептелген. Үй-бүлөдө кыздар жетилип, чоңоюп же көзгө көрүнүп калганда ар бир эне кыздын себине кам көрө баштаган жана ага байланышкан макал-лакаптар да арбын. Кыргыздарда “Кыздын себин алты жашта даярдасан ашырасың, жети жаштан жасасаң жеткиресин” - деген сөз бар. Кыргыздар

жакшы сапаттуу килем бар үйдө ырыскы, береке, токчулук, молчулук өкүм сүрөт деп ишенишкен [492]. Социалдык-экономикалык абал, ага байланышкан салттуу турмуш-тиричилик жана өнөр жай продукцияларынын тартыштыгы кыргыздардын кыздарына даярдала турган себин эртелеп жасоого аргасыз кылган. Кыздын себинин көпчүлүк бөлүгүн апасы, энеси, чоң энеси же таенеси даярдаган, а түгүл турмушка чыга турган кыз өзү да өзүнүн себине кошуп бериле турган килемди жана буюмдарын токуган [495].

Кыргыздардын ичкилик урууларында үй-бүлөдө кыз төрөлсө сеп даярдоону жана килем токууну эртелеп баштоо кадимки көрүнүш болгон. Бойго жеткен кызына жуучулар келе баштаганда, кызды узатуудагы бирден бир маанилүү септин курамындагы килемди жана килем буюмдарын даярдоо зарылчылыгы келип чыккан. Килем токууну баштаар алдында үй-бүлөнүн жакын туугандары, аксакалдары, кошуналары, бата берип, жыт чыгарып, токоч бышырышкан (кээ бирде кан чыгарып, мал союшкан) андан соң чеберлер килемдин эришине алгачкы жибин байлап токууга киришишкен. Килем токууну баштаардын алдында бир катар ырым-жырымдарды аткарышкан. Кыргыздар килем токуу жүрүмүн дүйшөмбү же ишемби, жекшемби күндөрү баштаса, жакшы жыйынтык берет деп ишенишкен. Лейлек өрөөнүндөгү дээрлик баардык чебер-килемчилер токууну баштаарда: «Билегим күчтүү, килемим бышык, көчөтүм тунук болсун», - деген алгы тилектер менен килем токууга кирише башаташкан [495].

Кыргыздардын социалдык жашоосундагы эң кеңири таралган шаан-шөкөттүү иш-чаралар бул тойлор болуп саналат. Чоң тойлордо килемдерди боз үйлөрдүн ичине эле салбастан, сыртындагы башка боз үйлөр менен байланыш аралыгына да төшөлүп салынган. Бул килемдер колунда бар болгондо гана, өтө сыйлуу коноктор үчүн жасалган чоң тойлордо килем үйдүн көркү эле болбостон (ордо килем) ошол той болуп жаткан үйдүн ээсинин даража мансабын да көрсөтүп турган [6, 70-б.].

Килем токуу жүрүмү ар кандай элдик салттар, ырым-жырымдар жана жөрөлгөлөр менен коштолуп турган. Ушундай жөрөлгөлөрдүн бири кыргыз

элинде «учук салмай», «учук таштамай» деп аталып келет. “Учук” же “пөпөк” – бул жүндөн жасалган атайын унааларга ат, төө, өгүз болобу кооздук иретинде тагылып коюлуучу аяк жагы чачылуу, ал эми баш жагы чыйратып өрүлгөн кооздук буюм (167-сүрөт). Аны чебердин табитине жараша чоң жана кичине үлгүдө жасай беришкен.

Учук үчүн атайын жүн ийрип жип жасашкан эмес, килем токуудан артып калган жиптеринен ар түрдүү түстөгү кыркынды калдыктарынан эле учукту түйүп даярдашкан. Бул жөрөлгөнүн семиотикалык мааниси килем токулуучу айылдардагы үйлөнө элек жигиттер килем токулуп жаткан үйгө байма-бай барып, турмуш кура элек токуучу-чебер кыздарга сарасеп салышкан жана аларды келечектеги жары катары көрүүнү самашкан. Андыктан килем токулган үйдө дайыма жаштардын топтолуп, таанышуусуна шарт түзүлгөн. Кээ бирде килем токуучу жеңелер эр жетип, үйлөнө элек жигиттерге учук жасап чөнтөктөрүнө байкатпай салып коюшчу. Учукту негизи байкатпай салышкан, эгерде жигит байкап калса учукту таштатпай оолактап кетиши мүмкүн эле. Учук алган жигит ошол жерде отурган токуучу чеберлерге карыз болуп калган. Бул учурда жигиттердин карызынан кутулуунун ар кандай түрү болгон. Өнөрлүү жигит болсо ырдап-чордоп карызынан кутулган [494]. Бул ырым-жырымдын мааниси жигитке эртерээк үйлөнүшү жөнүндө белги берүү, кыйытып айтуу эле. Бул ыкма менен жеңелер жана эжелер жигиттер менен кыздардын үйлөнүнүшүнө өбөлгө түзүп, түрткү болушкан. Жигиттер да өз кезегинде жеңелерине уз-чебер синдилерин же тууган-туушкандарынын кыздарын тааныштырып коюусун суранышкан. Мында “учук салуу” жөрөлгөсү коомдогу эркек жана аялдардын ортосундагы мамилесиндеги социалдашуу жүрүмүнө көмөк көрсөтүүчү жөрөлгө катарында каралган. Негизи эркек балдар килем токуган жерге көп жологон эмес, андай учурда чебер жеңелер аларга *учук* жасап, аны бирөөлөр аркылуу берип жиберишкен. Учукту алган эркек кишилер, килемчи кыз-келиндерге сый-урматын билдирип белек-бечкекти берип жиберишкен[494].

Килем токуу жүрүмүндөгү дагы бир кызыктуу факт азыркы күнгө чейин сакталган салттын түрүнүн бири – бул *чебер жоктомой* же *килем жоктомой, табак узатуу, ашар* болуп эсептелет, булардын маанисинин терeңдиги бирдей эле болгон. Бул салттардын негизги максаты чебер келиндердин иши арбып, тезирээк бүтүп кетишине ар тараптан өбөлгө, шарт түзүү жана алкоо болуп эсептелген. Килем токуган уздарга кошуналар, тууган-урук кийиттерди, тамак-аштардын түрлөрүн, белектерди алып тартуулашкан. Килем токуу жүрүмү абдан мүшкүлдүү иш болгондуктан, токуу ортолоп калганда “килем жоктомой” жөрөлгөсү башталган. Килемди *жоктогондор* негизинен тууган туушкандары жана кошуналары болуп саналат. *Килем жоктомой* салтына кошуналар, туугандар негизинен ысык, күчтүү, колориялуу эттен, камырдан, күрүчтөн, буудайдан жасалган тамактарды бышырып алып келишкен. Килем жоктомой адаты килем токулуп жаткан үйдүн ээсин шыктандыруу, колдоо көрсөтүүнүн бир түрү болгон. Килемди жоктоп келген тууган-уруктар ар түрдүү даамдуу тамактарды жасап келишип же кыз-келиндеринен *табак* узатып коюшкан. Табак узатуу чоң табакка сыйлуу даамдарды салып, мисалга күрүчтөн, ундан жасалган тамактарды жана салттуу боорсок, каттама, себети менен нан, андан тышкары ар кандай таттууларды да алып келишкен. Килем токуу учурунда чебер кыздар күчтүү жана кайраттуу болушу үчүн жакшы тамактанышы талапка ылайык болгон. Алардын тамак –ашына үй ээси тарабынан килем токулуп бүткөнчө жакшы көңүл бурулган. Килем жоктоп келгендер чебер кыздарга *чабаты* деп аталган тамакты бышырып келишкен. Чабатыны ийленген кымырдан жука кылып төгөрөтө жайып, ысытылган казанда топ-тобу менен улам оодарып каймак- майга бышырышкан. Чабатыны бышырып алгандан кийин эзилген курут аталага же эзилген сүзмөгө кошуп берилген. Кыргыздарда бул тамактын түрү башка тамактарга карганда жеңил даярдалган жана көбүнчө иш арасында жасалчу тамак болуп саналган. Чабаты калориялуу келип, килемчи кыздарга күч берген [493].

Ал эми үйдүн ээси өз кезегинде килемди жоктоп келгендерге даам сыздырып, сыйлап, узатып жөнөткөн. Көбүнчө конокторго демделген чай кант

жана набат шириндиктери менен ичилген, андан тышкары кургатылган жана жаңы жемиштер берилген. Килем токулуп жаткан үйдө ал бүткөнчө туугандардын жана тааныштардын аягы суюлган эмес. Килем согулуп жаткан үй өзүнчө шаңга бөлөнүп турган. Ар кандай тамашалуу шакабалар, жакшы сөздөр айтылып, ыр-чоор менен коштолуп турган. Эгерде килемчи чебер кыздар үй-бүлө кура элек болсо, ал үйдө андан бетер каттагандардын саны көбөйгөн, себеби аларды болочоктогу келин катары сынап, байкаштырып келишкен. Ал мезгилдин талабына ылайык чебер кыздар абдан баалуу жана өтүмдүү болушкан Килем токуу жүрүмү аркылуу кандайдыр бир деңгээлде кыздарды көрүп, баалап сынашкан: келечекте үй-бүлө болуп кете алабы, килем соккон кыздын келбети кандай, анын сөзү, акылы, шамдагайлыгы, чеберчилиги мыктыбы – баарын көзөмөлгө алышкан [494].

Мурунку муундан калган оозеки чыгармачылыктан сөз уланып, кандайдыр бир деңгээлде килем токуу жүрүмү жаштарды социалдаштыруудагы толук эрезеге жеткен кыздарды турмушка даярдоонун бир очогу болгон. Килем согулуп жаткан үйгө колу-кошуналардын, жакынкы айылдардан тестиер кыздар келип үй ээсине боёлгон жиптерди тоголоктоп түрүп, суу ташып, тамак жасап жардамдашышкан. Бул учурда килем токуунун айрым бир сырларын үйрөнүп кетишкен. Жеңелер, улуу апалар менен эжелер келечектеги келиндерге жол көрсөтүп акыл айтылып турган. Килем токуу учурунда кыз-келиндер тарабынан бир катар ырым-жырымдар аткарылган. Килемди баштаардан мурда килем токуганга ниет кылгандан тарта эле апалар ырым-жырымдарды жасай беришкен. Мында килем токулуучу аянтчаны толугу менен тазалап дүкөнүн орнотоор алдында ысырык же арча менен аластап алышкан. Андан соң дүкөн орнотконго үйдүн ээси болгон эркек киши гана дүкөндүн аштамаларын алып келип орнотушу керек болгон. Элдик ишеним боюнча килем токула турган үйдөгү эркектин колу менен орнотулган аштамалар биринчиден бекем бириктирилип, килемдин сапаттуу токулушуна шарт түзсө, экинчиден эркек кишинин колу тийсе жолу ачык болот, шыр токулуп, береке, ырыскы келтирген килем болот деп ишенишкен [492]. Эгерде базарга сатуу үчүн жасалып жатса,

анда сатыкта жолдуу болот деген ишеним жараткан. Ал эми бул учурда аялдар дүкөндүн баш жагынан тарта аягына чейин ысырыктап, килемди сого баштаганга чейинки бир катар ырым -жырымдарды аткарышкан.

Дүкөн курулуп бүткөндөн соң эң алгачкы эриштин жибин байбичелер байлап баштап берген, мүмкүнчүлүк болсо мурда күчтүү чебер болгон энелер байлаган. Анткени жашы улуу чеберлерди улуулата сыйлап, алдардын килем токуу боюнча кеп-кеңештерин да кошо уккан. Эриш жипти жүгүргөндө "*Кудай колума кубат бер, менин колум эмес чебер энемдин колу*" деп башатаган. Айрыкча, эришти шамдагай кыз-балдар жүгүрткөн, анткени кыздардын күнөөсү жок болуп, килемдин жолу ачылат деп ишенишкен. "*Энелүү кыз тон бычат*" дегендей кыздардын ар бири энесинин жолун жолдоп, килем сокконду жакшы билүүгө аракет кылышкан. Айрыкча, чебер кыз-келиндер келип түшкөн кайын журтунда килем токулса, ошол үйдүн мүчөсү катары, килем токуу жүрүмүнө кол кабыш жасап, аралашып кеткен. Бул деген сөз кыздардын жаштайынан килем согуу жүрүмү менен тааныштыгы, а түгүл килем токууну жакшы билгендигинен кабар берет [495].

Килем баштаганда бир мыкты чебер-уз килемдин акыр аягына чейин бүтүшүн көзөмөлдү мойнуна алган. Килемдин токуу жүрүмүн башатаганда түктүн алдынан чеберлер *аламшек* (аламончок) жасайт, иштин жүрүшүнө көз тийбесин деген мааниде эки каптал жагына *учук* (пөпөк) (167-сүрөт) жасалат да, ташталып сеңселтип байлап коюлат. Түк байлаардын алдында эриштерге мончоктой тизип, жиптерди өткөрүп токуунун негизги себеби, ишибиз илгери болсун деп ниет кылып токуу жүрүмү башталат. Килем токулуп бүткөндө, килемди кыркып алуу да өзүнчө шаан-шөкөттөр жана каадалар менен коштолгон. Килем бүтүп калганда үйдүн ээси колу-коншуларды, айылдын аксакал байбичелерин чакырып мал союп казан асылып, тамак жасалып килем той өткөрүшкөн. Килемди дүкөндөн кесип алуу жөрөлгөсүн аткарышкан. Килемди кесүүнү аксакал байбичелер баштап берген, токулуп бүткөн килемди эки-үч жеринен кайчы менен ырымдап кесишкен. Аксакал байбичелер килемди кесип бүткөндөн кийин, артынан чеберлер өздөрү килемди кесип алышкан.

Токулуп бүткөн тарабын кайчы менен тегиздеп, адеп эки капталынан, андан кийин ортосунан акырындап кесилип алынат, чеберлерден башка адам мыктылап кесип ала алган эмес. Негизи килемдин бир башынан кессе үзүлүп, килем бузулуп калышы мүмкүн, ошондуктан килем кесүү да чеберчиликти жана эпчилдикти талап кылган. Себеби чебер эмес адамдар кескенде туура эмес кесилип калышы мүмкүн эле. Килемдин бүткөн аяк тарабын гана кайчы менен кесип алынат, ал эми баш тарабын кеспестен жумуру бойдон дүкөндүн жыгачынан сүрүп чыгарып алат. Мунун себеби килемдин сапаты мыкты кармалып, узак убакытка дейре кызмат кылганга жараган. Кесип жатканда чеберлер издүү-куттуу, берекелүү килем болсун деп аксакалдардын батасы менен кесип бүткөнчө чеберлерге да алкоолор айтылып турган. Килемди кыркарда килемчи-чеберлер "*кайчыбыз мокоп калды, кичине курчутпасаныз болбойт,*" - деп үйдүн ээлерине тамаша ирэтинде, бирок кандайдыр бир нерсени күткөндөй, талап кылгандай болушкан. Анда эле килемдин ээси ширииндиктерди алып келип, чеберлерди ыраазы кылгандан кийин килемди кырка башташкан. Килем тегиз болсун, деп килемдин согулган түгү ашып чыгып калган жерден кырка башташкан. Килем кыркылып бүткөндө, чеберлер "*Мына, килеминиз бүттү, көрүндүгүү бериңиз,*" - деп килемге көрүндүк сурайт. Килемдин ээлери чеберлерге көрүндүк беришип, алкоо сөздөрүн айтышкан [494].

Уз -чеберлер иштин арбыштуу болушу үчүн килем токулган үйдө орто эсеп менен алганда 14-15 күндөй бүтүп кеткиче түнөшкөн. Таң эрте менен багымдат мезгилинде туруп, эрте мененки чайды ичип, килемдин үстүнө чыгып килем токууга камынып жатып, "килемим бышык болсун", "колум жорго" - деп килемди тез арада бүтүп кетүүнү ниет кылышкан. Ал учурда электр жарыгы жок болгондуктан килемдин үстүндө олтурушуп *"көз байланып калганга"* чейин же шам кирген убактысына чейин гана килем сого алышкан [492]. Килем токуу учурунда чеберлер кечкисин иш токтогондо килемдин айлана-чөйрөсүн, тегерек четтерин жана килемдин өзүн дагы тазалап, ысырыктап коюшкан, мунун себеби, килемге жин-шайтандар ойноп, кырсыгып калбасын дешет. Килем токуган кыздар жана келиндер тазалыкка абдан маани беришкен. Алар килем токуганы

даярданып, таза кийимдерди кийинип алышып, андан соң гана  килем согууга киришишкен. Алардын ар бир кыймылы элдин көзүндө турган, ошондуктан чебер кыздар мүмкүн болушунча сылык-сыпаа, адепти сактап таза-тыкан жүрүшкөн. Килем токуп жатканда дене түзүлүшүн оңдоп, килемдин үстүндө олтурганда коомай олтуруп, бей-жай кыймыл аракеттерин көрсөтүшкөн эмес. Алардан айылдын жаш кыздары барып көрүп, үлгү алышкан.  Кыргыздар килемдерди айрыкча жайдын ысык жана узун күндөрү даярдап, соктурушкан. Андыктан чеберлер  эртеден кечке согуп отурганда чарчап, белдери ооруп, талыкшып калган учурларда сулууланып, каштарына осмо койгон, тырмактарынын гигиенасына көңүл буруп өсүмдүк кынасын коюшкан. Кына өсүмдүгү физикалык касиетине жараша кыздардын тырмактарына оң таасирин тийгизип, ден соолугуна пайда болгонун жакшы билишкен. Анткени килем токуу учурунда килем токуган чеберлердин тырмактары мыкты болушу зарыл эле.

Килем соккон кыздар осмо коюп, жасанып килем  сокпой  отурган учурунда  килем ээсине  “*Килемдин ажарын ачып жатабыз*” - деп бир аз эс алып алышкан. Муну килем токуткан  килем ээси түшүнүп, туура кабыл алган [492].

Килем токуу жүрүмүндө бир катар эрежелерди жана адаттарды сактоо керек болгон. Килем түктөрүн кесүү үчүн арналган кайчы жана бычакты күн батышка каратпоо керек, анткени диний ишеним боюнча “чикас тартат”, кырсыктайт деп ишенишкен. Ал эми токмокту жерге таштабай,  оң жагы менен килемдин үстүнө гана коюу керек. Демек, мындан килем  токуу жүрүмү бир кыйла жөрөлгө жана  ырым-жырымдар менен коштолору белгилүү болду. Килем токуу жүрүмү, бул бир гана килемди даярдоо гана жүрүмү болгон эмес. Ал улуу муун менен кичүү муундун ортосундагы мамилени, салттарды, эмгек түрлөрүн кийинки жаштарга калтыруу салтынын сакталышын жана андан-ары өнүгүшүн камсыз кылган, келечектеги муунду  социумга, коомго даярдаган  ордо же борбор болгон. Коомдогу ар кандай жаңылыктар жана жаңычылдыктары (инновация), чарбанын жаңы түрлөрү да ушул жерден тараган.

Килем токулуп бүткөн соң чебер кыздар тарабынан “килем какты” каадасы ишке ашырылат. Мында килемди атайын таякчалар менен акырын ургулап чаңын күбүшкөн. Килем абдан салмактуу болуп, бир эки адамдын алы жетпей калат. Ошондуктан сөзсүз үй-ээлери, же алардын айрыкча эркек балдары чебер кыздарга килемди көтөрүп жардамдашышкан. Чынында, килемди кагып жатканда абдан чаң чыгат, себеби токулуп бүткөнчө килем өзүнө чаңды сиңирип алат. Бир катар чаңын кагып салып, андан кийин аны төрдөгү үйгө салып коюшкан. Килем салынгандан кийин анын үстүнө келген меймандардын баары отуруп сый көрүшкөн. Ошол эле коноктордун арасына килемчи уз-кыздар да өздөрү токуп бүткөн килемге башка коноктор менен кошо сыйга отурушкан. Аларды байбичелер алкап, килемге баа берип, килемди соккон чебер кыздарга ак баталарын беришкен: “Өркүнүнөр өссүн, колунар дарт көрбөсүн, элдин кызматында болгула, бактылуу жана баралдуу өмүр сүргүлө”- деп ак батасын берген.

Кыргыздарда килем токуу ар кандай максаттарга ылайык токулган. Килем тойго келгендер килем ээсине килемдин жасоо максатына жараша баталар берилген, эгерде үй ээси өзүнүн үйүнө арнап соктурган болсо анда ага соктурган килемин ак жолтой болуп, жакшылыктарга буйруп, бала-чакаң менен тебелеп-тепсеп, ойноп-күлүп ден соолукта болгула деген сыяктуу бата тилешкен. Ал эми кыздын себине бериле турган килем токулган болсо анда кызындын бактысын берсин, барган жеринен бактысын тапсын, кайын журтуна кабыл келин болсун жана бала-чакалуу болуп өнүп-өссүн деп бата беришкен. Бул килем кыздын себине токулган болсо, анда ал килемди аздектеп, кыздын тою күнүнө чейин сактап түрүп коюшчу. Ал эми бешик тойго (жээнтек той) арналып токулган болсо, анда неберенин өмүрүн тиленген баталар берилген. Ошондой эле сүннөт тойлорго арналган болсо эркек небересинин эрезеге жетип, мыкты эр - азамат болуп чонойсун деп бата берилген. Эгерде уул балдарына арналып токулган килем болсо (эгер үйлөнгөн болсо), аны дароо жеткирип берген. Эгер үйлөнө элек жигит болсо, алдын ала даярдап, ниет кылып килемди ороп сактап коюшкан. Ал эми кээ бир учурда аксакалдар өлүмтүгүмө деп килем токутуп

жыйдырып коюшкан, мында бул килемдин согулганын эч ким туйбай, шаан-шөкөтсүз эле токулган. Бул килемдерди ошол үйдөгү уул-келинине дайындашкан. Алар өз кезегинде килемди күбөгө жедирип койбой, жакшы сактап күнгө алып чыгып жайып, күн жедирип, шамалдатып кайра үйгө алып кирип жүккө кошуп жыйып коюшкан. Кокус үйдүн ээлери кайтыш болуп калса, килеми дайыма даяр турган. Албетте ар бир эле үйдө мындай килем согулган эмес, кээ бир үй-бүлөдө абалына жараша кийиз-килем же өрмөк таарлар даярдалып коюлган. Килем үй тиричилигинде барктуу жана кымбат буюмдардын катарын толуктап турган. Килемге күбө түшүп бузулбай сакталып турушу үчүн жаңгактын жалбырагын, эрмен чөбүн, кекиренин гүлүн жана жалбырагын, уругун пайдаланышкан (37,50-сүрөт). Анткени алардын курамында эфирдик майлар, минералдык туздар, органикалык заттар ж.б. заттар бар [21, 141-153-б.; 494.].

Уз, чебер аялдар килем токуп, балдарына байлык, мүлк, мурас калтырган. Алар үй-бүлөсүндө эле кадыр-баркка ээ болбостон, коомчулукта да өз ордун тапкан инсан катары таанымал болушкан. Килем токуу менен кээ бир салттар коштолгон жана семиотикалык мааниге ээ болгон. Бул ыр саптары өтө чебер кадыр-барктуу зайыпка арналаган:

*Кызыл, көктөн түр кылган,*
*ар жылына жүл кылган.*
*Кармаган ишин гүл кылган.*
*Энемдин сокkон гилеми,*
*бир заматта пул (акча) болгон* [494]

Мында чебер эненин *жүл кылган* дегени килем соккон деген мааниде айтылат. Баткен өрөөнүндө жүндөн токулгантүктүү килемди *жүл килем* деп атап коюшкан, ушул эле аталыш менен жерге-талдык кыргыздар да түктүү килемди атап келишкен [192, 74-б.].

Ал эми тескерисинче чоркок зайыптарга төмөнкү саптар арналат:

*Кара казык жерге какпаган*
*Төргө бир килем салбаган.*
*Капшытка бир гилем төшөбөй*
*Келин кызынын айласын таппаган* [494].

Негизи килем согуу бул жамаатык эмгек болгондуктан, кыздар жана келиндер биргелешип аракет кылуусу зарыл. Ал эми аларга килем согуу тажрыйбасын апалар жана улуу муундагы аялдар көрсөтүп беришкен. Кээде улуу муундагы аялдар өздөрү чеберчиликти жакшы билбей, кыз-кыркынды жумшай албай, убактысын текке кетирген жайгдайларга жогорку ыр саптары айтылган.

Лейлек өрөөнүндөгү эл арасында келиндер жөнүндө "*Кыла албас аял кыл жыят*," - деген лакаптар колдонулган, бул быйылкы жүндү кийинки жылга калтырып койгон аялдарга тиешелүү болот. Себеби жылда кыркылып, топтолуп калган жүндү келиндер турмуш-тиричиликке жаратып, кийинки жылга калтырбашы керек болгон [494]. Андан тышкары келиндердин тиричилигин жасабай, убактысын кетирип башка керексиз жумуштарга арнап, килемге көчөттөрдү начар түшүрсө төмөнкү ырлар айтылган:

*"Алтын келин кашын тарт*
*Кайын журтка жагып*
*Алкышына батып кайт*
*Күмүш келин кашын тарт*
*Кайкандабай мурдуң тарт*
*Терип токуп түрлөрдү*
*Килемиңди сыйра тарт*
*Кашка келин кашың тарт*
*Кайкандабай башың тарт*
*Керип жипти чыйратып*
*Капшытына чийди тарт*," - деген салттуу элдик ырлар кеңири таралган.

Мында келиндерди бекер олтурбай, чеберчилик менен тиричиликке алек болушуна үндөгөн саптар айтылган [494].

*Ал эми төмөнкү тизмектелген саптар:*
*"Жел бекенмин, куюн бекенмин*
*Жети күндө бир ыштан бүтүрдүм,*
*Анан дагы тигиш-бүгүшү бар*
*Дагы бир үч күндүк иш бар*", - деген лакап ыр саптары чоркок жана жалкоо кыз-келиндерге арналган.

Килемди токуунун башында чебер кыз-келиндер "*...иштин башы ишемби...*" деп, ишемби күнү башташкан. Элдин ишениминде ишемби күнү башталган иш берекелүү жана алгылыктуу болот деп кабыл алышкан.

Ал эми килемди токуп бүткөндөн кийин үй ээси чеберлерге – *сарпай* (түштүк диалектинде) кийит жасап, түрдүү белек-бечкек менен эмгек акысын берген. Сарпай – белекке тартуу боло турган кийим же кездеме. Сарпай же сарпайы фарсы тилинде «баштан аякка чейин» же «баштан аякка чейин кийинтүү» дегенди түшүндүрөт. Кыргыздарда сарпай же кийит берүүнүн негизги себеби, кийим-кеченин танкыстыгы жана кымбаттагы болуп саналат. Кийим берүү сый-урматтын жогорку деңгээли болуп, стеоретип катары ушул күнгө дейре сакталып калган.

Килемчи чеберлер килем токуунун ыкмаларын абдан жакшы өздөштүргөн чеберлер болгон. Килемчи чеберлер тажрыйбасына жараша килем токууга алыскы айылдарга да чакырылып турган [493].

Элдик фольклордо килем токуп, боёк боёп, элдин арасында белгилүү болуп калган мыкты килем чеберлерин акыркы сапарга узатаарда кошок кошуп жатып анын чеберчилигин, уздугун даңазалашкан да кошоктор кездешет:

*Төргө килем таштаган,*
*төрөдөй уул баштаган.*
*Капшытка килем таштаган,*
*Кабылдуу келин баштаган.*
*Төрүндө баштаган килемдин*
*төрт бурчунда гүлү бар*
*Төрүнө келген мейманга*
*эки азамат уулу бар.*
*үйүнө салган килемдин*
*төрт бурчунда гүлү бар,*
*үйүнө келген мейманга*
*беш азамат кызы бар.*
*Энемдин кылган килеми*
*чет базарларда талашкан.*
*Энемин кылган килемин*
*ушарлыктар (Учар) талашкан,*
*улукман алса жарашкан.*

Килемчи-уздар эгер дүйнө салсам кошок кошкондо айтасынар деп кыздарына, келиндерине, абысындарына, мурас калтырган [492]. Элдин арасында табышмактарда килем сөзү колдонулган:

*Түр-түр килем, түр килем түрүп коё албадым бул килем*
*Жый –жый бир килем, жый килем жыйып коё албадым бул килем*

*Сал-сал килем, сал килем салып коё албадым бул килем.*

Бул табышмактын жандырмагы *асман* менен *жер*. Килемди табиятка салыштыруу менен айтылган табышмак [495] .

Ал эми элдик оюндарда килем токуу жүрүмүндө “килем талашуу” деген оюн бар. Бул элдик оюн кыз узатуу тоюнда гана ойнолуп, өзүнчө терең мааниге ээ [389, 145-146-б.].

Көчмөндөр жана жарым көчмөндөр өзгөчө маданияты менен мүнөздөлүп, ал мейкиндик менен убакытты өзгөчө кабылдоону, меймандостуктун каада-салтын, жөнөкөйлүктү жана чыдамкайлыкты билдирет. Көчмөн маданияты адамзат тарыхында маанилүү роль ойногон. Алар жашоого ыңгайлуу аймактарды өнүктүрүүгө салым кошкон. Алардын ортомчулук ишмердүүлүгүнүн аркасында цивилизациялар ортосунда соода байланыштары түзүлүп, технологиялык, маданий жана башка жаңылыктар жайылган. Андан тышкары килемдердин ар кандай түрүн соода-сатык аркылуу Борбордук Азияга келип калышы байкалган [403, 10-47-б.].

Килем токуу процессин, килем буюмдарынын оймо-чиймелерин жана алардын семантикасын изилдөө менен алардын этностук тарыхын, этномаданий жүрүмүн жана маданияттын уландысын, жалпы көйгөйлөрүн тереңирээк түшүнүүгө мүмкүндүк берет. Ошону менен катар килем токуу салттарын изилдөө менен башка тектеш жана кошуна этностор менен болгон этногенетикалык жана этномаданий байланыш концепциясын да иликтөөгө өбөлгө түзөт.

Айрыкча, кыргыздардын көчмөн турмушунда килемдер өтө маанилүү роль ойногон. Боз үйдүн ички интерьерин жасалгалоо боюнча ар кандай килем буюмдары колдонулган. Көчмөндөрдүн турак жайынын жөнөкөй, бирок ошол эле учурда оригиналдуу эмеректери негизинен килем буюмдарынан турган. Фергана өрөөнүндөгү кыргыздарда үй шартында килем токуу кеңири масштабда өнүккөн [6, 395-б.; 357, 16-18-б.].

Түштүк кыргыздарынын килемдерин изилдөөдө орнаменттеринин түс айкалыштарынын символикалуулук, композициялык жайгашуусу ачылып, айрым мотивдердин жана композициялардын семантикалык мазмуну ачылган.

Жыйынтыгында салттуу килем токуу жүрүмүнө даярдык көрүү мезгилинен тарта килем согулуп бүткөнгө чейин белгилүү салт-санаалар, үрп адаттар менен коштолгон. Иштин башы ишемби деп, килемди аптанын белгилүү күндөрү гана башташкан. Алгач килем токула турган үйдө курулган дүкөндү ысырыктап, жыт чыгарып, аксакал байбичелер бата берип андан кийин токуучу чебер кыздар килемдин эришин жүгүртүшкөн. Килем токуу жүрүмүндө “учук таштамай”, “килем жоктомой”, ”табак узатуу” сыяктуу жөрөлгөлөрдү аткарышкан. Килем согулуп жаткан үй кыргыз кыздарын мыкты тарбиялай турган ордо катары кабыл алынган. Килем токуу өнөрүн мыкты билген апалар, энелер кыздарына, келиндерине килем токуунун сырларын үйрөтүшкөн. Ошол эле учурда аларга эгерде көзү өтүп кете турган болсо өздөрүн даназалаган кошокторду да кошо үйрөтүп коюшкан. Бул жөрөлгөлөр кыздардын социалдашуусуна жана бирине-бирине жардамдашуу, колдоо көрсөтүү максатында аткарылган. Кыргыздардын турмушундагы дээрлик бардык кубулуштары килем жана килем буюмдары менен байланышта болгону изилдөөлөрдүн жүрүшүндө байкалды. Ушул жогоруда аталган жөрөлгөрдүн семиотикасын чечмелеп, алардын кыргыздардын этномаданиятындагы өзгөчөлүктөрү каралды.

## 5.2. Кыргыздардын салттуу килем жана килем буюмдарынын пайдалануу чөйрөсү

Салттуу килем токуу өнөрү бир нече кылымдардагы кыргыздардын этномаданиятын чагылдырган декоративдик искусствонун бир түрү болуп эсептелет. Килем токуучулуктун өнүгүшүнө көчмөндөрдүн жашоо тиричилигинин айрым өзгөчөлүктөрү өз таасирин тийгизген. Ал эми жер иштетүүчүлөрдүн килем токуу менен алектенип калышына жердин начар абалы,

суунун жетишпей кургакчылык болгон учурда дыйкандардын бир кыйла бөлүгү киреше издеп белгилүү бир кол өнөрчүлүк менен алектенүүгө аргасыз болгон. Килем токуучулуктун өнүгүшүнө аялдардын айыл чарба иштериндеги эмгегинин мүнөзү таасир эткен. Бул учурда кыргыз кыз-келиндери килем жана килем буюмдарын токууга көбүрөөк көңүл бурууга мүмкүнчүлүк алды. Кыргыздар көп убакытка чейин килемдерди сатыкка өндүргөн эмес. Ошондой эле изилдөөчүлөр кыргыздарды килем өндүрүшүнүн пайда болушуна кийиз өндүрүшү мурда болгон деп эсептешет. Андан кийин күнүмдүк колдонууда түксүз, жөнөкөй, кийинчерээк түктүү килемдер пайда болгон.

Килем токуу өнөрү Кыргызстандын түштүк аймактарында гана мыкты өнүккөн. А.А. Семенов Амударыянын жана Вахштын жээктеринде жашаган кыргыз-өзбек «катаган» уруусунун килемдерин жасагандыгын эскерет. Бул жерде токулган килемдер менен катар уникалдуу жылмакай, түксүз килемдер – араби килеми жана араби килемин токуу техникасы менен майда килем буюмдарынын ар кандай түрлөрү жасалган.

Салттуу ыкма менен токулган килем жана килем буюмдарына куржун, чабадан (чавадан), торбо, артаил, ат жабуу (дикак), желдик жана башкалар кирет. Бул килем буюмдар кыргыздарда күнүмдүк-турмуш тиричиликтеги буюмдун гана кызматын аткарбайт. Алардын ар бирини кооздук жана турмуштук мааниси терең жана кенен. Килем буюмдары кыз узатуудагы септердин өзөгүн түзүп, сакралдык жана ыйык, аруу тилектеги мааниге ээ. Демек, бекем, бышык, кооз жасалган килем буюмдары түштүк кыргыздарынын үй-бүлөсүндө, жалпы эле коомчулукта баасы жогору турган. Кыргыздарда өтө жогору бааланган буюмдары эң биринчи иретте кыздарга сеп катары, ал эми эркек балдарга мүлк катары арналып токулган. Килем жана килем буюмдарынын түрлөрү кыздын себинин ажырагыс бөлүгүн түзөт. Адат боюнча, кыз кайын-журтуна келгенде күйөөсү экөөнө бөлүнгөн боз үйдү ичине өзү менен кошо келген септерин жайгаштырып жасалгалаш керек болгон. Кыздарына сеп катары энелер үчтөн кем эмес килемдин түрлөрүн даярдоо зарыл болгон. Ошондуктан үйлөнүү тоюнун алдында кыргыздарда Орто Азиянын башка элдериндей эле колукту

тараптагы чебер аялдар анын ичинде кыздын апасы, эжелери, жеңелери жана кээ бир учурда кыз өзү да кошо чогулуп килемдерди даярдашкан. Бул жерде кызга берилүүчү септин көлөмү жана эсеби, кыздын ата-энесинин жашоо шартына жараша болсо экинчи жагы кызга берилген калыңдын дагы көлөмүнө жараша болгон.

Ата-энелер тарабынан берилген килемдери жана токулган буюмдары жаштар үй-бүлө курганда, кыздар турмушка чыкканда эң керектүү буюм катары өзүнүн кызматын аткарган. Бизге белгилүү болгондой кыздын себине кыргыздар баалуу деп эсептелген гана буюмдарын беришкен. Ата-энеден калган кымбат белек катары килем жана килем буюмдары үй-бүлө курган жаштардын турмушундагы маанилүү болгон жана баасы жогору “көзгө көрүнгөн” буюмдарынын бири болуп эсептелет. Куда-сөөктөрдүн ортолугундагы алыш-бериш мамилелерин ичинде да килем жана килем буюмдары негизги орунду ээлеген жана руханий, материалдык байлыктын жана баалуу мүлктүн бир түрүн түзгөн. Куда-сөөктөрдүн ортосундагы мамилелердин кандайдыр денгээлде жогорулатып, жакындатып сый-урматын арттырган.

Салттуу килемдер үй-бүлөдөгү мамилени эле эмес, мамлекеттердин ортосундагы карым-катнашта да маанилүү орунду ээлеген [469, 264-б.].

Кыргыздарда жогору баалаган килем буюмдары эң биринчи иретте уул балдарга, кыздарга да арналып токулган. Жаштар үй-бүлө курганда ата-энелер тарабынан милдеттүү түрдө килем жана токулган буюмдары кыздар турмушка чыкканда салт катары өзүнүн кызматын аткарган. Килем жана килем буюмдары үй-бүлө курган жаштардын турмушундагы эң кымбат, баасы жогору көзгө көрүнгөн буюмдардын бири болуп эсептелген.

Кыргызстандын түштүк аймагында килемди даярдоо жүрүмүн башталганы бул ошол килем согулуп жаткан эшикте[26] (үйдө), септи даярдоо үй-бүлөдөгү кызды күйөөгө узатууга бел байлагандыкка даяр болуу дегенди билдирген. Бул көрүнүштү байкаган колу-кошуна, тууган-урук да кыздын турмуш жолуна

[26] Эшик-түштүк диалектиси боюнча ичкиликтердеги өтмө мааниде чоң короолуу үй

аттанууга даярданып жатканын байкашкан жана кээ бир учурда кыз издеп жүргөн жуучуларды ошол кыздын ата-энесине жиберишкен. Бул боюнча кыргыздын элдик сөзү төмөнкүчө таамай айтылат: “Кошунасы жакшы болсо, сокур кыз эр табат” [492]. Бул жерде да кыргыздын коомдук жашоосундагы кошуначылык институтунун мааниси терең экендигин көрсөк болот.

Үйлөнүү тойлорунда айрыкча кыз узатууда кыздын энеси турмушка чыгаарда кызына алына жараша сеп жасап берген, алардын эң маанилүүсү жана барктуусу токулган түктүү килем болуп саналган. Колунда бар үй-бүлөлөрдө салт боюнча кызга септин санын “тогуздап” беришкен [27, 70-б.]. Албетте, тогуз саны кыргыздар үчүн ыйык сан катары кабыл алынган. Мисалы, *тогуз табак* деп кызды төркүлөтүп барганда, кудалар алып баруучу каражаттардын жыйындысы. Анда бир түйүндө жалаң кийим-кеченин (сарпайлар) түрү, биринде таттуу-момпосуйлар, башкасында сасык-сусук[27] жана атыр-упа деп отуруп, тогуздай табак жасалган. Биздин оюбузча, тогуз саны килемге да түшүрүлгөн, культтук түшүнүктөрдүн “тогуз кабат аалам”, “тогуз дөбө” сыяктуу кыргыздардын элдик билиминен жана руханий абалынан алынгандай. Келген келин төгөрөгү төп келишсин, эч нерседен кем болбосун деген түшүнүк менен жасалгаларды тогуздан беришкен [495] .

Кыз узатуу тоюнун соңунда боз үйдүн оң жагындагы колукту олтурган жайга тартылган көшөгөнүн артында эки жаштын жеңелери никелешкендер үчүн төшөк салуу жөрөлгөсүн жасашкан. Бул жөрөлгөдө негизинен кыздын апасы берген септеги төшөнчүлөрдүн бүт баарын жерге калыңдатып салынган. Бул жөрөлгө эки жаштын жашоосунун мындан ары мыкты болуп, жылуу жумшак мамиледе, очор-бачар болуп, бараандуу жашап кетишине шарт түзөт деп ишенишкен. Оболу, төшөнчүлөрдүн эң түбүнө кыздын энеси тарабынан берилген түктүү килемди, эгерде кошуп берген болсо араби килемин жана өрмөктөрдү да салышкан. Бул килемдин түрлөрүн кыздын энеси, эжелери, жеңелери токуп берген, же токуп бере албаган болсо, буюртма берип жасалган

[27] Атыр –упалар, (парфюм) жерг.диалект

килемдерин ырымдап салышкан. Андан соң салынган килемдин үстүнө башка төшөнчүлөрдү салбай туруп, буудай жана башка дан оокаттарын сээп коюшкан. Буудай – үй-бүлөдө негизги байлык жана ырыскы болуп саналган. Бул ырым-жырымдын семиотикалык мааниси да өтө терең. Кыздын апасы килемди токуп жаткандагы энесинин мээрими ошол жасаган буюмдарда сакталып, кыз барган үйүнөн бактысын табууга, ал жерден агарып-көгөрүп бала - бакыралуу болууга өбөлгө түзөт деген ойдо болушкан. Ал тургай кыздын энеси берген буюмдар кызды ар кандай кыйынчылыктардан сактап турат деп ишенишкен [492]. Чындыгында, эненин өз колу менен жасап берген буюмдар жана алардагы сакралдык мааниси бар орнаменттердин кээ бир түрлөрү кызын коргоп жана сактап турат деген ишеним болгон. Турмуш жолуна узатылган кыздын бөтөн үй-бүлөгө, али тааный элек чөйрөгө барып, батыраак көнүп кетишине таасирин тийгизген деп ишенишкен. Андан тышкары бул ырым-жырымдын негизги максаты келген келиндин кадамы ушул үйгө береке алып келсин жана бала-бакыралуу болуп, очор-бачар таттуу өмүр сүрсүн деген таризде тилек кылышкан.

Кызды кудалап келгенде, кыздын энеси тарабынан босогого адаттан тышкары көлөмү кичирээк болгон килем салып, анын үстүнө ак түстөгү матаны кошо салып коюшкан, аны ичкилик урууларында *паяндос* деп аташкан. Паяндос – бул кызды алганы келген күйөө бала менен кудаларга өзүнчө салынуучу килем буюму. Паяндосту эч качан жалгыз өзүн салган эмес, дайыма килемдин үстүнө кошумча ачык түстөгү маталардан кошо салып коюшкан. Кудалардын баары ушул босогого салынган паяндосту басып кирип, андан соң сыйлуу орундарга жайгашып отурушкан. Кудалардын баары кирип болгон соң ал паяндосту жигиттин жакын жеңелеринин бири алууга акылуу болгон. Бул паяндос-килемди жеңелер атайын ошол жерге куда түшүп барган тараптын кыздарына б.а. кайын-сиңдилерине алып берип коёт. Бул да болсо ошол конок болуп барган кыз балдарга жеңелеринин сый-урматы болуп эсептелген. Паяндосту кыздар өздөрү эч качан эңилип алууга аракет кылган эмес. Бул кыз балдардын сый-урматын ордуна коюп, аларга тиешелүү болгон нарктуулукту сактап тургандыгынан кабар берген. Ал эми күйөөгө жана күйөө жолдоштору башка үйгө киргендигине

байланыштуу аларга кирген үйдүн босогосуна да өзүнчө паяндос салынган, муну болсо жигиттин кичүү жеңелери өздөрүнө алышкан же өзүнөн улуу жеңелерине берип коюшкан [492]. Паяндоско токулган килемдердин баарын жая берилген, бирок көбүнчө атайын паяндос үчүн деп чакан көлөмдөрдөгү килемчелер салынган. Бул каада Ош, Жалал-Абад, Баткен облустарында ушул күнгө дейре колдонулуп келген. Ушул эле паяндос кызды көчүрүп барганда да кыздын кайыненеси тарабынан кудаларга салынат.

Паяндос катары килем сала албаган үй-бүлөлөр, анын ордуна кымбат баалуу ак, кызыл мата, жоолук да салынган учурлар кездешкен, бул ошол үй-бүлөнүн социалдык абалына жараша болгон [27, 71]. Азыркы күндө дагы деле жогоруда аталган салт күчүндө калып, аткарылып келе жатат. Учурда салттуу килемдин кымбаттап сейрек токула баштаганынан кабар берет, аларды токуу азайып, солгундап бара жаткандыгына байланыштуу килемдердин фабрикада токулган, синтетикалык түрлөрүн паяндос катары колдонуп жатат [492].

Үйдүн ээсинин жашоо деңгээлин, анын социалдык абалын үйдүн ичиндеги жыйылып турган жүктүн абалынан билишкен. Жыйылган жүктө ашыкча болгон килемдердин жайлануусу менен жүктүн көлөмү жана бийиктиги өскөн. Кыргыздар жайлоого бир жерден экинчи жерге көчкөндө көчүү жараянында төөлөрдүн жүгүнүн эң үстүнө килем жаап коюшкан [27,71-б.]. Төөнүн баласы ботонун үстүнө да кооздук катары, андан кала берсе коргоочу катары килемче жабылган. Бул килемчелер атайын ботолор үчүн токулган, анча чоң эмес көлөмгө ээ болуп *тайлак килем* деп аталган [27,71-б.]. Бул көрүнүштөр төөнүн аздектелишин, кыргыздардын төөгө карата болгон тотемдик ишенимин да тастыктайт.

Чоң тойлордо килемдерди боз үйлөргө эле салбастан, бир боз үй менен экинчи боз үйлөрдүн аралыгына да төшөлүп салынган [27, 70-б.]. Бул көрүнүш тойго келген коноктorду сыйлоонун белгиси катары каралган. Аш тойлордо килем үйдүн көркү эле болбостон, ошол той болуп жаткан үйдүн ээсинин даража мансабын да көрсөтүп турган.

Кыргыздарда үй-бүлөлүк мамилелерде да килем баалуу мүлк катары каралган, аялы балалуу болбой көзү өтүп кетсе аны башка септерине кошуп аялдын атасына (төркүнүнө) жеткирилип берилген [126, 78-б.]. Ал эми аялы өз эрки менен күйөөсү менен ажырашкысы келсе ал эч кандай мүлккө ээ чыгалбай калган, бар себин кайын журтуна таштап, ыразычылыгын билдирип чыгып кетүүгө аргасыз болгон [199, 41-б.]. Андан тышкары кыргыздарда кыз бала атасынан сеп катары килем, кийиз, кийиттерди, энчини мүлк алган жана аны сөзссүз түрдө жаңы үй-бүлөсүнө өзү менен кошо ала кеткен (кыз бала турмушка узаганда) [199, 45-б.].

Кызга атасы тарабынан берилүүчү септин көлөмү кудасы тарабынан берилген калынына жараша болгон [126,78-б.].

Кыргыздардын социалдашуу жүрүмүндөгү орчундуу орунду ээлеген бешик той жана баланы сүннөткө отургузуу (колун адалдоо) үчүн өткөрүлгөн шаан-шөкөттүү тойдо да килем анын ажырагыс бөлүгү болгон. Бешик той же жентек тойдо жаңы төрөлгөн наристеге таенеси тарабынан бешик жана бешиктин астына төшөлүүчү атайын небересине арналган килемин алып келет. Баланы бешикке бөлөп, каадасын аткараардан мурун килемди жерге төшөп, үстүнө бешикти коюп андан соң наристени бөлөп ырымдарын аткарышкан. Ал эми сүннөт тойдо таенеси небересине атап (арнап) атайын килем токуп, төшөнчү-жаздыктарды даярдап келген. Сүннөткө отургузулуп бүткөндөн соң, баланын жата турган жерин даярдашкан. Оболу, эң астына килемди төшөп, андан соң төшөнчүлөрдү жайгаштырышып, балага бата кылынат. Сүннөт болгон балага эр жетилген азаматтардан болуп, элдин керегине жараган мыкты жигит болушун тилеп бата беришкен. Таенеси алып келген килем жана төшөнчүлөрдө бала ордунан туруп, өз алдынча кыймыл-аракет жасап калганга чейин жаткан [494].

Эң кымбат баалуу деп табылган килем неберенин сүннөт тоюна алынып келиниши, ал баланын келечеги молчулук жана байгерчлик менен коштолушун тилек кылынганы жана тайлары тарабынан колдоонун бир белгиси катары каралган. Таятасы жана тайекелери тарабынан (жылкы) тай энчилеп мингизип,

энчи берүү жөрөлгөсүн аткарышкан, эр жигитке ар тараптан колдоо көрсөтүлүп, айрыкча тайларынын колдоосу чоң мааниге ээ болгон. Таята-таенеси тарабынан белекке тартууланган жылкыны абдан коздоп, килем жабышкан.

Дагы бир кыргыздардын салттуу жашоосундагы килемге байланышкан маанилүү адат бул жаш үй-бүлөлөр үй куруп, көчүп киргенде кыздын кээде эркек баланын да ата энеси атайын килем соктуруп беришкен. Килем бул үйдөгү негизги баалуу буюмдардын катарын толуктаган буюм болгон.

Андан тышкары кыргыздар сөөк коюу ырым-жырымдарын аткарууда салттуу килемди кеңири пайдаланышкан. Маркумду акыркы сапарга узатарда астына килем төшөп жаткырышкан. Андан соң мүрзөгө чейин араби килемге же кийизге ороп жайына чейин узатылган. Маркумга канчалык кымбат килем салынса анын абырою ошончо бийик экендигин түшүндүргөн. Андан тышкары маркумдун жаназасын окуганда да кымбат баалуу килемдерди коюшкан, ал килемди маркумдун туугандары мечитке алып барып салышкан. Ал эми кээ бирде жаназа окуган молдолордун акысына килем тартуулашкан. Бул да болсо маркумга болгон акыркы жогорку даражадагы сый-урмат катары каралган. Андан тышкары маркумдун жылдыгы келип калып, ага бала –чакасы тарабынан маарекесин өткөрүү учурунда да ар кандай улуттук оюндары менен коштолуп келген. Мисалы тай чабыш, кунан чабыш, ат чабыш оюндары элдин арасында кеңири болгон [389, 138-бет]. Алгачкы тогуз атка ар кандай байге, белек-бечкектер берилген, ошол баалуу белектердин бири килем болгон.

Окумштуу В.Г. Мошкованын маалыматына караганда XIX кылымдын экинчи жарымында кыргыздар Россия империясынын курамына киргенден баштап, Фергана өрөөнүнүн экономикасында ири өзгөрүүлөр болгон. Башка кол өнөрчүлүк буюмдары сыяктуу эле килемдер да товарга айлана баштаган. Ичкилик урууларынын килемдерине кардарлар көп чыга баштаган. Килемдер базарга чыгарылгандан ташкары, элдер килем токулган жерине барып, буюртма бере башташат. Буюртма берип жатканда албетте, килемдин көлөмүн, килемдин көчөттөрүн өздөрүнүн табитине жараша беришкен. Килем рыногу эми чоң көлөмдөгү ачык-айрым түстөгү килемдерге басым жасай баштаган [288, 87-б.].

XIX кылымдын аягынан тарта Фергана өрөөнүндөгү ичкилик урууларынын килемдери Орто Азиянын Кокон, Ходжент, Самарканд, Ташкент, Бухара шаарларында товар катарында  жайыла баштаган. Бирок биринчи дүйнөлүк согушка чейин Фергана өрөөнүндө килем токуу солгундай түшкөн, анткени аялдардын көпчүлүгү чарба  иштери менен алектенип, кол өнөрчүлүк менен алектене алышпай калган. Бул мезгилдеги килемдердин сапаты да бир топ начарлай түшкөн. Ал эми согуш башталган соң килемдер такыр эле жасалбай калган. Килемдин түктөрүн боёгонго боёктордун таңкыстыгы килем токууну таптакыр токтотууга алып келген. Андан кийин кыргыздар жарандык согуш мезилинде да килем токуу токтоп калган. Фергана чөлкөмүндө 1914-жылдан тарта 1924-жылга чейин килем токуу жүрүмү кризиске учурап, а түгүл жаш чеберлердин жоктугунан жалаң эле улгайган чеберлерден үйрөнүүгө аргасыз болушкан. Фергана өрөөнүндөгү пахта өстүрүү чарбасы алгылыктуу болуп, кыргыз аялдары килем токуу менен каражат тапканга караганда жакшы киреше бергендигинен улам килем токуу анда ары да солгундай баштайт [288, 87-б.].

Жерге бир же бир нече кабат төшөлгөн килемдер отургучтун жана төшөнчүнүн милдетин аткарган. Бут астына төшөлгөн кичинекей килемчелер "намаз" учурунда алмаштырылгыс эң маанилүү буюм болуп саналат. Түрдүү өлчөмдөгү килем буюмдары учурдагы сандыктарды жана шкафтарды, ал эми килем чавадандар биздин чемодандарыбызды алмаштырган. Килемдин буюмдары шкафтарды жана сандыктарды алмаштыруучу дубал баштыктарды, жумшак нерселерди сактоо жана ташуу үчүн баштыктарды, жүк ташуучу жаныбарлар үчүн жүктөрдү ташуу үчүн кош баштыктарды жасоого да ыңгайлуу болгон.

Жыйынтыктап айтканда кыргыздардын салттуу килем жана килем буюмдарын пайдалануу чөйрөсү кеңири болуп, килем жана килем буюмдарына карата салт-санаа, үрп-адаттар менен коштолуп турган.

Дээрлик Чон-Алай, Лейлек, Баткен өрөөндөрүндө килем  ичкилик урууларында токулган түктүү килемдер той-маарекелерде эң маанилүү жана зарыл буюм катары колдонулган. Айрыкча үйлөнүү үлпөтү, кыз узатуу

салтында, бешик тойдо, сүннөт тойлордо килем жана килем буюмдарынын мааниси жогору болгон. Андан тышкары  ар кандай маарекелерде жана маркумду узатуу зыйнаты, маркумду эскерип берилүүчү аштарда килемдер баалуу буюм катары колдонулган.  Ал эми XIX кылымдын экинчи жарымынан тарта кыргыздар Россия империясынын курамына киргенден баштап килем даярдоо багыттары өзгөрө баштаган, килем товар катары өндүрүлүп  Кокон, Ходжент, Самарканд, Ташкент, Бухара аймактарына сатыла баштаган. Кыргыз килемдеринин пайдалануу чөйрөсү кеңейип, саны жана сапаты өзгөргөн.

## КОРУТУНДУ

Азыркы учурда  кол өнөрчүлүктүн өнүгүү тенденциясын дээрлик бардык багыттары боюнча алгылыктуу иш алып баруу зарылчылыгы келип турат. Салттуу ыкмалар менен токулган (согулган) килемге түшүрүлгөн көчөттөрүнүн, оймо чиймелеринин тарыхын комплекстүү изилдөө жана анын семантикасынын

эволюциясын ачып берүү бүгүнкү күндүн талабы. Кыргыздардын килемге түшүрүлгөн орнаменттеринин тарыхы искусство таанууда азыркы күндө толук кандуу, дээрлик изилдене элек. Чөлкөмдөгү, анын ичинде кыргыздардын килем токуучулук өнөрүндөгү салттуу оймолордун изилдениши актуалдуу маселе болуп турат жана аларды изилдөө менен элибиздин байыркы мезгилден ушул күнгө чейинки этногенетикалык жана этномаданий тарыхын изилдей алабыз.

XIX к. аягында - XX к. башында Фергананын түштүк- чыгышында жана батышында жашаган кыргыздар негизинен мал чарбачылыгы менен кесип кылышып көчмөн жана жарым көчмөн болушкан. Негизинен кой, жылкы, уй, эчки, төө кармашкан жана алардан алган продукцияны толугу менен иштеткенге аракет кылышкан. Ошону менен бирге XIX к. аягында - XX к. башында Фергананын түштүк батышында ж.б. Чоң-Алай, Лейлек, Баткен, Ноокат райондорунда кыргыздар дыйканчылык менен кесип катары алектенишкен. Алар арпа, таруу, буудай, жүгөрү эгишкен. Багбанчылыкты да өздөштүрүшкөн. Чарба натуралдык болуп, чарбада өндүрүлгөн буюмдарды негизинен өздөрү керектешкен, ошону менен бирге малдарды кошуна элдерге, базарларга алып барып сатышып анын ордуна керектүү буюмдарды алышкан. Мал чарбачылык жана дыйканчылык менен кесип кылгандан тышкары үй-шартында жөнөкөй куралдар менен кол өнөрчүлүктү да өнүктүрүшкөн. Үй-бүлөнүн шартында жөнөкөй куралдар менен салттуу килемди токууну терең жана ар тараптан өздөштүрүшкөн. Фергана өрөөнүнүн кыргыздар жайгашкан башка аймактарында килем токуу салты өзгөчө ичкилик топторунда кеңири таркаган.

Килемдин негизин жүн түзгөн. Ошондуктан килемди токууда эң биринчи ирээтте жүндү даярдашкан. Килемге токууга дээрлик койдун жазгы даакы жүнүн колдонушкан, ал эми башка жүндөн жасалган буюмдарды күз мезгилинде кыркылып алынган күзөм жүндөрүнөн жасай беришкен. Жүндү кыркуу мезгилине да уз-кыз келиндер маани беришкен, койдун жүнү өрлөп туташкан бойдон кыркылышына көзөмөл салышкан. Кыркылган жүндү тытып, сабап, андан кийин ийиктин жардамы менен колдо ийрип жипке айландырып даярдап алышкан. Андан тышкары, эчкинин кылчык жүнүн жана төөнүн чуудасын

пайдаланышкан. XIX к. аягында жүндөн токулган кыргыздардын үй шартындагы кездемелери жана үй-чарба тиричилик буюмдары жөнөкөй ыкмалар менен менен өндүрүлүп келгенине карабай интенсивдүү колдонулганы байкалып, а түгүл соода сатыкка чыгарыла баштагандыгы белгилүү. Чарбанын натуралдык жана жарым натуралдык формаларынын үстөмдүгү, кол өнөрчүлүктүн жөнөкөй формасы үй-бүлөнүн жашоо деңгээлин камсыз кылууга багытталган. Килем токуу кол өнөрчүлүгүнө керектелүүчү жүндүн даярдоо жүрүмүн изилдөө аркылуу кыргыздардын салттуу маданиятындагы өзгөчөлүктөрү аныкталды. Изилдөө учурунда жүндүн түрлөрүн, анын ийрилип даярдоо ыкмаларын жана алардын аталышынын түпкү маанилерине көңүл бурулду.

Кыргыздардын килем токуу үчүн жүн каражатынан жиптин түрлөрү жана жип даярдоонун салттуу ыкмалары аныкталды. Кыргыздар килем токууга керектелүүчү келебе, түк, эриш, аркак жана жороп жиптерин жасашкан. Мында жиптерди ийрилүү, чыйратуу жүрүмдөрүнө көңүл бурулуп, жип сапаттуу текши ийрилгенде гана килем кооз чыгаары белгиленди. Жиптерди шилби, табылгы жыгачтарынан жасалган ийик менен колдо ийришкен. Айрыкча килемдин эришин жана түктөрүн ийрип даярдаган учурда анын сапаттуу ийрилишне көңүл бурулган. Ал эми килемди жороптоо үчүн атайын эчкинин кылчыктуу жүнү менен козунун жүнүн кошуп катуу чыйратылган жиптерди даярдап алышкан. Жоропту кээ бир учурда пахта буласынан да даярдашкан. Кыргыздардын үй шартында килем үчүн жиптерди даярдоонун салттуу ыкмалары эпчилдикти жана бир топ убакытты талап кылган. Кыргыздардагы дээрлик ар бир үй-бүлөдө жип ийрүү, токуу, килем жана килем өндүрүшү бир катар жерлерде кол өнөрчүлүккө айланган.

Кыргыздар жүн менен байланыштуу болгон кол өнөрчүлүгүндө эч кандай боёкторду колдонбостон, табигый абалында эле иштетип келишкен. Негизинен табигый түстөгү ак, кара, күрөң, кызыл, көк койдун жүндөрү табигый түрүндө иштетилген. XIX к. аягы – XX к. башында кыргыздардын килем токуу үчүн арналган жиптерди өсүмдүк боёктору менен боёо ыкмаларын колдоно башташкан. Бирок кооздукка умтулуу, эстетикалык табиттин жогорулашынын

натыйжасында кыргыз уз-чеберлери өсүмдүк боёкторунун жардамы менен жиптерди боёй башташкан. Өсүмдүк боёкторун үй-шартында жасап даярдоону жакшы билишкен. Андан тышкары өсүмдүк боёктору менен жипти боёо техникасын өздөштүрүп, эгерде колунда кайсы бир боёктор жок болуп калса аны соодагерлерден сатып алышкан. Салттуу кол өнөрчүлүктөгү түстөрдү тандап алууда, алардын көркөм кооздугу жана практикалык жагы гана эске алынбастан, анын ден соолукка тийгизген таасирин жана сакралдык ишенимдерин эске алышкан. Чеберлер килем жана килем буюмдарын элдин табитине жараша көркөмдүү жасоону мыкты өздөштүрүшкөн. Мында жүндөн жасалган жиптин түрлөрүн табигый боёктор менен сапаттуу боёо ыкмаларын элдик билимдердин жана тажрыйбанын натыйжасында так ишке ашырышкан. Табигый боёкторду өздөрүн курчап турган айлана-чөйрөдөгү жаратылыш берген жана колдо өскөн өсүмдүктөрдөн алышкан. Боёкторду зарыл өлчөмдө бири-бири менен аралаштырып, жаңы түстөгү боёкторду алууну өздөштүрүшкөн. Килемдеги ар бир көчөттүн боёкторуна астейдил мамиле жасашып, түс маселелерин чебердик менен чечип, карама-каршы түстөрдүн айкалышын колдонушкан. Адабий булактарды жалпылоонун жана килем токууда өсүмдүк боёкторун колдонуу боюнча кыргыздардын элдик тажрыйбасын изилдөөнүн негизинде өсүмдүк боёкторунун бир нече түрү аныкталган, алардын ичинен эң баалуу түрлөрүнө изилдөө жүргүзүлүп анализ берилди. Учурда килем токуу өнөрүн кайра жандандыруу өсүмдүк боёкторуна кайтып келүү менен ийгиликтүү ишке ашырылышы мүмкүн.

Кыргызстандын аймагында жаратылышынын өзгөчөлүгүнө жараша мал чарбасынын продукцияларынын арбын болушу килем токуу кол өнөрчүлүгүнүн өркүндөп кетүүсүнө өбөлгө түзүлгөн. Килем токуу куралдары болгон дүкөн, ийик, токмок, кайчы, бычак ж.б.у.с. куралдардын жасалуу ыкмалары, алардын жасоо каражаттары, куралдарды колдонуу ыкмалары аркылуу кыргыздардын колдонмо искусствосундагы эволюциясы каралды. Жогоруда аталган килем токууда колдонулган куралдардын ар биринин жасалуу жана колдонуу ыкмаларына токтолуп, килем токуу кол өнөрүндөгү орду аныкталды. Андан

тышкары жогоруда аталган эмгек куралдарынын ар бирине байланышкан семиотикалык баа берүү жагы каралып, алардын турмуш тиричиликтеги салттуу маданияты менен байланышы аныкталды. Мунун натыйжасында кыргыздардын этномаданий тарыхы анализденди.

XIX к. аягы - XX к. башында  салттуу килем токуу кол өнөрчүлүгү кыргыздардын турмуш-тиричилигинин ажырагыс бөлүгү катары калыптанып калган. Килем жана килем буюмдарын даярдоонун салттуу ыкмалары муундан муунга, энесинен кыздарына жана келиндерине өтүп келген. Мында килем токууну кыз балдар жаштайынан эле өздөрүнөн улуу муундардан үйрөнө башташкан. Килем даярдоого жапа тырмак үй-бүлөнүн бардык мүчөлөрү катышкан. Кыргыздар килем токуу менен негизинен ысыкта, жай мезгилдеринде алектенишкен. Ал эми башка мезгилдерде килемдин жиптерин даярдап, жүн ийрип аны боёп, жоропторун даярдашкан. Эгерде абдан эле зарылчылык болбосо суук мезгилде - кыш айларында килем токулган эмес. Килем токууну килем соккон уздар дүйшөмбү же ищемби күндөрү башташкан, анткени ишеним боюнча бул күндөрдө башталган иш арбыштуу болот деп ишенишкен.

XIX к. аягы - XX к. башында кыргыздардын килем токуу үчүн арналган жиптерге өсүмдүк боёктору менен боёо ыкмаларын колдонуп келген. Салттуу кол өнөрчүлүктөгү түстөрдү тандап алууда, алардын кооздугу жана практикалык жагы гана эске алынбастан, анын ден соолукка тийгизген таасирин жана сакралдык ишенимдерин эске алышкан. Чеберлер килем жана килем буюмдарын элдин табитине жараша көркөмдүү жасоону мыкты өздөштүрүшкөн. Мында жүндөн жасалган жиптин түрлөрүн табигый боёктор менен сапаттуу боёо ыкмаларын элдик билимдердин жана тажрыйбанын натыйжасында так ишке ашырышкан. Табигый боёкторду өздөрүн курчап турган айлана-чөйрөдөгү жаратылыш берген жана маданий өсүмдүктөрдөн алышкан. Боёкторду зарыл өлчөмдө бири-бири менен аралаштырып жаңы түстөгү боёкторду алууну өздөштүрүшкөн. Килемдеги ар бир көчөттүн боёкторуна астейдил мамиле жасашып, түс маселелерин чебердик менен чечип, карама-каршы түстөрдүн айкалышын колдонулганын көрсө болот.

Килемдин даярдалып, согулуп бүтүшү анын көлөмүнө жараша болгон. Килем ылдамыраак даярдалышы жана токуу жүрүмүн тездетүү үчүн килем ээси чебер кыздарга толугу менен шарт түзүп берген. Килем токулуп башталгандан тарта бүткөнгө чейин килем ээсинин үйүнө тууган-уругу жана колу-кошуналары байма-бай кабар алып турушкан. Кээ бир учурда кол кабыш кылып жардам берип, тамак-аш да алып келишкен. Түктүү килемден тышкары кыргыздар араби килемин да соктурушкан. Араби килемин токуу түктүү килемге караганда алда канча жеңил болгон. Араби килемине убакыт жана каражат дагы азыраак өлчөмдө жумшалган. Араби килемин Чоң-Алай, Лейлек, Баткен, Ноокат районунда ушул күнгө дейре токуп келишет, бул килемди кыргыздар башка элдер менен карым-катнаштын негизинде үйрөнүшкөн. Килем токуу жүрүмү ар кандай салт-санаа жана үрп-адаттар менен коштолгон.

Килем токуу өнөрүнүн кээ бир көрүнүштөрү кыргыздарга да тиешелүү болгон эндемикалык процесс жана түпкүлүгү кыргызга гана таандык болгон деген илимий гипотезага токтолдук. Демек, биз изилдөөлөрүбүздө кыргыздардын арасында килем токуу салттуу коомдун учурунда эле бар болуп, ушул мезгилге чейин жашап келет. Кыргыздар көчмөн жана жарым көчмөн жашоосунда салттуу килем токуу өнөрү менен алектенип, турмуш-тиричиликтеги кээ бир орчундуу деп эсептелген маселелерди чечкенин байкоого болот. Килем токуу жаш үй-бүлөлөрдүн тууган-уругунун, кошуналардын биргелешкен иши катары каралат. Бир уз-чебердин жалгыз өзү килем токушу мүмкүн эмес, килем согуу – жамааттын иши. Килем токуу жүрүмү өз кезегинде кошуналарды, урук-туугандарды бириктирүүчү социалдаштыруучу зор эмгек жараянынын жүрүмү болуп эсептелет. Изилдөөлөр көрсөтүп тургандай, кыргыздардын жүндөн жасалган салттуу же турмуш-тиричилик буюмдары көчмөн маданияттын зарылчылыгынан келип чыккан: биринчиден, жалпы эле климаттык шартка жараша калыптанган мал чарбасынын ичинен кой жүнү килем үчүн зарыл чийки зат болуп саналат; экинчиден, кыйла татаал климаттык шартка жараша үйдү жылуулоо зарылдыгы келип чыгат; үчүнчүдөн, аялдар жана

балдар үй жумуштарынан башка учурунда бекер болгондуктан токуучулук менен алектене алышкан.

Кыргыздардагы килем токуучулук өнөрү буга чейин салттуу жана калыптанып калган токуучулук искусствосуна ээ болгон башка этностордун таасирин да алгандыгы маалым. Килем токуу өнөрүнүн комплекстүүлүгүн баса белгилеп, анын ар бир аймак үчүн белгилүү салттык чектерде калыптангандыгын жана өнүккөндүгүн белгилейбиз. Эң байыркы салттарга таянып, килем токуучулук өнүгүүнүн узак жолун басып өткөн, бүгүнкү күндө эң кеңири таанылган искусство тарыхынын көптөгөн изилдөөчүлөрүнүн изилдөө объектиси болуп саналат.

Кыргыздардын салттуу килем токуу өнөрүндө  кооздоо менен кошо эле эстетикалык жагына да көңүл бурулган.  Килемдин жасалгасы менен көркөмдүүлүгү кыргыз элинин салттуу колдонмо искусствосунун түрлөрүнүн бири болуп келет.  Кыргыздардын килемдеринде жаратылыштан алынган жана чарбага жараша көчөттөрдүн салынышы байкалат. Айрыкча кочкор мүйүз, кочкорок көчөттөрү килемдин дээрлик бардык түрлөрүндө кездешет. Пазырык көрүстөнүнөн табылган килемден да көчкор мүйүз көчөтүн кездештирүүгө болот. Космогониялык жана геометриялык кооздуктун үлгүлөрү арбын кездешет. Кыргыздарда асман кубулуштарын чагылдырган айчык, тегерек, тогуз дөбө көчөттөрү кеңири таркалган. Бул биринчи кезекте күн системасын, жаратылышты чагылдырган көчөттөрдү арбын болгон. Кыргыздардын килемге түшүрүлгөн көчөттөрүндө кошуна элдердин да таасирин көрүүгө болот.  Кыргыз килемдериндеги оймо-чиймелери жана алардын символикасы аркылуу, кыргыздардын айлана-чөйрөнүн өнүгүү  жараянынан кабардар болушкан. Умай эне көчөтү дээрлик ар бир килемге берилүүчү орнаменттин бир түрү. Бул көчөт сакралдык мааниге ээ болгон кыздын себине берилүүчү килем буюмдарынын дээрлик баарында кездешкен.   Кыргыздардын килем жана килем буюмдарына эн тамгаларын да  түшүрүшкөн. Мында элдердин диний жана сыйкырдуу идеялары, алардын көркөм көз караштары чагылдырылган.

Кыргыз элинин килемдерге көчөттөрдү түшүрүшү теориялык материалдарда азыноолак гана баяндалат. Килем орнаменттерин классификациялап, башка элдердин килем оюмдары менен салыштырып тактап калыбына келтирүү иштери системалуу жүргүзүлүш керек. Анткени орус изилдөөчүлөрү мурунураак барган аймактагы элдердин материалдык жана руханий маданияттары тийиштүү деңгээлдерде жазылган. Түштүк кыргыздардын кол өнөрчүлүгүндөгү орнаменттердин өзгөчөлүктөрүн эске албаганда, бирдей эле формага ээ болгон. Килемге түшүрүлгөн көчөттөрдүн аталышы жана мүнөзүндө космогониялык жана геометриялык, зооморфтук жана антропоморфтук комплекстүү орнаменттерин байкоого болот. Мисалы килемдин көлөмүнө карай көчөттөрдүн жыштыгы, алардын жайгашышы, түсү аныкталат. Кыргызстандандын түштүгүндөгү кездешкен килемдер дал ушул көчөттөрдүн аталыштары аркылуу айрымаланат. Кыргыз килемдеринде айрыкча Чоң –Алай өрөөнүндө «короо», «коргон», «кайкалак», «умай эне», «казан кулак», «чуурутма» «кайкалак» көчөттөрүн арбын кездештирүүгө болот. «Коргон» көчөтү - ичине бир нече орнаменттердин жыйындысын топтогон сакралдуу көчөт. Бул көчөт негизинен килемдерге гана таандык болуп, башка бумдарга. Ал эми Баткен жана Лейлек өрөөндөрүндө «каз таман» жана «үч жалбырак», «беде гүлү» орнаменттерин көрүүгө болот. Бул аймактарда килемдин чеке бөлүгүндөгү жээгинде «ислими» көчөтү түшүрүлгөн, ал эми ыраакысында «чычкан көз» кээде «чымчык көз» деп аталган майда көчөттөр болгон. Ал эми «от» жана «жалын» көчөттөрү дээрлик бардык килемдерге жана килем буюмдарына фрагмент катары салына берген.

Көптөгөн тарыхый булактар аркылуу кыргыз килем токуу кол өнөрчүлүгүндөгү көчөттөрдүн түрлөрүн изилдөөгө, алардын өнүгүүсүнүн негизги баскычтарын белгилеп жана байкап турууга мүмкүнчүлүк берди. Килеми көчөттөрү байыркы мезгилден бүгүнкү күнгө чейин бир топ кеңири аймактын элдеринин этногенетикалык, тарыхый-маданий байланыштарын иликтөөгө мүмкүнчүлүк берет. Ал өз кезегинде маданияттын мындан ары да

кошумча өнүгүшүнө түрткү боло алат. Жогоруда көрсөтүлгөн орнаменттер килем токуучулукка жана өрмөк согуучулукка бирдей таандык болгон.

Чоң-Алай өрөөнүндө “кытай шак”, “кырк шак”, “пашайы көчөттөр” кытайдан алынган кооз жабуулардын үлгүлөрү болот.

Кыргыздардын килемге жана килем буюдарына түшүрүлгөн орнаменттеринин мааниси анын символикалык, семиотикалык жана семантикалык функцияларына негизделет. Андан тышкары килем көчөттөрүнүн коргоочулук да, сакралдык да мааниге ээ болгондугун байкоого болот. Изилдөөчүлөр орнаменттердин искусстводогу табияты, ролу жана мааниси жөнүндө ар кандай көз караштарды билдиришкен. Кыргыз элинин килем токуу жүрүмү мал чарбасынан түздөн-түз көз каранды экенине карабастан, көчмөн турмушта килем токуу өтө кыйын, иш жүзүндө мүмкүн эместиги практика жүзүндө көрүндү. Демек, килем токуу процессин өздөштүрүү үчүн жарым отурукташкан чарба ыңгайлуу болгон.

Салттуу килем токуу жүрүмүнө даярдык көрүү мезгилинен тарта килем согулуп бүткөнгө чейин белгилүү салт-санаалар, үрп адаттар менен коштолгон. Иштин башы ишемби деп, килемди аптанын белгилүү күндөрү гана башташкан. Алгач килем токула турган үйдө курулган дүкөндү ысырыктап, жыт чыгарып, аксакал байбичелер бата берип андан кийин токуучу чебер кыздар килемдин эришин жүгүртүшкөн. Килем токуу жүрүмүн “учук таштамай”, “килем жоктомой”,”табак узатуу” сыяктуу жөрөлгөлөрдү аткарышкан. Килем согулуп жаткан үй кыргыз кыздарын мыкты тарбиялай турган ордо катары кабыл алынган. Килем токуу өнөрүн мыкты билген апалар, энелер кыздарына, келиндерине килем токуунун сырларын айтып үйрөтүшкөн. Ошол эле учурда аларга эгерде көзү өтүп кете турган болсо өздөрүн даназалаган кошокторду да кошо үйрөтүп коюшкан. Бул жөрөлгөлөр кыргыздардын социалдашуусуна жана бири-бирине жардамдашуу, колдоо көрсөтүү максатында аткарылган. Кыргыздардын турмушундагы дээрлик бардык кубулуштары килем жана килем буюмдары менен байланышта болгонун изилдөөлөрдүн жүрүшүндө байкалды.

Кыргыздардын салттуу килем жана килем буюмдарын пайдалануу чөйрөсү кеңири болгон. Дээрлик Чон-Алай, Лейлек, Баткен өрөөндөрүндө килем ичкилик урууларында токулган түктүү килемдер той-маракелерде эң маанилүү жана зарыл буюм катары колдонулган. Айрыкча үйлөнүү үлпөтү, кыз узатуу салтында, бешик тойдо, сүннөт тойлордо килем жана килем буюмдарынын мааниси жогору болгон. Андан тышкары  ар кандай маарекелерде жана маркумду узатуу зыйнаты, маркумду эскерип берилүүчү аштарда килемдер баалуу буюм катары колдонулган. А түгүл үйдүн ээсинин социалдык абалын дал ушул килем жана килем буюмдарынын  үйдүн ичиндеги жүктүн арасында жыйылып турган санынан улам андап билишкен. Ал эми XIXк. экинчи жарымынан тарта кыргыздар Россия империясынын курамына киргенден баштап килем даярдоо багыттары өзгөрө баштаган, килемди товар катары өндүрүлүп  Кокон, Ходжент, Самарканд, Ташкент, Бухара аймактарына сатыла баштаган. Кыргыз килемдеринин пайдалануу чөйрөсү кенейип, саны жана сапаты өзгөргөн.

Кыргыздарда килем жана килем буюмдарынын түрлөрү арбын болуп, ар кандай турмуштук жагдайларга керектелген. Кыргыз килемдери көчмөн жана жарым көчмөн турмуштун шартында, жашоо-тиричилигинде маанилүү жана зарыл буюм болгон. Килем буюмдар бир эле мезгилде бир нече функцияны аткарган: төшөнчү, отургуч, мүлк катары. Кыргыздар токуган килемдердин орточо көлөмү узуну эки метрдей ал эми туурасы үч метрдей келип, чакан аянтты ээлеген. Албетте мындан да чоң көлөмдүү килемдер токулган, бирок ал сейрек учурда кездешкен. Килемдин эки түрү кенири таркаган: түктүү килем (жүл) жана араби килеми. Андан тышкары килем токуу техникасын колдонуп жасалган буюмдары: боз үйдүн эмеректери, эшик тыш, тегирич, чавадан, торбо, баштык, аяк кап, куржундун түрлөрү, кайчы кап, туз баштык, туткучтар, көрпөчө, ат жабдыктары ж.б.у.с. Бирок ушул убакка чейин килем өндүрүшүн жана түрдүү килем буюмдарынын жасалгалоосун изилдөө аягына чыга элек. Фергана өрөөнүндө килем токуу кол өнөрчүлүгү кечирээк изилдөөгө алына баштаган.

Мындай абалдын себебин Фергана өрөөнүндөгү кыргыздардын килемдери жана килем буюмдары сапаты жагынан эң мыкты килемдер деп эсептелбегендигинен улам көрүүгө болот, анткени килемдер жалаң үй шартында жана өз муктаждыктары үчүн гана токулган. Фергана өрөөнүндө, атап айтканда, Ош жана Баткен облустарында килем токуу өнөрүн изилдөө актуалдуу маселелердин бири экендигин бклигилөөгө болот.

Кыргыздардагы килем токуучулук өнөрү буга чейин салттуу жана калыптанып калган токуучулук искусствосуна ээ болгон башка этностордун таасирин да алгандыгы маалым. Килем токуу өнөрүнүн комплекстүүлүгүн баса белгилеп, анын ар бир аймак үчүн белгилүү салттык чектерде калыптангандыгын жана өнүккөндүгүн белгилейбиз. Эң байыркы салттарга таянып, килем токуучулук өнүгүүнүн узак жолун басып өткөн, бүгүнкү күндө эң кеңири таанылган искусство тарыхынын көптөгөн изилдөөчүлөрүнүн изилдөө объектиси болуп саналат.

Кыргыздардын салттуу килем токуу кол өнөрчүлүгү колдонмо искусствосунун белгилүү бөлүгү болуп, элдик кол өнөрчүлүктүн көп түрдүү мурасында килем токуу өзгөчө орунда турат. Килем жана килем буюмдары этностук маданиятты чагылдыруучу мүнөзгө ээ болуп, ушул күнгө чейин калыптанып келе жаткан чыгыш чөлкөмүндө кылымдык тарыхый байланыштарын аныктап турганын байкоого болот.

Табигый жана географиялык шартына карай токулган килем буюмдары ыңгайлуу жана практикалык жагынан алып караганда көчмөн шартта эң керектүү жана негизги буюм болгон. Ошону менен катар дайыма көчмөн мал чарбачылык жана жарым көчмөн шартында токуучулук кол өнөрчүлүгү кустардык деңгээлде жасалып, жогорку сапатка ээ болбогону менен, көчмөн жашоону алда канча жеңилдеткенин килем токуу кол өнөрчүлүгүн изилдөөнүн теориялык негиздеринен көрсөк болот. Жогорудагы аталган ыкмалардын бардыгы кыргыздардын салттык кол өнөрчүлүгүн, анын ичинде килем токуу өнөрүн изилдөөдө негизги ролду ойноду. Албетте, илимий изилдөөлөрдүн башка дагы ыкмалары белгилүү жана алар түрдүү эмгектерде колдонулуп келет. Ал эми

биздин изилдөөлөрүбүздө жогорку ыкмалардын колдонулушу натыйжалуу жыйынтыктарды бергендигин белгилейбиз.

Чарбанын натуралдык жана жарым натуралдык формаларынын үстөмдүгү, кол өнөрчүлүктүн кустардык формасы үй-бүлөнүн жашоо деңгээлин камсыз кылууга багытталган.

Кыргызстандын аймагында колго жасалган килемдер негизинен кустардык ыкма менен токулат. Килем токуучулук өнөрү улам жаңы муунга өткөрүлүүдө. Азыркы мезгилде килем токуу менен өз алдынча уюшулган чеберлердин топтору киреше табуу менен алектенишет. Килем токуу Баткен облусундагы Лейлек районунун Андарек, Маргун, Даргун, Кулунду, Катран, Тогуз-Булак, Раззаков, Баул, Кара-Булак айылдарында өзгөчө жайылган.

Ал эми Баткен районунун Самаркандек, Бужум, Айдаркен, Кара-Булак, Кызыл-Булак аймактарында түктүү жана түксүз араби килеми кеңири токулат.

Ош обастынын Чоң-Алай районунда дээрлик бардык айылдарында килем токулган. Дагы бир айта кетчү нерсе, Ош жана Жалал-Абад аймактарында үй-бүлөнүн гана муктаждыгы үчүн анда-санда токулат.

Кыргыздардын килем токуу өнөрүнүн тарыхын изилдөө төмөнкүлөрдү көрсөттү:

- килем токуу көркөм кол өнөрчүлүгүнүн тарыхы байыркы мезгилдерге барып такалат, ал жергиликтүү мүнөзгө ээ;
- кыргыздын килем токуучулук өнөрүнүн тарыхы чөлкөмдөгү элдердин кол өнөрчүлүгү менен тыгыз байланышта;
- килем токуу өнөрү бир чеберден кийинки чеберге, башкача айтканда, муундан-муунга берилүүчү өнөр болгон жана килемдер эң бир кымбат болгон уруктук, уруулук керек болсо элдик реликвия катары саналган. Кыргыздардын килемдеринин жана килем буюмдарынын түрлөрү ар кандай болгон. Алар үчүн бирдиктүү классификация болгон эмес. Килем жана килем буюмдары төмөнкү жалпы мүнөздөмөлөргө ылайык топтоштурулган:
- түрлөрү боюнча: килемдер жана килем токуу техникасынын жардамы менен жасалган башка буюмдар;

- утилитардык мааниси боюнча: жылуулук кармоочу жабуулар (төшөлүүчү жана илинүүчү);

- колдонулган чийки заттын жана жиптин түрү боюнча;

- алкакты түзүү ыкмасы менен: токулган, түксүз;

- килемдин табияты боюнча: түктүү кылып токуу ыкмасы менен, түктүү эмес;

- килемдер формасы боюнча: тик бурчтуу болуп;

- түйүлгөн негиздин түсүнө ылайык: бир түстүү жана көп түстүү.

Килем жана килем буюмдарындагы орнаменттердин айырмачылыктары менен катар, жалпы көп учурда чоң мейкиндиктер менен бөлүнүп турган элдердин маданий, чарбалык окшоштуктарын көргөзүшкөн. Элдик чыгармачылыктын чыгармаларын аңдап, алардын нукура көркөмдүүлүгүн түшүнүү үчүн эң оболу түстүн семантикалык маанилеринин системасын билүү зарыл болгон. Ал байыркы замандан бери эл арасында кылымдар бою калыптанып, алардын дүйнө таанымын, курчап турган жаратылышты кабылдоосун, аны менен болгон мамилесин чагылдырган.

Килемчилердин кеңири массасынын салттуу эмгектери, ошондой эле кыргыздардын кээ бир башка тиричилик буюмдары жана кол өнөрчүлүк буюмдары кыргыз элинин басып өткөн тарыхый жолун түшүнүү, анын этногенезин жана анын элементтерин тактоо үчүн өтө маанилүү булак болуп саналат.

Демек Кыргызстандагы килем токуучулуктун табиятына токтолуп, искусствонун бул түрүнүн пайда болушу жана өнүгүшү үчүн айрым материалдык жана руханий өбөлгөлөрдү бөлүп көрсөтүүнү зарыл деп эсептейбиз. Мисалы:

- токуучулук менен алектенген аймактын көпчүлүк бөлүгүндө ресурстук базанын бардыгы;

- байыркы доорлордон тарта терең тамыр жайган маданиятка бай салттуу токуучулук ыкмаларынын мурас катары сакталып келиши;

- уз-чеберлердин билимдеринин, килем токуу ыкмаларынын укумдан-тукумга карай жамааттык мүнөзүнө негизделген салттардын уланышы жана коомчулуктун руханий биримдигинин сакталышы.

**Жогоруда айтылгандардын негизинде төмөнкүдөй сунуштар берилди:**

- Салттуу килем токуу кол өнөрчүлүгүн изилдөөдө жыйынтыктуу иштерге жетүү үчүн илимий-теориялык негиздердин топтомун иштеп чыгуу.

- Салттуу килем токуу кол өнөрчүлүгүнүн тарыхтагы ээлеген ордун дагы тереӊ ачып берүү үчүн комплекстүү жана систематикалык изилдөө иштери менен, килемчилик кол өнөрчүлүгүнө байланышкан бул мезгилге чейин колдонулбаган терминдерди этнографиялык сөздүккө киргизүү.

- Килем токуу кол өнөрчүлүгү боюнча кыргыздардын жана ага тектеш элдердин буюмдарынан түзүлгөн каталог жана фотоальбом чыгаруу.

- Салттуу килем токуу кол өнөрчүлүгүнүн натыйжасында пайда болгон килем техникасы менен токулган буюмдарын белгилеп көрсөтүү, тарыхый окуу куралдарына киргизүү кыргыздардын салттуу жашоосунун образын, коомдук түзүлүшүнүн жана этностук тарыхын тастыктоого жардам берет.

- Салттуу килем токуу кол өнөрчүлүгү тууралуу орто жана жогорку кесиптик окуу жайларынын, жалпы билим берүүчү мекемелердин окуу китептерине киргизүүнү сунуштоо жана тарых жана этнология, антропология боюнча адистешкен жогорку окуу жайларында атайын курстарды уюштуруу.

- Килем токуу процессинин салттарын жана алардын жасалгаланышын, килем буюмдарынын семантикасын изилдөө аларды этникалык тарыхтын, этномаданий процесстин жалпы көйгөйлөрүн тереӊирээк түшүнүүгө мүмкүндүк берүүчү булактардын бири катары кароого мүмкүндүк берет.

- Кыргыздардын салттуу килем токуу өнөрүн андан ары изилдөө кыргыздардын башка тектеш жана коңшу этностор менен этногенетикалык жана этномаданий мамилелерин аныктоого жардам берет;
- Кыргыздардын салттуу килем токуу кыргыз көркөм маданиятынын уникалдуу көрүнүшү жана элдик көркөм кол өнөрчүлүктүн кеңири таралган түрлөрүнүн бири катары андан ары системалуу изилдөөлөрдү, салыштырма анализдин чектерин олуттуу кеңейтүүнү жана улуттук концепциянын чегинен чыгууну талап кылат. Этностук топтун жана этностордун чыгармачылык тараптан өзүн-өзү көрсөтүү формасынын жаңы терең жактарын килем токуу аркылуу ачып берүү;
- Кыргыздардын килемге түшүрүлгөн символикалык багыттарын, башкача айтканда оюм-чийимдерин, тынымсыз байыган килем жана килем буюмдарынын семантикасын системалуу түрдө изилдөө, идеологиянын жана салттык психологиянын оригиналдуулугун кеңири чагылдырып, элдин руханий маданиятын тереңирээк түшүнүүгө өбөлгө түзөт.

Андан тышкары жогорудагыдай изилдөөлөр маданияттын өнүгүшүнө чоң түрткү болмок.

# ГЛОССАРИЙ

1. Салттуу маданият-элдин турмуш-мүнөзүнүн өзгөчөлүгүнө, чарбалык иш - аракетине байланыштуу жаралып, тарыхый узак жолду басып, муундан муунга өтүп, коомдук пикирдин күчү менен корголуучу үрп-адаттар, адамдардын жүрүм-турум эрежелери, улуттун рухий жүзү - элдик каада-салтгары.
2. Этномаданият- бул жалпы теги жана чогуу жашоо менен байланышкан адамдардын (этностун) каада-салттары, тубаса өзгөчөлүгүн, башка элден айырмачылыгын көргөзгон маданияты.
3. Семантика- (грек. semantikos – белгилөөчү, sema – белги) – илимде (тил, логика ж. б.) маани жана ойду туюнтат.
4. Килем- байыркы орус тилине кыпчак тилинен оогон деп чечмеленет, мында *kower* - байыркы түркчө “кивиз”, “кидиз”, “кедиз” “сарай кийиз”, кыргызча «килем», өзбектерде *“гилам”,* ж.б., суф. *кив-, кев-* кийүү деп «кийим» деген сөздөн алынган
5. Калы килем – зор килем, жогорку сапаттагы жүндөн токулган кымбат баалуу килем.
6. Килем согуу- килем токуу (түш. диалект)
7. Токмок- килем токуу учурунда аркак өткүрүп артынан ургулап килемдин түктөрүн бышытуу үчүн жыгачтан жасалган атайын курал
8. Күзүк- килем токуу учурунда эриштерди чаташтырып түк байлаганда кармап турган жычтан жасалган дүкөндүн бир кошумча бөлүгү
9. Майин жүн- табиятынан өтө жумшак жүндүн түрү.
10. Ыраакы - килемдин четки бүлүгүндөгү согулган рамкасы
11. Пеш намаз - өлүктү көмүү учурундагы окулган намаз
12. Көчөт- буюм бетине түшүрүлгөн кооздук, түр.
13. Пашайы көчөтү - уз килемчилер буюмдарына арбын пайдаланышат төрт чарчы крест формасында түшөт да, ичтери тегеректчелер аркылуу толтурулат. Анын ортолорунан төрт үч бурчтук бөлүп турат

14. Машаты көчөт- өтө эле татаал ( машакаттуу) килем көчөтүнүн бири катары каралат.
15. Барды-келди –күзүктү чыңалтып жана бошотуп туруучу жыгачтан жасалган конструкция
16. Төөнүн чуудасы-төө жаныбарынан тоноп алынган жүн
17. Аркак - жүндөн жана пахтадан эшилип жасалган килемдин эришине өткөрүлүүчү жип
18. Жороп – жүндөн жана көпчүлүк эле учурда пахтадан кол менен катуу чыйратылып ийрилип жасалган жип. Бул сөздүн дагы бир мааниси жороп-тикен (липучка) өсүмдүгүн түшүндүрөт
19. Келебе ( калава)-ийрип чыйратылып коюлган жүндөн жасалган жиптин тегеректелип жыйналган формасы. Токуучулукта келебе жиптерин жоондугу менен гана айырмаланат.
20. Ушлан же жылмышчак чөп - негизи жуучу каражаттын аналогу катарында колдонулган чөптүн түрү лат. *Saponária*, сапона́рия, орусча –мыльнянка.
21. Наала - ичкилик кыргыздарында наараэычылык билдирүү, казактарда каргыш айтуу деген маанини туюндурат.
22. Түр - боёлуп, килем токуу үчүн даярдалган жип
23. Түк-килемге токууга даяр болуп ийрилген жип
24. Коргон - килемге түшүрүлгөн көчөттөрдү курчап турган геометриялык түзүлүшкө ээ болгон ар кандай көлөмдөгү жана формадагы орнамент
25. Ала мончок - килем согууну баштаганда алгачкы эришке байланып эки түрдүү жиптен токулган сап.
26. Папик – килемдеги жана килем буюмдарындагы чачылары
27. Учук ташатамай – килем токуу учурундагы жөрөлгө
28. Тогуз табак – кызды узатканда кудалар тарабынан алынып келинген себеттер
29. Ийик – жыгачтан жасалган жүн ийрүүчү эмгеккуралдары
30. Дүкөн, аштама – килем токуу үчүн курулган
31. Перикарп - боёк берүүчү өсүмдүктөрдүн кабыгы

32. Такыр килем - түгү жок тас килем
33. Араби килем – жүндөн токулган түксүз килем
34. Лакайлар – келип чыгуу теги жагынан кыргыздар менен тектеш, этногенетикалык, этномаданий жактан башаты жалпылаш калк. Илимий адабияттарда «өзбек-лакайлар» деген ат менен да белгилүү.
35. Ализарин – кызгыт түс берүүчү химиялык боёк
36. Мармар (марена) өсүмдүгү –кызыл түс берүүчү табигый боёк
37. «Зили» - Азербайжандагы түксүз килемдин бир түрү
38. «Китаби - и- Горгуд» - Азербейжан элинин эпикалык чыгармасы
39. Паяндос – бул кызды алганы келген күйөө бала менен кудаларга өзүнчө салынуучу килем буюму.
40. Перикарп – өсүмдүктүн боёк берүүчү кабыгы.
41. Тайлак килем - бул килемчелер атайын ботолор үчүн токулган, анча чоң эмес көлөмгө ээ болот.
42. Эшик-түштүк диалектиси боюнча ичкиликтердеги өтмө мааниде чоң короолуу үй

# КЫСКАРТЫЛГАН СӨЗДӨР

АНСССР – Академия наук СССР

ВАС – Всемирный антропологический союз

ЖС – Живая старина.

СПб- Санкт-Петербург

ДТС – Древнетюркский словарь

ЗВО ИРАО – Записки Восточного отд. Рус. археологического общества

ЗИРГО – Записки Императорского русского географического общества

ИИАЭ – Институт истории, археологии и этнографии

ИИРГО – Известия Императорского русского географического общества

ИТО ИРГО – Известия Туркестанского отделения Императорского русского географического общества. Ташкент

КСИЭ – Краткие сообшения института этнографии

КЭ – Кыргыз Эциклопедиясы

КУА – Кыргыз улуттук академиясы

МАЭ – Музей антропологии и этнологии. Москва.

МСАЭН – Международный союз антропологических  и этнологических наук

СТ – Советская тюркология

СЭ – Советская этнография

РЭМ – Российский этнографический музей

ТВ – Туркестанские ведомости

ТИ – Тюркологические исследования

ТКАЭЭ – Труды Киргизского Археолого-Этнографической Экспедиции

ТС – Тюркологический сборник

ЦК КПСС – Центральный комитет Коммунистической партии Советского Союза.

# КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР


1. Абдиева, А. М. Кыргыздардын салттуу дарыгерчилигинде өсүмдүктөрдү таанып билүүсү (Баткен облусундагы тарыхый - этнографиялык изилдөөлөрдүн негизинде) [Текст] / А. М. Абдиева, Санталатхан Шайбек кызы, Г. Э. Чыныкеева // ОшМУнун Жарчысы. – 2022. – № 4. – 4–9-б.
2. Абдырасулов, С. А. Кыргызстандын дары өсүмдүктөрү [Текст] / С. А. Абдырасулов, Э. С. Матиев. – Бишкек: [б-сыз], 1996. – 133 б.
3. Абрамзон, С. М. Очерк культуры киргизского народа [Текст] / С. М. Абрамзон. – Фрунзе: Изд-во Кирг. фил. АН СССР, 1946. – 123 с.
4. Абрамзон, С. М. Этнографический альбом художника П. М. Кошарева (1857г.) [Текст] / С. М. Абрамзон // Сборник Музея антропологии и этнографии (МАЭ). – М.; Л., 1953. – Т. 14. – С. 147–200.
5. Абрамзон, С. М. Киргизское население Синьцзян-Уйгурской автономной области Китайской Народной Республики [Текст] / С. М. Абрамзон // Тр. Кирг. археол. - этнограф. экспедиции (ТКАЭЭ). – М., 1959. – Т. 2. – С. 360–369.
6. Абрамзон, С. М. Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи [Текст] / С. М. Абрамзон. – Фрунзе: Кыргызстан, 1990. – 480 с.
7. Абрамзон, С. М. Кыргыз элинин маданиятынын очерки [Текст] / С. М. Абрамзон // Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер. – Бишкек, 1999. – 429–503-б.
8. Абытов, Б. К. Город Ош на великом шелковом пути [Текст] / Б. К. Абытов // Вестн. обществ. и гуманитар. наук. – 2021. – Т. 2, № 4. – С.13–18.
9. Ажымүдүнова, Р. Жүндү боёо үчүн өсүмдүк боёкторун колдонуу [Текст] / Р. Ажымүдүнова. – Бишкек, 2005. – 28 б.
10. Акматалиев, А. С. Боз үй [Текст] / А. С. Акматалиев. – Фрунзе: Кыргызстан, 1982. – 32 б.
11. Акматалиев, А. С. Көркөм кол өнөрчүлүк [Текст]: окуучулар үчүн колдонмо / А. С. Акматалиев. – Фрунзе: Мектеп, 1984. – 133 б.

12. Акматалиев, А. С. Кыргыздын кол өнөрчүлүгү [Текст]: колдонмо / А. С. Акматалиев. – Бишкек: Кыргызстан, 1996. – 326 б.
13. Акматалиев, А. С. Кыргыздын уз-усталары: Антология [Текст] / А. С. Акматалиев. – Бишкек: Кыргыз энцикл. башкы ред., 1997. – 240 с.
14. Акмолдоева, Б. Б. Традиции, верования и обряды киргизов, связанные с коневодством [Текст] / Б. Б. Акмолдоева // Актуальные вопросы этнографии и археологии Киргизии. – Фрунзе, 1989. – С. 53–59.
15. Алдашев, А. А. Биология терминдеринин жана айбанат аттарынын орусча-кыргызча сөздүгү [Текст] / А. А. Алдашев. – Бишкек: Кыргызстан-Сорос фонду, 1998. – 296 б.
16. Алекторов, Н. Е. Материалы для изучения страны, истории и быта киргизов [Текст] / Н. Е. Алекторов. – Оренбург: Типо-лит. И. И. Евфимовского-Мировицкого, 1892. – Вып. 2. – 32 с.
17. Алиева, Кюбра Мухтар кызы. Безворсовые ковры Азербайджана [Текст] / Алиева Кюбра Мухтар кызы. – Баку: Ишыг, 1988. – 90 с.
18. Алимбаева, П. К. Дартка даба өсүмдүктөр [Текст] / П. К. Алимбаева, Ж. С. Нуралиева. – Бишкек: Кыргызстан, 1991. – 128 б.
19. Алимбай, Н. Традиционные казакские ковры и ковровые изделия: виды, композиция, семантика (на материалах Центрального Государственного музея Республики Казахстан) [Текст] / Н. Алимбай // Вестн. КазНУ. Сер.: Политологии. Философии и культурологии. – Алматы, 2020. – С. 55–71.
20. Алимбай, Н. Традиционная культура жизнеобеспечения казахов [Текст]: очерки теории и истории / Н. Алимбай, М. С. Муканов, Х. Аргынбаев. – Алматы: Гылым, 1998. – 233 с.
21. Алтымышев, А. А. Природные целебные средства [Текст] / А. А. Алтымышев. – Фрунзе: Кыргызстан, 1985. – 336 с.
22. Алымкулова, С. К. Общность в материальной культуре алтайцев и киргизов [Текст] / С. К. Алымкулова // Материалы Междунар. археол.-этнограф. экспедиции, посвящ. 2100-летию Кырг. государственности. –

(Бишкек – Хакасия – Тува – Алтай – Бишкек, 15-19 июня). – Бишкек, 2003. – С. 126–150.

23. Алымова, А. К. Некоторые аспекты изучения техники Курак [Текст] / А. К. Алымова, А. Ш. Шаршеналиева // Культурное наследие и народное творчество. – Бишкек, 2006. – С. 86–93.

24. Андреев, М. С. Орнамент горных таджиков верховьев Аму-Дарьи и киргизов Памира [Текст] / М. С. Андреев; О-во для изучения Таджикистана и иран. народностей за его пределами. – Ташкент: [б.и.], 1928. – 41 с.

25. Анохин, А. В. Материалы по шаманству у алтайцев, собранные во время путешествий по Алтаю 1910-1912 гг. по поручению Русского комитета для изучения Средней и Восточной Азии [Текст]: представлено в заседании ист.-филол. отд. АН 16 янв. 1913 г. / А. В. Анохин; с предисл. С. Е. Малова. – Л.: Рос. АН, 1924. – [4], VIII, 248, IV с.

26. Антипина, К. И. Материальная культура [Текст] / К. И. Антипина // История КиргССР: в 3-х т. – Фрунзе, 1968. – Т. 1. – С. 529–550.

27. Антипина, К. И. Особенности материальной культуры и прикладного искусства южных киргизов (По материалам, собранным в южной части Ошской области Киргизский ССР) [Текст] / К. И. Антипина. – Фрунзе: Изд-во АН КиргССР, 1962. – 288 с.

28. Антипина, К. И. Ворсовое ткачество [Текст] / К. И. Антипина // Народное декоративно-прикладное искусство киргизов. – М., 1968. – С. 59–77.

29. Антипина, К. И. Безворсовое узорное творчество [Текст] / К. И. Антипина, Е. И. Махова // Народное декоративное прикладное искусство кыргызов. Тр. Кирг. археол.-этнограф. экспедиции. – М., 1968. – Т.5. – С. 59–77.

30. Антипина, К. И. Народные традиции в современной материальной культуре и прикладном искусстве Киргизии [Текст] / К. И. Антипина, А. Джумагулов, К. Мамбеталиева. – М.: Наука, 1964. – 10 с.

31. Аристов, Н. А. Заметки об этническом составе тюркских племен и народностей и сведения об их численности [Текст] / Н. А. Аристов. – СПб.:

1897. – 182 с.; Отд. оттиск из «Живой страницы». – 1896. – Вып. 3/4. – С. 277–456.

32. Аристов, Н. А. Усуни и кыргызы или кара-кыргызы: Очерки истории и быта населения западного Тянь-Шаня и исследования по его исторической географии [Текст] / Н. А. Аристов. – Бишкек: Илим, 2001. – 582 с.

33. Аристов, Н. А. Этногенез и этническая история казахов [Текст] / Н. А. Аристов. – 2-е изд. доп. – Астана: Алтын китап, 2007. – Т. 2. – 372 с. – (Б-ка каз. этнографии).

34. Мартынов, А. И. Археология СССР [Текст]: учеб. пособие для ист. фак. пед. ин-тов / А. И. Мартынов. – 2-е изд., перераб. и доп. – М.: Высш. шк., 1982. – 271 с. – (Высш. образование).

35. Асанканов, А. А. Древнекыргызские тамги Хакасско-Минусинской котловины и Республики Тува: историко-этнографическое исследование (новые находки) [Текст] / А. А. Асанканов, О. К. Каратаев // Материалы Междунар. археол.-этнолог. экспедиции, посвящен. 2200-летию Кырг. государственности. – Бишкек, 2003. – С. 83–125.

36. Асанканов, А. А. Кыргызы Синьзяна (КНР) [Текст] / А. А. Асанканов, – Бишкек: Бийиктик, 2010. – 492 с.

37. Асанканов, А.А. Кыргызы: рост национального самосознания [Текст] / А. А. Асанканов. – Бишкек: Мурас, 1997. – 224 с.

38. Асанканов, А. А. Новые находки оригинальных археологических памятников из южного Кыргызстана [Текст] / А. А. Асанканов, К. Ж. Малтаев, П. Төлөбаев // Этносоциальные и этнокультурные процессы в Кыргызстане с древнейших времен до наших дней. – Бишкек, 2007. – С. 367–384.

39. Аскаров, Т. Эстетическое природа художественной условности [Текст] / Т. Аскаров. – Фрунзе: Илим, 1966. – 157 с.

40. Атабаева, М. Туш кийиз [Текст] / М. Атабаева // Культурное наследие и народное творчество. – Бишкек, 2006. – С.108–111.

41. Аттокуров, С. Кыргыздар XVIII кылымда [Текст] / С. Аттокуров. – Бишкек: КАУ, 2002. – 152 б.
42. Ауэзов, М. Энкидиада: К проблеме единства миров кочевья и оседлости. Кочевники- эстетика [Текст] / М. Ауэзов. – Алма-Ата: Гылым, 1998. – 287 с.
43. Ахмет, Токтобай. Культ коня у казахов [Текст] / Ахмет Токтобай. – Алматы: КазИздат- КТ, 2004. – 115 с.
44. Байбосунов, А. А. Донаучные представления киргизов о природе [Текст] / А. А. Байбосунов. – Фрунзе: Мектеп, 1990. – 185 с.
45. Байбосунов, А. А. Философские воззрения легендарных мыслителей [Текст] / А. А. Байбосунов. – Бишкек: Элпек, 2001. – 60 с.
46. Байбурин, А. К. Семиотический статус вещей [Текст] / А. К. Байбурин // Материальная культура и мифология. – Л., 1981. – С. 215–226. – (Сб. музея антропологии и этнографии, Т. 37.).
47. Байтур, А. Кыргыз тарыхынын лекциялары [Текст] / А. Байтур. – Бишкек: Учкун, 1992. – 2 китеп. – 127 б.
48. Бурятский народный орнамент [Текст] / сост. Ф. И. Балдаев. – Улан-Удэ: Бурят. книж. изд-во, 1972. – 54 с. + 4 л. ил. в папке.
49. Баскаков, Н. А. Введение в изучения тюркских языков [Текст] / Н. А. Баскаков. – М.: Высш. шк., 1969. – 383 с.
50. Бардашев, Г. Заметки о дикокаменных киргизах [Текст] / Г. Бардашев // Материалы для статистики Туркестанского края: ежегодник. – СПб., 1874. – Вып. 3. – С. 384–390.
51. Бартольд, В. В. История культурной жизни Туркестана [Текст] / В. В. Бартольд // Соч. – М., 1963. – Т. 2, ч.1. – С. 169–433.
52. Бартольд, В. В. Сочинения [Текст]: в 9-ти т. / В. В. Бартольд. – М.: Изд-во вост. лит., 1963. – Т. 2, ч. 1: Общие работы по истории Средней Азии. – 1020 с.
53. Бартольд, В. В. Караханиды, сельджуки, кара-китаи и хорезмшахи [Текст] / В. В. Бартольд. – М.: Наука, 1963. – Т. 4. – 647 с.

54. Бартольд, В. В. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер [Текст] / В. В. Бартольд. – Бишкек: Шам, 1997. – 456 б.
55. Бартольд, В. В. Избранные труды по истории кыргызов и Кыргызстана [Текст] / В. В. Бартольд. – Бишкек: Шам, 1996. – 608 с.
56. Бартольд, В. В. Киргизы [Текст]: ист. очерк / В. В. Бартольд // Соч.: в 9-ти т. – М., 1963. – Т. 2, ч. 1. – С. 471–543.
57. Бартольд, В. В. Очерк истории тюркских народов [Текст] / В. В. Бартольд // Соч.: в 9-ти т. – М., 1968. – Т. 5. – С. 425–437.
58. Бартольд, В. В. Кыргыздар [Текст]: тарыхый очерк / В. В. Бартольд. – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1943. – 92 б.
59. Баруздин, Ю. Д. Археологические памятники Баткена и Ляйляка [Текст]: юго-запад. Киргизия / Ю. Д. Баруздин, Г. А. Брыкина. – Фрунзе: Изд-во АН СССР, 1962. – 127 с.
60. Баруздин, Ю. Д. Кара-Булакский могильник [Текст] / Ю. Д. Баруздин // Крат. сообщ. ин-та этнографии (КСИЭ). – 1957. – С. 96–102.
61. Батманов, И. А. Язык енисейских памятников древнетюркской письменности [Текст] / И. А. Батманов. – Фрунзе: Илим, 1959. – 216 с.
62. Бахадиров, Р. О классификации наук в трудах ученых мусульманского востока второй половины XIX-XX вв. [Текст] / Р. Бахадиров // Общественные науки в Узбекистане. – Ташкент, 1995. – С. 73.
63. Башкирская юрта [Текст]: сб. науч. тр. / сост. Р. А. Султангареева. – Уфа: ООО Дизайн полиграф сервис, 2004. – 240 с.
64. Баялиева, Т. Д. Доисламские верования и их пережитки у киргизов [Текст] / Т. Д. Баялиева. – Фрунзе: Илим, 1972. – 170 с.
65. Баялиева, Т. Д. Религиозные пережитки у киргизов и их преодоление [Текст] / Т. Д. Баялиева. – Фрунзе: Илим, 1981. – 100 с.
66. Бекешова, М. Кыргыз оюулары – табият гармониясы [Текст] / М. Бекешова // ZAMAN Кыргызстан. – 2006. – 26 мая. – С. 9.

67. Беленицкий, А. М. Средневековый город Средней Азии [Текст] / А. М. Беленицкий, И. Б. Бентович, О. Т. Большаков. – Л.: Наука. Ленингр. отд-ние, 1973. – 388 с.

68. Бердикожо, Бийназаров. Кыргыздын көрөнгөлүү мурастары [Текст]: каада-салт, ырым-жырым, ак бата-тилектер, нуска кептер, ат коюу айтылыштары, тирлердин чесмелениши) / Бердикожо Бийназаров. – Бишкек, 2014. – 135 б.

69. Бернштам, А. Н. Киргизский народный повествовательный узор [Текст] / А. Н. Бернштам // Избранные труды по археологии и истории кыргызов и Кыргызстана. – Бишкек, 1996. – Т.1 – С. 631–653.

70. Бернштам, А. Н. Кенкольский могильник [Текст] / А. Н. Бернштам // Избранные труды по археологии и истории кыргызов и Кыргызстана. – Бишкек, 1996. – Т.1. – С. 19–39.

71. Бернштам, А. Н. Культура древнего Кыргызстана [Текст] / А. Н. Бернштам // Избранные труды по археологии и истории кыргызов и Кыргызстана. – Бишкек, 1998. – Т. 2. – С. 489–503.

72. Бернштам, А. Н. Великое наследие кыргызского народа [Текст] / А. Н. Бернштам // Избранные труды по археологии и истории кыргызов и Кыргызстана. – Бишкек, 1998. – Т.2. – С. 519–531.

73. Бернштам, А. Н. Заметки по искусству кыргызского народа [Текст] / А. Н. Бернштам // Избранные труды по археологии и истории кыргызов и Кыргызстана. – Бишкек, 1998. – Т.2. – С. 531–537.

74. Бетехтин, Г. А. Технология ковроделия РСФСР [Текст] / Г. А. Бетехтин, Л. К. Зубова, Б. А. Ломанский. – М.: Всесоюз. кооператив. изд-во, 1955. – 231 с.

75. Бикбулатова, А. Р. Кыргызская сельская женшина [Текст] / А. Р. Бикбулатова. – Бишкек: Шам, 2005. – 127 с.

76. Бикжанова, М. А. Одежда узбечек Ташкента. XIX – начало XX в. [Текст] / М. А. Бикжанова // Костюм народов средней Азии: ист.-этногр. очерк. – М.,1979. – С.133–151.

77. Бирюкова, Н. Ю. Западноевропейское прикладное искусство XVII-XVIII веков [Текст] / Н. Ю. Бирюкова. – Л.: Искусство, 1972. – 239 с.
78. Бичурин, Н Я. (Иакинф). Собрание сведений о народах, обитавших в Средней Азии в древние времена [Текст] / Н. Я. Бичурин (Иакинф). – Алматы: Жалын, 1998. – 347 б.
79. Богатырев, П. Г. Вопросы теории народного искусства [Текст] / П. Г. Богатырев. – М.: Искусство, 1971. – 544 с. – (Из истории сов. эстетики и теории искусства).
